# Кыргыз Республикасынын
# Акыйкатчысынын (Омбудсменинин)
# 2022-жылы Кыргыз Республикасында
# адамдын жана жарандын укуктары
# менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө
# жылдык баяндамасы

**Бишкек - 2023**

**Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 109-берене**
Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзөт.
Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө мыйзам 2002-жылдын 31-июлунда кабыл алынган.
Кыргыз Республикасынын Акыйкатчынын (Омбудсменинин) түптөлүшүнүн 20-жылдыгы 2022-жылдын 26-октябрында Эл аралык деңгээлде илимий-практикалык конференцияны өткөрүү менен белгиленди.

**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчылары:**
2002-жылдын 21-ноябрында биринчи КРнын Акыйкатчысы болуп – Турсунбай Бакир уулу шайланган. Ал 2002-2008-ж. КРнын Омбудсмени катары иштеген.
2008-2013- ж. Турсунбек Акун;
2013-2015-ж. Аманбаев Бактыбек Абдилашимович;
2015-2018-ж. Оторбаев Кубатбек Табылдиевич;
2018-2021-ж. Мамытов Токон Болотбекович;
2022-жылдын 2-мартынан азыркы учурга чейин КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Абдрахматова Атыр Болотбековна.

**Акыйкатчы эл аралык деңгээлде каралган Улуттук укук коргоочу мекеме катары, адам укуктарын илгерилетүү жана коргоо милдети жүктөлгөн.**

КРнын аймагында адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктеринин сакталышына жана анын юрисдикциясынын чектеринде парламенттик контролду КРнын Омбудсмени туруктуу негизде жүзөгө ашырат, ал өз кызматтык ишинде КРнын Конституциясын, мыйзамдарын, о.э. мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерди жетекчиликке алат.

**Бул үчүн мамлекет Омбудсменге - мүмкүн болушунча кеңири ыйгарым укуктарды берүү менен, адам укуктарынын сакталышы тууралуу өзүнүн пикирин эркин билдирүү, кайсы гана болбосун мамлекеттик органдан же кызмат адамынан көз карандысыз болушун кепилдеши керек [1].**

Бул талаптар, Бириккен Улуттар Уюму тарабынан Омбудсмен – Улуттук укук коргоочу мекеменин макамы БУУнун резолюцияларында каралып, негизинен «Париж принциптеринде» [2] аныкталган.

Акыйкатчынын кызматтык ишине кийлигишүүгө, ар кандай жол менен ага таасир кылууга тыюу салынат. Акыйкатчы өзүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн учурунда жана ал аяктагандан кийин өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарган мезгилдеги айткан ой-пикири, жасаган иш-аракеттери же аракетсиздиги үчүн куугунтукка алынышы, кылмыш-жаза же административдик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн эмес[3].

[1] “Париж принциптери”

[2] Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын 1993-жылдын 20-декабрындагы 48/134 резолюциясы

[3] “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 6-беренеси

**М А З М У Н У**

Акыйкатчынын Жогорку Кеңештин депутаттарына кайрылуусу 6-8

**К И Р И Ш Ү Ү** 9-11

**АКЫЙКАТЧЫНЫН СУНУШТАРЫ** 12-29

**I - БӨЛҮМ. АКЫЙКАТЧЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН СУНУШТАРЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ** 30-35

«2021-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо жөнүндө» Акыйкатчынын (Омбудсменинин) баяндамасы тууралуу КРнын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнунда кабыл алынган № 307-VII токтомунун аткарылышы 35

**II - БӨЛҮМ. 2022-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН ЭРКИНДИКТЕРИНИНИН САКТАЛЫШЫНА СЕРЕП** 36

**2.1. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин илгерилетүү боюнча эл аралык келишимдер менен милдеттенмелердин аткарылышы** 36-40

**2.2. Аялдардын, балдардын укуктары жана гендердик теңчилик** 41-42

2.2.1. Аялдарга жана жашы жете элек балдарга карата
жасалган зордук-зомбулук 43-49

2.2.2. Ата-энелердин балдарын багуудан качуусу 50

2.2.3. Аялдарга, балдарга карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу учурлары 51-56

2.2.4. Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кылмыштуулуктан жана укук бузуулардан коргоо укуктарынын сакталышы - Нарын облусундагы рэкет 57-60

2.2.5. Интернат тибиндеги балдар мекемелеринде балдардын укуктарынын сакталышы 60-64

2.2.6. Ирак мамлекетинен Кыргыз Республикасына репатриацияланган балдардын укутарынын сакталышы 64-67

**2.3. Адамдын жарандык саясий укуктарынын сакталышы** 67

2.3.1. Сөз эркиндиги, саясий плюрализм 66-71

2.3.2. Тынч чогулуштарга укук эркиндиги 72-74

2.3.3. Маалымат коопсуздугу 74-80
2.3.4. Дин тутуу эркиндиги боюнча адам укуктары 80
**2.4. Коопсуздук секторунда адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы** 81
2.4.1. Аскер кызматын өтөө учурунда аскер кызматчыларынын укуктарынын сакталышы 81-87
2.4.2. Эркиндигин чектөө жайларында адамдардын укуктарын жана эркиндиктеринин сакталышынын абалы 87
2.4.2.1 Эркиндигин чектөө жайларында адамдардын укуктарын жана эркиндиктеринин тутумдуу көйгөйлөрү 85-94
2.4.2.2. Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Тергөө камак жайларында каза болгондор 94-96
2.4.2.3. Ички иштер органдарынын административдик камакка алууда адам укуктарын жана эркиндиктеринин сакталышы жаатында изилдөө 96-98
2.4.3.4. Пробация кардарларынын укуктарынын сакталышы 99-100
**2.5. Социалдык экономикалык укуктар**
2.5.1. Аз камсыз болгон үй бүлөлөргө "үй-бүлөгө көмөк" мамлекеттик жөлөкпулдун жеткиликтүүлүгү 100-105
2.5.2. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктары 105-108
**2.6. Сот адилеттигине жетүү** 109
2.6.1. Адилеттүү соттук териштирүүгө укуктун сакталышына сереп 109-111
2.6.2. Соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүнүн бузулушу 110-114
2.6.3. Соттордун кабыл алынган чечимдеринин аткарылышында адам укугунун бузулушу 114-117
2.6.4. Акыйкатчынын макамын бузуу жана кызматтык ишине тоскоолдук кылуу 118-122
**2.7. МИГРАНТТАР** 122-127
**2.8. Чет өлкөлүк жарандардын же жарандыгы жок адамдардын Кыргыз Республикасында укуктарынын сакталышы** 128-130
2.8.1. Кыргыз Республикасындагы "мандаттык качкындардын" укуктарынын сакталышы 130-135

**III - БӨЛҮМ. 2022 - жылдын сентябрь айындагы Тажикистан куралдуу агрессиядан Баткен облусунун жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин** сакталышы 135-142

**3.1. Куралдуу аскердик агрессиясынын натыйжасында Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун жабыр тарткан жарандарынын укуктарынын сакталышына мониторинг** 142-150

**IV - БӨЛҮМ. Адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушунун тутумдуу себептерин жараткан мыйзамдык мүчүлүштүктөр** 150-151

**4.1. Мыйзам долбооруна кылмыш-жаза куугунтугун жүргүзүүдө адам укуктарын сактоону камсыз кылууда, тинтүү жана алып коюу тергөө аракеттерин жүргүзүү жаатында ченем жаратуучу сунуш жөнүндө** 151-152

**4.2. КР КЖК 330, 332-беренелеринде каралган кылмыштарды жасоого байланышкан кылмыш-жаза иштеринин жүрүшүн талдоо** 152-154

**4.3. "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамынын долбоору боюнча сунуштар** 154-160

**4.4. Жарандык кодексинин 724-беренесинин 4-бөлүмүнө толуктоолорду киргизүү тууралуу** 160-163

**4.5. Тиешелүү Мыйзамдарга Баатыр энелердин жөлөк пулдары боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар** 164-166

**4.6. "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына Акыйкатчынын өзгөчө сунушу** 166-168

**4.7. Абакта кармалып жаткан соттолгондордун ырайым кылуу жана жазаны жеңилдетүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылууга конституциялык укуктарынын чектелиши** 168-170

**V- БӨЛҮМ. Адам укуктарын бузган мамлекеттик жана муниципалдык органдар**

5.1.1. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин карама каршы иш аракеттери 170-174

5.1.2. Акыйкатчынын 2022-жылдагы көңүл буруу актылары 174-177

**VI- БӨЛҮМ. Акыйкатчы институтунун 2022-жылдагы ишмердүүлүгү** 178
6.1. 2022-жылы Акыйкатчынын наамына
келип түшкөн кайрылуулар 178-190
6.2. Акыйкатчы Аппаратынын алдындагы “115 шыр байланыш” кызматына 2022-жыл ичиндеги кайрылуулар 191-193

**Баяндамага тиркемелер**

**№ 1-тиркеме**. Акыйкатчы Аппаратынын 2022-жылы бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы тууралуу отчету 194
**№ 2-тиркеме**. 2022-жылы адамдын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол берген жана Акыйкатчы институтунун сунуштарына көңүл бурбаган мамлекеттик бийлик органдарынын кызмат адамдарынын тизмеси 195-211
**№ 3-тиркеме**. 2022-жылдын 31-декабрына карата Акыйкатчынын наамына келип түшкөн жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү цифралык отчёт 212
Кыскаруулардын тизмеси 213-215

**Акыйкатчынын Кыргыз Республикасынын**

**Жогорку Кеңешинин депутаттарына кайрылуусу**

***Урматтуу Төрага! Урматтуу депутаттар!***

*Бир жыл мурда Сиздер чоң ишеним көрсөтүп, элибизге ак кызмат кылып, өлкөбүздө адамдын жана жарандын укуктарын илгерилетүү жана коргоо саясатын жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын кызмат ордуна шайлаганыңар үчүн терең ыраазычылык билдирем.*

*"Адам укуктарын сактоо – бул юридикалык гана принцип эмес, бул биздин ар бирибиздин жеке эркиндигибизге жана инсандык ар-намысыбызга карата эң бийик урмат-сый көрсөтүү" деп Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаров 2021-жылы Адам укуктарынын күнүндө сүйлөгөн сөзүндө өзгөчө баса белгилеген.*

*Бул сөздөр биздин ар бирибизге адам укуктарын кыйшаюсуз сактоо жана коргоо – улуттук маданиятыбыздын жана баалуулуктарыбыздын ажырагыс бөлүгү катары бардыгыбыздын күндөлүк иш-аракеттерибиздин артыкчылыктуу багыты болууга тийиш экенин эске салып тургандай.*

*Адам укуктарын коргоо жана сактоо кандай болбосун демократиялык коомдун маңызын аныктоочу түркүк болуп саналат. Кыргызстан мындай талап, эрежеден четте кала албайт. Ушул өңүттөн алганда, биздин өлкөбүздө өзгөчө көңүл буруу менен, чечүүбүзгө муктаж бир катар көйгөйлөр бар. Жогоруда айтылган сөзүндө Президентибиз "аялдардын жана балдардын коопсуздугу – бул улуттук коопсуздук маселеси" экенин өзгөчө баса белгилеген.*

*Өлкөнүн башкы укук коргоочусу, аял, Эне катары мен Президентибиздин бул сөздөрүн толук колдойм. Аялзаты урматталбай, зыян тарткан коом жок болууга барат. Өзүнүн балдарын коргой албаган коом жана мамлекет келечегин жоготот. Алардын укуктарын коргоо жана аларга карата болуучу зомбулуктарга толук бөгөт коюу менен, аялдар жана балдар үчүн коопсуз, коркунучсуз чөйрө, жагымдуу шарт жана маанай түзүү, "бир жеңден – кол, бир жакадан – баш чыгарып" улут менен биргеликте, өз ара түшүнүшүү менен иштеп жашай турган майдан.*

*Өткөн, 2022-жыл жалпы өлкөбүз үчүн да, ошондой эле жеке ар бирибиз үчүн да татаал сыноо жылдардан болду. Биздин тынч жаткан жарандарыбызга каршы куралдуу аскердик агрессия, бүткүл дүйнөнүн үрөйүн учурду. Ошол күндөрү дагы аялдарыбыз менен балдарыбыз өзгөчө коргоого муктаж, аярлуу катмар экени айгинеленди. Мен чек арада жашаган ар бир айымга бекемдиги, кайратмандыгы жана Мекенге карата чексиз сүйүүсү үчүн учурдан пайдаланып ыраазычылык билдирем. Бирок, бул окуя биздин үшүбүздү алалган жок, тескерисинче ынтымагыбызды бекемдеди, Мекенге болгон сүйүү сезимин мындан ары чыңдады.*

*2022-жылдын катаал чакырыктары биздин элибиздин даанышмандыгын, кажыбас кайраттуулугун жана бекем ынтымагын көрсөттү. Биз ал чакырык-сыноолорду, каргашалуу окуяларды Президентибиз башында турган өлкө жетекчилигинин, Парламенттин депутаттары – Сиздердин, Министрлер Кабинетинин жана албетте, жалпы эл-журт, жарандарыбызды күч-аракеттеринин аркасында жеңип чыктык. Дүйнө жүзүнө ынтымактуу биримдиги бекем, келечектүү эл экенибизди көрсөтө алдык. Мына ушул жагдай мени эл өкүлдөрүнүн, сот тутумунун, Акыйкатчынын, Министрлер Кабинетинин, Башкы*

*прокуратуранын жана башка конституциялык органдарын күч-аракеттерин, биздин өлкөбүздүн чындыгында эле эч бирин калтырбай, бардыгы үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылган өлкөгө, ар ким жаш-курагына, жынысына, этностук жана диний таандыктыгына карабастан өзүн коопсуз жана ыңгайлуу сезген, өзүнүн укугу бекем корголгонуна жана эч ким ага кол салбасына, мыйзамдар кыйшаюусуз сакталып, аткарылуусуна терең ишенген өлкөгө айландыруу максатынын айланасында ынтымакта иш алып барuubузга шыктандырат. Ар бир адам башка бирөөнүн уктарын бузса, кандай болбосун жазадан кача албастык принцибин тең бөлүшкөн, тынч, өнүккөн, бакубат өлкө болушубузга биргелешкен күжүрмөн эмгек, ынтымак-ырашкерликтин аркасында гана жетишүүгө болот, мындай максатка эч ким жалгыз жете албайт.*

*Бул максатка, Бир жыл жыл ичиндеги талбаган иш-аракеттин аркасында, мен парламенттин трибунасынан айткан сөздөр, берген убадалар, алган милдеттеримдин бир кыйласын аткарууга жетише алдым. Албетте, ийгиликтер менен катар, жаңылыштыктар да болду. Бир катар кызмат адамдарынын, өкмөттүк эмес сектордун, саясий топтордун өкүлдөрүнүн сындарын да угууга туура келди. Бул жагдайлар, чындыгында, менин улуттук мыйзамдарга, эл аралык стандарттарга гана негизделген көз карандысыз, акыйкаттуу калыс ишмердигимдин танылгыс далили деп ойлом.*

*Ырас, Акыйкатчы бардык өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн мамлекеттик башкаруу тутумунда бир кыйла ыңгайсыз роль ойноп, өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарат, анткени Акыйкатчы өз мандатынын маани-маңызы боюнча мамлекеттик органдар тарабынан болгон адам укуктарын жана эркиндиктеринин сакталышынын абалын көрсөтүү, кызмат адамдарын бардык чөйрөлөрдө адам укуктарын сактоого чакыруу менен, кандайдыр бир деңгээлде бийликтин оппоненти болгондой таасир болот. Бирок, биздин ар бирибиз туура түшүнүүбүз керек, Акыйкатчынын вазийпасы, башкы милдети - чечим кабыл алуучу адамдарга демократиялык принциптерге, укуктук жана мыйзам үстөмдүгүн, эң башкысы баары жана ар бири - Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленгендей, эң жогорку баалуулук – адамдын укуктарын жана эркиндиктерин таанууга кепилденген мамлекетти курууга көмөк көрсөтүү.*

*Урматтуу депутаттар, мен Сиздерди Парламенттин жана Акыйкатчынын күч-аракеттерин мына ушул максаттарга бириктирүүгө, Биздин Мекенибизде чоңдордун жана балдардын, эркектердин жана аялдардын, майыптыгы бар адамдардын жана улуттук азчылыктардын укуктары сакталган шарттарды түзүүгө багытталган өз ара аракеттерибизди илгерлетүүгө чакырам. Келиңиздер, алардын ар-намысын жана эркиндиктерин урматтап-сыйлайлы жана өз дараметтерин ишке ашырууга бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берели.*

*Учардан пайдаланып, укук коргоочулук ишмердиги менен алектенгендердин баарына, биздин урматтуу депутаттарыбызга, Министрлер Кабинетинин жетекчилигине, Кыргыз Республикасындагы БУУ тутумунун, Европа бирлигинин өкүлдөрүнө жана башка өнүгүү боюнча өнөктөштөргө, журналисттерге жана мага бир жыл бою биздин жарандардын укуктарын коргоодо колун сунуп жардам берген, эң эле башкысы адилеттүүлүккө жетишүүдө колдоо жана коргоо издегендер үчүн, ачык жана жеткиликтүү болгондордун бардыгына - терең ыраазычылык билдирем.*

*Мага Акыйкатчынын дагы бир маанилүү милдети, адам укуктары жаатында эл аралык уюмдар менен иштешүү боюнча эл аралык аренада өзүмдүн татыктуу ордумду ээлөөгө колдоо көрсөткөн Тышкы иштер министрлигинин жетекчилигине өзүнчө ыраазылык билдирүүгө уруксаат бериңиздер.*

*Мен бири-бирибизди урматтап-сыйлоо менен, коомчулукка жаратман түзүүчү үлгү көрсөтүү аркылуу, биз өз Мекенибизди – жарандарыбыз эркин жана коопсуз, гүлдөп-өскөн, укуктары толук коргоого жана колдоого алган бакубат өлкөгө айлантаарыбызга терең ишенем! Баарыңыздарды ушундай асыл максаттарда тилектеш, бир пикирлеш эле эмес, жардамдаш, көмөктөш болууга чакырам!*

*Эгемен өлкөбүздүн укуктук мамлекеттүүлүгүн чыңдап, гулдөп өсүшүнө, элибиздин бакубатчылыгын арттырууга багытталган түйшүгү оор, ары жоопту эл өкүлү - депутаттык ишиңиздерге албан-албан ийгиликтерди каалайм!*

*Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң ырахмат!*

*Терең урматтоо менен,*

***Кыргыз Республикасынын***
***Акыйкатчысы (Омбудсмени) А. Б. Абдрахматова***

# К И Р И Ш Ү Ү

Сөз эркиндигинин, тынч чогулуштарга адамдын укугу чектөөлөргө алынышы; көпчүлүк жазык иши боюнча шектүү катары (өзгөчө аялдар менен жаштарга, жашы жетелек балдарга) камакка алуу бөгөт коюу чарасын тандоосу, ошол эле учурда аялдар менен жаш балдарды же адамдарга карата кыйноо же катаал, адамкерчиликсиз, кадыр-баркты басмырлаган мамилени көрсөткөндөрдүн эркиндикте жүрүшү; тергөөнүн купуя сыры менен күнөөсүздүк жоромолунун бузулушу; аялдар менен жашы жетелектерге зомбулуктун алдын алуу иштеринин майнапсыздыгы, зомбулук көрсөтүлгөн учурда укук коргоо органдарынын кайдыгерлиги, аракетсиздиги, тиешелүү экспертизалардын жүргүзүлбөгөнү, мындай кылмыш-жаза иштеринин квалификациясын жеңилдетүүчү жагдайларга которуу; соттук-медициналык эксперттердин кош стандартуу иш алып баруусу, салыштырмалуу окшош жагдайларда карама-каршы корутундунун берилиши; санариптештирүү алкагында жана аймактардагы социалдык өнүгүү башкармалыктарынын кызматкерлеринин кайдыгерлигинен аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө берилчү жөлөк пулдарды негизсиз жана орунсуз дайындоодон баш тартуусу; мамлекеттик жана муниципалдык кызмат адамдарынын бюрократия, негизсиз каттар менен жарандардын көйгөйлөрүн чечүүдөн кыйыр түрдө баш тартуу тажрыйбасынын сакталышы; калктын укуктук билим деңгээлинин төмөндүгү, учурдагы чакырыктарга тең келбегени; финансылык уюмдардын (микрокредиттик жана микрофинансылык компаниялардын) кара ниет иш алып баруусуна жооптуу мамлекеттик органдардын кайдыгерлиги; аз камсыз болгон жарандардын турак-жай, же айыл жерлеринин тургундарын үлүш жер менен камсыз кылуу иштери жетиштүү деңгээлде жүрбөгөнү өлкөдөгү адам укуктарынын сакталышынын 2022-жылдагы абалын ачык-айкын айгинелеп турат.

Албетте, 2022-жылы көңүл ирээнжиткен иштер менен катар, изги ийгиликтерди дагы ачык белгилей кетүү Акыйкатчынын милдеттеринин бири. Кыргыз Республикасына дүйнөлүк жана регионалдык деңгээлдерде болуп жаткан ааламдык саясий процесстердин өйдө-төмөн таасирине карабастан, Президенттин демилгеси менен ишке ашырылып жаткан жаңы багыттар, мамлекеттик башкаруудагы, анын ичинде аймактык-административдик башкарууну кайра куруудагы, оптималдаштыруудагы жаңычыл реформалар, каржы, экономика, салык жаатындагы өзгөрүп-өсүүлөр, Кыргызстандын кайрадан дагы адам укуктары боюнча БУУ Кеңешине мүчө болуп шайланышы, БУУ адам укуктары боюнча келишимдик органдары берген сунуштамаларды аткаруу боюнча адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин өз убагында, натыйжалуу аткаруу максатында, 2022-2024-жылдарга адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча иш-аракеттердин планынын бекитилиши, БУУ резолюциясы менен Башкы ассамблеянын 16-декабрдагы 76-сессиясынын пленардык жыйынында Кыргызстандын демилгеси боюнча Тоолорду Туруктуу өнүктүрүү жылы деп жарыяланганы, ага ылайык, “Жашыл мурас" улуттук өнөктүгүн башталганы сыяктуу бир катар маанилүү окуялар болду.

Ошентсе да, мамлекеттик бюджеттик каражаттардын олуттуу бөлүгү билим берүү, саламаттык сактоо, укук коргоо органдарын өнүктүрүүгө бөлүнгөнүнө карабастан, калкка көрсөтүлгөн кызматтын сапаты дагы эле төмөн болууда, адам укуктарынын чектелиши, басмырлоо, зордук-зомбулуктан жана ыдык көрсөтүүдөн, өзгөчө аялдар менен жашы жетелек балдарды коргоо, алдын алуу иштери талаптагыдай деңгээлде болбой, чабал жүрүүдө. Адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдигин

камсыз кылуу - мамлекеттин конституциялык милдети. Бирок, айрым мамлекеттик кызматкерлердин өз милдеттерин так аткарбаганыны жана адам укуктарынын баалуулуктары бекем кармалбаганынын кесепетинен, өзгөчө кылмыш-жаза өндүрүш иштеринин алкагында тиешелүү экспертизаларды ыкчам жана сапаттуу ишке ашырууда, алгачкы далилдерди топтоодо тиешелүү чаралар өз убагында жүргүзбөгөнүнөн кылмыштардын квалификациясы өзгөрүп, өзгөчө аялдар менен балдарга карата зомбулуктун үрөй учурган окуялары улам-улам болууда.

Андыктан, укук бузуулардын алдын алуу жана болтурбоо үчүн мамлекет, Акыйкатчы институтунун статусун көтөрүүгө багытталган максаттуу иштерди жүзөгө ашыруу, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомчулук ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун арттыруу жаатында демилгелүү иш алып баруусу абзел. Айрыкча тергөө учурунда адам укуктарына байланыштуу эл аралык укуктук ченемдердин жана улуттук мыйзамдардын талаптарын одоно бузуулар орун алган, тергөө органдары тарабынан шектүүлөрдү кармаган видеолорго тартып таратуу менен тергөөнүн купуя сырын, күнөөсүздүк презумпциясын бузуу тутумдуу мүнөзгө ээ болууда. Мындай адам укугун бузуу учурлары ведомстволук көзөмөл кылуу негизги иш-милдети болуп саналган прокуратура органдары тарабынан токтоосуз чара көрүүнү, ар кандай мыйзамсыздыктарга бөгөт коюу менен кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартууну талап кылат. Көйгөй мыйзамдардагы кемчиликтерден эмес, адам укуктарынын бузулушуна жол берилбөө же мыйзамды кынтыксыз аткаруу тажрыйбасынын калыптанбаганынан келип чыгууда. Жоопкерчилик маселесине келгенде кош стандарттуулук, салыштырмалуу тандалма, атайлап арсар чыгарылган чечимдер көп.

Дээрлик көпчүлүк ички иштер органдарынын, Жаза аткаруу органдарынын, жабык мекеме жайлары, тергөөнүн убактылуу камакта кармоо жайларынын техникалык абалы, учурдун талаптарына, улуттук мыйзам ченемдерине жана эл аралык стандарттарга, аларда көрсөтүлгөн милдеттенмелерге жооп бербейт. ТИЗО бардык конструкциялары жана тутумдары мезгил-мезгили менен оңдоо иштерин жүргүзүүгө карабастан, өздөрүн колдонуу, эксплатациялоо мүмкүнчүлүктөрүнүн лимитин бүтүргөн. Мекемелердин администрациялары кызматчылардын иштөөсүнүн техникалык абалына, кармоонун шарттарына жана эмгек шарттарына коюлган минималдуу стандарттарды талаптагыдай камсыз кыла албайт. Ошондуктан бул багытта аткаруу бийлигинин органдары абалды жакшыртуу жаатында иштиктүү жана кескин чараларды көрүүсү тийиш.

Акыйкатчынын сунуштарын натыйжалуу ишке ашыруу жана адам укуктарынын бузулушуна бөгөт коюу боюнча көңүл буруу актыларын мамлекеттик органдардын этибарга алышпаганы, Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнө олуттуу тоскоолдук жаратуу менен, өлкөнүн адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жана коргоо жаатындагы эл аралык беделине терс таасирин тийгизүүдө. Ошондой эле, бул өлкөдөгү инвестициялык климаттын жакшыруусуна, демек өлкөнүн өнүгүүсүнө да кедерги болууда. Эң башкысы ушундай абал үчүн күнөлүү кызмат адамдары жазасыз калышууда. Адам укуктарын бекем сактоо менен бирге жагымдуу жана адилет чөйрөнү түзүүгө, менчиктин кол тийбестигинин жана туруктуулугунун кепилдиктерин камсыз кылууга, мыйзамдардын так, бирдей аткарылышына, талаш-тартыштардын адилет чечилишине басым жасалуусу тийиш.

Адам укуктарына байланыштуу социалдык-экономикалык мүнөзгө ээ көйгөйлөрдүн көпчүлүгү каржылоонун жетишсиздигинен жана мамлекет кийинки жылдары

башынан өткөрүп жаткан экономикалык кыйынчылыктар менен байланыштуу экенин дагы белгилөө зарыл. Ошол эле учурда социалдык төлөмдөрдүн өлчөмүн көбөйтүү, мамлекеттик сектордун эмгек акысын менен иш талаптарын жогорулатуу сыяктуу жагымдуу көрүнүштөр дагы арбын.

Жогоруда белгиленгендей, 2022-жыл бардык тарапта, анын ичинде адамдын жана жарандын укуктарын жана эркинидктерин коргоо ишинде дагы оош-кыйышы арбын, өзгөчө сынааңкы жыл болду. Ошондон улам, Акыйкатчы адам укуктарынын абалы канааттандырарлык эмесин белгилөөгө аргасыз. Адам укуктарынын мамлекеттик жана муницпалдык органдар, алардын кызмат адамдары тарабынан бузулуу учурлары азайбай жатат, анын туруктуу төмөндөө тенденциясы байкалбайт.

2022-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө жылдык баяндаманын жыйынтыгы менен, Конституциянын жана улутттук мыйзамдардын негизинде, БУУнун адам укуктары боюнча келишимдик органдары берген сунуштамаларды аткарууга негизделген адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасында адам укуктарын коргоону өркүндөтүүгө жана демократиялык негиздерди бекемдөөгө умтулуу максатында, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) мамлекеттик бийлик органдарына болгон **С У Н У Ш Т А Р Ы**:

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

**1.** КРнын КЖП 212-беренесинин 7-бөлүгүнө төмөнкү өзгөртүүлөрдү киргизүү:
«7. Тинтүү жана алып коюу үзгүлтүксүз видео тартууну пайдалануу менен, ал эми зарыл учурларда адистин, котормочунун катышуусу менен жүргүзүлөт.».

**2**. Бардык укук коргоо органдарына колдонуш үчүн тинтүү, алып коюу тергөө аракеттерин бүткүл процессин үзгүлтүксүз видео-жазуу жүргүзүү тартибин камтыган бирдиктүү ченемдик-укуктук акты иштеп чыгып, Министрлер Кабинетинин токтому менен колдонууга киргизүү тууралуу Министрлер Кабинетине тапшырма берүү.

**3**. “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамынын долбооруна, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясынын ишинин объективдүүлүгүн жана калыстыгын камсыз кылуу максатында анын курамына Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын өкүлүн киргизүү.

**4.** Конституциялык соттун жана Акыйкатчы институтунун адам укуктарын сакталышын илгерилетүү иш-аракеттерин күчөтүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесинине “6” деген цифрадан кийин “9” деген цифра менен толуктоону киргизүү.

**5.** Кыргыз Республикасында “Гуманизм жана ырайымдуулук” принцибин ишке ашыруу максатында, “Мунапыс жөнүндө” КР Мыйзам долбоорун демилгелөө.

**6.** Соттордун жоопкерчилигин жогорулатуу максатында “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинде ***“бир”*** деген сөз ***“эки”*** деген сөзгө алмаштыруу боюнча өзгөртүү киргизүү.

**7.** "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө" КР Мыйзамынын 9-беренесинин 3-бөлүгүн төмөнкүдөй мазмундагы 3-пункт менен толуктоо:

"3) оорунун, кырсыктын, апааттын, жаракат алуунун кесепетинен жашы жеткен куракта каза болгондор”.

**8.** "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (2017-жылдын 28-июлу № 163) төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү.

1) 4-беренесинин 4-пунктунда баатыр энелер – "55 жаш" деген сөз “25 жаш” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) 5-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган баатыр энелер "55 жаш" деген сөздөр “25 жаш" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунда көрсөтүлгөн “55 жашка" деген сөздөр “25 жашка" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4) 10-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "баатыр энелерге, эгерде жөлөк пул үчүн кайрылуу жана бардык зарыл документтерди тапшыруу "баатыр эне" наамын алган күндөн тартып 6 айдан кечиктирбестен берилсе, көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин жөлөк пул үчүн кайрылуу жасалган айдын кийинки айынын биринчи күнүнөн тартып - өмүр бою.";

5) 14-беренесинин 4-бөлүгүндө баатыр эне –“55 жашка” деген сөздөр “25 жашка" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**9.** «Кыргыз Республикасында 2021-жылы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сакталышы жөнүндө» Акыйкатчынын баяндамасы тууралуу Жогорку Кеңештин 2022-жылдын 16-июнунда кабыл алынган № 307-VII токтомун аткарбаган, ошондой эле Акыйкатчынын 2022-жылы берилген көңүл буруу актыларына өз мөөнөтүндө тиешелүү чара көрбөгөн мамлекеттик кызматкерлердин жоопкерчилигин карoo.

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:

***Аялдардын, балдардын укуктарын корголушуна жана гендердик теңчиликке багытталган:***

**1.** Европа Кеңешинин Балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана сексуалдык зомбулуктан коргоо Конвенциясына (Ланзароте Конвенциясы) кошулууну карап көрүү;

**2.** БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2009-жылы жактырылган Үй бүлөсүнөн бөлүнгөн же бөлүнүү коркунучунда турган балдарга альтернативдик кам көрүү боюнча колдонмолорду ишке ашыруу.

**3.** Балдар кодексинин жооптуу мамлекеттик органдар тарабынан кынтыксыз аткарылышын камсыз кылуу.

**4.** Мамлекеттик органдарда жетекчилик кызматтарда (орун басар эмес) аялдардын 30%дан кем эмес болушун камсыз кылуу.

**5.** Турмуштук оор кырдаалда калган баланы, мигранттардын балдарын коргоо максатында, баланы коргоо боюнча жеке планды жана үй-бүлө менен жекече иштөө планын алкагында кынтыксыз, так иш алып барууну камсыз кылуу.

**6.** Министрлер Кабинетинин алдындагы Ювеналдык юстиция боюнча ведомстволор аралык координациялык кеңешменин ишин тез ара жандандыруу.

**7.** Баткен облусунда жабыркаган айылдардын окуучу балдарына кошумча сабактарды уюштуруу менен, билим деңгээлин бекитилген программаларга жеткирүү боюнча даректүү аракеттерди көрүү.

**8.** Шектүү аялдарга, жашы жетелек балдарга бөгөт коюу чарасын тандоодо Токио, Бангкок жана Пекин эрежелерин милдеттүү жетекчиликке алуу менен, эркиндигинен ажыратууга байланышпаган бөгөт коюу чарасынын түрлөрүнүн колдонулушун жайылтуу (жапырт “камакка алуу” тажрыйбасынан арылуу максатында).

**9.** Мектептерде жана мектепке чейинки мекемелерде, айрыкча айыл жерлеринде акысыз спорттук секцияларды (жеңил атлетика, сууда сүзүү, гимнастика, бий жана башкалар), балдардын дараметтерин өнүктүрүү жана бош убактысында аларды кароо үчүн класстан тышкаркы чыгармачылык сабактарды/ийримдерди киргизүүнү жүзөгө ашыруу.

**10**. Аялдарга жана балдарга карата зомбулук учурлары боюнча, ошондой эле мындай кылмыштардын саны, тергөө жыйынтыктары, соттордун чечимдери тууралуу

маалыматтарды топтоо жана талдоону, анын классификациясы боюнча бирдиктүү тутумду киргизүү.

**11**. Сексуалдык зомбулукка байланышкан кылмыштар үчүн милдеттүү түрдө кылмыш-жаза куугунтугун камсыз кылуу максатында, КР К-жПК түзөтүүлөрдү киргизүү;

**12**. Балдардын, айрыкча мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын, этностук азчылыктардын өкүлдөрүнүн жана оор турмуштук кырдаалда калган балдардын сапаттуу, көп тилдүү жана инклюзивдүү билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү; маалымат менен колдонуу, сынчыл ой жүгүртүү боюнча кошумча окууларды киргизүү.

**13**. Мектепке чейинки мекемелерди жана мектептерди стандарттарга ылайык пандустар менен жабдуу, майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүүлүктүн талаптарына ылайык жайларды (класстар, ашканалар, даараткананалар) жабдуу.

**14**. Альтернативдик кам көрүү мекемелеринин бардык түрлөрүндө, чоңдор жана балдар үчүн жатак мекемелеринде туруктуу көзөмөл жана мониторинг жүргүзүү.

**15.** Ата-энесинин камкордугусуз калган балдар жөнүндө мамлекеттик маалымат банкын жүргүзүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу.

**16**. 2023-2024-жылдарга үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо планын кабыл алуу.

**17**. “Жакшы ата-эне” тарбиялоонун зордук-зомбулуксуз формалары боюнча программаны иштеп чыгып, ишке киргизүү.

**18.** Балдардын укуктарынын бузулушун алдын алуу боюнча ыкчам коргоо аракеттерин көрүү үчүн ички иштер, социалдык коргоо, саламаттык сактоо органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн алгоритмин иштеп чыгуу жана жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилигин арттыруу.

**19.** Жашы жетелек балдар зарыл болгон учурда колдонуу үчүн коопсуздук сигналын (sos баскычын) киргизүү.

**20.** Балдардын коопсуздугун сактоодо, аларды мектепке ташуу үчүн атайын автобустарды уюштуруу.

**21.** Аялдарга жана жашы жетелек балдардын укуктарын сактоо, алардын денесине зыян келтирүүгө тыюу салуу маселелери боюнча, ошондой эле аялдарга жана жашы жетелек балдарга карата сексуалдык кылмыштар жөнүндө КР мыйзамдарын жана ал үчүн жоопкерчиликти түшүндүрүү боюнча калкка тутумдуу агартуу иштерин жүргүзүү, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарында макалаларды

үзгүлтүксүз жарыялоо жана тематика боюнча чыгырыктарды көрсөтүү, мугалимдердин, психологдордун катышуусунда радио жана телеберүүлөрдү уюштуруу.

**22.** Жылына эки жолу ар бир шаарда жана ири калктуу конушта БУК принциптерине ылайык иш-чараларды (флешмоб, конкурстар ж.б.) уюштуруу.

**23.** Эмгек мигранттарынын балдарын аныктоо боюнча бирдиктүү тутумду киргизүү.

**24.** Балдар менен иштеген адистер үчүн БУК принциптери жөнүндө окутуучу семинарларды/тренингдерди үч айда бир өткөрүү.

**25.** Мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге ар бир чейректин башында балдардын абийирин жана кадыр-баркын, инсандык кол тийбестигин бузууга, дене-бойлук жана (же) психикалык, сексуалдык ыдыктан же зомбулуктан, ырайымсыз, орой же адамдык беделди кемсинткен мамилеге жол берилбестик жөнүндө эскертүү менен чогулуштарды, класстык сааттарды өткөрүү.

**26** Балдарды жана өспүрүмдөрдү сексуалдык эксплуатациялоо боюнча уюштурулган жайларды аныктоо боюнча тутумдуу иштерди жана иш-чараларды үзгүлтүксүз жүргүзүү;

**27.** Акыйкатчы институту менен биргеликте бардык билим берүү мекемелеринде ишеним телефондорунун номерлерин көрсөтүү, зордук-зомбулук, анын ичинде сексуалдык ыдык же зомбулук көрүү боюнча даттанууларды берүү үчүн анонимдүү кутучаларды уюштуруу жана балдардын кайрылууларына өз убагында чара көрүү менен, Акыйкатчынын мандаты боюнча маалымат такталарын жайгаштыруу.

**28.** Акыйкатчы институту менен биргеликте жатак тибиндеги балдар мекемелеринде даттанууларды берүү үчүн анонимдүү кутучалардын жана тынымсыз байланыштын (111, 112, 115 ж.б.) талаптагыдай иштөөсү жана балдардын кайрылууларына күтүүсүз текшерүүлөрдү уюштуруу, өз убагында чара көрүү дайыма көзөмөлдөө.

**29.** Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндө балдар менен өспүрүмдөрдүн саламаттыгына жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтардан коргоо, укук бузууларды алдын алуу боюнча тутумдуу иш-аракеттерди күчөттүү. Бул тармакта балдардын ата-энелери, жергиликтүү бийлик менен кызматташууну чыңдоо.

**30.** Мекенине кайтып келген балдарды реинтеграциялоо механизмдери жөнүндө ЧУА иштеп чыгуу.

**31.** Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-берененин 1-б. 4-п., негизинде жана Стамбул протоколуна ылайык,

жарыш медициналык кызмат көрсөтүүдө медициналык документтер боюнча практикалык колдонмонун иш практикасы тууралуу окутууларды уюштуруу.

***Баткен облусунда адам укуктарынын сакталышына багытталган:***

**32.** Баткен облусунун Баткен районунун Самаркандек айыл аймагынын Паскы-Арык, Самаркандек айылдарынын тургундарын сугат суу менен камсыз кылуу маселесин чечүү;

**33.** Баткен облусунун тургундарын ичүүчү суу менен толук камсыз кылуу.

**34.** Баткен облусунун Баткен районунун Самаркандек айылдык аймагында жер маселелерин чечүү.

**35**. Баткен облусундагы жабыркаган жарандарга, анын ичинде ишкерлерге куралдуу агрессия учурунда жоголгон кыймылдуу мүлкү үчүн компенсацияларды төлөө мүмкүнчүлүгүн тездетүү жана бул маалыматтын ар бир жабыркаган тарапка ачык болуусун камсыз кылуу.

**36.** Баткен облусунун Лейлек районунун Кулунду айылдык аймагындагы Интернационал, Кулунду, И. Раззаков, Ак-Арык айылдарындагы айдоо жерлерин сугаруучу магистралдык каналын суу башкармалыгына өткөрүү маселесин кароо.

**37.** Баткен облусунда жабыркаган айылдардын окуучу балдарына кошумча сабактарды уюштуруу менен билим, маданият, руханий деңгээлин бекитилген программаларга жеткирүү боюнча даректүү аракеттерди көрүү.

**38**. Баткен облусунун чек арага жакын айылдарында Жарандык коргонуу, анын ичинде эвакуациялоо боюнча машыгууларды уюштуруу жана тиешелүү маалыматтык иштерди практикага киргизүү.

**39**. Керектүү инфратүзүмдөрдү өнүктүрүү менен, калкка коркунуч тууралуу кабарлоо тутумун жөнгө салуу.

**40**. Учурдагы окуяларды эске алуу менен, эвакуация пландарын кайра карап чыгуу жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү бийликтер жана күч түзүмдөрү менен макулдашуу.

**41**. Эл аралык уюмдардын Баткен облусунда кеңселерин ачуу жолдорун иштеп чыгуу.

***Мигранттардын укуктарын камсыз кылууга багытталган:***

**42**. 1975-жылдагы № 143 жумушчу мигранттар жөнүндө ЭЭУ Конвенциясын (кошумча жоболор) ратификациялоо боюнча сунуштарды даярдоо.

**43**. ЭЭУ 1997-жылдагы № 181 жеке иш менен камсыз кылуу агенттиктери жөнүндө жана 2011-жылдагы № 189 үй кызматкерлери жөнүндө конвенцияларын ратификациялоо боюнча сунуштарды даярдоо.

**44**. ЭМЭАК ылайык КР мыйзамдарына КР туруктуу статусу бар, ошондой эле статусу жок бардык эмгек мигранттарынын укуктарын коргоону кепилдөөчү түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды даярдоо.

**45.** Миграциянын мүмкүн болгон тобокелдиктерин түшүндүрүү боюнча маалыматтык өнөктүктөрдү жүргүзүү боюнча ЖМК макалаларды үч айда бир жарыялоо жана тематика боюнча чыгырыктарды көрсөтүү, ошондой эле мекенине кайтып келген мигранттардын катышуусунда радио жана телеберүүлөрдү уюштуруу.

**46.** Эмгек мигранттарынын балдарын аныктоо жана камкордук иштерин алып баруу боюнча бирдиктүү тутумду киргизүү.

**47.** Мигранттардын балдарын коргоо максатында, мыйзамдарда каралган тартипте баланы коргоо боюнча жекече планды жана жашы жетелек бала жашап турган үй-бүлө менен жекече иштөөнүн планын бардык учурларда так аткарылышын камсыз кылуу.

**48.** Кыргыз Республикасына кайтып келген мигранттарды адаптациялоо жана кесиптик кайра даярдоо программасын бекитүү.

***Коопсуздук секторунда адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына багытталган:***

**49.** Коопсуздук секторунда адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына багытталган бардык мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн адам укуктары (өзгөчө аялдардын жана жашы жетелек балдардын укуктары) жөнүндө окууларды үч айда бир сайын өткөрүүнү камсыз кылуу.

**50.** Бардык укук коргоо органдары практикада колдонуш үчүн тинтүү, алып коюу тергөө аракеттерин бүткүл процессине үзгүлтүксүз видео-жазуу жүргүзүү тартибин камтыган бирдиктүү ченемдик укуктук акты иштеп чыгып, токтом менен колдонууга киргизүү.

**51.** "Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №196 токтому менен бекитилген Жобонун 3-бөлүгүнүн 8-пунктунда (паспортторду жараксыз деп таануу бөлүгүндө) талаш-тартыштардын жана карама-каршылыктардын пайда болушуна алып келген боштуктарды жоюуну камтыган тиешелүү токтом кабыл алуу.

**52.** "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" Кепилденген минималдуу кирешенин жашоо минимумунун жылдык орточо өлчөмүнө ылайыктуулугу боюнча

2018-жылдын 29-июнундагы №307 КР Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүү киргизүүгө токтом доолборун иштеп чыгуу, анын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан кабыл алынышын демилгелөө.

**53.** “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана шаар мэрияларынын алдындагы Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө жана төлөө жөнүндө жарандардын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча комиссия тууралуу” КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген Жобосунун 7-бөлүмүнүн отчет берүү талаптарынын аткарылышы боюнча көзөмөл жүргүзүү.

**54.** Улуттук мыйзамдарга жана эл аралык талаптарга жооп бербеген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын мекемелеринин оңдоп-түзөө курулуштарын тездетүү.

**55.** Пенитенциардык тутумдун медициналык кызматын саламаттык сактоонун жалпы тутумуна интеграциялоо. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматына караштуу № 19 мекеменин экинчи кезектеги, жаңы атайын корпусунун курулушун аяктоо жана пайдаланууга берүү.

**56.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин административдик кармоо камераларын жана санитардык жайларды улуттук мыйзамдарга жана эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү.

**57.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин административдик кармоо камераларын үч маал тамак-ашты бир түрдүү колдонуу жана каржылоо, төшөнчү жана гигиеналык каражаттар менен камсыз кылуу маселесин чечүү жана административдик камералардын гигиеналык тазалыгын камсыз кылуу үчүн техникалык кызматчылардын штаттык санын киргизүү.

**58.** Кыйноолорго каршы Конвенцияга ылайык камакта кармоонун шарттарын кепилдөө;

**59.** Кармалган жана соттолгон аялдарга керектүү гигиеналык каражаттарды ай сайын берүү жана медициналык кызмат көрсөтүүлөргө тоскоолдуксуз мүмкүнчүлүк түзүү.

**60.** Аял адамдарды тинтүүнү аял кызматкерлер тарабынан гана жүргүзүүнү камсыз кылуу жана бул багытта талаптарды күчөтүү.

**61**. Кармалгандын жеке арызы, адвокаттын, жакын тууганддарынын, жубайынын өтүнүчү боюнча камактагы же соттолгон адам ага карата зомбулук, кыйноо же ырайымсыз мамиле кылуу фактылары боюнча көз карандысыз дарыгерге кайрылуу укугун камсыз кылуу тутумун түзүү жана практикага киргизүү.

**62.** Чукул учурларда КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин тергөө абагында камалгандарды ооруканага жаткыруу тез жардам аркылуу ыкчам ишке ашырылышына шарт түзүү максатында, Саламаттык сактоо министрлиги менен өз ара аракеттенүү тартибин бекитүү.

**63**. Шектүүлөргө бөгөт коюу чарасын камакка алуу түрүн тандоодо Токио, Бангкок жана Пекин эрежелерин милдеттүү жетекчиликке алуу механизмдерин киргизүү.

**64**. "Тынч чогулуштар жөнүндө" КР Мыйзамынын ченемдерин так аткаруу үчүн Ички иштер органдарынын кызматкерлерине жетектөөчү түшүндүрмөлөрдү берүүнү камсыз кылуу.

**65.** Тынч чогулуштарды өткөрүүгө болгон жарандардын конституциялык укуктарына тоскоолдук кылган адамдарды жоопкерчиликке тартуу.

**66.** Башкы прокуратура, Акыйкатчы инстутуту жана Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча улуттук борборунун өкүлдөрүнүн гана жетүүсүн камсыз кылуу менен, бардык жабык мекемелерде анонимдүү үкөктөрдү администрация көзөмөлдөбөгөн жеткиликтүү жерлерге жайгаштырууну камсыз кылуу. Ички иштер органдарынын, Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин бардык түзүмдөрүндө Акыйкатчынын мандаты боюнча маалымат такталарын милдеттүү жайгаштырууну камсыз кылуу.

**67**. КР Конституциясынын 58-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган соттолгондордун конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушун четтетүү, калыбына келтирүү максатында:

- “Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинде каралган байкоочу комиссиялардын ишмердүүлүгүн жолго салган тиешелүү ченемдик укуктук актыларды тез арада иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

**68**. Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндө мамлекеттик жооптуу органдардын ишмердүүлүгүндө декларативдүү, кош стандарттуу чечмелөөгө же колдонууга, адам укуктарын ашыкча же негизсиз чектөөгө жол бербөө максатында, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу жөнүндө мыйзам долбоорун иштеп чыгып, Жогорку Кеңешке киргизүү.

**69.** Инсандын, коомдун, мамлекеттин маалымат укуктары жана эркиндиктери менен бирге мыйзамдуу чектөөлөрү боюнча: маалыматты издөөдө, колдонууда, таркатууда

коркунучтардан коргоонуу талаптары тууралуу жарандардын, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин арасында кеңири медиа сабаттуулугун жогорулатуу иштерин күчөтүү.

**70.** Кылмыш-жаза иштеринде мамлекеттик бюджеттин эсебинен Кыргызстанда ДНК (дезоксирибонуклеин кислотасы) анализин жүргүзүү үчүн калктын жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

**71**. Жабыркагандарды коргоо жана реабилитациялоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын өз ара аракеттенүүлөрүнүн алгоритмин кошуп алганда, санариптик технологияларды эске алуу менен, зомбулуктун бардык түрлөрүнөн жабыр тарткан аялдарды жана балдарды коргоо жана бузулган укуктарын калыбына келтирүү тутумун киргизүү.

**72.** Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 724-беренесинин 4-бөлүмүнө төмөнкү редакциядагы төртүнчү абзац менен толуктоону камтыган тиешелүү мыйзам долбоорун иштеп чыгып, КР Жогорку Кеңешине демилгелөө:

" - эгерде зайым келишими боюнча зайым берүүчү зайым алуучудан зайымдын негизги суммасына эч кандай пайыздарды же башка кошумча төлөмдөрдү алууга шарттары жок болсо.";

**73**. Пробация департаментинин ишмердүүлүгүнүн оң натыйжалуулугун эске алуу менен, Кыргыз Республикасында пробация институтун өнүктүрүү стратегиясын кабыл алуу процессин тездетүү, пробация органдарын каржылоо шарттарын жакшыртуу жана эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен, кылмыш жасоону кыскартууга көмөк көрсөтүүчү чараларды колдонуу саясатын жакшыртуу.

**74**. Пробация департаментинин аймактык бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин кардарлар менен иштөө боюнча квалификациясын жогорулатуу.

***Социалдык экономикалык адам укуктарынын сакталышына багытталган:***

**75**. Республиканын аймактарында мамлекеттик жөлөк пулдарды алуу боюнча кайрылуунун тартиби, жөлөк пулга муктаждыкты аныктоонун талаптары жана даттануунун тартиби жөнүндө маалыматты жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттар булактары аркылуу кеңири жайылтуу.

**76**. Медициналык кызматкерлердин укук бузуулары боюнча маалымат базасын ишке киргизүү, коомчулукка ал маалыматты ачыктоо жана пациенттердин укуктарынын бузулушуна талдоо жүргүзүү.

**77**. Психикалык саламаттык боюнча жамааттык кызматтарды өнүктүрүү жолу менен, психикалык жана психо-социалдык бузулуулары бар адамдарды альтернативдик колдоонун ыкмаларын иштеп чыгуу.

**78.** Кепилденген эң төмөнкү кирешенин өлчөмүн карап чыгып, кепилденген минималдуу кирешенин жашоо минимумуна жакындатуу максатында, "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" 2018-жылдын 29-июнундагы №307 КР Өкмөтүнүн токтомунун 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна өзгөртүүлөрдү кабыл алуу.

**79.** "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөк пулунун даректүүлүгүнө кынтыксыз байкоо жүргүзүү жана аярлуу катмардагы жарандарга жөлөк пулдун жеткиликтүүлүгү боюнча ыңгайлаштыруу механизмдерин иштеп чыгуу боюнча тийиштүү мамлекеттик органга тапшырма берүү менен бирге, кабыл алуу; айрыкча:

- "үй-бүлөгө көмөк" жөлөк пулун дайындоодо чет өлкөгө чыгып кеткен жарандардын жумушка орношуу процессин аныктоо механизмдерин иштеп чыгуу;
- эч жерде иштебеген, үйү жок, бирок улгайган ата-энеси менен чогуу жашаган үй-бүлөлөргө жөлөк пулдун жеткиликтүүлүгүн эске алуу.

**80.** Ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын кайра карап чыгуу жана аны коопсуз ичүүчү сууга жана санитардык кызмат көрсөтүүлөргө укук боюнча эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү.

**81**. Мамлекеттик турак жай өнүгүү стратегиясы саясатын кабыл алуу жана турак-жай өнүгүү стратегиясында төмөнкүлөрдү эске алуу:

- социалдык турак-жайды өнүктүрүү боюнча атайын мамлекеттик программаларды кабыл алуу;
- социалдык турак-жайды курган субьекттерди каржылоо, кредиттөө же колдоонун башка түрлөрүн караштыруу;
- акысыз негизде турак-жай сатып алууну толук каржылоо же жалпы сумманын 50% жабуу мүмкүнчүлүктөрү менен балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүнө жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды колдоо механизмдерин киргизүү;
- курулуш жүргүзгөн субъекттерге салыктан же башка мамлекеттик төлөмдөрдөн жеңилдик берүү же үй курууга жер бөлүп берүү менен бирге, курулуп бүткөн турак жайдын 10%ын муниципалитетке өткөрүп берүүнү шарт кылып, аярлуу топтогу жарандарды социалдык турак-жай менен камсыз кылуу механизмдерин караштыруу.

**82**. Калкты жетиштүү турак-жай менен камсыз кылуу максатында, мамлекеттик турак-жай программаларына турак-жай курулуш кооперативдеринин катышуу жана кызматташуу шарттарын карап чыгуу.

**83.** Турак-жай кооперативдерин натыйжалуу жана максаттуу башкарууда мыйзамдуу ыкмаларын колдонууга жана курулуш кооперативдеринин ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүүнү, кооперативдерден жабыр тарткан жарандардын жагдайын жөнгө салуу боюнча координациялоочу мамлекеттик органды аныктоо.

**84**. "Кыргыз Республикасындагы медициналык-социалдык экспертиза жөнүндө" Министрлер Кабинетинин 2012-жылдын 21-январындагы № 68 токтомун Жазык-аткаруу кодексинин 21-беренесине ылайык келтирүү жолу менен, соттолгондордун майыптыгын жол-жоболоштуруунун бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу. Бул жаатта Министрлер Кабинетинин токтом долбоорун создуктуруп келе жаткан кызматкерлерге тартиптик жаза чараларын колдонуу.

**85**. Майыптыгы бар адамдардын укуктарынын сакталышын камсыз кылуу максатында:

**-** майыптыгы бар адамдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү боюнча чараларды иштеп чыгуу;

**-** социалдык жана кесиптик интеграциялоо боюнча улуттук программаны бекитүү;

**-** бардык коомдук имараттардын жана транспорттун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

- саясий, коомдук жана маданий жашоого жигердүү катышуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

- шайлоо укуктарын ишке ашыруу шарттарын өркүндөтүү.

**86**. Көрүүсү начар адамдар үчүн жеткиликтүү мамлекеттик органдардын сайттарынын версияларын ишке киргизүү.

**87.** Психикалык жактан бузулган адамдарды социалдык-эмгектик реабилитациялоо жана кайра адаптациялоо тутумун кайра түзүү.

**88**. Психиатриялык кызматтын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча чараларды көрүү жана кадрлардын жетишсиздик көйгөйлөрүн чечүү.

**89.** Үй-бүлөлүк чөйрөдөн ажыраган улгайган адамдарга үй-бүлөлүк жана коомдук кам көрүүнүн альтернативдүү варианттарын киргизүү боюнча сунуштарды даярдоо.

**90**. Улгайган адамдар үчүн жатак тибиндеги мекемелерде ал жакта жашаган адамдардын кадыр-баркын сыйлоо жана кыянаттык менен пайдалануулар, адам укуктарын бузуулар үчүн мүмкүндүктөр болбогон шартта татыктуу жашоолорун кепилдөө менен, көз карандысыз мониторинг жүргүзүү механизмдерин иштеп чыгуу.

**91.** "Мультипсихометр" аппараттык-программалык психодиагностикалык комплексин пайдалануу менен (15 жаштан чакыруу күнүнө чейин) аскерге чакырууга чейинки жаштарды өз убагында психологиялык изилдөө үчүн "Психолог" кызмат ордун аскер комиссариаттарынын штатына киргизүү.

**92.** Жазаларды аткаруу кызматында, Түзөтүү мекемелерин кайтаруу, соттолгондорду жана камакка алынган адамдарды күзөтүү менен коштоп жүрүү боюнча департаментинде кызмат өтөөнүн же контракт боюнча кызматка которуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен, мөөнөттүү кызматка чакыруу курагын 18 жаштан 21 жашка чейин жогорулатуу.

**93.** "Үлүштүк курулуш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун демилгелөөнү тездетүү, анда курулуш компанияларынын жумуш аткаруучулар менен (подрядчиктер) болгон келишимдерин мамлекет тарабынан көзөмөлдөө механизимин киргизилишин, үлүшчүлөрдүн акча каражаттарын курулуш компаниялар тарабынан максаттуу пайдаланышынын кепилдигин камсыз кылуу үчүн үч тараптуу (үлүшчү-банк-курулуш компания) келишимин түзүүгө милдетендирүү.

**94.** Тийиштүү мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен эксплуатациялоого берилбеген көп батирлүү үйлөрдө жашап жаткан жашоочуларга жашоо-тиричилик үчүн зарыл коммуникацияларды берүү жана аларга болгон тарифти жөнгө салуучу укуктук ченемдик механизмдерди киргизүү.

**95**. Бишкектеги курулуш иштери башталып токтоп калган көп кабаттуу курулуш үйлөрүнүнүн жана батир сатып алган жарандардын так санын аныктоо, жарандардын укуктарын камсыз кылуу менен курулуш үйлөрүнө уруксат иш кагаздарын ченемдик укуктук актыларына ылайык берүүнү кароо

## Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

**1.** Аялдардын жана жашы жетелек балдардын абийирин жана кадыр-баркын, инсандык кол тийбестигин бузган, дене-бойлук жана (же) психикалык, сексуалдык ыдыктан же зомбулуктан, ырайымсыз, орой же адамдык беделди кемсинткен мамиледен жабыркаган ар бир учур боюнча мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөөнү күчөтүү менен

бирге, бул милдет үчүн КР прокуратурасынын тутумуна кирген ар бир органдын жетекчисинин жеке жоопкерчилигин бекитүү.

**2.** Аялдардын жана жашы жетелек балдардын абийирин жана кадыр-баркын, инсандык кол тийбестигин бузган, дене-бойлук жана (же) психикалык, сексуалдык ыдыктан же зомбулуктан, ырайымсыз, орой же адамдык беделди кемсинткен мамиледен жабыркаган ар бир учур боюнча ыкчам чара көрбөгөн, өзгөчө тиешелүү экспертизалардын мыйзамдарда көрсөтүлгөн убакытта дайындабаган Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин кызматкерлерин жоопкерчиликке тартуу.

**3.** Жашы жетелек балдарды суракка алууда мыйзамдуу өкүлүнүн, психологдун сөзсүз катышуусуна жана видеого тартуусуз суракка алуу кепилдиктердин сакталышына көзөмөлдү күчөтүү менен, бул кепилдиктерди бузган кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу.

**4.** Сотко чейинки өндүрүш ишин козгоодон баш тартуу жана токтотуу жөнүндө токтомдору прокурордун жазуу жүзүндөгү көрсөтмөсү менен кошумча териштирүүгө кайтарылып берилген учурда, тергөөчүлөргө карата тартиптик чараларды кошо сөзсүз көрүү.

**5.** Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушун алдын алуу максатында, бардык укук коргоо органдарына колдонуш үчүн тинтүү, алып коюу тергөө аракеттерин бүткүл процессин үзгүлтүксүз видео жазуу жүргүзүү боюнча көрсөтмө берүү.

**6.** Тергөөнүн купуя сырынын, күнөөсүздүк жоромолунун бузуулушунун ар бир учуру боюнча мыйзам талабын бузган кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу.

**7.** Жарандардын персоналдык маалыматтарын коргоону камсыз кылуу, өзгөчө тергөөнүн алкагында тартылып алынган видео, фото материалдарды шектүү катары кармалган адамдар жөнүндө социалдык тармактарга укук коргоо органдары тарабынан чыгарууга катуу тыюу салуу жана ага жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин күчөтүү.

**8.** Адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу максатында, шектүүлөргө бөгөт коюу чарасын камакка алуу түрүн тандоо тажрыйбасына талдоо жүргүзүү менен, анын негиздүү колдонулушуна баа берүүнүн жыйынтыктарын Жогорку Кеңешке киргизүү.

**9.** "Тынч чогулуштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболорунун мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылышына натыйжалуу прокурордук көзөмөлдү камсыз кылуу.

**10.** “Кооперативдер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын так аткарылышы боюнча көзөмөлдү күчөтүү менен, коммерциялык турак-жай кооперативдерин каттоого алууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышы боюнча укуктук баа берүү.

**11.** Акыйкатчы институтунун чет өлкөдө соттолуп, жазасын өтөп жаткан жарандарды экстрадициялоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө кайрылууларын чечүүгө көмөктөшүүнү күчөтүү.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна:

**1**. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумуна КРнын КЖК 330, 332-беренелеринде каралган кылмыштарды жасоого байланышкан кылмыш иштеринин соттук практикасын жалпылоо үчүн судьяларга соттук же башка чечимдерди кабыл алууда Мыйзамды колдонуу жана чечмелөө тартиби жана соттук практиканын биримдигин камсыз кылуу боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү.

**2.** Шектүү аялдарга, жашы жетелек балдарга бөгөт коюу чарасын сунуштоодо Токио, Бангкок жана Пекин эрежелерин милдеттүү жетекчиликке алуу менен, эркиндигинен ажыратууга байланышпаган бөгөт коюу чарасынын түрлөрүнүн колдонулушун жайылтуу (жапырт “камакка алуу” тажрыйбасынан арылуу максатында).

**3**. Жогорку Соттун Пленумунун "Кармалуунун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жана бөгөт коюу чаралары жөнүндө жазык-процессуалдык мыйзамдарды соттордун колдонуу практикасы жөнүндө" 2019-жылдын 13-сентябрындагы № 16 токтомун Кыргызстандын жашы жетелектерге жана камактагы аялдарга карата сот адилеттигин жүргүзүүгө тиешелүү БУУнун минималдуу стандарттык эрежелерин сактоо зарылдыгын эске алуу менен, кайра жаңыдан иштеп чыгуу.

**4**. Соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрүн бузуунун алдын алуу максатында, тиешелүү зарыл чараларды көрүү (ички көзөмөл тутумун орнотуу).

**5.** Сот өндүрүшүн создуктурууга жол берген адамдарга (мамлекеттик же муниципалдык органдарга) карата жеке аныктаманы чыгаруу практикасын колдонуу.

**6**. КРнын адам укуктарын коргоо чөйрөсүндө сот адилеттигинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунда жергиликтүү соттордун тынч чогулуштар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуу практикасын талдоо менен, соттук практиканы жалпылоо үчүн судьяларга соттук же башка чечимдерди кабыл алууда мыйзамды колдонуу жана чечмелөө тартибинин, эл аралык ченемдердин сакталышын жана соттук практиканын биримдигин камсыз кылуу боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү.

**7**. Судьялар үчүн ювеналдык юстиция чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттар жана улуттук мыйзамдар боюнча окутуу семинарларын/тренингдерди өткөрүү.

**8**. Соттордун чечимдерди кабыл алуусуна КР катышуучу болуп саналган адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин жоболорун тикелей колдонууну жайылтуу.

## Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына

**1**. Майыптыгы бар адамдардын укуктарынын сакталышын камсыз кылуу максатында шайлоо укуктарын ишке ашыруу шарттарын, өзгөчө үгүт материалдарынын жеткиликтүүлүгүн, талапкерлердин программалары менен таанышуусун өркүндөтүү.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

**1**. Мектепке чейинки мекемелерди жана мектептерди пандустар менен жабдуу, майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүүлүктүн талаптарына ылайык жайларды (класстар, ашканалар, дааратканалар) жабдуу.

**2**. Майып балдардын биологиялык тууган болгон, кабыл алган үй-бүлөлөрүнүн жана асырап алуучу үй-бүлөлөрүнүн абалын жакшыртуу боюнча чараларды көрүү.

**3**. КР мыйзамдарын жана ал үчүн жоопкерчиликти түшүндүрүү боюнча калк арасында балдарга жана өспүрүмдөргө карата сексуалдык кылмыштар жөнүндө үзгүлтүксүз агартуу иш-чараларын жүргүзүү.

**4**. Мектептерде жана мектепке чейинки мекемелерде, өзгөчө жаңы конуштарда балдардын дараметтерин өнүктүрүү жана бош убактысында аларды кароо үчүн класстан тышкаркы чыгармачылык сабактарды/ийримдерди киргизүү.

**5**. Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндө балдар менен өспүрүмдөрдүн саламаттыгына жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтан аларды коргоо, укук бузууларды алдын алуу боюнча тутумдуу аракеттерди күчөттүү. Бул тармакта балдардын ата-энелери, мамлекеттик бийлик менен кызматташууну чыңдоо.

## Бишкек шаарынын жана Ош шаарынын мэрияларына:

**1.** Балдардын коопсуздугун сактоодо аларды мектепке ташуу үчүн атайын автобустарды уюштуруу.

**2.** Укук белгилөөчү жана укукту күбөлөндүрүүчү документтери жок, эксплуатацияга берилбеген көп кабатуу үйлөрдө жашаган жашоочуларды каттоого алып, социалдык-экономикалык (бала бакчага, мектепке, ооруканаларга учетко туруу ж. б.) маселелер боюнча укуктарын ишке ашырууга ар тараптуу көмөк көрсөтүү.

**3.** Көп кабатуу үйлөргө жашоо-тиричиликке керектүү бардык коммуникациялар менен камсыз кылуу боюнча көмөк көрсөтүү менен бирге, эксплуатацияга берилбеген үйлөр боюнча коммуникацияга болгон тарифтер жөнүндө жашоочуларга түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү. Белгилүү жашаган жери жок адамдарды убактылуу кармоого муниципалдык стационардык мекемелердеги кабыл алуу орундарынын санын көбөйтүү.

**4.** Бош муниципалдык имараттарды балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүнө кесип алууга, жумушка орноштурууга жана реабилитация иштерин алып барган коомдук уюмдарга, фондорго бөлүп берүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу.

**5.** Калктын аярлуу катмарындагы жарандарга турак-жай куруп же сатып берүүгө жергиликтүү бюджеттен каражат караштыруу.

**6**. Жабыркагандарды коргоо жана реабилитациялоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын өз ара аракеттенүүлөрүнүн алгоритмин кошуп алганда, санариптик технологияларды эске алуу менен, зомбулуктун бардык түрлөрүнөн жабыр тарткан аялдарды жана балдарды коргоо жана бузулган укуктарын калыбына келтирүү тутумун киргизүү.

## Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине жана Тартиптик комиссиясына:

**1**. Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссиясынын мүчөлөрүнүн арасында Акыйкатчы добуш берген мүчөсү боло алат деген ченемди киргизүү.
**2**. Судьялар кеңешинин дарегине келип түшкөн жарандардын кайрылууларын, Акыйкатчынын көңүл буруу актысын мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө карoону уюштуруу жана камсыз кылуу, мөөнөтүн **өткөзүүгө** жол берген кызмат адамдарына карата жаза чараларын **колдонууну күчөтүү**.

## Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына:

**1**. Сот отурумдарынын үзгүлтүккө учурашына жол бербөө боюнча адвокаттардын ишин көзөмөлдөөнү өзгөчө күчөтүү, ага жол берген адвокаттарга жоопкерчилик чараларын колдонуу.
**2.** Мамлекет тараптан кепилденген квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын кардарлардан кошумча акы алуусуна, сапатсыз иш алып баруусуна, алдын ала божомолдоп кеңеш берген, сот процесстерине катышпаган учурларын ж.б. адам укугун бузуу учурларын алдын алуу боюнча көзөмөлдү күчөтүү жана чара көрүү.
**3**. Акыйкатчынын адвокаттардын аракеттерине/аракетсиздигине көңүл буруу актылары киргизилгенде, белгиленген мөөнөтүндө, маңызы боюнча дыкат, ар тараптуу каралуусун камсыз кылуу, карoо мөөнөттөрүн өзгөчө көзөмөлгө алуу.

## Жалпыга маалымдоо каражаттарына, интернет агенттиктерине жана блогерлерге:

**1**. Инсандын, коомдун медиа сабаттуулугун жогорулатууга, мамлекетке көмөк көрсөтүүгө чакыруу менен бирге, өз ишинде журналисттик этиканы, маалыматты издөөдө, таркатууда эл аралык калыстык, чындык, тактык, ар тараптуу принциптерин бекем кармануу күчөтүү.

## I - БӨЛҮМ. АКЫЙКАТЧЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН СУНУШТАРЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ

*Акыйкатчынын башкы милдети* - Кыргыз Республикасынын аймагында анын юрисдикциясынын чектеринде адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду туруктуу негизде жүзөгө ашыруу. Жыл сайын 1-апрелге чейин Акыйкатчы Жогорку Кеңешке мурунку жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандардын бирикмелеринин, менчигинин түрүнө карабастан, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана өздөрүнүн иш-аракеттери (аракетсиздиги) менен адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузган алардын кызмат адамдары, адамдын жана Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы мыйзамдарда табылган кемчиликтер жөнүндө баяндама берет. Акыйкатчынын ар жылдык жана атайын баяндамалары боюнча КР Жогорку Кеңеши депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен токтом кабыл алат[4]. Акыйкатчынын сунуштарынын аткарылышы Акыйкатчы институтунун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан үзгүлтүксүз мониторингке алынат.

Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө Акыйкатчынын 2021-жыл үчүн баяндамасынын негизинде КР Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнунда кабыл алынган № 307-VII токтому менен жалпысынан 55 сунуштар тиешелүүлүгүнө жараша Министрлер Кабинетине, Жогорку сотко, Башкы прокуратурага, Борбордук шайлоо комиссиясына жана Адвокатуранын кароосуна аткарууга жөнөтүлгөн[5].

КР Жогорку Кеңешинин токтому менен бекитилген Акыйкатчынын адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын жакшыртуу боюнча тиешелүү сунуштардын аткарылышын талдоодо, алардын 13% гана аткарылып, 34% аткарылбай, 53% азыркы учурга чейин аткарылууда экенин көрсөттү.

---

[4] "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" КР Мыйзамы, 11-берене

[5] http://www.kenesh.kg/ky/committee/article/1/4132/show/kirgiz-respublikasinda-2021-zhili-adamdin-zhana-zharandin-ukuktari-menen-erkindikterinin-saktalishi-zhonundo-kirgiz-respublikasinin-akiykatchisinin-ombudsmendin-ar-zhildik-bayandamasi-boyuncha-konstitutsiyalik-miyzamdar-mamlekettik-tuzulush-sot-ukuktuk-maseleleler-zhana-zhogorku-keneshtin-reglamenti-boyuncha-komitettin-2022-zhildin-7-iyununandagi-chechimi

*Акыйкатчынын 2021-жыл үчүн баяндамасы боюнча КР Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы № 307-VII токтомунун аткарылышы*

| к/н | Мамлекеттик органдар | Сунуштардын жалпы саны | Аткарылды | Кароодо | Аткарылган жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Министрлер Кабинетине | 41 | 5 | 21 | 15 |
| 2 | Жогорку сотко | 2 | - | 1 | 1 |
| 3 | Башкы прокуратурага | 7 | 2 | 5 | - |
| 4 | БШК | 3 | - | 2 | 1 |
| 4 | Адвокатурага | 2 | - | - | 2 |
| | **Жалпы** | 55 | 7 | 29 | 19 |

Акыйкатчынын 2021-жылдын жыйынтыгында берилген сунуштамаларынын аткарылбаганынын негизги себептери катары жоопту мамлекеттик органдар төмөнкү жүйөлөрдү көрсөткөн:

- социалдык-экономикалык мүнөздөгү көйгөйлөрдүн көпчүлүгү акча каржылоонун жетишсиздигинен жана өлкө мурунку жылдары башынан өткөрүп жаткан экономикалык кыйынчылыктар. Ошол эле учурда адамдын социалдык-экономикалык адам укуктарын сактоодо Президенттин, Министрлер Кабинетинин көрүлүп жаткан аракеттерин атайын белгилей кетүү керек (м: 2022-ж. социалдык төлөмдөрдүн өлчөмүн көбөйтүү, мамлекеттик сектордун үстөк, эмгек акыларын жогорулатуу, жабык мекеме, убактылуу кармоочу жайлар үчүн башка имараттарды куруу иштерин башталышы жана башкалар)[6].

[6] https://www.president.kg/ru/sobytiya/24084_pod_predsedatelstvom_prezidenta_sadira_ghaparova_sostoitsya_itogovoe_zasedanie_kabineta_ministrov

- Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, мамлекеттин социалдык жардам көрсөтүү жаатындагы иши жарандардын өзү жана үй-бүлөсү үчүн экономикалык бакубаттыкка жетишүү мүмкүндүгүн, экономикалык эркиндигин, жигердүүлүгүн чектөөчү мамлекеттик камкордук таризине өтпөөгө тийиштигинен улам аткарууга негиз жок экенин [7] жана Өкмөттүн ар кандай программаларын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын финансылык каражаттарга көз каранды экени [8].

- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлиги жабык мекемелердеги сотолгон адамдарды күбөлөндүрүү жана алардын майыптыгын аныктоо үчүн ЖАКнын медициналык башкармалыгы тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш деген жалган маалымат берген[9]. Себеби ЖАКнын медицина тармагындагы кызматкерлери соттолгон адамдардын майыптыгын аныктоого укугу жок, бир гана медициналык-социалдык эксперттик комиссиялар гана ыйгарым укуктуу.

- “Баатыр-эне” наамын алган учурдан тартып пенсиялык курагына жетелекте эле жөлөкпул төлөө талапка ылайыксыз экенин маалымдаган [10].

**Ал эми, кээ бир мамлекеттик органдар жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы Акыйкатчынын сунуштармалырынын аткарылышы боюнча негиздүү жооп берүүдөн баш тарткан же такыр жооп берген эмес.**

| Органдын аталышы | Сунуштамалардын жалпы саны | Негиздүү жооп берүүдөн баш тартылганы | Такыр жооп берилбегендер |
|---|---|---|---|
| Министрлер Кабинети | 41 | - | 7 |
| Борбордук шайлоо комиссиясы | 3 | - | 1 |

[7] Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлигинин 06.02.2023-ж. чыг. №07-2/345 жооп каты
[8] Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 31.01.2023-ж. чыг. №07-2/273 жооп каты
[9] Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлигинин 06.02.2023-ж. чыг. №07-2/345 жооп каты
[10] Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө Жобо

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы | 2 | - | 2 |
| Айыл чарба министрлиги | 2 | 1 | - |
| Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлиги | 15 | 1 | - |
| Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги | 1 | 1 | - |

**Мындан сырткары, Жогорку Кеңештин депутаттарынын көңүлүн Акыйкатчынын бир катар сунуштамалары жылдан жылга аткарылбай келгенине көңүлдөрүн бурам. Алардын ичинде,**

**Министрлер Кабинетине:**

1. "Кыргыз Республикасындагы медициналык-социалдык экспертиза жөнүндө" Министрлер Кабинетинин 2012-жылдын 21-январындагы № 68 токтомун Жаза-аткаруу кодексинин 21-беренесине ылайык келтирүү жолу менен соттолгондордун майыптыкты жол-жоболоштуруууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

2. Майыптуулугу бар адамдар үчүн:
- бардык коомдук имараттардын жана транспорттун жеткиликтүүлүгү,
- саясий, коомдук жана маданий жашоого жигердүү катышуу үчүн жагымдуу, ыңгайлуу шарттарды түзүү,
- шайлоо укуктарын ишке ашыруу шарттарын өркүндөтүү.

3. *Балдардын укуктары*. Балдардын 111 жана 115 ишеним телефондоруна жеткиликтүүлүк тутумун ишке киргизүү. Балдарга кандай болбосун кызматтарга жана ишеним телефондоруна кайрылуу көндүмдөрүн окутуу. Балдардын жатак мекемелерин реформалоо саясатын ишке киргизүү, социалдык кызматтарды өнүктүрүү жана инклюзивдүү билим алуу мүмкүнчүлүгүн түзүү. Мүмкүн болгон бардык учурларда, балдарды жатак мекемелерине жайгаштыруудан сырткары шарттарды камсыз кылуу, ал эми БЖМ жайгаштырууну акыркы чара катары колдонуу. Балдарга үй-бүлөдө болууну жана биологиялык ата-энесине кошулууну камсыз кылуу максатында, балдарды БЖМ үй-бүлөсүнө кайтаруу чараларын көрүү. Тарбиялануучуларды акысыз жана сапаттуу стоматологиялык жардам менен камсыз кылуу; мектептеги тамактанууда кариес жаратуучу тамак-аштарды чектөө, стоматология жаатында агартуучулук иштерди жүргүзүү.

4. Балдар кодексинде мигранттардын балдарынын өзүнчө статусун кароо.

5. Зордук-зомбулукту токтотуу. Жабыркагандардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунучту жоюу жана мындай зомбулукту улантууга же кайталап жасоого жол бербөө максатында, убактылуу коргоо ордерин берүү мөөнөтүн кайра карап чыгуу жана ИИО үй-бүлөлүк зомбулук фактысын аныктаган учурдан тартып, же ИИО кызматкерлери тарабынан кайтадан зомбулук жасоонун жогорку тобокелдиги баалангандан кийин берүүнү милдеттендирүү. Мындан тышкары, убактылуу коргоо ордеринин колдонуу мөөнөтүн кайра карап чыгуу.

6. Эл аралык стандарттарды ишке ашырууну камсыз кылуу максатында, зордук-зомбулуктан жабыркагандарга тергөө жана башка процесстик аракеттерди жүргүзүү учурунда коопсуздукту, купуялуулукту жана психологиялык ыңгайлуулукту камсыз кылуу үчүн инфратүзүмдүк чечимдерди, анын ичинде, аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктан жабыркагандарды сурамжылоо үчүн өзүнчө бөлмө, таануу жол-жоболору жана башка тергөө аракеттери үчүн атайын жайлар, ошондой эле жабыр тарткандарга зомбулук учурлары жөнүндө кабарлоого жана ыкчам жооп берүүнү камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берүүчү башка техникалык ыңгайлуулуктарды киргизүү.

7. ИИМ, ЖАК, УКМК жабык кармоо жайларынын/мекемелеринин санитардык абалдарын эл аралык стандарттарга, улуттук мыйзамдардын талаптарына ылайык келтирүү. Өз кезегинде бул тармакта, Министрлер Кабинети тарабынан ЖАК

курулмаларын оңдоп-түзөтүүгө жана реконструкциялоо республикалык бюджеттен жетиштүү акча каражаттары бөлүнүүдө [11].

**Жогорку сотко:**

1. «Сот аткаруучулардын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө» КР Мыйзамынын (12-беренеси, 1-бөлүгү, 15-1-пунктун) ченемин аткарууда, издөөдө жүргөн карыздардын сүрөттөрүн жана маалыматтарын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жайгаштырууну камсыз кылуу.
2. КР мамлекеттик түзүмдөрү, ИИМ жана Чек ара кызматы менен тыгыз иштешүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу, алимент боюнча издөөдө жүргөн карыздардын маалыматтарын бирдиктүү ачык базага киргизүү.
3. Алимент төлөөнүн жолдору жана тартиби (мөөнөтү) тууралуу кабарлоочу маалыматтары менен буклет-эскертмелерди, көрмө-сабактарды иштеп чыгуу, коомчулукка кенен жайылтуу. Алимент төлөө зарылдыгы, ошондой эле алименттик милдеттенмелер боюнча соттун чечимин аткарбаганы үчүн жаза каралаары тууралуу билдирүүгө кошумча буклет-эскертмелерди даярдоону сот аткаруучуларга сунуштоо. ММК аркылуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

**2021-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жөнүндө Акыйкатчынын баяндамасы боюнча Жогорку Кеңештин 2022-жылдын 16-июнундагы № 307-VII токтомунун аткарылышы тууралуу толук талдоону төмөнкү шилтеме боюнча таанышса болот:** ttps://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=3137&catid=67&lang=kg&Itemid=319

[11] "Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын 47-мекемесин жоюу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 305 токтому, ж.б.

## II - БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА 2022-ЖЫЛЫ АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫНЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИНИН САКТАЛЫШЫНЫН СЕРЕБИ

### 2.1. Кыргыз Республикасында адамдын жанан жарандын укуктарын жана эркиндиктерин илгерилетүү боюнча эл аралык келишимдердин менен милдеттенмелердин аткарылышы

Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин, адам укуктары жаатындагы эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине кошулганын жарыялап, аларды өлкөнүн Конституциясында кепилдөө менен бекемдеген. Кыргыз Республикасы адам укуктары боюнча негизги эл аралык конвенцияларды жана саясий документтерди ратификациялоо менен, бир катар милдеттенмелерди өзүнө алган, алардын ичинде:

- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
- Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык Конвенция;
- Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге жана жазага каршы Конвенция;
- Бардык эмгекчи-мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө Конвенция;
- Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенция;
- Баланын укуктары жөнүндө Конвенция;
- Майыптардын укуктары жөнүндө Конвенция.

БУУнун Башкы Ассамблеясынын 60/251 резолюциясына ылайык, Универсалдуу мезгилдүү сереп (мындан ары – УМС) түзүлгөн. Бул резолюцияга ылайык, объективдүү жана ишенимдүү маалыматтын негизинде, ар бир мамлекеттин адам укуктары жаатындагы милдеттенмелерди жана милдеттерди аткаруунун ар тараптуулугун жана бардык мамлекеттерге бирдей мамиле кылууну камсыз кылган кеңири мезгилдүү серептерди жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу болуу – УМС негизги элементтеринин бири болуп калды[12]. **Кыргызстан** УМС алкагында гана **адамдын**

[12] УМС – бул БУУ адам укуктары боюнча Кеңештин иш алып баруу механизми, анын алкагында жылына төрт жолу БУУ мүчө 193 мамлекеттин адам укуктары жаатындагы милдеттенмелерди жана

**укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча милдеттенмелерин аткаруу боюнча кеңири өңүттөгү маселелердин алкагында жалпы 89 өлкөдөн 232 сунуштама кабыл алган.**

Мындан сырткары, 2015-жылы БУУнун 2030-жылга чейинки ааламдык максаттарды кабыл алган - Туруктуу өнүгүү максаттары (мындан ары – ТӨМ), экономикалык өнүгүүгө, айлана-чөйрөнү коргоого жана социалдык бакубатчылыкка багытталган 17 максаттан турат.

Кыргыз Республикасы дүйнөнүн бардык өлкөлөрү сыяктуу эле, өлкөлүк стратегияларды жана өнүктүрүү программаларын ТӨМ ылайык келтирүү менен, 2030-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетишүү боюнча милдеттенмелерди өзүнө кабл алган.

ТӨМ жана милдеттердин жалпы 90 пайыздан ашыгы адам укуктары жаатындагы милдеттенмелер болуп саналат.

Ал эми, УМС максаты бардык мүчө-мамлекеттердин адам укуктарын сактоо боюнча милдеттенмелерин аткаруунун абалына сереп салуу, кароо, ошондой эле мамлекеттер менен башка кызыктар тараптардын ортосунда алдыңкы тажрыйбаларды бөлүшүүгө мүмкүндүк берет. Улуттук деңгээлде адам укуктарынын абалын жакшыртуу максатын көздөйт.

Кыргызстан менен БУУнун кызматташтыгына 30 жыл болду. Бул жылдар аралыгында БУУ менен түрдүү тармактардагы байланыштарыбыз жигердүү өнүгүп келе жатат. Кыргызстандын 2023-2025-жылдардын аралыгында үчүнчү жолу БУУнун Башкы Ассамблеясынын 17-сессиясынын 77-отурумунда БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешинин мүчөсү болуп үчүнчү ирет шайланышы, **2022-жыл ичиндеги эл аралык маиледе эң башкы жетишкендигибиз болуп калды**. Кыргызстан үчүн БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешине мүчө болуусу, бул мамлекет бийлигинин чоң жетишкендиги жана башка өлкөлөргө үлгү болуучу, өлкөбүздө эле эмес башка мамлекетке адам укуктарын алдыга жылдыруу боюнча ыкчам аракеттер үчүн чоң мүмкүнчүлүк.

---

милдеттерди аткаруусуна үзгүлтүксүз сереп өткөрүлүп турат, Акыйкатчы институту УМС алкагында сунуштамаларды аткарууга өзгөчө маани берет, анткени ал адам укуктары боюнча Кеңештин Адам укуктары жаатындагы абалына баа берүүдө бардык өлкөлөр үчүн тең укуктуу шарттарды камсыз кылууга умтулган маанилүү жаңычыл аракет болуп саналат. Ал ар бир мамлекетке адам укуктары жаатындагы кырдаалды жакшыртуу, ошондой эле адам укуктары жаатындагы өз милдеттенмелерин аткаруу максатында көрүлгөн аракеттер жөнүндө билдирүүгө мүмкүндүк берет. УМС натыйжасында дүйнө жүзү боюнча Адам укуктары жаатындагы алдыңкы тажрыйбалар менен алмашуулар жүзөгө ашырылат. Учурда эл аралык деңгээлде мындай башка универсалдуу механизм жок.

Акыйкатчынын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери жаатындагы эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү боюнча иштери, мамлекеттин өз жарандарын анын чегинен тышкары жерде коргоо жана чет элде жашап жаткан мекендештер менен байланышын чыңдоо боюнча тышкы саясий иштин бир бөлүгү болуп дагы саналат [13].

**Андыктан, Акыйкатчы институтунун 20 жылдык иш тажрыйбасында биринчи жолу, Акыйкатчы 2022-жылы эл аралык деңгээлде, Кыргыз Республикасы өзүнө алган адам укуктарын жана эркиндиктерин илгерелетүү милдеттенмелердин мамлекеттик жоопту органдар тарабынан аткарылышынын баалоо тутумун киргизип, мамлекеттик органдардын рейтингин түзүүнү ийгиликтүү ишке ашырып отурат.**

Бул аракеттин максаты мамлекеттик органдарга сын-пикир айтуу эмес, адам укугу жаатындагы эл аралык милдеттенмелердин аткарылышына көз карандысыз, ар тараптуу калыс баа берүү менен жоопту мамлекеттик органдарды адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча иштерди жакшыртууга кошумча шыктандыруу. Бул иш-аракеттер Акыйкатчы институтунун мамлекеттик органдар менен өз ара тыгыз байланышта иштешүүнү көздөп, рейтингдин көрсөткүчтөрү өлкөдөгү адам укуктары жаатындагы кырдаалдын абалынын жана анын өзгөрүү деңгээлинин келечектүү багыттарын ар тараптуу так, туура мүнөздөөгө багытталган.

Акыйкатчы институтуна Министрлер Кабинетине караштуу Адам укугу боюнча координациялык кеңештин катчылыгы, 2019-2021-жылдарга карата Адам укуктары боюнча иш-аракеттердин планы, болжол менен 68,5% аткарылганын маалымдаган[14].

***Пландын 76 тапшырмасынын ичинен:***

- 44 тапшырма толук аткарылган – болжол менен 57%;
- 17 тапшырма жарым-жартылай аткарылган же аткаруу үстүндө – болжол менен 23%;
- 15 тапшырма аткарылган жок – болжол менен 19,7% көрсөткүчтөрдү түзгөн.

[13] “КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Мыйзам, 8-3-берене

[14] 2022-жылдын 31-майындагы каты, чыг. №13-2/5677.

Ал эми, Акыйкатчы институту эл аралык кызматташуу деңгээлинде адам укуктарын илгерилетүү боюнча камтылган жогорудагы 232 сунуштамалар[15], ошондой эле Акыйкатчы институту мурунку жылдары Жогорку Кеңешке берген атайын баяндамаларында көрсөтүлгөн адам укуктары жаатындагы эл аралык милдеттенмелерди аткаруу боюнча сунуштамаларды кошуп алганда, жалпысынан 384 сунуштаманын аткарылышына баа берип, төмөнкүдөй рейтингди аныктаган[16]:




**Жалпы корутунду:**

Мамлекеттик органдар Адам укуктары боюнча иш-аракеттер планынын алкагында, эл аралык милдеттенмелерди аткарууга болгон мамилесин жакшыртуу менен жоопкерчилигин жогорулатуу керек экени ачык-айкын. Ушуга байланыштуу Акыйкатчы институту 2022-2024-жылдарга карата Министрлер Кабинетинин 28-ноябрь 2022-жылдагы буйругу менен бекитилген Адам укуктары боюнча иш-аракеттер планын аткаруусуна мониторинг жүргүзүүнү көздөп, төмөнкү багыттар боюнча иштерди пландаштырууда:

- ❖ БУУнун келишимдик органдарына адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдердин жоболорунун аткарылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын улуттук мезгилдүү баяндамаларын даярдоо боюнча

[15] БУУ алкагында үчүнчү Универсалдуу мезгилдүү серепти жана башка эл аралык милдеттенмелерди кошкондо


[16] БУУ алкагында Универсалдуу мезгилдүү серепте берилген сунуштамаларды аткарууда кошо аткаруучу жоопту мамлекеттик органдар болгонунан, кээ бир сунуштамалар 2-3 малекеттик органдарда кайталанууда

мамлекеттик органдардын ишине мониторинг жүргүзүү жана Адам укуктары боюнча БУУнун Кеңешинин УМС боюнча серебин түзүү:

- ❖ Адам укуктары жана УМС чөйрөсүндө БУУнун сунуштамаларын аткаруу боюнча мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтүү жана тыгыз кызматташуу;
- ❖ Акыйкатчынын альтернативдүү баяндамаларын даярдоо;
- ❖ Парламенттик көзөмөлдүн алкагында мамлекеттик бийлик органдары тарабынан адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жаатында эл аралык милдеттенмелердин аткарылышын баалоо менен жылдык рейтинг түзүүнү улантуу.

Акыйкатчы негизги сунуштама катары УМС боюнча максаттарды ишке ашыруу жаатында чараларды күчөтүү менен, бул маселеге олуттуу көңүл буруунун зарылдыгын белгилейт. Себеби, мамлекет эл аралык деңгээлде канчалык адам укуктарын сактаган, мыйзамдуулукту бекем орноткон өлкө катары таанылса, ошончолук инвестициялык климатты өркүндөтүүгө, өлкөнүн эл аралык аренадагы беделин жогорулатууга жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен кызматташтыкты кеңейтүүгө жакшы шарттар түзүлөт. Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери Борбордук Азияда өзгөчө орунду ээлеп келет, анткени биздин мамлекетте салыштырмалуу сөз эркиндиги, саясий плюрализм жана адам укуктарын сактоодо демократиялык принциптер күчтүү. Бул жетишкендигибизди сактап калуу менен, мындан да жогорку деңгээлге жеткирүүгө, бул масаледе күчтүү демократиялык мамлекеттер менен атаандаш болууга тийишпиз.


**Кыргызстандын рейтинги дүйнөдөгү укуктун үстөмдүлүгүнүн индекси боюнча диаграммасы** [17].




## 2.2. Аялдардын, балдардын укуктары жана гендердик теңчилик

Акыйкатчы институту 2022-жыл ичинде балдардын, аялдардын укуктарынын бузулуусуна байланыштуу 337 окуя боюнча иш жүргүзгөн. Алардан ичинен 239унда жабыркаган тарап өзүлөрү арыз менен кайрылса 98 ишти Акыйкатчы өзү демилгелеген.


*1-диаграмма жана 2-таблица* Акыйкатчы институту тарабынын балдар, аялдар жана үй-бүлө укуктарын коргоо боюнча иштеринин аймактык көрсөткүчтөрү








| Бишкек | Ысык-Көл обл. | Ош ш. жана Ош обл. | Жалал-Абад обл. |
|---|---|---|---|
| 216 | 18 | 16 | 19 |
| | | | |
| **Талас обл.** | **Нарын обл.** | **Баткен обл.** | **Чүй обл.** |
| 9 | 16 | 6 | 37 |

*3- таблица* Акыйкатчы институтунун балдар, аялдар жана үй-бүлө укуктарын коргоо иштеринин объектиси. Аялдардын укуктары боюнча - 141 иш; Балдардын укуктары боюнча - 142 иш; Эркектердин үй-бүлө укуктарын сактоо боюнча – 16; үй-бүлө маселелери боюнча – 38



*Акыйкатчы институтунун балдар, аялдар жана үй-бүлө укуктарын коргоо иштеринин маңызы боюнча маалымат 4-таблица*




| Мазмуну | Үй-бүлөлүк зомбулук | Жашы жетелек балдарды зордуктоо (ыплас иштер, зордуктоо аракети), уруп-сабоо, өлтүрүү | Балдарды документештирүү | Жөлөк пул | Алимент |
|---|---|---|---|---|---|
| **саны** | 73 | 44 | 4 | 15 | 31 |
| | | | | | |
| Мазмуну | Бала менен жолугушуу укугу | Билим алуу укугу | Майыптыгы бар балдардын укугу | Балдарды кылмыш иштерине тартуу (рэкет, порно бизнес) | Балдардын ар кыл мүнөздөгү укуктары тууралуу маселелер |
| **саны** | 17 | 12 | 4 | 5 | 27 |
| | | | | | |
| Мазмуну | Сот отурумдарына мониторинг | Медициналык кызматкерлерге карата дооматтар | Аялдардын эмгек укугу | Мазмуну | Сот отурумдарына мониторинг |
| **саны** | 46 | 10 | 12 | 6 | 31 |

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштамалары баяндаманын сунуштар бөлүгүнө киргизилди.*

### 2.2.1. Аялдарга жана жашы жетелек балдарга карата зомбулук

Аялдарга жана балдарга карата зомбулук менен күрөшүү, күнөөлүү тараптын жоопкерчилигин күчөтүү боюнча мамлекеттин астейдил күч-аракеттерине карабастан, коомчулукка, КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарына, Акыйкатчыга арыздангандардын саны азайган жок[18], тескерисинче көбөйүдө жана жалпыга маалымдоо каражаттарында, социалдык тармактарда күн сайын аялдарга жана балдарга карата зомбулук же ыдык (*дене бойлук, сексуалдык, адептик*) көрсөтүү учурлары жаатында маалыматтар байма-бай жарыяланууда.

Акыйкатчы институтуна 2022-жылы кайрылган 65 айымдын 23ү ар кандай оорчулуктуу уруп-сабоодон, 9у кыйноодон, 8и өлтүрүүдөн, 5и бейбаштыктан, 4өө зордуктоодон жабыркагандар.

Белгилей кетсек, Кыргызстан 2021-жылы Борбор Азиядагы аялдар үчүн эң кооптуу өлкө катары таанылган. Бул тыянак “Аялдардын дүйнөлүк тынчтык жана коопсуздук” индексинде көрсөтүлгөн, анда Кыргызстан дүйнөнүн 170 өлкөсүнүн ичинен 97-орунга чыккан.

Бул Борбор Азия өлкөлөрүнүн ичиндеги эң төмөнкү, начар көрсөткүч[19].

Башкы прокурор К. Зулушевдин басма сөз-конференцияда берген маалыматына ылайык, 2022-жылы укук коргоо органдары аялдарга карата зомбулукка байланыштуу 6580 кылмыш ишин козгогон. **Бирок алардын 29%ы токтотулган, 20%ы - жабылган, 41% гана сотко жеткен[20].** 2022-жылы балдарга каршы мыйзам бузуулар боюнча 1719 кылмыш иши козголгон. **Бирок алардын 30% - токтотулган, 16% - убактылуу токтотулган, 27% гана сотко жөнөтүлгөн, калган 25% иш боюнча тергөө уланууда (иштердин 2%ы бириктирилген)[21]**.

Ошол эле учурда, Башкы прокуратуранын Акыйкатчы институтунун расмий суроо-талабына берген жообуна ылайык, 2022-жылы жашы жетелек балдарга жана аялдарга карата жасалган кылмыштардын көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй болгон[22]:

---

[18] 2022-жылы Акыйкатчынын аялдардын, балдардын укуктарынын чектелиши жана бузулушу боюнча алып барган иштердин 34% зордук-зомбулукка байланыштуу

[19] https://rus.azattyk.org/a/32247100.html

[20] https://rus.azattyk.org/a/32247100.html

[21] https://kloop.kg/blog/2023/01/31/genprokuror-v-2022-godu-vozbudili-438-del-po-faktu-nasiliya-v-otnoshenii-detej/


[22] Башкы прокуратынын 2023-ж. 2-мартынан расмий жооп каты

*Таблица*


| Кылмыштардын саны | | Тергөөнүн жыйынтыктары | | |
|---|---|---|---|---|
| | | токтотулган | сотко жиберилген | өндүрүштө калганы (токтотулган иштерди кошкондо) |
| бардыгы | 14 786 | 3945 | 4311 | 6530 |
| жашы жетелек балдарга | 2386 | 728 | 771 | 887 |
| аялдарга | 12 400 | 3217 | 3540 | 5643 |

Башкы прокуратуранын бул расмий маалыматын талдоо төмөнкү жыйынтыктарга алып келген (таблицаларга ылайык).


*6-таблицада, 2022-жылы жашы жетелек балдарга жана аялдарга карата жасалган кылмыштар*




*7-таблица 2022-жылы жашы жетелек балдарга карата жасалган кылмыштар*




*8-таблицада, 2022-жылы аялдарга карата жасалган кылмыштар*




Улутстатком Акыйкатчы институтунун суроо-талабына, аялдарга жана жашы жетелек балдарга карата жасалган кылмыштар жана укук бузуулар боюнча кылмыш-жаза

иштери тууралуу жана административдик жоопкерчилик жөнүндө маалыматтар Улутстаткомдо жок экени жөнүндө расмий жооп берген[23].

Ал эми, 2022-жылы жашы жетелек балдарга жана аялдарга карата жасалган укук бузууларды ала турган болсок, Башкы прокуратуранын маалыматы боюнча "үй-бүлөлүк зомбулук"[24] боюнча 2 962 протокол катталган (жашы жетелек балдарга - 40, аялдарга - 2922)[25].

ИИМ 2022-жылдын 7-айы ичиндеги "үй-бүлөлүк зомбулук" укук бузуулар алкагында жоопкерчиликке тартуу көрсөткүчтөрүнө ылайык 29% укук бузгандар камакка алынган (3-7 суткага), 49% - коомдук ишке тартылган[26].

Ошол эле учурда, жашы жетелек балдар менен аялдардын укугун коргоочу уюмдардын өкүлдөрүнүн изилдөөлөрү көрсөткөндөй, Кыргызстанда ар бир үчүнчү адам үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы болот, ар бир төртүнчү аял жумуш ордунда сексуалдык ыдыкка дуушар болот[27]. "Сезим" кризистик борборунун маалыматына ылайык, соттун ар бир үчүнчү өкүмүндө шектүүлөр жазаланган эмес, мындай учурда көбүнчө иштер кыскартылган ж.б.

Негизги себеп - сексуалдык кол тийбестикке каршы кылмыштар демейки көрүнүшкө айланып калган. Көз карандысыз талдоочулардын баамында, аялдарга жана балдарга карата зомбулук кылмыштарынын латенттүүлүгүнүн бийик деңгээли табигый (жабыркагандардын өздөрүнүн каалабаганы) да, ошондой эле укук коргоо жана сот органдарынын ишинин натыйжасыздыгы, коррупциялуулугу, жабыркагандар менен иштөө принциптерин сакталбаганы себептер менен шартталган[28].

Жогоруда айтылгандай, жашы жетелек балдарга жана аялдарга карата зомбулук иштери көпчүлүк учурда сотко жетпей токтотулат, же жеңилдетилген квалификациядагы иштин курамына которулат. Мунун далили катары, Жогорку соттун талдоосун келтирсек, 2021-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы болгон 94 адамдын ичиндеги жашы жетелек өспүрүмдөрдүн саны 24тү (25,5%) түзгөн. Алардын ичинен, ден соолукка оор жана анча оор эмес залал келтирүү кылмыштарынын жашы жетелек курмандыктары - 5 (20,8%), кыйноолор - 4 (жашы жетпегендердин жалпы санынан 16,6%), сексуалдык ыплас аракеттерден жабыр

[23] Улуттук статкомдун 11.08.2022-ж. каты
[24] УБжКнын 70-беренеси
[25] Башкы прокуратынын 2023-ж. 2-мартынан расмий жооп каты
[26] https://mvd.gov.kg/gender-policy
[27] https://kaktus.media/doc/471263_kyrgyzstan_priznan_samoy_opasnoy_dlia_jenshin_stranoy_v_centralnoy_azii.html
[28] 2019-ж. CEDAW комитетине, ӨЭУ Кеңешине КР бешинчи мезгилдүү баяндамасына карата альтернативдүү отчет.

тарткандар, атайылап 16 жашка чыга элек адамдарга карата - 4 (16,6%), зордуктоо - 3 (12,5%)[29].

**Акыйкатчы институту аялдарга жана жашы жетелек балдарга карата зомбулук боюнча иш алып баруусунда, көпчүлүк учурда жабыркаган тарап жооптуу мамлекеттик органдардан же жергиликтүү бийлик тараптан тиешелүү колдоо жана коргоо аракеттери кылынбаганынан, ыкчам чара жүргүзүлбөгөнүнөн (жабыркаган тараптын арызын каттабай коюу, шылдыңдоо, өзүн күнөөлөө, соттук-медициналык жана психологиялык-психиатриялык экспертизалардын мөөнөтүндө ыкчам өткөрбөө, ж.б.) же жабыркаган тарапка каршы аракет кылгандарынан (соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыктарын коомчулукка жарыялоо, жабыркаган тараптын кызыкчылыгына каршы сурамжылоо өткөрүү, тергөө иштерин создуктуруу, иштин квалификациясын "жеңилдетүү", жабыркаган тараптын терс жүрүмүн белгилөө, зордуктоодон төрөлгөн наристелерге ДНК анализин жүргүзбөө же создуктуруу ж.б.) улам өзүн коргоо мүмкүнчүлүгүн жоготкон учурлар арбып баратканын белгилейт.**

**№1-мисал:** Акыйкатчы институтунун дарегине 2022-ж. У. А. жолдошунун үй-бүлөдөгү зомбулугуна даттануу арызы менен кайрылган, ал учурда аялдын денесинде жана бети-башында көптөгөн шишиктер жана көк алалар болгон.

Каракол ш. ИИО кызматкерлери бул үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча эч кандай аракет жасашкан эмес. Акыйкатчы институту тарабынан Ысык-Көл облусунун прокуратурасы менен Ысык-Көл облусунун ИИО түзүмдүк бөлүмү менен иш алып бара баштаганда гана окуя боюнча КР КЖК 138-бер. 1-б. негизинде кылмыш иши аяылган. Жабырлануучунун жолдошу кылмышка шектүү катары кармалган жана Каракол ш. ИИБ убактылуу кармоочу жайына киргизилген.

Балдар иштери боюнча комиссиянын чечими менен жабырлануучу У. А. жана анын жашы жетелек балдары убактылуу Чолпон-Ата шаарына жайгаштырылып, адвокат берилген. Жыйынтыгында Каракол шаардык сотунун чечиминин негизинде У. А. күйөөсү 6 жылга эркиндигинен ажыратууга өкүм чыгарылган.

Каракол ш. ИИБ кызматкерлеринин аракетсиздиктери боюнча Акыйкатчы

[29] http://sot.kg/statistics/main/index.php

институту тарабынан жооптуу адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө талап коюлган. Интернет-булактарында зомбулуктун ушул учуру жөнүндө аныкталбаган маалыматтарды таратканы жана аракетсиздиги үчүн Каракол ш. ИИБ участкалык милициясынын майоруна сөгүш түрүндөгү тартипке чакыруу жаза-чарасы колдонулган.

**№2-мисал:** Акыйкатчынын жеке кабыл алуусунда Б.А.П. болуп, өзүнүн 11 жаштагы эркек баласына карата бир жыл мурун зомбулук болгонун, бирок Сокулук районунун ИИБ кызматкерлери так иш алып барбай, убагында тиешелүү экспертизаларды өткөрбөй, жабыркаган тарапты алдагандарын билдирген. Акыйкатчы институтунун иликтөөсүнүн жыйынтыгында, бул окуя боюнча сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоо фактысы катталганы, өспүрүм "зомбулук фактысы жөнүндө калп айткан" деп көрсөтмө алышып, тергөөчүлөр ишти жаап салышкан. Кайтадан арыздануу болгондон кийин, иш жандандырылып, комиссиялык соттук-медициналык экспертиза кеч дайындалганына байланыштуу, анын корутундусу даяр болгон эмес.

ИИО кызматкерлеринин аракетсиздигинен бир жылдан ашык өткөрүлө турган экспертизалардын жыйынтыктары чыкпай, жабыркаган тарап укугун коргоо мүмкүнчүлүгүн жоготкон.

**№3-мисал:** 15.07.2022-ж. социалдык тармактардан Президентке, Акыйкатчыга, Башкы прокурорго А. О. Атуу жаран кайрылган. Анын айтымында Токмок ш., 2022-жылдын май айында арызданууучунун 16 жаштагы кызын 21 жаштагы киши зордуктаган. Шектүү ИИО кызматкерлери тарабынан кармалбай, жабыркаган тараптын үй-бүлөсүн коркутуу аракеттерин көрүп, эч кандай жоопкерчилик тартпаарын, милицияда тааныштарын ортого салып ишти кыскартып коёрун белгилеген. Акыйкатчы бул ишти өндүрүшкө алып, өспүрүм кыздын укугун коргоо аракетин көргөн. Тергөө амалдары жүрүп жаткан маалда, Чүй облусунун боюнча ИИМ башкармалыгы тараптан жабыркаган кыздын соттук-медициналык экспертизасынын жыйынтыгы ЖМК таркатылган, анда "кыздык белгисинин анатомиялык бүтүндүгү бузулган, бузуу мөөнөтүн белгилөө процесстин эскиришинен улам мүмкүн эмес" деп көрсөтүлгөн. Бул маалымат чыккан соң,

жабыркаган өспүрүм кыз өзүн-өзү өлтүрүү аракетин көрүп, бейтапканага жатып калган. Жыйынтыгында зордуктоо аракети башка беренеге квалификацияланып, иш эки тараптын макулдашуусу менен жабылган. Бул тергөөнүн купуя сырын бузуу менен кылынган аракетти, Акыйкатчы жабыркаган тарапты каралоо, шектүүнү жоопкерчиликтен качыруу аракети катары баалаган. Акыйкатчынын талабы менен ИИМ буйругуна ылайык, Чүй ОИИББ башчысынын орун басарлары "сөгүш" тартиптик жазасына, ИИМ басма сөз кызматынын башчысы "эскертүү" тартиптик жазасына тартылган. Бирок, баяндалган Чүй ОИИББ кызматкерлеринин кылган аракетине, анын аркасы менен жабыркаган өспүрүмгө тийгизилген моралдык, психологиялык залакасына, анын кийинки жашоосунда түзүлгөн коркунучтарга юридикалык баа бербестен, Чүй облусттук прокуратура милиция кызматкерлери тарабынан жабыркаган кыздын соттук-медициналык экспертизасынын жыйынтыгын жалпыга маалымдоо каражаттарына таркатканында КР КЖК 356-беренесинде каралган кылмыштын курамы бар болгонуна туура юридикалык баа берген эмес.

**ДНК тестин өткөргөнгө чейин тергөөнүн создуктурулушу**

**№4 мисал:** Акыйкатчынын наамына Чүй облусунун тургуну Б.М. кайрылып, анын жашы жетелек небересин Алтынбек аттуу таанышы Бишкек ш. зордуктаганын, андан кыздын боюна бүтүп, уул төрөгөнү, бирок, жаңы төрөлгөн балага жана зордуктаган деген Алтынбек аттуу **балага ДНК тестин бала 1 жашка чыккандан кийин** жүргүзүү зарыл болгонуна байланыштуу тергөөчү тарабынан иш создуктурулуп жатканына наразылыгын билдирген. Окуя боюнча иш жыйынтыктала элек.

**№5-мисал:** Ушундай эле көрүнүштү кийинки каралган арыздан да байкоого болот. Талас облусунда жашы жетелек 2005-ж. туулган Ю.Ж. зордукталган, анын боюнда болуп калган. Талас облусунун ички иштер башкармалыгынын маалыматына ылайык, КР КЖК 154-беренеси 3-б., 1,2 п.п., менен кылмыш иши козголгон, шектүү катары Ш. С. Атуу жаран аныкталган, бирок ага айып коюлган эмес, себеби бул арызда да **төрөлгөн бала 10 айга толгондо** (ошол жаш курагында гана ДНК

экспертизасы өткөрүлөт) гана экспертиза өтөт деген позицияны ИИМ, прокуратура органдары да кармануууда.

**Акыйкатчы институту аялдарга жана жашы жетелек балдарга карата зомбулуктун негизги себептери катары:**

- кылмыш жоопкерчилигинен кутулбоо принцибинин[30] иштебегени, андан улам зомбулуктун жазасыздыгы;
- укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин өз иштерин так аткарышпаганы, кайдыгерликтери же шектүү тарап менен кызматташуусу;
- ата-энелердин жоопкерчиликтен качуусу;
- жабыркаган тараптын оор турмуштук кырдаалы;
- жоопту мамлекеттик жана муниципалдык органдар тарабынан алдын алуу, бирге иш алып баруу механизмдеринин жетишсиздигин белгилейт.

**Бардык жооптуу мамлекеттик органдардын ортосунда так кызматташтык болбогону жана аялдар менен жаш балдарга карата зомбулук фактыларына негизделген мамиленин жоктугу, аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн жоюу боюнча Президенттин, Жогорку Кеңештин депутаттарынын көрүп жаткан аракеттери менен чечимдерин жокко чыгарууда.**

**Аялдарга жана балдарга карата зомбулук маселелери боюнча маалыматтарды жыйноонун бирдиктүү принциптеринин жана бирдиктүү классификациялоонун болбогону, ар кыл мамлекеттик органдардын бири бирине дал келбеген расмий маалыматтар менен иштөөгө алып келүүдө. Ушуга байланыштуу, аялдарга жана балдарга карата зомбулук кылуу кылмыштарынын айкын санын, себептерин жана кесепеттерин аныктоо мүмкүн эмес.**

Акыйкатчынын 20 жылдык иш-тажырыйбасында биринчи жолу, 2022-жылдын сентябрь айында БУУнун Адам укуктары боюнча комитетине "Аялдарга жана балдарга карата зомбулук" жана "Дене бойлук жазалоо" маселелери боюнча Кыргызстандын расмий үчүнчү Мезгилдүү баяндамасына байланыштуу маселелердин тизмегине карата, Акыйкатчынын альтернативдүү баяндамасы берилди[31].

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштамалары бетинде көрсөтүлдү..*

[30] Кылмыш-жаза Кодекси, 10-берене
[31] https://ombudsman.kg

### 2.2.2. Ата-энелердин балдарын багуудан баш тартуусу

Кыргызстанда аялдардын сотко кайрылган эң көп доо арыздары ажырашуу жана алимент өндүрүү болуп саналат. Бул соттордо каралып жаткан бардык үй-бүлөлүк иштердин 80%ынан көптү түзөт. Ар жылы Кыргызстанда 145 миңден ашык ымыркай төрөлөт. Жылына орто эсеп менен 50-51 миңге чамалуу түгөй баш кошуп, 10-12 миңдейт ажырашат[32]. 2022-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча ажырашкан аялдардын 6%ы жана эркектердин 3,3%ы катталган[33]. Анын үстүнө, бул расмий никеге тургандар, бирок азыркы учурга чейин расмий каттоосу жок жашаган жубайлардын саны арбын. Акыркы жылдары Кыргызстанда калыптанып калган тажрыйбага ылайык, жаңы төрөлгөн балдардын төрттөн бир бөлүгү – никеге турбаган энелердин балдары. Алар никени каттоого алышкан эмес. Ал эми жаңы төрөлгөн балдардын 51%ы - эки ата-энесинин биргелешкен арызы боюнча, 49%ы - энелердин өтүнүчү боюнча гана гана катталган.

Акыйкатчы институтуна жана аймактык өкүлчүлүктөргө алиментти өндүрүүгө жардам сурап кайрылгандар жыл сайын бул жааттагы жалпы иштердин 10%ын түзөт. Ата-энелердин балдарын багуудан баш тартуу маселеси боюнча иш алып барууда, Акыйкатчы институту тарабынан төмөнкүдөй кемчиликтер аныкталды.

- Азыркы колдонуудагы Кылмыш-жаза кодексинде: 178-беренеде бала багууга каралашпаган карыздар алимент төлөөчүлөрдүн 20 миң сомдон 50 миң сомго чейин мамлекетке айып пул төлөөлөрү, кырктан жүз саатка чейинки коомдук иштерге же эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына тартылары каралган. Бирок, баласын багуу үчүн алимент төлөбөй жүргөн адамга, кайрадан айып пул салынып, акча каражаттын төлөтүү жана чет өлкөгө чыгып кеткен ата-энелер менен карызы барлардын алимент төлөө маселеси чечилбей келет; - карыздардын сүрөттөрүн жана маалыматтарын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жайгаштыруу дагы жакшы жолго коюула элек; - карыздар тарап кирешем жок, жумуш ордум жок деп, алимент төлөбөй, балдар жашы жеткенге чейин, өз милдетин аткарбаганга мыйзамдуу мүмкүнчүлүктөрдүн бар болгону.

*Бул бөлүм боюнча сунуштар баяндаманын  Акыйкатчынын сунуштамалары бетинде каралган.*

[32] https://www.for.kg/news-789800-ru.html
[33] https://kg.akipress.org/news:1887746

### 2.2.3. Аялдарга, балдарга карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу учурлары

Азыркы учурда жашы жетелек балдарга, жаштарга, аялдарга[34] карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу учурлары көбөйдү, бирок Башкы прокуратуранын расмий маалыматына ылайык, 2022-ж. “камакка алуу” бөгөт коюу чарасы - 37 жашы жетелек балдарга колдонулган, аялдар боюнча маалымат берилген эмес[35].

Аялдардын камакка алынуусу боюнча, 2022-ж. 24-25-октябрь күндөрү башаламандык уюштурууга шек саналып, 26 саясатчы жана активисттер жапырт кармалгандардын арасындагы 6 аялдын 5 айдан бери ЖАКнын Бишкек ш. №21 тергөө абагында камалышы, бардык улуттук жана эл аралык адам укугун коргоочу органдар үчүн терс маанай болду.

Акыйкатчы Кыргызстанда калыптанып калган укук коргоо органдарынын бардык шектүүлөргө “камакка алуу” бөгөт коюу чарасын тандоо тажрыйбасынан арылуу тууралуу бир нече ачык, расмий кайрылууларды жасап, Башкы прокуратурага да тиешелүү сунуштама киргизилген.

Акыйкатчы институтунун талдоосуна ылайык, тергөө кызматтары тарабынан шектүүлөргө карата кылмыштын оордугуна карабастан бөгөт коюу чарасын камакка алуу түрүндө колдонуу жөнүндө сунуштар көп киргизилип, соттор тарабынан колдоого алынат.

Ошол эле учурда, шектелүүчү тарап мурун бир чоң кызматта болсо же укук коргоо органдарынын кызматкери же бай адам болсо “камакка алуу” бөгөт коюу чарасы талап кылынбаганы же кыска мөөнөткө тандалат, ушундай эле көрүнүш аялдарга же жашы жетелек балдарга зомбулук кылгандар менен да тергөө алып барууда орун алган.

Буга далил катары, Жогорку соттун төмөнкү расмий маалыматын келтирсек болот[36]:

---

[34] Акыйкатчы институтунун кызматкерлери тез-тез убактылуу камоочу жайларга барып адам укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзөт. 2022-жылдын 28-декабрында 1-СИЗОдо 1043 адам кармалып, алардын 78и аялдар (1 кичинекей баласы менен) аныкталган.

[35] Башкы прокуратынын 2023-ж. 2-мартыдагы расмий жооп каты

[36] «Адилет» Укуктук Клиникасы» Коомдук Фонду, Жогорку сотко сунуштар. https://adilet.kg/ky/tpost/mbyv3syof1-predlozheniya-of-pravovaya-klinika-adile

| Жылдар | Бир жыл ичинде бөгөт коюу чарасын колдонуу боюнча каралып чыккан өтүнмөлөрдүн саны | “Камакка алуу” бөгөт коюу чарасын колдонуу боюнча киргизилген өтүнмөлөрдүн саны | Сот тарабынан канааттандырылган “камакка алуу” бөгөт коюу чарасын колдонуу боюнча өтүнмөлөрдүн саны |
|---|---|---|---|
| 2019 | 6892 | 5124 | 4667 (91%) |
| 2020 | 7806 | 6190 | 5242 (84%) |
| 2021 | | 6190 | 5743 (82%) |

**№1-мисал:** 2022-ж. 4-майында Бишкек ш. Рыскулов көчөсүндөгү бир үйгө мас абалындагы адам күч колдонуу менен кирүүгө аракет көргөндөн улам, ал үйдүн тургуну, 16 жаштагы бала энесин жана кичинекей бөбөктөрүн коргоо максатында мас эркекти бычак менен сайган. Бул факты «ден соолукка оор залал келтирүү» беренеси менен катталып, 16 жаштагы баланы Ленин райондук соту «жабырлануучу кокус өлүп калса да» деген жүйө менен, № 14 түзөтүү колониясына бир айга камакка алуу чечимин чыгарган. Акыйкатчынын наамына өспүрүмдүн энеси А. А. арыз менен кайрылган. Акыйкатчы институту тарабынан өспүрүм балага мындай татаал бөгөт коюу чарасынын тандалганын Конституциябызга, улуттук мыйзамдарга жана эл аралык адам укук стандарттарына ылайык келбестиги белгиленип, Башкы прокурорго, сот органдарына, ИИМ тиешелүү талап каттар жөнөтүлгөн жана баланын апасына андан аркы иштер боюнча жагдайларына юридикалык кеңештер берилген. 2022-жылдын 30-майында Акыйкатчы Ленин райондук сотунун отурумуна мониторинг жүргүзүүгө барган, ал отурумда 16 жаштагы өспүрүм үй камагына чыгарылган.



**№2-мисал** [37]: 2022-жылдын 23-октябрында ИИМ тергөө кызматы тарабынан КР КЖК 36-278-беренелери менен козголгон кылмыш ишинин алкагында “Кылмышка даярдык көрүү жана массалык баш аламандыктарды уюштуруу» кылмышына шектүү катары Кемпир-Абад суу сактагычынын статусун талкуулоого байланыштуу 20дан ашык активист менен журналисттерди кеңири тинтүү (үйлөрүн) жана кармоо иштери жүргүзүлгөндөн бери Акыйкатчы институту тарабынан жарандардын укуктарынын сакталышына парламенттик көзөмөлдөө менен мониторинг жүргүзүп келе жатат. Кармалгандардын арасында 6 аял, эң улуусу – 71 жаштагы С.А.

2022-жылдын 24-25-октябрында Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунда, кечки саат 18:00дөн таңкы 05:30га чейин кармалган активисттерге карата баш коргоо чарасын тандоо боюнча материалдар каралган. Бардык аялдарга “камакка алуу” чарасы тандалып, Бишкек ш. №1 тергөө изоляторуна алынып барылган. Азыркы учурга чейин 4 аял дагы эле камакта кармалууда, 2 аял ачкачылык кармаганынан ден соолуктарына тийген кесепеттеринен 3 ай камакта болгондон кийин “үй камагына” чыгарылды. Бүгүнкү күндө бул иш боюнча 5 айдан бери камакта кармалган 4 аялдын бири 71-жаштагы С. А. ден соолугу начарлыгына, жакынкы күндөрү К. Сооронкулова операция болгонуна карабай дагы эле СИЗО шарттарында камалууда.

**№3-мисал**: “АКИpress” маалымат агенттигинин журналисти Арзыгүл Галымбетованын өлүмү боюнча маалымат чыккан күндөн тартып, бул иш Акыйкатчынын көзөмөлүндө. Акыйкатчы Баткен облусунун ички иштер башкармалыгынын убактылуу жайынын кызматкерлери айыпталуучу Б.Ж. укугун бузганы, анын ичинде адамгерчиликсиз мамиле кылганы үчүн жоопкерчиликтүү чара көрүүнү талап кылып, Башкы ррокуратурага расмий кат жөнөткөн. Андан сырткары, Баткен облусунун прокуроруна жазылган катта прокурор сотко бөгөт коюу чарасы боюнча өтүнмө келтиргенде, Б. Ж. жашы жетелек эки баласы бары, мурда соттолбогону, о.э. БУУнун укук бузган аялдарга карата мамилеси жана эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жаза чаралары жөнүндө Бангкок эрежелери сакталбаганы көрсөтүлүп, бул талаптарды бөгөт чараны кароодо эске алууну талап кылынган. Бул талап эске алынган эмес. Башкы прокуратуранын Акыйкатчыга берген жообунда негиздеме берилбегенин баса белгилейбиз.

[37] Бул иш боюнча Акыйкатчы институтунун мониторинги тууралуу маалыматты жана адам укуктарынын бузулган учурлары, укук бузууларды четтетүү боюнча кылган иш-аракети жана жыйынтыктары боюнча толук маалымат менен https://ombudsman.kg сайтынан таанышса болот.

Акыйкатчы Баткен облусунун ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайынын кызматкерлерине карата жоопкерчиликтүү чара көрүү талабы боюнча Баткен районунун прокуратурасы тарабынан мыйзам бузуучулукту жоюу жөнүндө Баткен ОИИБ башчысынын наамына сунуштама келтирген. Баткен ОИИБ ички иликтөө бөлүмү тарабынан кызматтык иликтөө жүргүзүлүп, жыйынтыгында Баткен РИИБ 11 кызматкерине сөгүш, 5 кызматкерине "катуу сөгүш", ал эми Баткен РИИБ Коомдук коопсуздук кызматынын башчысы, нөөмөт бөлүмүнүн жана убактылуу кармоочу жайынын жетекчиликке алуу боюнча орун басарына "ээлеген кызматынан төмөндөтүү менен бошотуу" тартиптикке чакыруу чарасы колдонулган.

**№4-мисал**: 2022-ж. 31-октябрда Акыйкатчы Бишкек ш. СИЗО-1 камактагы аялдардын укуктарынын сакталышына мониторинг менен барган учурда, 33 жаштагы аял Т.М. кайрылган. Ал 25-сентябрда Бишкек ш. бир үйгө эркин кирип, "Самсунг А02" үлгүсүндөгү, базар баасы – 11 000 сом жана 6 000 сом накталай акча каражатын уурдаган. 10.10.2022-ж. Бишкек ш. Свердлов районунун тергөө соту тарабынан өздүгү, жашаган жери даректүү аныкталбаганына жана келтирилген чыгымдын ордун толтурбаганына байланыштуу камакка алынган.

Акыйкатчы институту тиешелүү иш алып барган. 04.11.2022-ж. 33 жаштагы аял Т.М. камактан бошотулган. Жабырлануучу тарапка материалдык чыгымды төлөп берип, элдешүү тууралуу тилкатынын негизинде иши Свердлов райондук соту тарабынан токтотулган.

**Тергөө кызматтары тарабынан шектүү - жашы жетелек балдарга, жаштарга, аялдарга карата, кылмыштын оордугуна карабастан бөгөт коюу чарасын камакка алуу түрүндө колдонуу жөнүндө сунуштамалардын көп киргизилишин жана көпчүлүгү соттор тарабынан колдоого алынышын Акыйкатчы мыйзамсыз жана негизсиз калыптанып бараткан, адам укугун кыйла бузуучу жарамсыз тажрыйба катары баалайт.** Буга негиздеме:

- Конституциянын 20-беренесинде балдар - Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялайт.
- Конституциянын 59-беренесине ылайык, эч ким соттун чечимисиз жана мыйзамда белгиленген негиздер жана тартиптер боюнча гана кармалышы, камакка алынышы же эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эмес.

- Конституциянын 6-беренесине ылайык, эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат.
- БУУ жашы жетелектерге карата сот адилеттигин жүзөгө ашырууга байланыштуу минималдуу стандарттык эрежелери - Токио эрежелеринде[38], сотко чейин камакка алуу – акыркы чара катары гана колдонулат жана кыска убакытка, бирок ар бир учурда мүмкүн болсо башка альтернативдүү бөгөт коюу чаралар менен алмаштырылышы керек, деп бекитилген.
- БУУнун камактагы аялдарга мамиле кылуу эрежелери жана кылмышкер аялдар үчүн камактан тышкаркы чаралар - Бангкок эрежелеринде[39], камактагы аялдар, алардын кам көрүү милдеттерин, ошондой эле аялдын жеке каалоолорун жана тиешелүү программалардын жана кызматтардын болушун эске алуу менен, мүмкүн болушунча үйлөрүнө же социалдык реабилитациялоочу жайга жакын камак жайларына жайгаштырылышы керек деген талапты бекиткен.
- БУУнун кандай гана формада болбосун камактагы же камакта жаткан бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысына ылайык[40], мыйзамдын алкагында жүзөгө ашырылуучу жана аялдардын, кош бойлуу аялдардын жана эмчек эмизген энелердин, ошондой эле балдардын, өспүрүмдөрдүн, кары-картаңдардын, оорулуулардын же майыптуулугу бар адамдардын укуктарын жана **өзгөчө статусун коргоо үчүн атайын иштелип чыккан чаралар басмырлоочу болуп саналбайт**. Мындай чараларды көрүүнүн зарылчылыгы жана колдонулушу жөнүндө маселе ар дайым сот же башка орган тарабынан каралууга тийиш.
- КР ЖПК 105-107, 114-беренелери ар бир айыпталуучунун тергөөдөн же соттон жашырынып кетүүсү же болбосо күбөгө же кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларына коркунуч келтирүүсү, далилдерди жок кылуусу, башка жол менен тергөөнү жана ишти сотто териштирүүнү объективдүү жүргүзүүгө тоскоолдук кылуусу, же болбосо кылмыштуу иш менен алектенүүнү улантуусу жөнүндө болжоого жетиштүү негиздер болсо гана; айыпталуучунун КР аймагында туруктуу же убактылуу жашаган жери болбогондо, анын инсандыгы аныкталбаганда, ал тарабынан мурда колдонулган бөгөт коюу чарасы бузулганда, ал тергөө өндүрүшүн жүзөгө

[38] https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/tokyo_rules.shtml
[39] https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/bangkok_rules.shtml#a2
[40] https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/detent.shtml

ашыруучу органдан, соттон жашырынса, ошондой эле айыптын негиздүүлүгүн, айыпталуучунун инсандыгы жөнүндө маалыматтарды, анын курагын, ден соолугун, үй-бүлөлүк абалын, ишинин түрүн жана башка жагдайларды эске алуу менен гана ар бир учурда айыпталуучуга карата - камакка алуу бөгөт коюу чарасы тандалыш керек.

- Жашы жетелек балдарга карата чара колдонууда КР ЖПК 111-беренесинде каралган тартипте баланы көзөмөлчүлүккө өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн талкуулоону талап кылган ушул Кодекстин 460-беренесинин ченемдеринин жоболору көп учурда да эске алынбайт.

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштамалары баяндаманын сунуштар бөлүгүндө.*

### 2.2.4. Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кылмыштуулуктан жана укук бузуулулардан коргоо укуктарынын сакталышы - Нарын облусундагы рэкет

2022-жылдын жаз айларында социалдык тармактарда Нарын облусундагы өспүрүмдөр менен жаштардын арасында рэкет күчөп, кылмыштуулук тартиптеринин жаштардын арасында кенен жайылып баратканы тууралуу кызуу талкуу жаралган. Бул көйгөйдү көтөрүп чыккан активисттердин бири Э. Тынымсейит менен «Балдардын укугун коргоочулар лигасы» Коомдук Фондунун директору Н. Турдубекова 2022-жылдын июнь айында Акыйкатчынын жеке кабыл алуусунда болуп, жагдай боюнча бир нече ирет укук коргоо органдарына кайрылып жыйынтык чыгара албагандарын, журналисттик иликтөө чыгартышып[41] анда да мыйзам бузууларга каршы иш жүрбөгөнүн билдирип, Акыйкатчыдан кылмыштуу топтор тарабынан өспүрүм кыздарга жана балдарга карата куугунтук, опузалоо (рэкет) жана зомбулук болуп жатканын жана алардан коргоо өтүнүчү менен кайрылышкан. Акыйкатчынын чечимине ылайык, 2022-жылдын ноябрь айында Нарын ш. 9 мектептин окуучулары арасында өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кылмыштуулуктан, укук бузуулулардан жана зомбулуктан коргоо укуктарынын сакталышы боюнча мониторинг жүргүзүлгөн. Мониторинг алкагында окуучулар арасында аты жашыруун сурамжылоо жана жашыруун интервью жүргүзүлүп, ата-энелер, мектеп мугалимдери, ИИМ кызматкерлери, соц. адистер жана башка тиешелүү тараптар менен фокус-топтук талкуу уюштурулган.

[41] https://www.youtube.com/watch?v=HVuIGLwPbd8

*«Нарын шаарындагы кыздардын укуктарын гендердик зомбулуктан сактоо, мектеп окуучуларын кылмыштуулуктан, укук бузуулардан жана зомбулуктан коргоо» (отчет) менен толук бул* https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=3128 *шилтеме аркылуу таанышса болот.*





Нарын шаарында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы сурамжылоого катышкан балдардын жарымынан көбү (54,9%) мектептеги зомбулук фактылары тууралуу кабардар экенин көрсөттү. Оң жооп берген сурамжылоого катышкандардын эң көп пайызы 7-класстын окуучулары (70,5%). 8-11-класстын окуучуларынын арасында бул пайыз бир топ төмөн. 7-класстын окуучулары зомбулукка көбүрөөк дуушар болушат деп божомолдоого болот, анткени балдарга зомбулук фактылары тууралуу жеке өзү башынан өткөргөн окуялар боюнча суроо эмес, окуяларды укканы жөнүндө суроо коюлган. 7-класстын окуучуларынын чоңдорго (интервьюерлерге) болгон ишеними улуу балдарга караганда жогору деп болжолдоого болот. **Нарын шаарындагы мындай кырдаалда чоңдордун (милиция кызматкерлери, билим берүү мекемелеринин башкармалыктары) аракетсиздигин же көңүл коштугун көргөн же уккан улуу балдар өздөрүнө белгилүү болгон зомбулук фактылары тууралуу айтпай коюуну туура көрүшөт.**

Сурамжылоого катышкандардын 41,46%ы зомбулуктан коргонуу үчүн жардамга муктажбыз деп жооп беришкен. Ошол эле учурда ар кандай курактагы балдардын жооптору бир топ айырмаланат. 7-класстын окуучулары жардамга муктаж экенин түздөн-түз билдирүүгө даяр.

8-класска чейин эле балдар зомбулукка зомбулук менен жооп кайтарууга, укук бузууларды, кылмыш фактыларын билдирбөөгө, ички сырды сактоого өбөлгө түзгөн же кылмыштуу субмаданияттын үгүтүнө азгырылышат. Жаш балдар анын терс эрежелерин баалуулук катары кабыл алат, айрыкча өспүрүмдөр таасирленишет. Ошондуктан, «Мен өзүм үчүн туруштук бере алам, бирок жардам деле ашык болбойт


эле» деген жооп пайда болот. Зомбулуктан коргонууда жардамга муктажмын -деген так жоопту 8-класстын окуучуларынан бир дагы респондент берген эмес (!). Суроого "Жок" деп гана жооп беришкен.








**Акыйкатчы институтунун изилдөөсүнүн жыйынтыгында мектеп рэкети Нарын шаарында массалык көрүнүштүн мүнөзүнө ээ экенин далилдеди.** Ошол эле учурда ата-энелер, балдар менен иштеген адистер, мугалимдер рэкетчиликке кабылган мектеп окуучуларынын минималдуу ишенимине ээ жана алардын көбү жардам сурап досуна кайрылышат (58,15%).




**Акыйкатчы институтунун изилдөөсүнүн жыйынтыгында, мектеп рэкети Нарын ш. орун алганынына төмөнкү жагдайлар себеп болгон:**

- укук коргоо органдарынын айрым кызматкерлери ишинин натыйжалуулугун начарлатпоо үчүн жабырлануучулардын арыздарын кабыл албай, каттабай коюуга аракет кылышканы;

- көптөгөн иштер аягына чыкпай жабылганы;

- тиешелүү экспертизаны дайындоо жагынан Балдар жөнүндө кодекстин ченемдери бузулуп, айрым милиция кызматкерлери соттук-медициналык экспертизаны өз убагында дайындабаган же аны кечиктирген учурлар болгон. Бул кийин-соңу далилдерди чогултууга таасирин тийгизип, зомбулукту далилдөөгө мүмкүнчүлүктүн жоголуусуна алып келген;

- тергөөчүлөр процесстик ченемдерди бузуп, балдарды психологдорсуз, мыйзамдуу өкүлдөрсүз суракка алып, суракты мыйзамда көрсөтүлгөндөй кормө-камерага жаздырбаган практика кеңири жайылган.
- аялдарга жана балдарга карата зомбулук боюнча иштердин көбүн сотко чейинки өндүрүштүн алкагында токтотуунун пайда болгон практикасы укук бузуулардын жана кылмыштардын бул түрүнүн латенттүүлүк деңгээлинин өсүшүнө шарт түзгөн;
- жабырлануучулар укук коргоо органдарында да, соттордо да коррупция бар экенин айтышат, аларга карата ишенбестик жогору.

Нарын ш. мектеп окуучулары арасында өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кылмыштуулуктан, укук бузуулардан жана зордук-зомбулуктан коргоо укуктарынын сакталышы боюнча мониторингдин жыйынтыгы менен толук https://ombudsman.kg сайтынан таанышса болот:

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштамалары баяндаманын сунуштар бөлүгүндө.*

## 2.2.5. Жатак-мектеби тибиндеги балдар мекемелеринде балдардын укуктарынын сакталышы

2022-жылы Акыйкатчы институту "Балдардын укуктарын коргоочулардын лигасы" КФ менен бирдикте республиканын беш облусунда 11 интернат тибиндеги мамлекеттик балдар мекемелеринде балдардын укуктарынын сакталышы боюнча балдарды жатак-мектеп тибиндеги балдар мекемелерине жөнөтүүнүн алдын алуу үчүн жооптуу жана турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзам ченемдүүлүгүнө мониторинг жүргүзгөн.

Мониторингдин максаты: ИТБМ балдардын укуктарынын сакталышын жана алардын КР Конституциясында, КР Балдар жөнүндө кодексинде жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган үй-бүлөлүк чөйрөгө жана альтернативдик камкордукка болгон укуктарынын сакталышына баа берүү.

Мониторингге мамлекеттик 11 ИТБМ камтылган.

*1-таблица. Мониторинг жүргүзүлгөн ИТБМ*

| **ИТБМ аталышы** | **Менчиктин түрү** | **Тарбиялануучулардын саны** | **Дареги** |
|---|---|---|---|
| Ак-Суу жалпы билим берүүчү жатак-мектеби | мамлекеттик | 89 тарбиялануучу | Ысык-Көл облусу, Ак-суу району, Теплоключенка а., Ленин көч, 152 директор Ниязова Женишкул Карабековна |
| Төмөнкү-Чүй атайын психикалык жактан жетилүүсү артта калган балдар үчүн баштапкы жатак-мектеби | мамлекеттик | 140 тарбиялануучу | Чүй облусу, Сокулук району, Төмөнкү-Чүй айылы, Гагарин көч, 5. директор Жумагазиев Нурлан Сарынжиевич |
| Чүйдөгү жетим жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн жатак-мектеби | мамлекеттик | 129 тарбиялануучу | Чүй облусу, Чүй району, Ак-Бешим а., Центральный 1көч. Мусаева Назгуль Мукашевна |
| Красноречка атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак-мектеби | мамлекеттик | 31 тарбиялануучу | Чүй облусу Ысык-Ата району, Красная Речка а. Октябрь, көч. 63 Борубаева Венера |
| Сокулуктагы сүйлөө жөндөмүндөгү оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектеби | мамлекеттик | Бардыгы: 353. Анын ичинен 140 жашайт | Чүй облусу, Сокулук району, Сокулук а., Ленин көч, 124, директор Мадираимова Асель Маматкаримовна |
| Чалдыбар жетим жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн жатак-мектеби | мамлекеттик | 94 тарбиялануучу | Талас облусу, Бакай-Ата району, Кызыл-Сай а., директор Эрназарова И. И. |
| Белогорка жалпы билим берүүчү санатордук жатак-мектеби | мамлекеттик | 82 тарбиялануучу | Чүй облусу, Сокулук району, Төш-Булак а., Каракинов көч.94 |
| Панфилов жетим жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн жатак-мектеби | мамлекеттик | 62 тарбиялануучу | Чүй облусу Панфилов району, Панфиловская а., Центральная көч.402з |
| А.Тургунов атындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн таланттуу балдары үчүн жатак-мектеби | мамлекеттик | Баардыгы: 314 окуучу, анын ичинен 67 келип кеткендер, **247 жашагандар** | Ош облусу, Араван району, Кочубаев а., Чек-Абад 115 көч., директор Ирисбаев Пазилжон Хусанбаевич |
| В.В.Терешкова атындагы №11 аз камсыз үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн жатак-мектеби | мамлекеттик | 579 бала, анын ичинен жашагандар **326 бала** | Ош ш., Байтемирова 1 көч. директор Ысмайылова Зуура Абжапаровна |

**Жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары.**

**Төрт жалпы билим берүүчү жатак-мектеп** (Ысык-Көл облусунун Ак-Суу жатак-мектеби, Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы В. И. Ленин атындагы жатак-мектеби, В. В. Терешкова атындагы №11 жалпы билим берүүчү жатак-мектеби, Ош облусунун Араван районундагы А. Тургунов атындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн таланттуу балдары үчүн жатак-мектеби) **боюнча корутундулар:**

1) Улуттук мыйзамдарда “жалпы билим берүүчү жатак-мектептер” деген түшүнүк жок, мыйзамга ылайык, алар жатак-мектептерде билим берүү кызматын көрсөтө алышпайт, балдар ата-энелеринин өтүнүчү боюнча тутумдан тышкары келишет, окуучулардын категориясы жайгаштыруу критерийлерине жооп бербейт.

2) ИТБМ уставынын улуттук мыйзамдарга жана эл аралык мыйзамдарга шайкеш келбегени жалпы билим берүүчү жатак-мектептердин иштешине мүмкүндүк берет жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары, толук эмес үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн билим берүү кызматтарынын артына жашырынууда.

3) Автоматташтырылган маалыматтык-аналитикалык тутумга окуучулар боюнча маалымат берилбейт, бул ар бир мекемедеги балдардын саны боюнча маалыматтардын ишенимсиздигин айгинелейт. Мындай жагдай өлкөдөгү башка бардык жатак-мектептерге да тиешелүү.

4) Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын жана прокуратуранын аккредитациялоо жол-жоболорун милдеттүү түрдө өткөрүүгө жана ИТБМ автоматташтырылган маалыматтык-аналитикалык тутумуна маалыматтарды берүүсүнө көзөмөлдүн начардыгы жана натыйжалуу чаралардын жоктугу балдардын жатак мекемелеринин иши жөнүндө маалыматтын жетишсиздигине алып келген.

5) Жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн мамлекеттик жалпы билим берүү мекемелери жөнүндө 1995-ж. бекитилген типтүү жобонун эскирген ченемдерин колдонуу, ИТБМ толук эмес үй-бүлөлөрдүн, жалгыз бой энелердин жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын тартууга мүмкүндүк берет, б.а. бир же эки ата-энесинин болсо дагы, бул Балдар кодексине жана баланы интернаттык мекемелерге жайгаштыруу боюнча эл аралык стандарттарга жана ТОК үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүү зарылчылыгына карама-каршы келет.

6) Балдарды коргоо боюнча аймактык ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жалпы билим берүүчү жатак-мектептердин окуучуларын коргоонун жекече пландары жок.

7) Балдарды коргоонун аймактык органдары социалдык жетимдиктин алдын алууда жана окуучуларды биологиялык жана чоң үй-бүлөлөргө реинтеграциялоодо (кайтаруу) ТОК үй-бүлөлөрүн колдоо боюнча иштерди жүргүзбөйт.
8) Жалпы билим берүүчү жатак-мектептеринин тарбиялануучуларын кармоонун шарттары санитардык-гигиеналык ченемдерге жана балдарды багуу, тарбиялоо жана социалдаштыруунун Минималдуу стандарттарына, ТОК кабылган балдарга социалдык кызмат көрсөтүүчү мекемелерге ылайык келбейт.
9) Таланттуу балдар үчүн билим берүү программалары (Ош облусунун Араван районундагы А. Тургунов атындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү таланттуу балдар үчүн жатак-мектеби) жана бардык 4 жалпы билим берүүчү мектеп-интернатында окуучуларды өнүктүрүү программасы жок.

**Чүй облусунун Сокулук районундагы Белогорка жалпы билим берүүчү санаториялык жатак-мектеби боюнча корутундулар**

1. «Кыргыз Республикасынын балдар жатак-мекемелерин башкарууну жана каржылоону 2013-2018-жылдарга оптималдаштыруу жөнүндө» Планга ылайык трансформацияланууга тийиш болчу, бирок ал Билим берүү жана илим министрлиги тараптан аткарылган эмес.
2. Бул мекеме балдардын кургак учук менен ооруп калышын, өпкөнүн жана башка респиратордук оорулардын кесепеттерин, ошондой эле кургак учук менен ооруган бейтаптар менен байланышта болгон балдардын алдын алуу максатында түзүлгөн, бирок, быгылуучулардын дени сак жана кургак учук менен ооругандар менен байланышта эместиги аныкталды. Балдардын мурунку оорулары: ОРВИ, курч респиратордук жугуштуу оорулар.
3. Балдар ата-энелеринин өтүнүчү боюнча жайгаштырылат, бул Балдар кодексин бузуу болуп саналат, ага ылайык балдар соттун чечими менен гана ИТБМ жайгаштырылуусу тийиш.
4. Бул мекемеге жолдомо Чүй облусунун ҮМБ дарыгерлери тарабынан берилет, анамнездин корутундулары толук эмес, дарыгерлердин толук маалыматтары жок, жолдомо берилген датасы жок. Андан сырткары, балдарда дартаныктамасы бар экени (кургак учуктун ачык же жабык түрү) көз карандысыз медициналык экспертиза тарабынан ырасталбаган.

5. Сокулук районунун ЭСКЖМБ БҮКБ 2017-ж балдар мекемесине кабыл алынган үй-бүлөлөргө сурамжылоо жүргүзгөн, балдарды үй-бүлөгө реинтеграциялоого болот деген тыянактары бар. Бирок иш жүргүзүлгөн эмес.

6. Сапаттуу медициналык жардамдын жетишсиздиги; медициналык жардам мекеменин Уставына ылайык келбейт. Окуучулардын тамактануусу талапка жооп бербейт. Төмөн температурада кармоонун шарты балдарга ырайымсыз мамиле кылуу менен түшүндүрүлөт.

7. Бул мекеменин администрациясы окуучулардын сапаттык жана сандык курамы жөнүндө маалыматтарды ИТБМ автоматташтырылган маалыматтык-аналитикалык тутумуна бербейт.

8. Жатак-мектептин жашоо шарттарынын турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарга социалдык кызмат көрсөтүүчү мекемелерде балдарды багуу, тарбиялоо жана социалдаштыруунун минималдуу стандарттарына ылайык келбегени милдеттүү аккредитациялоо жол-жобосунан өтүүгө мүмкүндүк бербейт. Мекеме аккредитациясыз өз ишин улантууда, бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу болуп саналат.

Жетим балдар жана ата-эненин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн жалпы билим берүүчү жатак-мектептер боюнча жана атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектептерде балдардын укуктарынын сакталышы тууралуу маалыматты, ошондой эле жатак-мектеп тибиндеги балдар мекемелеринде балдардын укуктарынын сакталышы боюнча Акыйкатчы институту жүргүзгөн мониторинг менен анын жыйынтыгы боюнча берилген сунуштамалар менен толук https://ombudsman.kg сайтынан таанышса болот.

### 2.2.6. Ирак мамлекетинен Кыргыз Республикасына репатриацияланган балдардын укуктарынын сакталышы[42]

Балдарды репатриациялоо Кыргыз Республикасынын жетекчилигинин саясий эркинин, Министрлер Кабинетинин так координацияланган өз ара аракеттенүүсүнүн жыйынтыгында, о.э. БУУ Балдар Фондунун (ЮНИСЕФ) олуттуу жардамынын

[42] Ирак мамлекетинен балдарды кайтаруу - купуя процесс болгонуна байланыштуу, Акыйкатчынын мониторинг иштери тууралуу маалымат кыскача берилди.

алкагында мүмкүн болду. Балдарды кайтаруу жана реабилитациялоо боюнча чыгымдар республикалык бюджеттен, министрликтердин жана ведомстволордун бекитилген финансылык каражаттарынын эсебинен, ошондой эле ЮНИСЕФ Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн, Улуттук Кызыл Жарым Ай Коомунун жана Эл аралык комитеттин колдоосу менен жабылды.

Балдарды реабилитациялоо жана социалдаштыруу боюнча иштерди Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык өнүктүрүү жана миграция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана ССМ, УКМК, ЖӨБӨ ишке ашырат. Балдарды Иракта калган энелеринин макулдугу менен алып чыгышкан. Балдардын эң кичүүсү – 2 жашта, эң улуусу – 18 жашта болгон. Алардын көбү Кыргызстанда төрөлүп, ата-энелери менен согуш жүрүп жаткан жерлерге кетишкен. Алардын айрымдары Иракта төрөлгөн.

Акыйкатчыга бир нече жылдан бери Сирия жана Ирактан кыздары менен балдарын жана неберелерин кайтарып берүү өтүнүчү менен алардын ата-энелери жана жакын туугандары кайрылып келишет. КР Акыйкатчысына 2022-жылы Сириядагы качкындар лагерлеринде жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын жакындарынан 10 кайрылуу келип түшкөн. Ошондой эле Ирактан репатриацияланган балдардын энелеринин жакындарынан Кыргызстанга кайтып келүүгө көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен 24 кайрылуу түшкөн. Акыйкатчы институту өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде тиешелүү иштерди жүргүзүүдө.

Аткарылган иштердин купуялуулугунан, мамлекеттик органдар тарабынан өз убагында жана толук маалымат берилбегенинен, даттануулар боюнча түшүндүрүү иштеринин жогунан ата-энелер жана жакын туугандары дүрбөлөңгө түшүп, ар кандай такталбаган булактардан же лагерде жүргөндөрдөн маалымат алышууда.

Мамлекеттин бардык аракеттерине, ошондой эле БУУ жана башка эл аралык уюмдар тарабынан көрсөтүлгөн жардамга карабастан, бүгүнкү күндө бул көйгөй актуалдуу бойдон калууда.

Кыргыз Республикасында 2022-жылы балдарды коргоо тутумун чыңдоо, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу максатында Акыйкатчы институту ЮНИСЕФ менен бирге Ирак Республикасынан репатриацияланган жана жакын туугандары менен үй-бүлөдө жашаган 79 баланын укуктарына 3 этаптуу мониторинг

жүргүздү.[43] Бул мониторингге Акыйкатчы өзү катышкан. Мониторингдин алкагында жалпысынан 64 бала (7 жаштан 19 жашка чейин) жана алардын камкорчуларынан негизги билимге жетүү жана алар туш болгон үй-бүлөлөрдөгү көйгөйлөрдү аныктоо боюнча сурамжылоо жүргүзүлүп, Ош, Баткен, Жалал-Абад, Чүй областарында балдардын жашоо шарттары, укуктарынын сакталышы жеринен изилденген.

**Мониторингдин жыйынтыктары:**

1. Көпчүлүк үй-бүлөлөр орточо кирешеде (канааттандырарлык) жашашат, 10 үй-бүлө орточо кирешеден жогору, калган үй-бүлөлөр материалдык жардамга муктаж.
Камкорчулар жаңы окуу жылына балдарды даярдоого жардам алуудан баш тартышпайт. Анткени, алардын мектепке чейинки жана мектеп жашындагы өз балдары бар. Асырап алынган балдардан тышкары, ар бир үй-бүлөдө орто эсеп менен 3-4төн бала бар. Өспүрүмдөр тарбияланган камкорчу үй-бүлөлөрдө балдар 9-класста окушат жана бала кошумча акча таап, өзүн камсыз кылууга даярдык көрүүгө макул. Камкорчулар баарлашууда балдардын эч кандай кыйынчылыгы жок экенин, досторун оңой табаарын белгилешти.
2. Репатриацияланган балдар жашаган чөйрөдө орчундуу кыйынчылыктар жана көйгөйлөр аныкталган жок. Аларга мектепте жакшы мамиле жасалат, эч кандай басмырлоону сезишпейт. Сурамжылоого катышкан балдардын көпчүлүгү, өзгөчө математика жана англис тили сыяктуу сабактар боюнча окууга болгон каалоолорун билдиришкен. Орус тилинде сүйлөө кыйынчылык жаратат. Бирок, мектептерде балдардын жетишүүсү үчүн кошумча сабактар уюштурулган.
3. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү эрте никеге туруу жана анын кесепеттери, кыздардын жана балдардын репродуктивдүү ден соолугу, камкорчулардын жоопкерчилиги жана кылмыш жоопкерчилиги тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, жергиликтүү имамдар жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен өз ара максаттуу иштерди жүргүзүүсү зарыл. Бизге келип түшкөн, такталбаган маалыматтар боюнча, камкорчуларга кыздарга азыртадан эле куда түшүп келип жатканын айтышкан. Камкорчулар менен сүйлөшүүдө билим алуу, репродуктивдүү ден соолук, эрте никеге туруу жана башкалар боюнча маалыматка жеткиликтүүлүк

---

[43] 1-этап - камкорчулар жана балдар менен таанышуу жана сурамжылоо (2022-жылдын март-апрель айлары);
2-этап - репатриацияланган балдарды жана үй-бүлөлөрдү коштоп жүрүү процессине катышкан негизги органдардын өз ара аракеттенүүсүнө мониторинг жүргүзүү (2022-жылдын июнь айы);
3-этап - мамлекеттик органдардын үй-бүлөлөрдүн муктаждыктары боюнча сунуштарын аткарууга мониторинг жүргүзүү (2022-жылдын ноябрь айы);

чектелүү экенин белгилейбиз. Балдарды тарбиялоодо камкорчулар салттуу ыкманы колдонушат. Гендердик теңчилик жаатындагы эл аралык келишимдер боюнча Кыргыз Республикасы өзүнө алган милдеттенмелерге карабастан, Кыргызстанда эрте жана катталбаган никелер дагы эле бар. Бул маселе боюнча диний ишмерлер арасында эрте никелешүүнүн алдын алуу жана тыюу салуу жаатында иш алып баруу зарыл.

4. Кайра кайтып келгендерди реабилитациялоо жана реинтеграциялоо процесси жаңы тажрыйба болду, ошондуктан мамлекеттик органдар, балдар, камкорчулар реабилитациянын ар кандай баскычтарында кыйынчылыктарга кириптер болушту. Кайтып келгендерди документтештирүү процесси Иракта төрөлгөн балдарга туулгандыгы тууралуу күбөлүк берүү боюнча көйгөйлөрү аныктады. Күбөлүктө туулган жери - Ирак Республикасы деп көрсөтүлгөндө баланын андан аркы тагдырына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Бул суроо боюнча Акыйкатчы институту кайтарылып келген баланын туулгандыгы боюнча күбөлүгүндө апасынын туулган жерин жазылышы керектигин белгилейт, ошол эле учурда мамлекеттик каттоо тутумунда мындай бала репатриация болгон маалымат жашыруу сакталуусу тийиш.

Мониторингдин жыйынтыгы боюнча Акыйкатчы нституту КР бала асырап алган үй-бүлөлөрдүн, турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрүнүн муктаждыктарын андан ары мониторинг жүргүзүү үчүн универсалдуу аспаттары жана Акыйкатчы институтунда үй-бүлөлөр тарабынан даттанууларды берүү механизми иштелип чыкты.

## 2.3. Адамдын жарандык саясий укуктарынын сакталышы

### 2.3.1. Сөз эркиндиги, саясий плюрализм.

Сөз эркиндиги – адамдын коомдук, мамлекеттик, экономикалык жана башка мүнөздөгү ар кандай маселелер боюнча өз пикирин билдирүүгө жана жайылтууга мамлекет тарабынан кепилденген мүмкүнчүлүгү. Бул пикир оозеки, жазуу жүзүндө, сүрөттөр аркылуу жана башка формаларда (инсандар аралык баарлашуу аркылуу, чогулуштарда, митингдерде, ЖМК, Интернетте, көрсөтмө материалдарда, жарыялоолордо ж.б.) билдирилиши мүмкүн.

Сөз эркиндигинин экинчи тарабы – ар бир адамдын каалаган мыйзамдуу жол менен маалыматты издөөгө, алууга, берүүгө, өндүрүүгө жана жайылтууга болгон укугу. Эгерде ал укуктарды колдонууда "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө",

"Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эрежелер сакталса, бардык ыкмалар мыйзамдуу болуп саналат.

Кыргызстанда журналисттин кесиптик ишмердүүлүгү үчүн куугунтуктоого тыюу салынган, ал эми "Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, укук коргоо органдары "инсанды жана коомду коргоону жана коопсуздугун, ошондой эле коомдук тартипти камсыз кылууга" милдеттүү. Бирок бул милдетин ИИМ аткарууда башка тараптардын укугун негизсиз чектебөөсү керек.

Эл алдында, ЖМК же тынч чогулуштарда өз пикирин билдирүү демократиялык жана укуктук мамлекетти сактоонун негизги каражаты болуп саналат. Ушундай жол менен гана коом коррупцияга же коомдогу терс көрүнүштөргө каршы күрөшө алат, ушундай жол менен гана адамдын жана жарандын бардык башка укуктары жана эркиндиктери камсыз кылынат. ЖМК жана журналисттер мамлекеттик органдардын жана алардын айрым кызмат адамдарынын ишмердүүлүгүндө кандай көйгөйлөр, шалаакылык же кыянаттык менен пайдалануу учурлары келип чыкканын, ошондой эле мыйзам деңгээлинде орун алган кемчиликтерди аныктап, айтып беришет.

**Акыркы убакытта өз пикирин ачык билдирип, мамлекеттик органдарды сындаганы үчүн, журналисттерге, активисттерге, блоггерлерге жана социалдык тармактардын колдонуучуларына карата мамлекеттик бийлик органдары тарабынан ашыкча чектөө жана таасир этүү чараларын колдонуу учурларынын көбөйүшү, КР КЖК 330-беренесин, "расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутуу" же КР КЖК 278-беренесинин "бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына жигердүү баш ийбөөгө жана массалык баш аламандыктарга чакырыктар" боюнча кылмыштын белгилери менен жоопкерчиликке тартуу аракеттери жана фактылары кеңири орун алганы, ошол эле учурда Интернет колдонуучулар тарабынан ар кандай сапаттагы пикирлер айтылып, кээ бир учурларда такталбаган (м: чек ара маселелери тууралуу) же дискредитациялык багыттагы маалыматтардын тез жана көп чыгарылышы (өзгөчө коомдук-саясий кырдаалды чагылдырууда) Акыйкатчынын тынчсыздануусун жаратат.**

**№1-мисал:** Акыйкатчы институту журналист Б.Т. кылмыштык куугунтуктоо башталгандан тартып, ага карата тергөө иштери, соттун өкүмүнүн аткарылышы одоно түрдө адам укуктарын бузуу менен өткөрүлгөнгү тууралуу бир нече ирет

расмий пикирин билдирген. Журналистке карата козголгон иштер кылмыш куугунтугунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенине байланыштуу КР ЖПК кепилдиктерине ылайык, кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес эле, ал эми козголгон иш токтотулушу тийиш болуучу. Б. Т. карата бардык кылмыш иштеринде көптөгөн процессуалдык бузууларга жана кемчиликтерге жол берилген. Айрым учурларда укук коргоо органдарынын кызматкерлери мыйзамда белгиленген кызматтык ыйгарым укуктарынын чегинен чыгып кетсе, башкаларында кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу принциптерин толук сактабаганын белгилейт. Соттор соттук териштирүүдө кетирилген тергөөнүн каталарын, процесстик бузууларды жана тергөөдөгү кемчиликтерди эске алган эмес. Жыйынтыгында, Бишкек шаардык сотунун 2022-жылдын 23-ноябрындагы өкүмү менен Б. Т. КР Конституциясынын 51-беренесинде каралган жарандын статусунун кепилдиктерин эске албастан, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 15-беренеси, КР ЖПК талаптарын бузуу менен укук коргоо органдарынын кызматкерлери өз ыйгарым укуктарынан аша чаап, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып, соттун өкүмүн өзүм билемдик менен чечмелеп, аны жарыялагандан кийин дароо эле орой күч колдонуу менен Б.Т. шашылыш түрдө өлкөдөн чыгарып жиберишкен.

Б. Т. иши боюнча, адам укуктары тергөө маалында бузулганына байланыштуу Акыйкатчы Башкы прокуратурага көңүл буруу актыларын киргизген, бирок ал тараптан тиешелүү чаралар көрүлгөн эмес.

Бул иш боюнча кененирээк маалымат: https://ombudsman.kg таанышса болот.

**№2 мисал:** 2022-ж. 14-августунда ИИМ тергөө кызматкерлери тарабынан “Бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына жигердүү баш ийбөөгө жана массалык баш аламандыктарга чакыруу” аракеттерине шектүү катары «Полит Узник» Facebook баракчасынын администратору, 19 жаштагы Ы. Ж. кармалган. Анан дароо эле, 16-август күнү Бишкек ш. Биринчи май райондук соту камакка алуу бөгөт коюу чарасын тандаган. Ы. Ж. өзүнүн эч күнөөсү жок экенин, УКМК мурдагы төрагасы А. Сегизбаевдин Жетим-Тоо тууралуу айткандары тартылган видеону аталган баракчага жайгаштырганы үчүн милицияга чакырылып, камалганын билдирген.

Акыйкатчы институтунун кызматкерлери бул ишти мониторинг кылган, кармалган активисттин өзү, жакын туугандары менен жолугушуулар болгон. Ы. Ж.

жалпысынан 2 ай Бишкек ш. №1 тергөө изоляторунда камакта болгон, ден соолугу начарлаган. 26-октябрда Бишкек ш. сотунун чечими менен Ы. Ж. үй камагына чыгарылган.
Акыйкатчы бул иш боюнча укук коргоо органдарынын көңүлүн шектүүлөргө карата бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн негиздердин жетиштүү, толук, объективдүү, жүйөлүү баа берүү зарылчылыгына, аны колдонууда жана түрүн аныктоодо жарандын инсандыгы эске алынышы кажеттигине бурган. Ошону менен бирге, Акыйкатчы бардык учурда "камакка алууну" колдонуунун калыптанып калган практикасы жазык сот өндүрүшүнүн эл аралык принциптерине каршы келерин, «камакка алуу» өзгөчө чара деп эсептелинерин жана адамга эркиндигинен ажыратууга байланышпаган бөгөт коюу чарасын колдонууга мүмкүн болбогондо гана колдонуларын белгилеген.

**Корутунду**

Альтернативдүү пикирдин болушу жана аны эркин билдирүү мүмкүнчүлүгү – сөз эркиндигине жана өз пикирин билдирүү эркиндигине болгон укуктун негизи. Бул укуктар мыйзамдын үстөмдүгүн жана адам укуктарын урматтоону эң жогорку деңгээлде мамлекет тарабынан корголушу керек. Мамлекеттик органдар, биринчи кезекте, альтернативдүү пикирлерге чыдамсыздык көрсөтүүдөн баш тартуу менен саясий жетилгендикти жана акылмандыкты көрсөтүшү зарыл.
Көз карандысыз ЖМК – мамлекеттин жана анын саясий түзүлүшүнүн ийгиликтүү өнүгүшүнүн, жарандарды жана эл аралык коомчулукту кабардар кылуунун маанилүү компоненти. Мамлекетке журналисттердин жигердүү жана эркин ишмердүүлүгү үчүн шарттарды түзүү, ЖМК кысым көрсөтүү үчүн укук коргоо органдарынын өз ыйгармадарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кыянаттык менен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн болтурбоо маанилүү.
Мындан тышкары, мамлекет ЖМК өкүлдөрүн коргоону камсыз кылып, аларга кол салууга тиешеси бар адамдарды жоопкерчиликке тартууга тийиш. Сөз эркиндигине жана сөз эркиндигине таасир этүүгө жөндөмдүү мыйзам чыгаруу демилгелерин кабыл алуудан баш тартуу керек.
Сөз эркиндигинин абалынын начарлашы өлкөнүн эл аралык беделинин, рейтингинин төмөндөшүнө алып келет, бул өз кезегинде инвестициялык климатка, өлкөнүн эл

аралык аренадагы абройуна жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен кызматташтыкка терс таасирин тийгизгери айдан-ачык.

**Акыйкатчы ЖМКга, журналисттерге, блогерлер жана активисттерге байланыштуу жазыктык куугунтуктоодо байкалган терс тенденцияны өзгөчө өкүнүү жана тынчсыздануу менен белгилейт. Аталган тараптарга карата дээрлик бардык кылмыш иштеринде процессуалдык адам укугун бузуу учурлары бар, анын ичинде күнөөсүздүк презумпциясы; тергөөнүн купуя сыры; тараптардын тең укуктуулугу жана атаандаштыгы; иштин жагдайларын изилдөөнүн ар тараптуулугу, толуктугу жана объективдүүлүгү; жазыктык куугунтуктоону алып барган бардык тараптардын өздөрүнүн милдеттерин аткарууда иштин жыйынтыгына алдын ала ынанымдын же жеке кызыкчылыктардын таасиринде болбошу, каралып жаткан конкреттүү кылмыш ишине карата бир тараптуу болбошу же бир тараптын кызыкчылыктары үчүн экинчи тарапка зыян келтирүүчү негизсиз аракеттерди көрбөөгө тийиштиги.**

Ошондой эле жазыктык куугунтуктоо мыйзамдарын колдонууда келип чыккан шектенүүлөрдү дагы камтыган күнөөлүүлүүлүгү боюнча кандай шектенүүлөр болбосун айыпталуучунун пайдасына иштеген конституциялык кепилдиктердин аткарылбашына дагы көңүл бурабыз.

Тергөөдөгү катачылыктар, процесстик бузуулар жана кемчиликтер соттук териштирүүлөрдө жоюлушу мүмкүн эмес, бирок ар бир учурда соттук катачылыктарга жол бериши мүмкүн жана сот адилеттигине ишенбөөчүлүк жаратууга алып келээрин эстен чыгарбоо керек.

Улуттук укук коргоо институту катары, Акыйкатчы соттордун, укук коргоо органдарынын көңүлүн кайтадан сөз эркиндиги эгемендикти алгандан берки мезгилдердеги өлкөнүн башкы жетишкендиги экенине, анын ичинде эл аралык коомчулук жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр тарабынан таанылганына бурат.

Эркин ой жүгүртүү жана пикирин эркин билдирүү, басма сөз эркиндиги Конституция тарабынан кепилденген, аны кынтыксыз сактоо эркин, укуктук, демократиялык мамлекеттин негизги көрсөткүчү болуп саналат.

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштамалары баяндаманын сунуштар бетинде.*

### 2.3.2. Тынч чогулуштарга укук эркиндиги

Бишкек ш. Биринчи Май райондук соту 2022-жылдын 11-мартында Орусия элчилигинин имаратынын жанында, борбор калаанын эски аянтында жана борбордук Ала-Тоо аянтында ар кандай тынч жыйындарды 11-апрелге чейин өткөрүүгө тыюу салган.

Бишкек шаарынын мэриясынын төрт райондук муниципалдык администрациясы 2022-жылдын 31-мартында митингдерди аталган райондордун аймагында өткөрүүгө убактылуу тыюу салуу жөнүндө чечимин тастыкташ үчүн сотко арыз менен кайрылган. 2022-жылдын 1-апрелинде сот кабыл алган чечими менен аталган чечимдерди мыйзамдуу деп таанып, бир гана М. Горький атындагы сквер акцияларды жана митингдерди өткөрүү үчүн уруксат берилген жер катары аныкталган. 2022-жылдын аягына чейин ар кандай себептерден улам Бишкек ш. тынч чогулуштарды өткөрүүгө сот тарабынан коюлган чектөөлөр күчүндө калып келди. Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту 2022-жылдын 1-декабрында Биринчи Май муниципалдык администрациясынын Бишкек шаарынын Биринчи Май административдик району боюнча чечимин мыйзамдуу деп тапты, ага ылайык Россия элчилигинин жанындагы, Ала-Тоо аянтындагы, Жогорку Кеңештин, Президенттин Администрациясынын жана УКМК имараттарынын жанында тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салынган. Тыюу 2023-жылдын 31-мартына чейин күчүндө болот.

**Акыйкатчы жалпы жарандардын тынч чогулуш эркиндигин чектөө - Кыргызстан өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерге, Баш мыйзамга карама-каршы келээрин, чектөөлөргө негиз катары көрсөтүлгөн жүйөлөр өлчөмдөш эмес экенин белгилеп, бул жагдай адам укуктарынын бузулушуна алып келгени тууралуу өзүнүн тынчысздануусун төмөнкү негиздерден улам билдирип келет.**

Конституциянын 39-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык "ар бир адам тынч чогулуштарды өткөрүү эркиндигине укуктуу". Ушул эле укук, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 21-беренесинде белгиленген. Бул укукту ишке ашырууга мыйзам тарабынан белгиленген чектөөлөрдөн жана демократиялык коомдо улуттук же коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин, калктын саламаттыгын же адеп-ахлагын коргоо же башкалардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо таламдары үчүн зарыл болгон чектөөлөрдөн башка колдонулбашы керек экенине кепилдик берилген.

Мамлекет тынч чогулуштарга тыюу салбоого, чектебөөгө, тоспоого, таркатууга жана үзгүлтүккө учуратпоого, ошондой эле мыйзамдуу негиздерсиз катышуучуларга же уюштуруучуларга санкция салбоого милдеттүү.

Конституциянын 39-беренесинин 4-бөлүмүнүн негизинде, тынч чогулуштардын уюштурулушу жана өткөрүү тартиби мыйзам менен аныктала турганын белгилей кетүү керек. "Тынч чогулуштар жөнүндө" КР мыйзамында тынч чогулаштарды кайсы жерлерде, кандай негизде өткөрүлүшү мүмкүн эместиги так көрсөтүлгөн[44].

Кандай болгон күндө да, жогоруда аталган Жарандык жана саясий укуктары жөнүндө Эл аралык Пакттын жоболоруна таянуу менен чектөөлөр катышуучуларга мүмкүн болушунча максаттуу аудиториянын көрүү жана угуу чегинде чогулууга мүмкүнчүлүк берилиш керек. Ал эми желектерди, формаларды, белгилерди жана баннерлерди колдонуу чектелбей, алардын пикирин билдирүүнүн мыйзамдуу формасы катары каралуусу тийиш.

Тынч чогулуш эркиндигинин эл аралык принциптерине[45] ылайык, пропорционалдык принциптин негизинде, чогулуш эркиндигине киргизилип жаткан чектөөлөр мыйзамдуу максаттарга шайкеш келиши абзел. “Тынч чогулуштар жөнүндө” КР Мыйзамынын 15-беренесинде көрсөтүлгөндөй, тынч чогулуш укугун чектөө учурлары так, чыныгы коркунучтарга өлчөмдөш болуусу тийиш. Ар бир адамдын тынч чогулуш эркиндигин чектөө - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык даректүү, негиздүү, айкын (конкреттүү) тынч чогулушка, уюштуруучуга, чыныгы коркунучка карата кабыл алынышы керек жана коопсуздукту камсыз кылуу максаттарына өлчөмдөш болгону жөн. Бирок, жогоруда аталган чектөөлөр көп учурда жапырт бир аймакка же жапырт бардык адамдарга багытталган.

2022-жылы өткөрүлгөн тынч чогулуштарга жүргүзүлгөн талдоо жана мониторинг төмөнкү терс көрүнүштөрдү аныктады:

- тынч чогулуштарга карата укук коргоо органдарынын аракеттеринин тандалма мамилеси.

*Мисалы,* 2022-жылдын 10-ноябрында, тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салынганда, КР Жогорку Кеңешинин имаратынын алдына экомикалык талаптар менен 100дөн ашык митингчилер чогулуп, андан кийин КР Президенттин Администрациясынын имаратына өтүшкөн. Митингдин катышуучуларынын колунда

---

[44] Аталган мыйзамдын 12, 14-беренелери

[45] Тынч чогулуштар эркиндигинин жетектөөчү принциптери

плакаттар жана транспаранттар да болгон, алар өздөрүнүн талаптарын коюшкан, ал түгүл бир канча убакытка автотранспорттун кыймылына тоскоолдук жаратышкан, бирок ИИО кызматкерлери эч кимди кармаган эмес.

Укук колдонуу тажрыйбасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана соттор тарабынан "кош стандарттарды" колдонуу байкаларын көрсөттү, алар бир учурда ар кандай шылтоолор менен конкреттүү белгиленген жерде тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салган, ал эми күтүлбөгөн жерден башка адамдарга тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салынган ошол эле жерде тынч чогулуштарды өткөрүүгө уруксат берген учурлар болгон.

Мындан улам, саясий суроолор тынч митингде болбогон учурда гана тынч чогулуу мүмкүн деген пикир жаралат, бул эл аралык укуктун да, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын да жоболоруна каршы келет. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык Пактта тынч чогулуштарды өткөрүүгө чектөөлөр саясий оппозицияны же бийликтин дарегине болгон чакырыктарды басуу үчүн түз же кыйыр түрдө колдонулбашы керектиги белгиленген.

### 2.3.3. Маалымат коопсуздугу

Адам баласынын жашоосунун бардык чөйрөсү маалыматтар менен курчалган, заманбап жашоодо маалымат алмашуусу жок биздин жеке, коомдук, кесипкөйлүк турмушубузду элестетүү мүмкүн эмес. Акыркы 20 жылдын аралыгында маалыматтык технологиялар өлкөбүздө терең жайылып, турмуштун бардык чөйрөлөрүнө кирип, мамлекеттин, коомдун, инсандын өнүгүшүнүн эң негизги талабы катары бааланып калды.

Мындай көрүнүш турмушту уюштуруунун жаңы сапатын, жаңыча ыкмасын пайда кылуу менен бирге, мамлекеттин, коомдун, жеке инсандын коопсуздугун жоготуу коркунучу күчөп, күндө жаңы чакырыктарды алып келүүдө. Ааламдашуу процессинде ар бир жаңыдан чыккан маалымат эл аралык маалымат мейкиндигине таркап, сакталып, ар кандай багытта чексиз колдонулуп келет.

Уюлдук телефонду колдонуучулардын саны боюнча дүйнө мамлекеттеринин рейтингине ылайык, 2020-ж. Кыргызстанда 8 622 565 уюлдук тармактын абоненттери

катталган[46]. Ал эми, Улуттук статистика комитетинин 2020-ж. маалыматына караганда, кыргызстандыктардын 99%ы уюлдук байланышка камтылганы, анын 70%ы жогорку сапаттагы 4G интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээлиги белгиленген. 15 жаштан жогорку калктын 63%га жакыны интернетти колдонсо, алардын ичинен эң жигердүү колдонуучулар 15-28 жаштагы жаштарды болуп саналат[47].

Кыргызстанда интернет колдонуучулардын саны 2020-жылы 5,4 миллионго жеткен[48]. Ал эми, 2021-жылдын январында Кыргызстанда 3 миллион 200 миң социалдык тармактын колдонуучулары болгон. 2020-2021-жылдар аралыгында Кыргызстанда социалдык тармактарды колдонуучулардын саны 700 миңге (+ 28%) көбөйгөн. 2021-жылдын январында Кыргызстанда социалдык тармактарды колдонуучулардын саны жалпы калктын 48,7%ын түзгөн[49].

«Эч кимди артта калтырбоо» принцибин ишке ашыруу боюнча социалдык аярлуу топторго кирген 14-18 жаштагы балдардын арасында 2021-ж. жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде, бул топтогу сурамжылоого катышкан жаштардын 59,69%ы үчүн Интернет жеткиликтүү, ал турмак респонденттердин 96%ы смартфондорду колдонушат. Сурамжылоого катышкан жаштардын басымдуу көпчүлүгү жаңылыктарды интернет-басылмалардан алышат. Бирок өзүнө маанилүү маалыматты (мисалы, өзүнүн укуктары жөнүндө) 33%ы телевизордон көрүшөт. Сурамжылоого катышкан жаштар Интернет булактарынан 36%ы ден соолук, 33%ы иш менен камсыз кылуу, 29%ы билим берүү тууралуу маалыматты издейт[50].

Жогорудагы көрсөткүчтөр Кыргызстанда жаңы маалымат технологияларын токтотуу же чектөө мүмкүн эмесин айгинелейт, бул дүйнөлүк процессте өтө тездик менен пайда болуп жаткан чакырыктарга даяр болуу менен жарандын, коомдун, мамлекеттин маалыматтык коркунучтардан коргоону, мүмкүн боло турган укук бузууларды алдын алууну камсыз кылуу мамлекеттин негизги милдеттеринин бири.

Конституциясынын 2021-жылда кабыл алынган редакциясына ылайык, Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздук мамлекет тарабынан корголот деген кепилдик биринчи жолу киргизилгени менен[51], бул жаатта так укуктук ченемдер каралган мыйзам кабыл алына элек.

---

46 https://nonews.co/directory/lists/countries/mobiles
47 http://www.stat.kg/kg/news/den-interneta-99-kyrgyzstancev-ohvacheny-mobilnymi-setyami/
48 https://www.tazabek.kg/news:1754441
49 https://kyrgyzeli.ru/ru/experts/669206-mediarynok-kyrgyzstana-novye-media-i-sotsialnye-seti.html
50 https://kyrgyzstan.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/dostup_uyazvimoy_molodezhik_k_klyuchevym_uslugam_v_kr_ru.pdf
51 10-беренесинин 3-бөлүмү

**Маалыматтык коопсуздукту жыйырмадан ашык укуктук ченемдик актылар жөнгө салганы менен, бул түшүнүк юридикалык термин катары жогорку юридикалык күчкө ээ мыйзам менен чечмеленген эмес**, болгону төмөнкү концепцияларда гана каралган:

1. Маалымат коопсуздугунун 2019-2023-жылдарга карата концепциясында - маалыматтык коопсуздук - адамдын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык коркунучтардан коргоонун абалы.

2. Улуттук коопсуздук концепциясында - маалыматтык коопсуздук - инсандын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык коркунучтардан корголгон абалы деп каралган.

Маалыматтык коопсуздуктун 2019-2023-жылдарга карата концепциясын Өкмөт 2019-жылы бекиткенде, бул концепциянын негизги максаты катары төмөнкүлөрдү көрсөткөн:

- адамдын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык чөйрөдөгү кызыкчылыгын коргоого багытталган чараларды иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу,
- бул чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча укуктук, уюштуруучулук жана экономикалык усулдардын жыйындысын камтыган Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуунун натыйжалуу улуттук тутумун түзүү болгон.

**Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун абалына жалпы сереп**

Акыйкатчы институту - маалыматтык коопсуздук концепциясын ишке ашырууга жооптуу мамлекеттик органдардын иш-аракеттерине талдоо жүргүзүп, жалпысынан төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы негизги 10 багыттын ичинде азыркы учурдагы балдарга каршы укук бузуулардын алдын-алуу, жашы жетелектердин арасында маалымат технологияларын жоопкерчиликтүү жана коопсуз пайдалануу көндүмдөрүн калыптандыруу максаттарынын аткарылышы тууралуу Билим берүү жана илим министрлиги Акыйкатчынын суроо-талабына жооп бербегени толук кандуу талдоо жүргүзүүгө кыйла олуттуу тоскоолдук жаратты. Ошол эле учурда, **Кыргызстанда акыркы үч жылда балдарга карата сексуалдык зомбулук дээрлик эки эсеге, психологиялык зомбулук үч эсеге, дене бой зомбулугу 30% көбөйгөнү тууралуу расмий маалыматтарга таянсак, Билим берүү жана илим министрлиги канааттандырарлык иш алып барган эмес.**

**Маалыматттык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иш-чаралар планы бекитилгени менен концепцияда көрсөтүлгөн максаттарга жетиш үчүн бул документтер кабыл алынган учурда, маалыматттык коопсуздуктун абалына так баа берилбеген. Мындан улам маалыматтык коопсуздукту ишке ашыруу үчүн алардын кандай көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен аткарылган иш-аракеттерине, жетишкендиктерине кандай ченемдер менен баа берилээри белгисиз.**

**№1-мисал**: Коргоо министрлиги маалыматтык коопсуздукту коргоо чөйрөсүндө ишке ашыруу күтүлгөн натыйжалар, жетишкендиктер тууралуу так, толук кандуу маалыматты, кандай натыйжалуу өзгөрүүлөр болгонун көрсөтүүсүз, "аткарылууда" "жүргүзүлүүдө" деген жооп менен чектелген.

**№2-мисал:** Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын маалымат коопсуздукту камсыз кылуу аракеттери канчалык деңгээлде калктын экстремизм, терроризм жана диний агымдар тууралуу түшүнүктөрүн жогорулатканы тууралуу маалыматтар жок.

Акыйкатчы институтунун пикиринде, өлкөдө экстремизм, терроризм жана диний агымдардын канчалык маалымат коопсуздук чөйрөсүндө таасири бар экенин, бул жаатта ишти баштоодон мурда белгилеп, тиешелүү аракеттер көрүлгөндөн кийин кандай өзгөргөнүнө карап, иштин натыйжалуулугуна баа берилиш керек эле. Маселен, 2020-жылы өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгында «Зомбулук экстремизм менен кантип күрөшүү керектиги тууралуу маалыматка канча жолу туш болдуңуз?»-деген суроого суралган жарандардын көпчүлүгү – эч качан деп жооп беришкен (Бишкек-44%, Араван-71%, Узген-31%). Аталган көрүнүш калктын экстримизм боюнча маалымдуулугунун деңгээлин көрсөтөт[52]. Ал эми азыркы учурда калктын экстримизм боюнча маалыматтуулук дэңгээли канчалыкка өзгөргөнү иликтениши зарыл.

Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууда жооптуу органдар жана мекемелер, адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирээрин, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин мааниси менен мазмунун аныктаганын[53], Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын

[52] International Alert уюмунун "Дин жана демократия боюнча конструктивдүү диалогдор" аналитикалык жыйнагында, https://cabar.asia/ru/kyrgyzstan-antiekstremistskie-strategii-nuzhdayutsya-v-dorabotke

[53] КР Конституциясы, 23-берене, 1-бөлүмү.

жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы жүргүзөрүн эстен чыгарган.

**№-3-мисал:** Тышкы иштер министрлиги, Билим берүү жана илим министрлиги, Юстиция министрлиги жана “Кабар” Кыргыз улуттук маалымат агенттиги тарабынан Акыйкатчынын сурамжылоо катына тийиштүү маалымат берилген эмес.

**№-4 мисал:** Улуттук коопсуздук мамлекетик комитети Акыйкатчыга бул жаатта кылынган иштери тууралуу маалымат берүүдөн баш тарткан, жүйө катары Маалыматтык коопсуздуктун 2019-2023-жылдарга карата концепциясын ***“иш-чаралар планындагы 2, 4, 6-пункттарында белгиленген маселелердин мазмуну адам укуктарын коргоо маселесин камтыбайт. Бул жагдай көрсөтүлгөн пункттарды аткаруу чараларынын УКМК маселелери боюнча ыйгарым укуктарына айкалышпай тургандыгын тастыктайт”*** [54]- деп, жооп берген.

УКМК жогорудагы көз карашы Конституцияда көрсөтүлгөн, мамлекет жана анын органдары коомдун кайсы бир бөлүгүнө эмес, бүткүл коомго кызмат кылаары [55], ошону менен бирге өз ыйгарым укуктарын элдин таламдары үчүн гана жүзөгө ашырууда мамлекеттик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын ачыктыгына негизделүүсү[56] тууралуу кепилдиктерге каршы келээрин белгилейбиз. Андан сырткары, Улуттук коопсуздук органдарынын ишинин негизги багыттары маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу[57] жана өз иш-аракетин жүзөгө ашырууда адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого милдеттүү[58] экендиги “Улуттук коопсуздук органдары жөнүндө” мыйзамында көрсөтүлгөн.

**№-5 мисал**: Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин маалыматына ылайык, Концепциянын жана “Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө” КР мыйзамынын алкагында, Интернет тармагында анык эмес (жалган) маалыматтын жайылышына байланыштуу сайттын же сайттын баракчасынын ээсинин иш-аракеттерине даттануунун, анык эмес (жалган) маалыматты алып салуунун жана сайттын же сайттын баракчасынын ишин токтотуп туруунун тартибинин жана

---

[54] чыг. 13/5385 22.08.22-ж.
[55] КР Конституциясы,5-берене, 1-бөлүмү
[56] КР Контитуциясы, 4-беренеси
[57] КР Конституциясынын 15-берененин 3-бөлүмү
[58] КР Конституциясынын 4-беренеси

токтомдун долбоорун иштеп чыккандыгын билдирген[59]. Тартип Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген[60].

Жогоруда аталган тартип күчүнө киргенден бери, 9 ай аралыгында министрлик тарабынан “Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде 21 кайрылуу каралган.

Анын ичинен:

• 3 сайттын ишин эки айга чейин токтотуу жөнүндө чечим чыгарылган (RESPUBLICA.KG, 24 KG, Азаттык Медиа).

• 6 кайрылуу боюнча Маалымат сайттары ыктыярдуу түрдө жарыяламаларды алып салышты.

• 1 кайрылууну арыз ээси кайтарып алды.

• 7 арыз боюнча министрлик кароодон баш тарткан.

• 4 арыз кароосуз калтырылып, Тартипке ылайык толуктап кайрылуусу сунушталган.

Акыйкатчынын пикиринде, “Анык эмес маалыматтан коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы жана аны аткаруу үчүн бекитилген тартип төмөнкү негизде таанылууга тийиш:

- КР Конституциясынын жана Граждандык кодексинин талаптарына карама-каршы келгени;

- Адам укуктарынын жалпы декларациясында кепилденген жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактта корголгон адам укуктарынын бузулушуна жана эркиндектиринин чектелишине алып келген кесепеттеринин жогорудагы белгиленген мисалдар менен толук кандуу далилденгени;

- сот органдарынын артыкча укуктарын министрликке берүүсү менен бийлик бутактарынын тең салмактуулугун бузганы;

- иштин жагдайларын изилдөөнүн ар тараптуулугун, толуктук жана объективдүүлүк, тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашыруу принциптери каралбаганы, о.э. башка олуттуу кемчиликтерди жана боштуктарды камтыганы.

**Корутунду:**

Маалымат коопсуздугун камсыз кылууда Кыргызстанда жашаган жалпы элге маалымат менен иштөө прициптерин, сынчыл ой жүгүртүүнү, фактчекинг ыкмаларын

[59] чыг. 12-3/5156 23.08.22-ж.

[60] 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 204 токтому

жайылтуу, Интернет пайдалануу талаптарын, коопсуздук маселелери тууралуу агартуу иштери мамлекеттик деңгээлде талаптагыдай жүргүзүлбөйт.

Бул жагдайда журналисттердин гана эмес, блогерлердин журналисттик иликтөөнү жүргүзүүдө жана маалыматтарды коомго жеткирүүдө, журналисттердин этикалык кодексинин талаптарын сактоосу зарыл.

Маалымат менен манипуляция, монтаж, пропаганда же "фейк фабрикалардын" кызматын кеңири колдонуу жана аккаунттарды бузуп кирүү, жеке маалыматтын жашыруун сырдуулугун сактабоо демейдеги тутумдуу көрүнүш болуп калыптанууда.

*Кыргыз Республикасында Маалымат коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Акыйкатчынын атайын баяндамасы менен толук бул* https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=3145 *шилтеме аркылуу таанышса болот.*

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштамалары баяндаманын сунуштар бөлүгүндө.*

## 2.3.4. Дин тутуу эркиндиги боюнча адам укуктары

2022-жылы Акыйкатчынын наамына "Йакын Инкар" экстремисттик агымына мүчө катары тиешелүүлүгү бар соттолгон адамдардан укуктук жардам сурап 156 кайрылуу түшкөн. Бул маселенин актуалдуугун жана жарандардын көп кайрылууларын эске алып Акыйкатчынын демилгеси менен 2022-жылдын 21- октябрында Жогорку соттун, Башкы прокуратуранын, ИИМ, эл аралык уюмдарынын жана кайрылган арыз ээлеринин жактоочуларынын, муфтиятын өкүлдөрүнүн катышуусу менен "Дин тутуу жана ишеним эркиндиги" аталышында талкуу өткөрүлгөн. Талкууда кылмыш иштерин кароодогу укук коргоо органдарынын жана соттук практиканын маселелери, муфтияттын калк менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдөгү орду, эксперттердин ишинин сапатын эске алып, 2023-жылы тыгыз кызматташтыкта дин тутуу эркиндиги боюнча адам укуктарынын сакталышына биргелешкен мониторинг жүргүзүү мерчемделди.

## 2.4. Коопсуздук секторунда адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы

### 2.4.1. Аскер кызматын өтөө учурунда аскер кызматчыларынын укуктарынын сакталышы

Конституцияга ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандары расасына, тилине, этностук таандыктыгына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларга карабастан, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында аскердик кызмат өтөөгө милдеттүү. "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, он сегизден жыйырма беш жашка чейинки курактагы, райондук (шаардык) аскер комиссариаттарында аскердик каттоодо турган, мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтарга чакырылууга тийиш болгон эркек жарандар чакырылуучулар деп аталат.

Президенттин жарлыгынын негизинде жарандарды аскерге чакыруу мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматты өзүнө камтыйт жана жылына эки жолу жүргүзүлөт.

"Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жарандар аскер кызматчыларынын статусуна аскердик кызматка чакырылган (ыктыярдуу тартипте же контракт боюнча кирген) же жыйындарга чакырылган күндөн тартып ээ болушат. **Демек, жарандар аскерге чакырылгандан тартып мамлекет аскер кызматкерлеринин ден соолугун жана өмүрүн коргоону камсыз кылуу боюнча милдеттерди алат.** Ал үчүн, аскер кызматчыларынын ден соолугунун абалын медициналык көзөмөлдөн өтөт, өздүк курамдын күнүмдүк медициналык көзөмөлүнөн өткөрүү жана аскер кызматчыларын медициналык кароодон, ошондой эле тереңдетилген жана көзөмөлдүк медициналык текшерүүдөн өткөрүп туруу кепилденген.

2022-жылдын биринчи жарым жылдыгында ЖМК жана башка булактар аркылуу ар кандай себептерден улам жоокерлердин өлүмү, уруп-сабоо жана белгисиз себептерден улам психиатриялык мекемелерге келип түшүү учурлары көбөйгөнүнө байланыштуу, Акыйкатчынын демилгеси менен аскердеги мамлекеттин жана коомдун көңүлүн

буруу зарыл болгон түпкү көйгөйлөрдү аныктоо үчүн аскер кызматын өтөөдө адам укуктарын сактоо боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн.

Бул демилгенин алкагында, аскер бөлүктөрүндөгү аскер кызматчылары менен түзүлгөн кырдаал боюнча кабинеттик талдоо жүргүзүлүп, тиешелүү тараптардан каза болгон жоокерлер жөнүндө маалымат алынган, Акыйкатчы институтуна келип түшкөн аскер кызматкеринин укугу бузулган учур боюнча жеринде иш жүргүзүлгөн.

**Коргоо министрлигинин маалыматы боюнча аскердик бөлүктөрдө аскер кызматчыларынын (2017-жылдан 2022-жылга чейин) өлүмү жөнүндө маалыматтар төмөнкүдөй:**

*1. 2017-жылы – **өзүн-өзү өлтүрүү натыйжасында: 1 аскер кызматкери** (КК БШ: КР КК бб ЖКБ контраскер кызматкери, старшина Марков, үйүндө болуп, үй-бүлөлүк чыр-чатактын натыйжасында өзүн-өзү өлтүргөн).*

*2. 2018-жылы – **өзү-өзү өлтүрүү:** 3 аскер кызматкери (МПК, Курган Пи ФСБ-1 курсант, 97632-1 мөөнөттүү кызматтын аскер кызматкери, КР ККГА чейин МК, КР КК ВИ-1 курсант).*

*3. 2019-жылы – **өзүн-өзү өлтүрүү:** 5 аскер кызматкери (1-саат 2026 пр - к; 1-в/саат 12544-катар. ср. сл.; 1-саат 92843 саат/кызмат. каршы. 1-73809 КФ.; 1-саат 92840 саат/кызмат. каршы. кызмат);*

*4. 2020-жылы – **өзүн-өзү өлтүрүү:** 1 аскер кызматкери (1 – в/с 2027 МПС в/с. сл.);*

*5. 2021-жылы – **өзүн-өзү өлтүрүү:** 1 аскер кызматкери (1 – в/с 52806 в/с. каршы кызматтар).*

Мындан сырткары, өзүн-өзү өлтүрүүгө чейин жеткирүү – 4; ден соолукка атайылап зыян келтирүү – 2; курал колдонуу эрежелерин бузуу – 4; өзүн-өзү өлтүрүүгө аракет кылуу – 1 учур катталган.

**Аскер прокуратурасынын маалыматы боюнча 2022-жылы:**

- 212 кылмыш-жаза иши козголгон, 70 кылмыш-жаза иши башка органдардан кабыл алынган, мында отчеттук мезгилдин башына карата бүтпөгөн кылмыш-жаза иштеринин калдыктары (башкача айтканда 01.01.2022-ж.) 254 кылмыш-жаза ишин түзгөн.
- 536 кылмыш-жаза иши иликтенип, алардын 138и сотко жөнөтүлүп, 194ү токтотулган.

2022-ж. өзүн-өзү өлтүрүү 4 фактысы катталган. Алардын ичинен, 3 факт боюнча кылмыш-жаза ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. 1 факт боюнча кылмыш-жаза иши козголуп, соттук териштирүүлөр жүрүүдө.

Юстиция министрлигине караштуу ЖАК Кайтаруу жана күзөтүү департаментинин маалыматы боюнча 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгында республикалык психиатрия жана наркология борборунда 5 аскер кызматкери психикалык жактан оорулуу деп таанылып, кызматтан бошотулган:

1. А. С. Каракол шаарындагы 718 аскер бөлүгүнүн аскер кызматчысы 09.11.2003-ж.т. "эмоционалдык лабилдик бузулуу" дарты аныкталып, стационардык дарыланууга жаткырылган;

2. А. Б. (түп РВК), 4-рота, 18.01.2022-жылы Куралдуу Күчтөрдөн бошотулган, буй.02.02.22 22.

2. Т. Н. (Жети-Өгүз РК), 8-рота, 20.04.22. Куралдуу Күчтөрдөн бошотулду 27.05.22 буй. 100.

3. А. А. (Сокулук РКК), 6-рота, 27.05.22. Куралдуу Күчтөрдөн бошотулган 16.06.22 буй. 115.

4. Ж. Д. (Свердлов РКК), материалдык-техникалык жабдуу ротасы, 23.06.2022-ж. РБП ооруканага жаткырылган.

Акыйкатчы институтунун алдында түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топ Чүй, Талас жана Ысык-Көл облустарындагы аскер бөлүктөрүн камтыган сурамжылоого жалпысынан 323 аскер кызматкерлери катышкан, анын ичинде генерал-майор Д.Асанов атындагы Кыргыз улуттук аскер лицейинин 23 курсанты болгон.


**Акыйкатчы институтунун алдында түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топтун талдоосу төмөнкүдөй көрүнүштөрдү айгинеледи.**

*Аскер кызматчыларынын социалдык абалы:*

Диаграммадан көрүнүп тургандай, сурамжылоого катышкандардын көбү 41%ы – 19 жашта, болжол менен 20%ы – 18 жашта, 16%дан ашыгы – 20 жашта, 13% – 20 жаштан жогору жана 10% – 18 жашка чейинкилер.


Билими боюнча: жалпы жана орто негизги билими бар аскер кызматчылары басымдуулук кылат – 73%, ошондой эле атайын орто билими барлар бар – 17%, толук эмес жогорку – 5% жана жогорку – 5%.

Улуттук курамы боюнча дээрлик көпчүлүгүн кыргыздар түзөт – 322 адам, башка улуттар – 4 гана.






**Кызмат шарттары**


Диаграммадан көрүнүп тургандай, аскерде кызмат кылууну каалап, аскер кызматына келгендер – 264 адам, 59 гана адам кызмат кылууну каалабаганын айтышкан. Казармадагы шарттар боюнча – 320 адам "эң жакшы жана жакшы"деп баалашкан, тамак-аштын сапаты боюнча – 320 адам" эң жакшы "жана" жакшы "деп жооп беришкен.




Кыргыз улуттук аскер лицейинин 26 курсантын кошпогондо, акчалай үлүшкө тиешелүү суроолордо 226 адам төмөнкүдөй жооп беришкен: "толук жана өз убагында алам" – 212 адам, "жарым-жартылай алам" – 8, "албайм" – 6.





**Ден соолук шарттары**

Аскерге чакырылган учурда, аскер кызматчыларынын көпчүлүгү ден соолугуна даттанган эмес, эч кандай оору болгон эмес, деп жооп беришкен – 299 адам (93%). Кызмат учурунда медициналык жардам сурап кайрылышкан – 86 адам (27%), медициналык жардам көрсөтүүдөн баш тарткан учурлар болгон эмес – 315 (98%), ошол эле учурда медициналык жардамдын сапаты болжол менен – 22%ын канааттандырбайт.



**Акыйкатчы институтунун алдында түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топтун талдоосунун жыйынтыктары:**

1. Аскер кызматчысынын укуктук статусунда адамдын конституциялык укуктары жана эркиндиктери айкалышкан, Ата Мекенди коргоонун конституциялык милдети турат, бул коллизияны пайда кылат, анткени жашоо укугун ишке ашыруу милдетти аткаруу зарылдыгына каршы келет. Бул учурда, же укук чектелүүгө тийиш, же милдеттенме аткарылбашы керек. Ошону менен бирге, жарандын аскердик милдетти аткаруусуна артыкчылык берилип, ал эми анын жашоо укугу аскердик кызматтын шарттарына жараша экинчи даражада калып жатат.

2. Тергөө органдарынын тыянактарына ылайык, кызмат өтөгөн жоокерлердин өлүмдөрү иш жүзүндө күнөөлүү адамдардын аныкталбаганына байланыштуу кылмыш-жаза ишин козгоодон баш тартылган учурлар көп.

Акыйкатчы институтунун изилдөөсү көрсөткөндөй, аскер кызматчысын өз жанын кыюуга чейин жеткирүү же адамдын кадыр-баркын дайыма басынтуу (дедовщина) фактысы жокко чыгарылат, же болбосо жоокерди чакырууга чейин болгон себептер келтирилет да иш токтотулат, ошону менен өзүн-өзү өлтүрүүгө түрткөн чыныгы себептер ачылбай калат.

Психологиялык кризистин пайда болушуна өбөлгө түзгөн чыр-чатактуу кырдаалдын мүнөзүн, ошондой эле аскер кызматчысынын мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү аскер кызматчысынын өз жанын кыюу ыктымалдыгын билүүгө аз болсо да мүмкүнчүлүк берет.

3. Офицерлер профилактикалык иш-аракеттеринде өзүн-өзү өлтүрүүгө алып келе турган мыйзам ченемдүүлүктөрдү эске алышы керек. Байкоо жүргүзүү, документтерди талдоо, жеке иш, сурамжылоо ыкмаларын колдонуу жолу менен, алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүдө, офицерлердин көңүлү аскер кызматчыларындагы өзүн-өзү өлтүрүү ойлорун, ниеттерин жана жүрүм-турумун аныктоого өзгөчө бурулушу керек.

3. КР мыйзамдарына ылайык, аскер кызматчыларынын жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрү жана ден соолугу анык аскердик кызмат, ошондой эле окуу жана атайын жыйындар башталган жана аяктаган күндөн тартып милдеттүү мамлекеттик камсыздандырылууга тийиш.

Бирок, көбүнчө балдары өз жанын кыйган ата-энелер компенсация төлөп берүү үчүн кайрылышпайт, ал эми ар тараптуу жана натыйжалуу иликтөө жүргүзүүгө укук берген кылмыш-жаза ишин козгоодон баш тарткан мамлекет жоокердин өзүн-өзү өлтүрүү

жүрүм-турумунун себебин аныктоо мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарып жиберет жана кайталанган иштердин алдын алуу үчүн кылдат талдоо жүргүзбөйт.

Психиатриялык ооруканага мөөнөттүү кызмат өтөө учурунда кармалган көптөгөн мурдагы аскер кызматкерлеринин тагдыры биротоло талкаланган. Алардын айрымдарынын ата-энелери мамлекеттен компенсация төлөп берүүгө да муктаж, анткени дарылануута көп каражат сарпталат.

4. Түзөтүү мекемелерин кайтаруунун жана соттолгондорду жана соттолуучуларды күзөтүп коштоп жүрүүнүн ишенимдүүлүгүн, ошондой эле өздүк курамга кызматтык жүгүн толук кандуу алмаштырууну жана тартипке келтирүүнү камсыз кылуу үчүн Департаменттин штаттык санын көбөйтүү зарыл. Башкача айтканда, роталарга дагы бир взвод кошуу кекек. Бөлүктөрдүн өздүк курамынын санын көбөйтүү кызматтык жүктү азайтуу, Департаменттин бөлүктөрүнүн күжүрмөн даярдыгын жогорулатууга, өздүк курамды күжүрмөн даярдык көндүмдөрү боюнча окутууга жана эс алууга басым жасоо максатын көздөйт.

Департаменттин бөлүктөрүндө коопсуздукту камсыз кылуу үчүн аскер кызматчылары кызмат өтөгөн жерлерде видеобайкоо тутумун орнотуу талап кылынат, ал тигил же бул укукка каршы жосунду жасоо фактысын ыкчам жазууга, аскер кызматчыларынын кызмат өтөөсүнүн сапатын көзөмөлдөөгө, ошондой эле бөлүктөрдөгү жалпы кырдаалды көзөмөлдөөгө жана эс албастан, катары менен нөөмөткө чыгууга мүмкүндүк берет.

*Кыргыз Республикасында Аскер кызматын өтөө учурунда аскер кызматчыларынын укуктарынын сакталышы боюнча Акыйкатчынын изилдөөсү менен толук https://ombudsman.kg сайтынан таанышса болот.*

### 2.4.2. Эркиндигин чектөө жайларында адамдардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышынын абалы

#### 2.4.2.1 Эркиндигин чектөө жайларында адамдардын укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумдуу көйгөйлөрү


Акыйкатчы институту укук коргоо жана башка органдары тарабынан эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында адам укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо тармагында 2022-жылы **792** кайрылууну караган, алар:

**ИИМ -** 326 даттануу;
**Сотторго -** 229 даттануу**;**
**ЖАК -** 84 даттануу**;**
**Прокуратура** - 82 даттануу;
**Адвокат/нотариус, экспертиза** - 38 даттануу;
**УКМК -** 36 даттануу;
**Бардыгы - 792**


**Анын ичинен: Борбордук Аппарат тарабынан 298 кайрылуу каралган**

| к/н | КР мамлекеттик органдары | Даттануулардын саны | Кыйноо | Тергөө | Ден-соолугунун абалына | Шарттуу бошотуу, кармоо шарттарына ж.б. | Сотттун чечимдерине/камоого |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | ИИМ | 119 | 8 | 111 | - | - | - |
| 2. | УКМК | 29 | 1 | 28 | 1 | 2 | - |
| 3. | ЖАК | 61 | 0 | 1 | 11 | 49 | - |
| 4. | Прокуратура | 41 | 1 | 40 | - | - | - |
| 5. | Соттор | 39 | - | - | - | - | 39 |
| 6. | Башкалар | 9 | - | - | - | - | |
| | **БАРДЫГЫ** | 298 | 10 | 170 | 12 | 51 | 39 |


**Талас облусу боюнча өкүлчүлүктө 18 арыз каралган**





**Ош шаары жана Ош облусу боюнча өкүлчүлүктө 160 арыз каралган**





**Нарын облусу боюнча өкүлчүлүктө 20 арыз каралган**





**Чүй облусу боюнча өкүлчүлүктө 49 арыз каралган**





**Жалал-Абад облусу боюнча өкүлчүлүктө 29 арыз каралган**





**Баткен облусу боюнча өкүлчүлүктө 66 арыз каралган**




**Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүктө 150 арыз каралган**



**Акыйкатчыга түшкөн кайрылуулар менен адамдын бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө көмөктөшүү ишинин талдоосу төмөнкү жыйынтыктарды көрсөттү:**

**1.** ИИО ишиндеги мүчүлүштүктөр:

- тергөөчүлөрдүн аракети/аракетсиздиги (сотко чейинки өндүрүштү иликтөө процессин кечеңдетүү, тиешелүү экспертизаларды дайындоону кечиктирүү же дайыдоодон баш тартуу, тергөөнүн жүрүшүндө прокурордун/соттун көрсөтмөлөрүн этибарга албоо –жылдар бою созулган кылмыш-жаза иштери арбын);

- бир тергөөчүгө айына орточо 15-20 материал чоң жүк, ыкчам кызматтардагы сандык курам мурдагыдай эле болгонуна карабастан, оорчулукка туш болгон тергөө кызматтарында кадрлардын кетип калуусу жана жетишсиздиги;

- тергөөчүлөрдүн даярдыгынын төмөн деңгээли, этика ченемдерин бузуу, орой мамилелери, тергөөчүлөр ЖПК милдеттүү талаптарын аткарышпаганы;

- тиешелүү процессуалдык иш-аракеттерди жөнгө салган укуктук-ченемдик актылардын жоктугу (кылмыш иштерин тергөөнүн мөөнөтүн көрсөтүү менен прокурорго өткөрүп берүү жана кайра кайтаруу жол-жобосу жок, арыз ээси кылмыш-жаза ишин токтотуу жөнүндө токтом менен таанышкандан кийин ишти прокурорго өткөрүп берүү жөнүндө тергөөчүнүн, ал эми прокуратурадан тергөөчүгө берүү жол-жобосу жана бекитилген тартиби жок. Тажрыйбада буйрук почта аркылуу жөнөтүлүп, көптөгөн көйгөйлөргө алып келет. Кылмыш-жаз иштеринин материалдарын өткөрүп берүү, кабыл алуу механизми жок).

**№1-мисал:** Акыйкатчынын атына КЖК 173-беренесиндеги кылмышты жасоого шектелип, 2002-жылдын 30-мартында Октябрь районунун ИИБ ТК кызматкерлери тарабынан № 55-02-123 номерлүү мыйзамсыз козголгон сотко чейинки өндүрүш иши боюнча жаран Р. Б. кайрылган.

Эскирүү мөөнөтү аяктаганына байланыштуу жазык ишин токтотуу жөнүндө бир нече жолу өтүнүчтөргө тергөөчү тарабынан көңүл бурулган эмес. Биз тарабынан Бишкек шаарынын Октябрь районунун ИИБ тергөө кызматына адвокат Э.Саданбековдун 2020-жылдын 30-ноябрында өтүнүчү менен, Р.Б. жосундарын КР КЖК 171-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктунан 173-берененин 1-бөлүгүнө (1997-ж. редакциясында) материалдык зыяндын ордун ыктыярдуу толтурууга байланыштуу кайра квалификациялоо жөнүндө өтүнүч жөнөтүлгөн.

Бишкек шаарынын Октябрь районунун ИИБ ТК тергөөчүсү Д. Кобогон уулу

жүргүзгөн ишинин жыйынтыгы боюнча 2002-жылдын 30-мартында № 55-02-123 номерлүү сотко чейинки өндүрүш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө токтом чыгарылган жана кыймылы боюнча бардык чектөөлөр алынып, Р.Б. карата издөө да алынып салынган.
Натыйжада декриминалдаштыруу укугу бузулуп, калыбына келтирилген.

УКМК жана прокуратуранын тергөөчүлөрүнүн аракеттерине карата Акыйкатчыга ушул жаатта келип түшкөн арыздарынын пайыздык катышы, тийиштүүлүгүнө жараша 10%, 14% ды түзөт.

**Прокуратура органдарына негизги наразычылык** тергөөчүлөрүнүн аракеттерине (аракетсиздигине) жана ИИМ, УКМК тергөөгө тиешелүү көзөмөлдүн жоктугуна айтылат. Акыйкатчыга жарандар прокуратура органдары мыйзамдуулукту көзөмөлдөбөйт жана натыйжалуу, көз карандысыз прокурордук көзөмөлгө ишенбөөчүлүк билдирип, даттанышат. **Тергөөчүнүн токтомун жокко чыгарганы үчүн прокуратура органдары тарабынан тергөөчүлөргө карата кандайдыр бир жаза чараларын колдонуу мыйзамдарда каралбаганына, Жогорку Кеңештин депутаттарынын көңүлүн өзгөчө бурабыз.** Бул абдан маанилүү, себеби эгерде прокурор тергөөчүнүн чечимин жокко чыгарып, ишти кайра тергөөгө кайтарса, демек ал жерде адам укугунун бузулушу болгон.

Камакка алынган жарандардын, ЖАК жабык мекемелериндеги соттолгон адамдардын кайрылуулары бул жаатта Акыйкатчыга келип түшкөн арыздарынын 20%ын түзөт, алар негизинен ден-соолугунун абалына жана кармоо шарттарына, ошондой эле шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууга жана кармоо шарттамын өзгөртүүгө багытталган.

**ЖАК тутумдук көйгөйлөрү:**

- мекеменин шарттамын андан ары өзгөртүү же шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу үчүн өтөлгөн жазаны эсептөө,
- соттор жана ЖАК мекемелери тарабынан мунапысты колдонууну өз убагында карабоо, тиешелүү аракеттерди кечеңдетүү маселелери бар;
- азыркы учурда ЖАК тутумунда электрондук программа колдонулган автоматташтырылган эсептөө боюнча иш-милдет бар, ал азыркы учурда иштебейт. Ошентип, жатак-абакка которууга же шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууга укук берген адамдын жаза өтөө мөөнөтүн ЖАК мекемелеринин атайын бөлүктөрүнүн

кызматкерлери кол менен эсептешет, бул олуттуу жаңылыштыктарга жана жогорку коррупциялык тобокелчиликке алып келет.

Ошону менен бирге, бул жааттагы айрым оң жылыштарды белгилеп кетүү зарыл. Министрлер Кабинети тарабынан башка ЖАК мекемелеринин базасында жаңы имараттарды реконструкциялоого жана курууга каражат бөлүү жөнүндө чечим кабыл алынды. № 47 мекемесине караштуу соттолгондор үчүн борбордук дарылоо ооруканасы Молдовановка айылынын № 31 мекемесине которулуп, жаңы медициналык корпустар курулуп, заманбап жабдуулар менен жабдылган.

Өмүр бою эркиндигинен ажыратылгандар кармалган Жаңы-Жер айылынын № 19-мекемесинде жалпы сыйымдуулугу 300 адамга жакын кошумча корпустар курулган, камактагылар үчүн камералар жаңы эмеректер менен жабдылган, жаңы төшөнчүлөр жана шейшептер, идиш-аяк, радио түйүндөрү менен жабдылган. Ошондой эле кыска мөөнөттүү жолугушуу жайларынын курулушу аяктады.

Ошондой болсо да Бишкек, Каракол, Нарын, Ош шаарларынын тергөө абактарында кармоо шарттары белгиленген талаптарга жооп бербейт. Ал эми Жалал-Абад шаарында СИЗО жоктугу Жалал-Абад облусунун ИИБ УКЖ кармоонун адамгерчиликсиз шарттарына жана "Кылмыш жасады деген шек менен кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" Мыйзамдын бузулушуна алып келет.

**№2-мисал:** Мунапыс берүү укугун бузуу. Мунапысты колдонууда тиешелүү аракеттерди кечеңдетүү.

Акыйкатчыга 27-мекемесинде жазасын өтөп жатып, "Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 65 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө" КР Мыйзамынын колдонулбаганы тууралуу жаран Д. Б. кайрылган.

Таш-Көмүр шаардык сотунун 22.12.2014-ж. өкүмү менен Д. Б. КЖК 339-беренесинин 2-бөлүгү боюнча (1997-ж.ред.) 3 жылга эркинен ажыратылып, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 24.10.2013-ж. өкүмү боюнча 15 жылга эркинен ажыратылган. Өкүм 2015-жылдын 1-январына мыйзамдуу күчүнө кирген. 03.02.2023-ж. № 27-мекемеси Аламүдүн райондук сотуна жаран Д. Б. карата мунапыс колдонуу боюнча түшүндүрмө берүү жөнүндө арыз менен кайрылган. Аламүдүн райондук соту тарабынан жаран Д. Б. карата мунапыс колдонулбаганы аныкталып, № 27-мекемеси тиешелүү сот өкүмүн аткарууга милдеттендирилип, жаза мөөнөтүн ¼ бөлүгүн кыскартуу керектиги тууралуу токтом чыгарган.

Акыйкатчы институту бир нече жолу № 27-мекемесине суроо-талап, ошондой эле ЖАК төрагасына бул маселени тез арада кылдат иликтеп чыгуу менен, адам укугунун бузулушун чететтүү сунуштары жөнөтүлгөн. Кошумча, Атайын прокуратурага жол берилген мыйзам бузууларды четтетүү жана бузулган укуктарды калыбына келтирүү, мыйзам бузууга жол берген кызмат адамдарына карата тартипке чакыруу ишин козгоо жөнүндө сунуштама жөнөтүлгөн.

2022-ж. 16-мартында жаран Д.Б. Жалал-Абад облустук сотунун чечиминин негизинде камактан чыгарылды.

*ЖАК мекемелериндеги адамдардын 01.01.2023-ж. карата статистикасы*

| № | ЖАК мекемелери | Саны |
|---|---|---|
| 1. | *Жалпы, катуу жана өзгөчө шарттамдагы мекемелер, оорукана - 10* | 4331 |
| 2. | *№ 2(аялдар) мекемеси Степное айылы* | 224 |
| 3. | *Мекеме «Жатак абак» – 10* | 1381 |
| 4. | *ТИЗО (Бишкек, Ош, Каракол, Нарын, с. Норус) -5* | 1601 (79 аял) |
| 5. | *Вознесеновка айылындагы жашы жетелектер үчүн - 1,* | 9 |
| 6. | *Жалал-Абаддагы аялдар (Аялдар жана жашы жетелектер.)- 1* | 28 (20 / 8) |
| | ***Бардыгы:*** | **7574** |

**Аялдардын түзөтү мекемесиндеги көйгөйлөр.** Акыйкатчы 2022-жылдын 28-мартында №2 аялдардын түзөтүү мекемесине барып, жаза өтөп жаткан аялдардын айрымдарынын укуктарынын сакталышын жеринде карады. Жыйынтыгында, эне-балага түзүлгөн шарт жана медициналык камсыз кылуу, тамак-аш маселелерин жакшыртуу керектиги, балдары бар соттолгон аялдарга өкүмдүн аткарылышынын мөөнөтүн өтөө кийинкиге жылдыруу мүмкүнчүлүгү колдонулбай турганы аныкталды. Ошондой эле, соттолгон аялдардын укуктарынын эң чоң чектелиши катары, материалдык зыянды (акча каражат) төлөй албаса, соттор бул аялдарга мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотууну колдонуудан баш тарткан тажрыйбанын калыптанганы.

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштамалары бөлүгүндө белгиленди.*

## 2.4.2.2. Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Тергөө камак жайларында каза болгондор

УКМК тергөө абагында 2022-жылдын июнь айында М. К. жана Б. А. каза болушкан. М. К. "мамлекеттик чыккынчылык" боюнча айып тагылып, иш сотко берилген. Кийинчерээк М. К. ден-соолугу начарлап, ооруканага тез арада жеткирилген, ал жерде өзүнө келбей 2022-жылдын 10-июнь күнү каза болгон. Өлүмдүн расмий себеби "геморрагиялык инсульт". 2022-жылдын 18-июну күнү "коррупция" боюнча айыпталган "Айылбанк" ААК төрагасынын мурдагы орун басары Б. А. тергөө абагында асылган абалында табылган. Өлүмдүн расмий себеби "өзүн-өзү өлтүрүү". Эки учурда тең маркумдардын жакын туугандары бул өлүмдөрдүн расмий себептери менен макул болушкан эмес.

Акыйкатчы тарабынан каза болгон жагдайларды изилдөө максатында, Акыйкатчы институтунун, КАУБ кызматкерлеринен, БП, ССМ, ЖАК жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ түзүлгөн. КР Президентинин тиешелүү буйругу менен, УКМК тергөө абагында өлүм фактыларын иликтөө боюнча жумушчу комиссия түзүлүп, аны Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Э. Байсалов жетектеген. Комиссияга маркумдун жакын туугандары, Акыйкатчынын, Жогорку Кеңештин жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү киришкен.

Акыйкатчы тарабынан түзүлгөн жумушчу топ УКМК СИЗО барып жеринен иликтөө жүргүзкөн, о.э. тергөөчүлөр, маркумдардын туугандары, адвокаттар менен жолугушуу өткөрүшкөн. Жумушчу топко СИЗО кармалгандардын материалдары (жашыруун маалыматтардан тышкары) жана кармалгандардын медициналык карточкалары менен таанышууга мүмкүнчүлүк берилген. Кармалган адамдарды кыдырып жүргөндө ССМ өкүлү катышып, ал камакка алынгандардын абалын текшерип, текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча камактагы эки адам ооруканага жаткырылган.

М. К. өлүмүнө байланыштуу "геморрагиялык инсульттун" расмий себеби аныкталган жана ага карата материалдар жашыруун деп таанылганы, бул өлүмдүн жагдайларын толук изилдөөгө мүмкүндүк берген жок.

Б. А. өлүмү көптөгөн суроолорду жаратты. Жумушчу топтун мүчөсүнө Б. Асанбаевдин өмүрүнүн акыркы мүнөттөрүнүн видео-жазуусу көрсөтүлдү. Бул жагымсыз окуяны териштирүүнү Бишкек гарнизонунун Аскер прокуратурасы жүргүзүп, кылмыш курамынын жоктугуна байланыштуу ишти токтоткон. Аскер прокуратурасы токтомду жокко чыгарып, ишти кошумча иликтөөгө жөнөттү. Бишкек

гарнизонунун Аскер прокуратурасы кошумча тергөө аракеттерин жүргүзүп жана кылмыштын курамын таппай, ишти кайрадан токтоткон.

Ошону менен бирге, Бишкек гарнизонунун Аскер прокуратурасы бузууларды четтетүү жөнүндө сунуш киргизген жана УКМК 26.09.2022-ж. буйругу менен СИЗО башчысына "сөгүш" жарыяланган. Көзөмөл органы тарабынан УКМК СИЗО кызматкерлеринин аракетсиздигине юридикалык баа берилгени менен, маркумдун жакындары өз жанын кыюуга чейин жеткирүү болумушун карманышат. Бул болумуштун себеби, адвокаттын айтымында, Б. А. камакка алуу менен байланышпаган бөгөт коюу чарасын өзгөртүүнү көздөгөн, анткени иштин бардык катышуучулары камактан чыгарылган. Ошондой эле, өз жанын кыюуга бир күн калганда ал тергөөчү менен сүйлөшүүгө чакырылган. Сүйлөшүү убактысы болжол менен 40 мүнөткө созулган, сүйлөшүүдө тергөөчү маркумга кандай талаптар айтылганын бир тараптын өлгөнүнө байланыштуу аныктоо мүмкүн эмес.

Бул болумушту изилдөө максатында жумушчу топ тарабынан тергөөчү расмий түрдө суралып, чакырылган. Бирок жумушчу топко Министрлер Кабинетинин орун басары Э. Байсалов жетектеген комиссия тарабынан суралып бүткөндүктөн, ошондой эле тергөөнүн жашыруундуулугунан улам УКМК тергөөчүсү менен маектешүүгө мүмкүнчүлүк берилген эмес. Жумушчу топтун мүчөлөрү тергөөчү менен жолугушуу жана кылмыш-жаза иши менен таанышуу зарыл деп эсептешкен, анткени мамлекеттик кызматта турбаган адамдарга коюлган "Коррупция" беренеси шек туудурган.

Акыйкатчынын алдында иштеген жумушчу топтун УКМК Тергөө камак жайында өлүмгө алып келген адам укуктарынын абалын изилдөө боюнча жалпы жыйынтыктары:

**1. Конституция кепилдеген ар кимдин ден соолугун коргоо укугунун бузулушу.**

СИЗО штатында медициналык кызмат жана квалификациялуу медкызматчы жок. Бир гана штаттык фельдшер бар, башкача айтканда, медайым ийне сайып, тамчылатып, дары бере алат. Кармалгандардын жабык мейкиндикте кармалганы жүрөк-кан тамыр жана неврологиялык ооруларды, ошондой эле өнөкөт ооруларды козгоору шексиз, аларды дарылоо үчүн квалификациялуу дарыгер болушу керек. Камалгандарды ооруканага жаткыруу процесси жалпы негизде жүргүзүлөрү аныкталды: Ал үчүн СИЗО ССМ кайрылат, министрлик бейтапканаларга кат жолдойт, аны кароодон кийин ооруканага жаткыруу зарылдыгы келип чыкса, ооруканаларга кат жолдонот – бул процесс аз эмес убакытты талап кылат.

Мындай тажрыйба БУУнун камалгандарга карата мамиле жөнүндө Минималдык стандарттык эрежелеринин (Нельсон Мандела эрежелери) 26, 27, 30-32, 34-талаптарын, "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" КР Мыйзамын бузуу болуп саналат.

**Жумушчу топ СИЗО жетекчилигине «ЖАК менен ССМ ортосундагы өз ара аракеттенүүнү күчөтүү жөнүндө» биргелешкен буйрукту иштеп чыгып, бекитүүнү сунушталды. Бул чукул убакта УКМК тергөө абагына камалгандарды ооруканага жаткыруу тез жардам каналдарында ыкчам жүргүзүлөрүнө шарт түзөт.**

**2. Айыпталуучуларды жана соттолгондорду материалдык жана социалдык жактан камсыз кылуу талаптарынын бузулушу.** "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптары так сакталбайт.

**2.4.2.3. Ички иштер органдарынын административдик камакка алууда адам укуктарын жана эркиндиктеринин сакталышы жаатында изилдөө**

ИИО имараттарында кармалган адамдардын укуктарынын сакталышын камсыз кылуу максатында, Акыйкатчынын чечими менен Чүй облусунун ИИББ жана Бишкек шаарынын ИИББ караштуу укук бузуулар үчүн камакка алуу жайларына мониторинг (изилдөө) жүргүзүлгөн. Мониторинг "Чолпон Ай" КФ менен биргеликте өткөрүлгөн.

**Мониторингдин жыйынтыктары төмөнкүнү көрсөттү:**

1. ИИБ нөөмөттүк бөлүктөрүнүн алдындагы административдик кармоонун дээрлик бардык камералары капиталдык оңдоого жана канааттандыраарлык абалга келтирүүгө муктаж.


2. Камалгандарды үч маал тамак-аш менен камсыз кылуу маселеси боюнча ар кандай практика бар экени белгилүү болгон.


3. Санитардык түйүндөр, анын ичинде жуунчу жайлар, дааратканалар, ошондой эле суу менен жабдуу маселелери курч көйгөй бойдон калууда, ошондой эле төшөнчүлөр жана гигиена каражаттары менен камсыз кылуу маселеси да талаптагыдай эмес.

4. Бишкек ш. ИИББ, Чүй облусунун ИИББ камераларды тазалоо боюнча маселе чечилген эмес, анткени аталган башкармалыктарда тазалоочу өзүнчө штаттык бирдиктер жок.

5. Кармалгандардын дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу маселеси аталган мекемелердин ички жоболору менен жөнгө салынбайт.

6. Бул мекемелерде коопсуздукту камсыз кылуу үчүн аудио жана видео байкоо, үнбелги берүү тутумдары орнотулган эмес.




*Кармоо камераларынын техникалык*
*жабдылышынын абалы жөнүндө маалыматтардын таблицасы*

| **КР ИИО ИИБ** | **Камера лардын саны** | **Аянты стандартка ылайык келүүсү** | **Терезенин көлөмү** | **Уктоочу жайлар** | **Желдетү ү** | **Видео, аудио байкоо** | **Сантүйүндү н абалы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. Биринчи Май РИИБ | 2 | Талапка ылайык эмес | Терезе жок | Топчан темир отургучтар | Жок | Жок | канааттандырарлык |
| Бишкек ш. Ленин РИИБ | 3 | Талапка ылайык | Талапка ылайык | Жок | Бар | Бар | Канааттандырарлык эмес |
| Бишкек ш. Свердлов РИИБ | 3 | Талапка ылайык | Терезе жок | Жок | Бар | Бар | Канааттандырарлык эмес |
| Бшкек ш. Октябрь РИИБ | 3 | Талапка ылайык | Талапка ылайык эмес | Жыгач отургучтар, 50 см. | Бар | Бар | Канааттандырарлык |
| Аламүдүн РИИБ | 2 | Талапка ылайык | Терезе жок | Топчан | Жок | Бар | Канааттандырарлык |
| Панфилов РИИБ | 1 | Талапка ылайык | Терезе жок | Топчан | Жок | Бар | Канааттандырарлык эмес |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жайыл РИИБ | 1 | Талапка ылайык | Талапка ылайык эмес | Топчан | Жок | Бар | Канааттандырарлык |
| Токмок ш. ИИБ | 3 | Талапка ылайык | Талапка ылайык эмес | Топчан | Жок | Бар | Канааттандырарлык эмес |
| Ыссык-Ата РИИБ | 1 | Талапка ылайык | Талапка ылайык эмес | Топчан | Бар | Жок | Канааттандырарлык эмес |
| Кемин РИИБ | 1 | Талапка ылайык | Талапка ылайык эмес | Топчан | Жок | Бар | Канааттандырарлык эмес |
| Москва РИИБ | 1 | Талапка ылайык | Талапка ылайык эмес | Топчан | Бар | Бар | Канааттандырарлык эмес |
| Сокулук РИИБ | 1 | Талапка ылайык | Талапка ылайык | Топчан | Жок | Жок | Канааттандырарлык эмес |
| Бишкек ш. ИИБ кабыл алуу-бөлүштүргүчү | 26 | Талапка ылайык | Талапка ылайык | Топчан | Бар | Бар | Жакшы |

Мониторинг жүргүзүүгө камтылган  Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун 13 ИИБ ичинен белгиленген ченемдерге жана талаптарга ылайык келген жалгыз мекеме – Бишкек шаарынын ИИБ кабыл алуучу-бөлүштүрүүчүсү болуп саналат. Бирок ал камакка алынгандарды Бишкек шаарынын райондук ИИБ гана кабыл алат, ал эми Чүй облусунун калган жайлары камакты өтөөнү өз алдынча камсыз кылат.

*Ички иштер органдарынын административдик камакка алууда адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоосу жаатында Акыйкатчынын изилдөөсү менен толук бул https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=3136 шилтеме аркылуу таанышса болот.*

### 2.4.3.4. Пробация кардарларынын укуктарынын сакталышы

Акыйкатчы институту 2022-жылы БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча Башкармалыгынын Программалык кеңсеси менен биргеликте, биринчи жолу соттолгон адамдарды түзөтүү жана кайра социалдаштыруу максатында түзүлгөн пробация мамлекеттик органына изилдөө жүргүзүлгөн.

**Пробациянын аймактык органдарынын кардарлардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо чөйрөсүндө жүргүзгөн мониторингинин жыйынтыктары:**

- аймактык бөлүмдөрдүн кардарларды социалдык-укуктук, психологиялык жардам көрсөтүү жана кайра социалдаштыруу иш-милдеттери өтө төмөн деңгээлде аткарылат деген тыянак чыгарууга болот. Аймактык бөлүмдөрдүн иштеринин негизги бөлүгү өздүк көктөмөлөрдү толтуруу жана бекитилген тартипке ылайык зарыл документтерди чогултуу менен байланышкан.

- мыйзамдарга ылайык кардарларга карата түнкүсүн милдеттүү түрдө үйдө болуу, пробация органынын кызматкерлеринин макулдугусуз административдик-аймактык бирдиктин чегинен чыгууга тыюу салуу ж.б. түрүндө белгилүү бир чектөөлөр белгиленген. Бул чектөөлөрдүн аткарылышына көзөмөл такыр жок, жана бузуулардын мындай түрлөрүнүн далили өздүк көктөмөлөрдү талдоодо табылган жок. Кардарлар үчүн белгиленген талаптардын сакталышын көзөмөлдөө атайын техникалык каражаттарды колдонууда гана мүмкүн болот. Электрондук көзөмөлдү колдонуунун ченемдери жана тартиби бекитилген, бирок бул тутум ушул убакка чейин финансылык каражаттардын жоктугунан ишке киргизилген эмес.

Чындыгында Кардарлар үчүн белгиленген талаптарды сактоо көзөмөлдүн техникалык атайын каражаттарын колдонгондо гана мүмкүн болот. Электрондук көзөмөлдү пайдалануунун ченемдери жана тартиби бекитилген, бирок бул тутум каржы каражаттарынын жоктугунан улам азыркыгаа чейин ишке киргизилбеген.

Пробация органдарынын ишинин сапатынын төмөндүгүнүн себептери:

1. социалдык-укуктук жардам көрсөтүү маселеси боюнча пробация тутумуна кирген мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн начардыгы;
2. кызматкерлердин жетишсиздиги жана дараметтеринин төмөндүгү;
3. райондордо адистештирилген реабилитациялык борборлордун жоктугу;
4. пробациянын кардары тарабынан кайталанган укук бузууларды кайталап жасоо тобокелдигин баалоо тутумунун жоктугу;

5. кайра социалдаштыруу боюнча андан аркы иштер боюнча кардарлар менен иштөөдө жеке мамиленин жоктугу;
6. пробация органдарынын кардарларга психологиялык кызмат көрсөтүү боюнча ишинин жетишсиздиги.

Ошону менен бирге, **Пробация департаменти салыштырмалуу жаңы түзүлгөн мамлекеттик орган экенин эске алуу менен, коюлган милдеттерди ишке ашыруунун натыйжалуулугун жана сапатын күчөтүү үчүн убакыт талап кылынарын түшүнүү абзел.** Кардарларды түзөтүү жана кайра социалдаштыруу боюнча максаттарга жетүү көбүнчө социалдык камсыз кылуу ИИО, БИМ, ССМ жана ЖӨБО көмөктөшүүсүнөн көз каранды экенин баса белгилөө зарыл.

Пробация кардарларынын укуктарынын сакталышынын Акыйкатчынын изилдөөсү менен толук бул https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=3135 шилтеме аркылуу таанышса болот.

## 2.5. Социалдык экономикалык укуктар

### 2.5.1. Аз камсыз болгон үй бүлөлөргө “үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөкпулдун жеткиликтүүлүгү

Акыйкатчы институтунун кызматкерлеринин Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарына болгон иш сапарынын жүрүшүндө тургундар минималдуу киреше боюнча чектөөлөрдөн улам мамлекеттик “үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулунун жеткиликтүүсүз экендиги боюнча нааразылыктарын билдиришкен. Ага себеп, Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу” 2018-жылдын 29- июнундагы № 307 токтомунун 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, эгерде үй-бүлөнүн бир мүчөсүнө киреше **1 миң сомдон ашса, мамлекеттик жөлөкпулду дайындоодон баш тартылат**.

Тактап айтканда, жолугушууда жергиликтүү тургундар иш жүзүндө “үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулдары төмөнкү себептерден улам негизсиз жана орунсуз четке кагылып жатканын билдиришкен:

- эгер жашы жеткен балдары бар үй-бүлө үйдүн ээси болуп саналган, пенсия алган улгайган ата-энелери менен чогуу жашаса, анда бул жерде үй-бүлөнүн жеке турак-жайы жана кирешеси жок экендиги эске алынбайт;

- эгерде ата-энесинин бири чет өлкөгө кеткен болсо, социалдык кызматкерлер тарабынан ата-энеси жумушка орноштубу же жокпу, мындай маалыматтар такталбаса, жөн гана чет өлкөгө чыкты деген жүйө менен жөлөк пул чегирүүдөн баш тартылат;

- эгерде 1000 сомдон ашык жана андан ашык майда киреше (жеке көмөкчү чарбаны сатуудан түшкөн киреше) болсо, мындай кирешелер жашоо минимумунун орточо өлчөмүн да түзбөйт;

- практикада көбүнчө туруктуу жашаган жери боюнча берилет, ошол эле учурда ижара үйдө же батирде жашаган жарандар, башка үйгө ижара шартында көчүп кетсе, маалымат такталбастан, жөлөк пул токтотулат. Ошондой эле, батирде ижарада жашаган жарандарды каттабай жаткан жагдайларлар эске алынбайт. Көп учруда ижарага алып батирде турган, аймактардан келген жарандар жөлөк пулга муктаж болушат;

- жер-жерлердеги көптөгөн жергиликтүү тургундардын мамлекеттик жөлөк пул алуу тартиби жөнүндө маалыматы жок. Аларга мамлекеттик жөлөк пул дайындоодон негиздүү баш тартылганбы же жокпу, толук түшүнүшпөйт. Ошондой эле мамлекеттик жөлөк пулдарды алуудан негизсиз баш тартылган учурда даттануу жол-жобосун билишпейт.

Бул маселе боюнча КР мыйзамдарын талдоодо төмөнкүлөрдү белгилөө керек. Конституциянын 19-беренесине ылайык, мамлекет элдин бакубат жашоосуна жана аны социалдык коргоого камкордук көрөт. Кыргыз Республикасы мамлекеттик пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка социалдык коргоонун кепилдиктерин камсыз кылат.

Конституциянын 44-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, пенсия, социалдык жөлөк пулдар жана башка социалдык жардам мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн эмес жашоо деңгээлин камсыз кылат.

Өкмөттүн токтомуна ылайык, 16 жашка чейинки балдары бар жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) "үй-бүлөгө көмөк" – ай сайын жөлөк пул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо үчүн кепилденген минималдуу кирешенин **өлчөмү 1000 (бир миң) сом суммасын түзөт.**

Ошол эле учурда, мыйзамда:

- аз камсыз болгон үй-бүлө – бул үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн ар айдагы кирешеси кепилденген эң төмөнкү кирешеден төмөн болгон үй-бүлө болуп саналат деп каралган.

**- кепилденген эң төмөнкү киреше** – бул бюджеттик мүмкүнчүлүктөрдүн жана экономиканын абалынын эсебинен аныкталуучу, жашоо минимумун эске алуу менен 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөк пул үй-бүлөлөрдүн муктаждыгы жыл сайын аныкталчу Өкмөт тарабынан белгиленген көрсөткүч. Кепилденген эң төмөнкү кирешенин өлчөмү жыл сайын кайра кароодо **жашоо минимумунун орточо жылдык өлчөмүнө жакындоого тийиш** жана Өкмөт тарабынан бекитилет.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин статистикалык маалыматын карасак, калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимумунун өлчөмү **2022-жылы – 7178,32 сомду түзгөн.**

Мамлекеттик жөлөк пулдарды чектөө жана төлөө жөнүндө жарандардын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча комиссия жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына жана шаардын мэрине отчет берет. Комиссия жарым жылда бир жолу отчеттук мезгилден кийинки айдын 5ине чейин ушул жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына, шаардын мэрине жана социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга отчет берет.

Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча 2022-жылы Комиссиянын отчету жөлөк пул боюнча **562** өтүнүчтү караган, анын ичинен кабыл алынган чечимдердин саны:

- канаатандырылгандын саны – **398**;
- канааттандылбагандардын саны – **152;**
- кошумча кароо үчүн кийинкиге калтырылгандар – 12.

Акыйкатчы институтуна 2022-ж. жөлөк пул маселеси боюнча жарандардан (алардын ичинде майыптыгы боюнча жөлөк пулдар боюнча) **28** кайрылуу келип түшкөн. Акыйкатчы институту өткөргөн териштирүүнүн жыйынтыгы менен айрым үй-бүлөлөрдүн жөлөк пулга болгон укугу ишке ашырылган.

**№1-мисал:** Акыйкатчыга Баткен районун Ак-Татыр айылынын тургуну Б. Р. кайрылып, жолдошу Москва ш. эмгек мигранты экени жана көрсөтүлгөн даректе туруктуу жашабаганына байланыштуу “үй-бүлөгө көмөк” жөлөк пулун төлөө

токтотулганын билдирген. Бул арыз боюнча Акыйкатчынын Баткен облусунун өкүлчүлүгүнүн териштирүүсүнүн жыйынтыгы менен арыз ээсине “ үй бүлөзө көмөк” жөлөк пулун төлөө жандандырылган.

**№2-мисал:** Акыйкатчыдан Жалал-Абад ш. Дача Рассвет көчөсүнүн тургуну А. кызы А. балдарына жөлөк пул алууга жардам берүүнү суранган. Бул кайрылуу боюнча Акыйкатчынын Жалал-Абад өкүлчүлүгүнүн териштирүүсүнүн жыйынтыгы менен 2022-жылдын 1-августунан тарта арыз ээсине «үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулу дайындалып, А. кызы А. «Керемет» банктагы жеке эсебине которула баштаган.

**№3-мисал:** Акыйкатчыга Жалал-Абад ш. тургуну Б. Ф. арыз менен кайрылып, кызы М. Ф. жолдошу менен ажырашып кеткенин жана балдарына жөлөк пул чектөөгө жардам берүүнү суранган. Акыйкатчы институтунун көмөктөшүүсү менен, арыз ээси М. Ф. иш менен камсыз кылуу бөлүмүнө каттоого алынып, М. Ф. балдарына “үй-бүлөгө” көмөк жөлөк пул дайындалган.

**№4-мисал:** Акыйкатчынын атына Араван районунун Мангыт айыл аймагынын Жаңы-Арык айылынын К. Маткеримов көчөсүнүн тургуну С. А. Араван райондук социалдык коргоо кызматы тарабынан ага жөлөк пул төлөнбөй жатканы тууралуу арыз менен кайрылган. Анын уулу Э. Т. 2018-ж Россиянын Москва ш. иштеп жүрүп, сот жообуна тартылып 10 жылга кесилип кеткен. Уулу камалып кеткенден кийин келини Э. Б. 1 баласын арыз ээсине таштап кетип калган, ал 2-класста окуйт. Андан башка кызынын кызы, 2008-ж. туулган Э. А. да арыз ээсинин колунда калган, себеби күйөө баласы ал кыз төрөлгөндөн кийин “меники эмес” деген  доомат менен таштап кеткен. Ал кыз 7-класста окуйт. Учурда кызы да Россияга кеткен, бирок өзүн бага албай кыйналып жүргөнүн апасы билдирген. Андан башка өзүнүн экинчи уулу Н. уулу Б. 25 жашка чыккан жана 2-топтогу майып болгонунан, эч кандай ишке жарабаганын билдирүү менен, Араван районунан майыптуулугу боюнча пенсия ала турганын белгилейт. Анын күйөөсү да 71 жашка чыккан, экөөнүн пенсиясы эч нерсеге жетпегенин, турмуштан кыйналып жатканына карабастан, жөлөк пул чыгарып берилбей жатканын билдирген. Аталган арыз боюнча Акыйкатчы институтунун көмөктөшүүсү менен, 2022-ж. 10-июнунан тартып арыз ээси С. А. неберелерине жөлөк пул дайындалган.

**№5-мисал:** Акыйкатчыга Ош облусунун Ноокат районунун Бел айыл аймагына караштуу Кайрагач айылынын тургуну Ч. И. балдарына жөлөк пул алууда кыйынчылыктар болуп жатканын билдирген. Арыз боюнча Акыйкатчынын Ош облустук өкүлчүлүгү жеринен иликтөө жүргүзгөнүн жыйынтыгында жалгыз бой-эне Ч. И. үй-бүлөөлүк оор шартта 3 баланы төрөп, чоңойтуп жатканы аныкталган. Акыйкатчы институтунун көмөктөшүүсү менен, арыз ээси Ч. И. 3 баласы үчүн ай сайын 3600 сомдон жөлөк пул дайындалган.

**№6-мисал:** Акыйкатчыга Талас облусуна караштуу Талас районунун Талды-Булак айылынын тургуну, 74 жаштагы Ж. К. жазган арызында бүгүнкү күндө 4 небересин жалгыз багып атканын, жолдошу жана кичүү баласы каза болуп калышканын, 4 небересин апасы төрөп коюп эле таштап кеткенин билдирген. Талас райондор эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгына 4 небересине жөлөк пул чыгарууга кайрылса, ошол **каза болгон баласынын машинасы компьютерде көргөзүлгөнүн шылтоолоп, жөлөк пул берүүдөн баш тартылган**. Акыйкатчы институтунун Талас облустук өкүлчүлүгүнүн териштирүүсүнүн алкагында, үй-бүлөгө жөлөк пул дайындоодо алдын ала маалымат тутуму аркылуу текшерүү учурунда К. Ж. баласы А.У. атына эки жеңил унаа ( Форд фокус 2001-ж., Хонда фит 2003-ж.) катталганы аныкталган. Ошол себептен жөлөк пул дайындалган эмес. Хонда фит автомашинасы сатылып, бирок алган адам машинаны өзүнө кататпаганы, о. э. Ж. К. неберелерин багып, өздөрүнө тиешелүү малы, кошумча каражаты жок, балдары менен кыйналып жатканы аныкталган. Акыйкатчы институтунун көмөктөшүүсү менен, арыз ээсинин 2 небересине 2022-жылдын 1-февралынан тартып жөлөк пул дайындалган.

**<u>Жалпы корутунду:</u>**

- “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөк пулуна муктаж жарандарды аныктоодо, белгиленген кепилденген эң төмөнкү кирешенин өлчөмү 1000 сом болуусу жашоо минимумуна туура келбейт**.**
- Кыргызстанда иштеген калктын 70%га жакыны формалдуу эмес сектордо иштешет, бул кирешелерди жашырууга мүмкүндүк түзүүдө. Социалдык кызмат органдары формалдуу эмес иштеген адамдардын кирешелерин иш жүзүндө эске алуу мүмкүн эместигин белгилешет. Ошондуктан жөлөк пулдар тутумуна аз камсыз болгон үй-бүлөлөр кирбей калышы мүмкүн болууда. Ошондой эле, тышкы жана ички эмгек миграциясынын өсүшү жана эмгек мигранттарынын акча которууларынын көлөмүн

эсепке алуунун мүмкүн эместиги кырдаалды курчутууда. Формалдуу эмес иш менен камсыз кылуунун жана тартипсиз миграциялык процесстердин шарттарында социалдык коргоо күчтөрү менен даректүү тутумдун натыйжалуулугун камсыз кылуу мүмкүн эместиги анык.

- Аз камсыз болгондор боюнча жөлөк пулдун толук даректүү берилишин камсыз кылуу үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга формалдуу эмес сектордо иштеген жеке жана юридикалык жактарды аныктоо жана аларды көмүскө экономикадан чыгаруу боюнча тийиштүү иштерди жүргүзүү зарыл.
- Кепилденген минималдуу киреше боюнча белгиленген талаптар жана жогоруда аталган себептерден улам жөлөк пулдан баш тартуу калктын наразычылыктарын арттырууда.
- Экономикалык кыйынчылыктарга карабастан, мамлекет аткаруу бийлигинин атынан өтө муктаж болгон аярлуу жарандар үчүн мамлекеттик жөлөк пулдардын бардык түрлөрүнүн даректүүлүгүнө байкоо жүргүзүүнү оптималдаштыруу, жеткиликтүүлүк механизмин жакшыртуу боюнча конкреттүү чараларды көрүүгө тийиш.
- Мамлекеттик жөлөк пулдарды чектөө үчүн кайрылуунун тартиби жана мамлекеттик жөлөк пулдарды чектөөнүн тартиби жөнүндө, ошондой эле 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) – ай сайын берилүүчү "үй-бүлөгө көмөк" жөлөк пулга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө жер-жерлерде калкты маалымдоого көңүл буруу маанилүү.

## 2.5.2. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктары

Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт психикалык ден соолуктун эң жогорку стандартына жетишүү укугун юридикалык жактан милдеттүүлүгүн негиздейт. Психикалык бузулуулардан жапа чеккен жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, укук коргоо ишмердигинин маанилүү өңүтү болуп саналат. 1991-жылдын 17-декабрында БУУнун психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психикалык саламаттыкты сактоону жакшыртуу принциптерин бекиткен, анда бардык адамдар саламаттыкты сактоонун, билим берүүнүн жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бир бөлүгү болгон квалификациялуу психикалык саламаттыкты

сактоого укуктуу. Психикалык ден соолук укугу башка милдеттенмелерди акырындык менен аткаруу үчүн атайылап, конкреттүү жана максаттуу чараларды көрүү боюнча токтоосуз милдеттерди да, талаптарды да камтыйт.

Кыргыз Республикасы эл аралык келишимдердин катышуучусу катары өзүнүн мыйзамдары, мамлекеттик саясаты, мамлекеттик программалары менен психикалык ден соолук укугун камсыз кылуу боюнча өзүнө алган милдеттенмелерин ишке ашырууга жана коргоого милдеттүү. Азыркы учурда Кыргыз Республикасында психиатриялык жардам "Психиатриялык жардам жана аны алууда жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" КР Мыйзамынын жана Өкмөттүн 2018-2030-жылдарга КР калкынын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча программасынын негизинде жүзөгө ашырылат. ССМ карамагында төмөнкү медициналык психиатриялык мекемелер иштейт: Республикалык психиатрия жана наркология борбору, Ош жана Жалал-Абад психиатриялык ден соолук борбору 2 Республикалык психиатриялык ооруканар Чым-Коргон жана Кызыл-Жар айылдары. Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлигинин алдында чоңдор жана балдар үчүн психо-неврологиялык социалдык стационардык мекемелер иштейт.

2022-жылдын январь айынан аягына карата КР психиатриялык уюмдарында 51 207 адам диспансердик каттоодо турган (29 656 – эркек, 21 551 – аял), алардын ичинен 5 717 – 14 жашка чейинки балдар. “Психиатриялык жардам жана аны алуудагы жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” КР Мыйзамында, психиатриялык жардам көрсөтүүчү мекеменин жана адамдардын ишмердүүлүгүн каржылоо мамлекеттик бюджеттен, милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунан жана психиатриялык жардамдын кепилденген деңгээлин жана жогорку сапатын камсыз кылуучу өлчөмдөрдө, КР Мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржыланат. Мындан тышкары, эл аралык мыйзамдар да психиатриялык мекемелерди жетиштүү каржылык ресурстар менен камсыз кылуу зарылдыгын көрсөтүп турат.

Мисалы, Психикалык оорулууларды коргоо жана психикалык саламаттыкты сактоону жакшыртуу принциптеринде психикалык саламаттыкты сактоо мекемеси башка саламаттык сактоо мекемелериндей эле ресурстарга, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, жеткиликтүү болушу керек деп айтылат:

а) ар бир пациентке жеке жашоо шарттарын камсыз кылуу жана дарылоонун зарыл жана жигердүү курсун жүргүзүү үчүн квалификациялуу медициналык кызматчынын жана башка тиешелүү адистердин жана адекваттуу каражаттардын жетиштүү саны;

б) пациент үчүн диагностикалык жана терапиялык жабдуулар;

в) адистер тарабынан талаптагыдай тейлөө;

г) адекваттуу, үзгүлтүксүз жана комплекстүү дарылоо, анын ичинде дары-дармек менен камсыз кылуу.

Бирок айкын кырдаал, каражаттын жетишсиздиги бейтаптардын жогоруда көрсөтүлгөн кепилдиктер менен укуктарынын бузулушуна алып келүүдө. Акыйкатчы жарандардын укуктарынын сакталышы боюнча жылдык баяндамаларында бул маселени бир нече жолу көтөргөн. Белгилей кетчү жагдай, 2022-жылга карата кээ бир медициналык психиатриялык мекемелеринин инфратүзүмдөрү жакшыртылган.

Токмоктогу №1 социалдык стационардык мекемесинде (Искра айылы) каржылоо жетишсиз болгонуна байланыштуу «Аккорда» жеке мекемеси демөөрчүлүк жардам көрсөтүп, 1 200 000 (бир миллион эки жүз миң) сомдук жылытуу от казанын сатып берген. Республикалык психиатриялык оорукананын кызматкерлеринин айлыктары менен тамак-аш сатып алуу мүмкүнчүлүктөрү жогорутулган, бирок дары-дармек сатып алуу үчүн каржылоосу мурунку жылдарга салыштырмалуу төмөндөгөнү байкалган:

2020-ж.- бардыгы 45 658 700 сом, анын ичинен, эмгек акы – 29 741 472 сом, дары-дармек сатып алуу – 2 213 514 сом, тамак-аш сатып алуу – 5 464 254 сом.

2021-жалпы 51 359 200 сом, анын ичинен, эмгек акы – 32 704 014 сом, тамак-аш сатып алуу – 7 799 652 сом, дары-дармек сатып алуу – 2 173 198 сом.

2022-жалпы 75 219900 сом, анын ичинен эмгек акы – 49 150 757 сом, тамак-аш сатып алуу – 8 856 206 сом, дары-дармек сатып алуу – 1 825 891 сом.

ССМ жана Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлигинин социалдык стационардык, медициналык нейро-психиатриялык мекемелеринин аймактык борборлоштурулган жайгашуусу, негизинен – Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шаарларында, мындай көрүнүш психикасы бузулган адамдардын укуктарынын бузулушуна алып келүүдө. Анткени, психикалык жактан оорулуу адамдардын укуктарын коргоо принциптери төмөнкүлөрдү камсыз кылат.

1. Ар бир пациенттин мүмкүн болушунча өзү жашаган коомдо дарылануута жана кам көрүүгө укугун.

2. Пациент психиатриялык мекемеде дарыланууда мүмкүн болушунча өзүнүн үйүнүн же туугандарынын же досторунун үйүнүн жанында дарылану укугун жана мүмкүн болушунча тезирээк өз жамаатына кайтып келүү укугун.

Улуттук мыйзамдардын ченемдери ошондой эле психикалык бузуулардан жапа чеккен адамдардын эң аз чектелген шарттарда, мүмкүн болсо жашаган жери боюнча

психикалык ден соолукту сактоо укугуна кепилдик берет. Бирок адистештирилген неврологиялык мекемелердин жогоруда көрсөткөндөй жайгашуусу, бул мекемелерде дарыланып жаткан адамдардын жакындарынын баруусун кыйындатат.

Психо-неврологиялык мекемелер 20-кылымда курулган имараттарда жайгашкандыктан, аларда орун жетишсиз. Стационардык мекемелерде белгиленген нормаларга ылайык, 1 керебетке талап кылынган аянт 6 кв.м болушу керек. Бирок чындыгында көптөгөн психо-неврологиялык социалдык-медициналык мекемелерде бир керебеттин аянты нормадан төмөн – 4-5 кв.м. түзөт. Мындай шарттар бейтаптардын эркин жүрүүсү үчүн жетиштүү мейкиндиктин жоктугуна, жеке жашоо мүмкүнчүлүгүн чектөөсүнө алып келет. Психиатриялык стационарларда психиатрлардын, медициналык кызматчылардын, социалдык кызматкерлердин жетишсиздиги байкалат, бул психиатриялык жардамдын сапатын олуттуу төмөндөтөт, дарылоону индивидуалдаштырууга жол бербейт жана пациенттердин коопсуздугуна терс таасирин тийгизет. Психиатриялык жардамдын жарым-жартылай стационардык жана стационардан тышкаркы түрлөрүнүн тутму (эң аз чектөөчү шарттарда психиатриялык жардам көрсөтүүнүн негизги талаптары) өнүккөн эмес.

Ал эми жарым стационардык шарттарда социалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча 5 борбор түзүлгөн. Диспансерлерде психотерапевттер, психологдор, юристтер жана социалдык кызматкерлер жетишсиз, күндүзгү стационарлар өтө аз, психикалык жактан жабыркаган жана социалдык байланыштары үзүлгөн адамдар үчүн жатаканалар жок. Натыйжада, медициналык муктаждык жок болсо да, ооруканаларда негизги психикалык саламаттыкты сактоо кызматы көрсөтүлө берет.

Психикалык жактан бузулган адамдарды социалдык-эмгектик реабилитациялоо тутуму иштебейт, бул алардын жамаатта жашоого ыңгайлашуусун кыйындатат. Анткени, психикасы бузулган адамдардын баары эле майып эмес.

КР мыйзамдарынын ченемдери эмгек терапиясы үчүн медициналык жана өндүрүштүк ишканаларды түзүүгө, жаңы кесиптерге окутууга жана психикалык жактан жабыркаган адамдарды бул ишканаларга ишке орноштурууга кепилдик берет. Бирок, Өкмөттүн 2018-2030-жылдарга КР калкынын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча Программасында мамлекеттин жогорудагы милдети чагылдырылган эмес, ага ылайык, бул укукту ишке ашыруу боюнча чаралар психикасы бузулган адамдарга камсыз кылынбайт.

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштамалары баяндаманын сунуштар бөлүгүндө.*

## 2.6. Сот адилеттигине жетүү

### 2.6.1. Адилеттүү соттук териштирүүгө укуктун сакталышына сереп

Ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет.

“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 11-пунктуна ылайык, Акыйкатчы бардык баскычтардагы соттордун отурумдарына, анын ичинде, соттук териштирүү анын кызыкчылыгы үчүн жабык деп жарыяланган адамдын макулдугу менен жабык сот отурумдарына катышууга укуктуу.

Акыйкатчынын өкүлдөрү өздөрүнүн кызматтык ыйгарым укуктарынын чегинен чыкпастан, соттук териштирүүгө мониторинг жүргүзүүдө төмөнкү адам укуктарынын сакталышына көңүл бурушат:

*сот өндүрүшүндө процессуалдык мыйзамдардын талаптарынын сактоо;*
*күнөөсүздүк жоромолун (презумпциясын) сактоо;*
*иштин жагдайларын ар тараптуу, толук жана объективдүү изилдөөгө шарт түзүү;*
*соттолуучунун коргонуу укугун камсыз кылуу;*
*соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулугу;*
*сот өндүрүшүнүн тилин камсыз кылуу;*
*мыйзам жана сот алдында бардыгынын теңдиги жана тараптардын тең укуктарын сактоо.*

Акыйкатчынын дарегине 2022-ж. сот тутумуна байланыштуу жалпы **1311** кайрылуу келип түшкөн, анын ичинен, Борбордук Аппаратка – 604, ал эми аймактар боюнча, Ысык-Көл обл. – 113; Чүй обл. – 282; Ош обл. – 94; Нарын обл. – 38; Баткен обл. – 29; Талас обл. – 23.

Кайрылуулардын 80%ы сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүгө байланыштуу болсо, калганы сот чечимдерине наарazылык же болбосо сот чечимдерине макул эместик тууралуу, соттордун аракетине же аракетсиздигине байланыштуу. Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүдөн сырткары, Акыйкатчы институтунун

кызматкерлери адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөлдөө жүргүзүү менен, соттун чечимдерине *(аныктамаларына, өкүмдөрүнө, токтомдоруна)* даттануу мөөнөттөрүн туура жол менен калыбына келтирүү жана мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алуу боюнча консультацияларды да берип жатканын баса белгилей кетүү зарыл. Акыйкатчы өзү же институт кызматкерлери 2022-ж. ичинде 500дөн ашык оозеки укуктук кеңеш берген.

Сот процесстерине мониторинг негизинен биринчи инстанциядагы соттордо жүргүзүлгөн (БА)
Биринчи инстанциядагы сотто – 318 (65%);
Экинчи инстанциядагы сотто – 120 (24,5%);
Үчүнчү инстанциядагы сотто – 51 (10,5%).

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү боюнча 489 арыздын ичинен:
297 – жарандык укуктук мамилелер боюнча сот отурумдарына;
147– жазык иштери боюнча сот отурумдарына;
45 – административдик сот өндүрүштөрүнө.

**Акыйкатчы институту тарабынан сот отурумдарында адам укуктарынын сакталышы боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарын талдоо төмөнкүдөй жыйынтыктарды көрсөттү.**

1. Биринчи баскычтагы инстанциядагы соттук отурумдарда төмөнкүдөй мыйзам бузууларга жол берилгени аныкталган:
*соттук иштерди кароонун мөөнөттөрү бузулган;*
*тараптардын тең укуктуулугу жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү;*
*далилдерди объективдүү жана ар тараптуу изилдөө укугу;*
*сот отурумдарынан видео жазууну алууда болгон кыйынчылыктар.*

**Соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин жыйынтыгы боюнча 489 арыздын 106сы боюнча, башкача айтканда, 22%га жакыны ар кандай себептер менен отурумдар кийинки убакытка жылдырылганы белгилейбиз (БА).**

**Сот отурумдар кийинки убакытка жылдырылган себептер:**

Күбөлөрдүн келбегенине байланыштуу – 6 жолу;

Тараптардын келбейгенине байланыштуу – 9 жолу;

Айыпталуучунун келбейгенине байланыштуу – 2 жолу;

Жабырлануучунун жоктугуна байланыштуу – 6 жолу;

Адвокаттардын келбейгенине байланыштуу – 19 жолу (анын ичинде жаңы адвокаттын келиши менен);

Судьянын келбейгенине байланыштуу – 15 жолу (оору, окуу, семинар же башка себептер боюнча);

Прокурордун келбейгенине байланыштуу – 7 жолу;

Иштин материалдары менен таанышуугу байланыштуу – 14 жолу;

Мамлекеттик органдарынын өкүлдөрүнүн жоктугуна байланыштуу – 13 жолу;

Белгисиз себептерге байланыштуу – 15 жолу.

**№1-мисал: В.Т.** ***(жабырлануучу)*** **кылмыш-жаза сот иши, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун бешинчи судьясында иш каралган. Бул иштин 2022-жылдын декабрь айына карата** ***(2020-жылдын 14-майындагы биринчи соттук териштирүү башталгандан бери)*** **61 сот отуруму белгиленгенги аныкталды.**

Негизинен процессуалдык мыйзамдардын талаптары боюнча, дайындалган убакта төрагалык кылуучу судья соттук отурумду ачат жана кайсы иш териштирүүгө жатарын жарыялайт. Сот жыйналышынын башталуу убактысы сот тарабынан соттун чакыруу кагазында, ошондой эле ишти өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө аныктамаларда чагылдырылат.

**Бирок иш жүзүндө процесстин катышуучулары соттун далистеринде кошумча убакыт өткөрүүгө аргасыз болушат, ар бир төртүнчү учурда судьялар соттук териштирүүнү кеч баштайт.**

Акыйкатчы 2022-жыл ичинде сот тутумунда адам укуктарынын бузулуу учурлары боюнча 6 көңүл буруу актысын жөнөткөн, анын ичинен Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясына **3** көңүл буруу актысы; Жогорку Сотко караштуу Сот департаментине **3** көңүл буруу актысы. Бирок, көрсөтүлгөн тараптар тиешелүү чара көрүүдөн баш тартышкан.

### 2.6.2. Соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүнүн бузулушу

Судья ишти соттук териштирүүгө дайындоо жөнүндө токтом чыгарылган күндөн тартып 14 суткадан кечиктирбестен, сот арачыларынын катышуусу менен сотто каралуучу кылмыш-жаза иштери боюнча 30 суткадан кечиктирбестен ишти кароону баштоого тийиш. Коркунучтуулугу аз кылмыш жөнүндө кылмыш-жаза иши судья тарабынан маңызы боюнча бир айдан кечиктирилбестен, ал эми анча оор эмес, оор же өзгөчө оор кылмыштар жөнүндө иш – 2 айлык мөөнөттө, ал эми сот арачыларынын катышуусу менен сотто каралуучу кылмыш-жаза иштери боюнча иш – кылмыш-жаза иши сотко келип түшкөн күндөн тартып 3 айлык мөөнөттө чечилүүгө тийиш.

**Акыйкатчы институту соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин жыйынтыктарын жана келип түшкөн даттанууларды талдоо көрсөткөндөй, азыркы учурда сот адилеттигин ишке ашырууда, соттук териштирүүдө процессуалдык мөөнөттөр бузулган фактылары орун алган.**

**№1-мисал:** Орус Федерациясынын жараны В.Т. арыз менен кайрылган, ал өз кайрылуусунда Бишкек ш. Свердлов райондук сотунун судьялары тарабынан жазык ишинин көп жыл создуктурулушуна наразы болуп, КЖПК талаптары жана анын конституциялык укуктары одоно бузуп жатканын, ошондой эле райондук соттун төрагасы тарабынан соттун создугуусуна байланыштуу тиешелүү чара көрүлбөгөнүнө наразылыгын билдирген. Тергөөнүн корутундусуна ылайык, Р.Г.Ю. КР Жазык кодексинин 166-беренесинин 3-бөлүмүндө каралган кылмышты жасаган деп айыпталган. Айыптоо бекитилген жана жазык иши **2017-жылдын 29-мартында сотко жөнөтүлгөн.**

2017-жылдын 11-майында ал “кылмыш куугунтугунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенден” ишти токтотулган. Жогорку сотунун жазык иштери боюнча коллегиясы 2017-жылдын 19-сентябрында биринчи жана экинчи инстанциянын сот актыларын жокко чыгарып, өзүнүн аныктамасында бир катар башка процесстик бузууларды жана жабырлануучунун укуктарын, айрыкча ага материалдык зыяндын ордун толтуруу бөлүгүн бузганын көрсөткөн. Иш жаңы кароого келип түшкөн, ал аны КЖПК көрсөтүлгөндөй эки айдын ичинде эмес, 5 айдын ичинде караган. Соттун чечими менен иш кайра тергөөгө жиберилген.

Жазык иши 2018-жылдын 27-июнунда Бишкек ш. Свердлов райондук сотуна **экинчи кароого,** судья Р. Саткынбаевге келип түшкөн. Бирок айыпталуучу Р. Г. Ю. жогорку сот инстанцияларына даттанууларды катарлап келтиргенине байланыштуу сот иши созулган. Иш 2018-жылдын 22-сентябрында **үчүнчү кароого,** судья Р. Саткынбаевге кайра келип түшкөн жана ал 6 айдын ичинде бул жазык ишин карай албай калган жана 2019-жылдын 1-январынан тартып тергөө судьясы болуп дайындалган.

Жазык иши2019-жылдын 8-февралында **төртүнчү** ирээт Свердлов райондук сотунун жаңы судьясы Г. Тургунбековага берилип, биринчи процессти судья Г. Тургунбекова 2019-жылдын 21-августунда өткөргөн (башкача айтканда, кылмыш ишин алгандан 6 жарым ай өткөндөн кийин). Судья Г. Тургунбекованын төрагалыгы менен жазык ишин кароо эки айлык мөөнөттү бузуу менен, 2020-жылдын 26-февралына чейин созулган (башкача айтканда бир жылдан ашык). Андан кийин судья Г. Тургунбекованы Бишкек шаарынын башка райондук сотуна иш сапарга жөнөтүшкөн.

Айыпталуучу Р. Г. Ю. карата жазык иши 2020-жылдын 13-мартында Бишкек ш. Свердлов райондук сотунун **бешинчи** судьясы А. Кадыркуловаын кароосуна келип түшкөн. Биринчи процесс 2020-жылдын 14-майына белгиленип, 2020-жылдын 14-майынан тартып 2022-жылдын декабрь айына карата 61 сот отуруму дайындалган, алардын ичинен: 61 отурумдун бири да белгиленген убакытта башталбай, отурумдар көбүнчө 20 мүнөттөн 45 мүнөткө чейин кечигүү менен болуп келген. Белгилей кетсек, судья Кадыркулова А.К. бул процесс үчүн жарым сааттан бир саатка чейин, сейрек учурларда гана бир аз көбүрөөк убакыт бөлгөн. Ошондуктан процесстин көбү 15-30 мүнөттү гана түзгөн.

Учурда бул кылмыш ишин Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы Г. Тургунбекова улантып кароодо.

**Ал эми Акыйкатчы институту бул ишти кароого алгандан бери, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссияга чара көрүү актысын келтирген, биринчи инстанциянын судьясы (И. Гилязетдинова) жана экинчи инстанциянын судьялары (Ж. Мамбеталы, Н. Чериков, С. Бектемиров) жол берилген процессуалдык тартип бузууларга жана доочунун укуктарынын бузулушуна карата тартиптик жоопкерчиликке тартылышкан.** Сот процесстерине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жана В. Т. кайрадан даттануусунун алкагында, Акыйкатчы институту тарабынан КР ЖПК каралган соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүн сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылуу жиберген.

**№2 мисал:** Э. Ш. кылмыш иши боюнча соттук териштирүүлөр 2019-жылдан тартып, бул кылмыш иши бир жарым жылдан ашык убакыттан бери Чүй облустук сотунда кылмыш-жаза иштери жана жоруктар боюнча соттук коллегиясында каралууда. Сот ишинин каралышы Акыйкатчынын Аппараты тарабынан көзөмөлгө алынган.

**Жалпы корутунду:** Акыйкатчы сот тутумун иштерди кароонун процессуалдык ченемдерин кыйшаюусуз сактоого чакырат. Себеби, жогоруда аталган мисалдай жылдап созулуп каралып жаткан сот иштери көп, мындай жагдайда өзгөчө социалдык аялуу топтордун өкүлдөрү өзүнүн сот адилеттигине жетүү укугунан ажырап жатышат. Жогорку сот тез арада соттордун процессуалдык мөөнөттөрдү сактоо тажрыйбасын талдап, тиешелүү зарыл чечимдерди кабыл алуу менен, айкын иш-аракеттерди көрүшү керек.

## 2.6.3. Соттордун кабыл алынган чечимдеринин аткарылышында адам укугунун бузулушу

Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимдери бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жеке адамдар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш. Сот өзү кабыл алган соттук чечимдердин жана жеке аныктамалардын аткарылышын көзөмөлдөйт. Соттук чечимдерди аткарбоо, талаптагыдай эмес аткаруу же болбосо аткарууга тоскоолдук кылуу мыйзам менен белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

Соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүн, соттук чечимди же башка соттук актыны белгиленген мөөнөттө аткарбагандык – жүздөн үч жүз саатка чейинки коомдук иштерге же болбосо бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө же 200дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Акыйкатчы институтунун сот адилеттүүлүгүнө жетишүүдө адам укуктарынын сакталышы боюнча жүргүзүлгөн ишинин алкагында соттун чечимдерин аткарбоо, талаптагыдай эмес аткаруу же болбосо аткарууга тоскоолдук кылуу боюнча адам укугун бир катар бузулуулар аныкталган.**

**№1-мисал:** Акыйкатчыга 1939-жылы туулган жаран К. М. турак жайга болгон бузулган укугун коргоо өтүнүчү менен жана карыздар тарабынан сот актысын аткарылбаганына даттануу менен кайрылган. Анда 2013-жылы жаран К. Б. анын бир бөлмөлүү батирин сатып, түшкөн акчасын кайтарууга, ошол эле учурда бир жылдын ичинде ага эки бөлмөлүү батир сатып берүүгө убада кылган. Күбөлөндүрүлгөн милдеттенмелер аткарылбаганына байланыштуу бул маселе Бишкек ш. Биринчи май райондук соту тарабынан каралган. 2017-жылдын 22-сентябрында доочунун пайдасына 2 821 400 сом өндүрүү чечими чыгарылган (чечим Жогорку соттун актысы менен күчүндө калтырылган). Белгилей кетсек, аталган сот актысынын алкагында карыздар 2022-жылга карата болгону 50 000 сом төлөгөн. Карыздардын төлөөгө жөндөмсүздүгү, ошондой эле кыймылдуу/кыймылсыз мүлкүнүн жоктугу соттук актыны аткарбоонун себеби болуп келет. Соттун чечимин аткарбагандыгына байланыштуу карыздарга 1000 сом өлчөмүндө административдик айып салынган.

Натыйжада жаран К.М. 2013-жылдан тартып ижарага алынган батирлерде күн кечирип келет. Бирок, 10 жылдан бери бардык аракеттер ийгиликсиз бойдон калууда. Иштин жагдайына ылайык, бүгүнкү күнгө чейин жоопкер тараптын атында кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк катталбаганынан жана анын **иш аракетинде кылмыштын курамы жоктугунан** чечилген жок. Арыздануучу ушул эле маселе боюнча Президентке жана УКМК жазган арыздарынын мааниси боюнча каралышы Бишкек ш. Ленин райондук прокуратурасында иликтенип, 2022-жылдын башында жопкердин иш-аракетинде кылмыштын курамы жоктугунан иш токтогон.

**№2-мисал:** Акыйкатчы институтунда Каракол ш. тургуну С. М. өзүн жана бардык үй-бүлө мүчөлөрүн алар ээлеген батирден мыйзамсыз чыгарылганына байланыштуу даттануусу көп жылдан бери каралууда.

Ал батир 1997-жылы ордер боюнча С. М. Каракол ш. мэриясы тарабынан анын авариялык абалдагы жер участогунун ордуна берген. Кийинчерээк, бул батир талашка айланып, 1999-жылдан бери сот иштери жүрүүдө.

**Соттук териштирүүлөрдүн натыйжасында Ысык-Көл облустук сотунун 19.09.2008-ж. чечими менен С. М. Каракол ш., Кутманалиев көч., 149-үй, 2-кв. дареги боюнча жайгашкан турак-жайдан чыгаруу чечими чыгарылган, ошол эле учурда Каракол ш. мэриясы ага башка теңдеш баадагы турак-жай берүүгө милдеттендирилген.**

Бирок **14** жылдан бери Каракол шаарынын мэриясынын кызмат адамдары тарабынан "мэриянын теңдеминде турак-жай батирлеринин жок" деген шылтоо менен, Ысык-Көл облустук сотунун С. М. турак-жай берүү боюнча 2008-ж. чечими аткарылбай келет. **С. М. маалыматы боюнча, андан алынган жерге Каракол ш. мэриясы эки кабаттуу төрт турак үйлөрдү курган, бирок С. М. анда да батир берилген эмес.**
Азыркы учурда Жогорку соттун чечимине ылайык, С. М. ээлеген турак-жайынан чыгарылууда. Башкы прокуратура Акыйкатчы институтуна Каракол ш. мэриясынын теңдеминде башка теңдеш баадагы турак-жайдын жоктугунан улам Каракол ш. мэриясы жол берген адам укугунун бузуулушун четтете албастыгын билдирген.

**№3-мисал:** Жаран Н. Ж. Таш-Мойнок мойнок айыл өкмөтүнүн мыйзамсыз иш-аракеттеринен улам жер участогун менчикке акысыз алууга жана аны 12 жылдан бери жол-жоболоштурууга бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү жөнүндө кайрылган.
Акыйкатчы институту Чүй облусунун Аламүдүн районунун прокуратурасынын Таш-Мойнок айыл өкмөтүнө карата №137 03.03.2010-жылдагы Толеев Нуржан Джекшеновичтин атына берилген токтомун жараксыз деп таануу жөнүндө административдик доосу боюнча сот отурумдарына мониторинг жүргүзгөн.
Бул окуя менен иш алып барууда төмөнкүлөр аныкталган: Н. Ж. берилген документтер иликтенип, алардын ичинен Н. Ж. жана офицердик курамдын үйлөрүндө жашаган башка кошуналар Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн башчысынын уруксаты менен турак үйлөрдүн маңдайында жайгашкан Беш-Күңгөй айылы, 44549 а\б дареги боюнча 1992-жылдан бери жайыт жерлерин пайдаланышкан. Н. Ж. 05.04.2006-жылы арыз жазып, керектүү документтерди Таш-Мойнок айыл өкмөтүнө үй куруу үчүн жер тилкесин алууга тапшырган. Таш-Мойнок айыл өкмөтү 20.10.2010-ж. №139 токтомунун жана №124 жер комиссиясынын актысын негизинде 27.10.2010-ж. Н. Жиленкого жер тилкесин берген. Н. В. Ж. кызы Т. В. Ж. ишеним каты менен бардык документтерди өз убагында Чүй облусунун Аламүдүн районунун мамлекеттик реестирине тапшырган (бул тууралуу тилкат жана квитанция бар). Ошол мезгилден тартып Н. Ж. архитектура, мамкаттоо жана айыл өкмөтү сыяктуу ар кандай инстанцияларга жиберишкен. Бул баш аламандык боюнча ал Чүй облусунун райондор аралык сотуна кайрылган жана **соттун 9.12.2016-жылдагы чечими менен** Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн Н. Ж. менчигине жер участогун берүү жөнүндө чечим кабыл алуудагы аракетсиздиги мыйзамсыз деп таанылган. Ушул эле чечим менен Таш-

Мойнок айыл өкмөтү Н. Ж. укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, 24.08.2016-жылкы жана 26.10.2016-жылкы арыздарын кароо жолу менен четтетүүгө милдеттендирген. Соттун чечими чыккандан кийин, ай сайын Н. Ж. Таш-Мойнок айыл өкмөтүнө кат жазып, Чүй облусунун райондор аралык сотунун чечимин аткарууну талап кылган. Н.Ж. 02.03.2017-жылы Чүй облусунун Аламүдүн районунун прокуратурасына Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн жогоруда аталган соттун чечимин аткарбаганы жөнүндө арыз менен кайрылууга аргасыз болгон.

Н. Ж. 2017-жылы берилген жер участогуна Т. Н. Дж. жарандын атына №137 Таш-Мойнок айыл өкмөттүн 03.03.2010-ж.токтому берилгени билинген. Чүй облусунун Аламүдүн районунун прокуратурасы тарабынан 20.08.2019-ж. документтерди жасалмалоо фактысы аныкталган. Бишкек шаарынын административдик сотунун 12.04.2022-ж. чечими менен Чүй облусунун Аламүдүн районунун прокуратурасынын Таш-Мойнок айыл өкмөтүнө карата Т. Н. 03.03.2010-ж. берилген №137 токтомун жараксыз деп таануу жөнүндө административдик доо канааттандырылган. Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн №137 03.03.2010-ж. токтому жараксыз деп таанылган. 03.03.2010-ж. №137 токтомунун фальсификациясы аныкталганда жер комиссиясынын №137 токтому (күчүн жоготту деп таанылган) менен ошол эле күндөгү №37 токтому жана №144 актысы пайда болгон. Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-мартындагы N37 токтомунда Т.Н.Дж. наамына фальсификациянын изи, тактап айтканда, 1 саны өчүрүлгөн. Ошентип, бир тилкеге 2 токтом бир эле адамга бир күндө чыкканы ашкереленген. Прокуратура тарабынан 137-токтомду жасалмалоо фактысы аныкталып, экинчи 37-токтом (мында 1-саны алынып салынган), андан кийин карама-каршылык боюнча суроолор келип чыкканда, жер комиссиясынын 30.12.2009-ж. актысы пайда болгон.

Жогорудагыларды эске алуу менен, Акыйкатчы институту тарабынан Башкы прокуратурага 2022-жылдын 11-октябрында тиешелүү кат жөнөтүлгөн. 2022-жылдын 20-декабрында Чүй облусунун прокурорунун орун басары З. Бейшекеев Акыйкатчыга 2022-жылдын 6-октябрында Аламүдүн РИИБ КЖК 246-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун негизинде, б. а. айыпкер катары тартылып жаткан адам аныкталбаганына байланыштуу сотко чейинки өндүрүштү токтотулганын билдирген. 2022-жылдын 29-ноябрында райондук прокуратура тарабынан сотко чейинки өндүрүш боюнча тергөөнү токтотуу жөнүндө токтом жокко чыгарылып, иштин материалдары

көрсөтмөсү менен кошумча тергөөнү уюштуруу үчүн райондук ички иштер бөлүмүнө жөнөтүлүп, учурда тергөө амалдары жүрүп жатат.

Бул мисал, жаран Н. Ж. Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн мыйзамсыз иш-аракеттеринен улам жер участогун менчикке акысыз алууга жана аны 12 жылдан бери жол-жоболоштурууга болгон укуктарын ишке ашырылбай, сот чечимдери аткарылбай келүүдө.

### 2.6.4. Акыйкатчынын макамын бузуу жана кызматтык ишине тоскоолдук кылуу

Акыйкатчы бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарына, анын ичинде, соттук териштирүү анын кызыкчылыгы үчүн жабык деп жарыяланган адамдын макулдугу менен жабык сот отурумдарына катышууга укуктуу. Бийлик адамы Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылып, Акыйкатчы талап кылган баяндамаларды, ошондой эле иликтөө үчүн керек болгон актылар менен административдик документтерди берүүдөн баш тартса же шалакылыкка жол берсе, Акыйкатчы тиешелүү чара көрүү максатында БП көңүл буруу актысын жөнөтөт.

Белгилүү болгондой, Акыйкатчы адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына **парламенттик көзөмөлдөө жүргүзүүдө** – укуктун үстөмдүгүн жүзөгө ашыруу анын түздөн-түз милдети болуп саналат.

Эл аралык стандарттарга ылайык, Акыйкатчы – кайсы бир бийлик бутагына кирбеген көз карандысыз Улуттук укук коргоочу мекеме катары белгиленген. Эл аралык деңгээлде таанылган **Париж, Белград жана Венеция принциптеринде** Акыйкатчынын статусу боюнча төмөнкүлөр камтылган:

Улуттук укук коргоо институтуна – Акыйкатчыга мүмкүн болушунча кеңири ыйгарым укуктар берилет;

Акыйкатчынын дискрециялык ыйгарым укуктары бар, ал өз демилгеси боюнча же арыз берүүнүн натыйжасында болгон иштерди, административдик чараларды тийиштүү түрдө эске алуу менен иликтейт;

Акыйкатчынын имараттарга, мекемелерге жана адамдарга тоскоолдуксуз кирүү укугу камсыз болушу шарт;

Акыйкатчы өз статусунун алкагында тиешелүү органдардын бардыгына

жеке сунуштамаларды берүүгө укуктуу.

“Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” КР Конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 9-бөлүкчөсүндө, “**бардык соттордо иштерди териштирүүнүн ачык-айкындыгы”** сот адилеттигин жүзөгө ашырууда судьялардын негизги принциби экени жазылган.

Бирок, 2022-жыл ичинде сот тутуму тарабынан Акыйкатчынын статусун, мыйзамдын талаптарын бир катар бузуулар болгон, алар:

**1-учур.** Акыйкатчынын Баткен облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө жаран Б. Т. Ж. кылмыш-жаза жана жарандык сот иштери туурасында арыз менен кайрылган. Арызды иликтөөдө Б. Т. Ж. арызда белгилеген көйгөйлөрү Баткен облусунун Баткен райондук сотунда каралып жатканы маалым болгон.

2022-жылдын 28-июль күнү саат 13:50дө Баткен райондук сотунда “Южно Кыргызский Цемент” ЖАК жоопкер Б. Т. Ж. карата доо арызы карала турган сот залында Акыйкатчынын өкүлү К. М. Рахматулаев отурумга мониторинг өткөрүү максатында күтүп отурганда, укук коргоо органдардын жооптуу кызматчылары жоопкер Б. Т. Ж. сот залына алып киришкен (*залда адвокат Н. Сүйүнбаева да болгон*). Ал эми саат 14:14дө бул иш боюнча сот залында күтүп отурушкан бардык тараптарга, сот приставы, сот отуруму Баткен райондук сотунун төрагасы Д.Ж.Шатмановдун кызмат бөлмөсүндө карала турганын билдирген. Ушул себептен, сот иши боюнча тараптар жана Акыйкатчынын өкүлү К. М. Рахматулаев ишке төрагалык кылган судья Д. Ж. Шатмановдун кызмат бөлмөсүнө киришкенинде, судья Д. Ж. Шатманов Акыйкатчынын өкүлү К.М. Рахматулаевден анын ким экенин сурагандан кийин (*соттун катчысына Акыйкатчынын өкүлү К. М. Рахматулаев сот отурумуна катышууга келгенин алдын ала билдирген*), бул сот ишине төрагалык кылуучу Акыйкатчынын өкүлү К. М. Рахматулаевдин мониторинг жүргүзүүсүнө тыюу салып, кызмат бөлмөсүнөн чыгып кетүүсүн талап кылган.

Баткен райондук сотунун төрагасы Д. Ж. Шатмановдун төрагалыгында өтүп жаткан жогоруда белгиленген жарандык **ачык** сот отурумуна Акыйкатчынын өкүлү К.Рахматулаевдин катышуусуна тыюу салып, аны кызмат бөлмөсүнөн чыгып кетүүсүн мажбурлагандан улам сот отурумуна мониторинг өткөрүү үзгүлтүккө учураган. Баткен райондук сотунун төрагасы Д. Ж. Шатмановдун жарандык ачык сот отурумуна Акыйкатчынын өкүлү К.М. Рахматулаевдин мониторинг өткөрүүсүнө **тыюу** салуусу жана **иш бөлмөдөн чыгып кетүүгө мажбурлоосу,** жогоруда аталган эл аралык стандарттарда жана улуттук мыйзам талаптарында белгиленген

Акыйкатчынын **статусун, сот иштеринин ачык-айкындуулук принцибин одоно бузган.**

Жогорудагылардын негизинде, Баткен райондук сотунун төрагасы Д. Ж. Шатмановду адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына көз карандысыз парламенттик көзөмөл жүргүзүүгө тоскоолдук кылганы боюнча тартиптик жоопкерчиликке тартуу үчүн Акыйкатчынын чара көрүү актысы киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2022-жылдын 25-ноябрындагы чечими менен Баткен райондук сотунун төрагасы судья Д. Ж. Шатмановду жоопкерчиликке тартуудан негизсиз баш тартылган.

**2-учур.** Бишкек ш. Свердлов райондук соту 13 жашар кыз боюнча сот ишине Акыйкатчынын кийлигишпөөсү тууралуу расмий тилдеги маалыматты жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу тараткан.

Бул жарыяланган маалыматтын түп нускасы жалпыга маалымдоо каражаттарынан алынып, sot.kg whatsapp тобунда +996550575361 номурунан журналисттерге таркатылганы белгилүү болгон. Көрсөтүлгөн маалыматтын медиада так берилиши боюнча карап чыгып, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун маалыматы тууралуу төмөндөгүлөргө көңүл бурдурабыз.

"Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-беренесинде:

- Акыйкатчы соттук териштирүү кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган жактын макулдугу менен соттук отурумга катышууга укуктуу;

-Мамлекеттик тиешелүү органдардын адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоонун абалын текшерүүгө укуктуу экени белгиленген.

Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы А. Эшалиев 2022-жылдын 8-июль күнү соттук процессти алып барууда, көрсөтүлгөн эл аралык стандарттардын жана улуттук мыйзам талаптарын бузган. Анын жолун улап Свердлов райондук сотунун төрагасы Т. К. Абыкеев да Акыйкатчынын наамына кат жөнөтүү (25.07.2022-ж. чыг.№Б4/123) менен бирге ЖМК жогоруда айтылган маалыматты таркатууда эске алган эмес.

Айтылган сот ишиндеги жабырлануучу тарап жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү Акыйкатчы институтунун кызматкерлеринин соттук процесске мониторинг жүргүзүшүнө кызыктар болушкан.

Ал эми судья А. Эшалиев зомбулуктан жана (же) ырайымсыз мамиледен жабыркаган баланын укуктарын калыбына келтирүүгө жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу боюнча бардык зарыл чаралардын кабыл алыныша көз карандысыз парламенттик көзөмөл жүргүзүүгө тыюуларды коюп, Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнө тоскоолдуктарды жараткан.

Акыйкатчы институтунун кызматкери, адис Анарбек кызы Бүбүсара 2022-жылдын 8-июль күнү саат 15:00дө Бишкек ш. Свердлов райондук сотундагы 13 жаштагы кыздын жыныстык кол тийбестигине каршы жасалган кылмыш боюнча соттук териштирүүгө Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы А. Эшалиев сот отуруму жабык өтүп жатканын билдирип, сот приставдарына тараптардан башка катышуучуларды сот залынан чыгарууга буйрук берген.

Соттук отурум тыныгуудан кийин кайра башталганда Акыйкатчы институтунун башка кызматкерлери С. М. Калчабаев жана Т. А. Абдрахманова, төрагалык кылуучу судья А. Эшалиевге аталган отурумга мониторинг жүргүзүү боюнча Акыйкатчынын статусу жөнүндө маалымат бере баштаганда, судьянын буйругу деп, сот приставдары аталган кызматкерлерди сот залынан күч менен чыгарышкан.

Сот отуруму жүрүп жаткан учурда жабырлануучу тарап жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлеринин отурумга мониторинг жүргүзүшүнө кызыкдар болушуп, алар тараптан сотко өтүнүч келтирилген, бирок бул өтүнүч төрагалык кылуучу судья А. Эшалиев тарабынан канааттандыруусуз калтырылган. Мындай тоскоолдук кылуу фактысы боюнча тиешелүү акт түзүлгөн.

Акыйкатчынын мыйзамда бекитилген статусун бузуу фактысы боюнча, ошондой эле зомбулуктан жана (же) ырайымсыз мамиледен жабыркаган баланын укуктарын калыбына келтирүүгө жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу боюнча бардык зарыл болгон чаралардын кабыл алынышына көз карандысыз парламенттик көзөмөл жүргүзүүгө Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы А. Эшалиевди, Соттор кеңешинин тартип комиссиясынан, тартиптик жоопкерчиликке тартуу зарылдыгын Акыйкатчы ЖМК билдирген.

Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун атынан жалпыга мааалымдоо каражаттарына “зордуктоо боюнча” деген сөз колдонулуп, 13 жашар кыздын сот ишинин иликтөөсүнө Акыйкатчынын кийлигишпөөсү тууралуу жарыяланган маалыматы туура эмес жана чындыкка дал келбейт.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, Бишкек ш. Свердлов райондук соту тарабынан 13 жаштагы жабырлануучу кыздын укуктарын бузганы жана Акыйкатчынын

статусунун алкагында иш алып баруусуна тоскоолдук жаратып, ЖМК аркылуу дискредитациялык маалымат таркатканы үчүн Бишкек ш. Свердлов райондук сотунун төрагасы Т. К. Абыкеевдин жана судья А. Эшалиевдин тартип жоопкерчилике тартуу боюнча Судьялар кеңешине чара көрүү актысы жиберилген.
Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2022-жылдын 25-ноябрындагы чечими менен судьялар Т. К. Абыкеевди жана судья А. Эшалиевди тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө Акыйкатчынын чара көрүү актысын канааттандыруудан баш тартылган.

## 2.7. МИГРАНТТАР

Акыйкатчынын дарегине 2022-жыл ичинде чет өлкөлөрдө жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарынын бузулушуна жана ар кандай маселеде көмөк көрсөтүүгө байланыштуу Орус Федерациясынан, Казак Республикасынан, Түркиядан, Өзбекстан Республикасынан, Ирактан, Тажик Республикасынан, Кипрден, Беларуссиядан, Украинадан, Кытай Эл Республикасынан, Түштүк Кореядан жазуу жүзүндө 162 кайрылуу келип түшкөн. Алардын басымдуу бөлүгү Орус Федерациясында эмгектенип жүргөн кыргыз жарандарынан.
**Акыйкатчы институту өлкөлөр ортосундагы аралыкты эске алып, мигранттар менен ыкчам шарттамда иштешет, көп учурларда КР сырткары жүргөн жарандар Акыйкатчыга социалдык тармактар жана whatsapp аркылуу кайрылышат.**
Арыздардын көпчүлүгү (40тан ашуун) кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылган, соттолгон же барган мамлекеттерде жазасын өтөп жаткандардын укуктарына байланыштуу, аз бөлүгү эмгек мигранттарынын социалдык-экономикалык, жарандык жана саясий укуктарына байланыштуу. Акыйкатчынын КР сырткары жүргөн жарандардын укуктарын ишке ашырууга, бузулган укуктарды калыбына келтирүүгө көрсөтүлгөн көмөктүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктарга жетишилген.
**№1-мисал:** КР жараны Орус Федерациясында (мындан ары – РФ) жүргөн мезгилинде өндүрүштүк жаракат алып, анын натыйжасында жарым-жартылай эмгекке жараксыз деп таанылган жана РФ жөлөк пул алып келген. Бирок, белгисиз себептерден улам, 2022-жылы жөлөк пулдарды төлөө токтотулган, анын тиешелүү органдарга

кайрылууларынын баары натыйжа берген эмес. Акыйкатчы институтунун көмөктөшүүсүнүн натыйжасында кайра эсептөө жүргүзүлүп, арыз ээси жөлөк пул толук көлөмдө төлөнө баштады.

**№2-мисал:** КР жарандарынын туугандары Тажикстан Республикасында соттолгон С. А. жана С. Н. өз мекенинде жаза өтөө үчүн которууга көмөк көрсөтүү жөнүндө арыз менен кайрылышкан. Акыйкатчы институтунун, КР УКМК, Башкы прокуратуранын, КР ТИМ аракеттеринин жана КР укук коргоо органдарынын тажик тарап менен өткөрүлгөн жолугушууларынын натыйжасында соттолгондор Кыргызстанга жаза өтөө үчүн которулган.

**№3-мисал:** РФ соттолгон Н.А. туугандары аны өз мекенинде жаза өтөө үчүн которууга көмөк көрсөтүү жөнүндө арыз менен кайрылышкан. Акыйкатчы институтунун жана Башкы прокуратуранын иш-аракеттеринин натыйжасында соттолгон адам Кыргыз Республикасына которулган.

**№4-мисал:** Казак Республикасында камакка алынган КР жараны Б.Т. туугандары аны бошотууга жана мекенине экстрадициялоого жардам берүү үчүн арыз менен кайрылган. Азыркы учурда Б.Т. камагынан бошотулуп, мекенине кайтып келди.

**№5-мисал:** Казакстан Республикасында камакта кармалган КР жараны Ө.С. туугандары аны бошотууга жардам берүү үчүн арыз менен кайрылышкан. Акыйкатчы институтунун көмөктөшүүсүнүн натыйжасында сот эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жаза чыгарып, сот залынан бошотулуп, мекенине кайтып келген.

**№5-мисал:** Казак Республикасында камакка алынган КР жараны Т.Т. туугандары анын укуктарын коргоо боюнча арыз менен кайрылган. Акыйкатчы институтунун жерине баруусу жана кийлигишүүсүү менен, ошондой эле Акыйкатчынын жардамынын натыйжасында Казак Республикасында сот эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жаза дайындалып, сот залынан бошотулуп, мекенине кайтып келген.

**№6-мисал:** А.У. өз арызында М. уулу Н. аттуу жаран РФ эмгектенип жүрүп, укук коргоо органдары тарабынан оор кылмышка шектүү катары (жашы жетелектерге карата сексуалдык аракеттер) кармалганын, соттун чечими менен үч жылга кесилип кеткенин билдирген. Бул арыз боюнча КР РФ Элчилилиги менен биргеликте иш жүргүзүлүүдө. Элчиликтин акыркы берген маалыматы боюнча 2023-жылдын 22-февралында М.уулу Н. эркиндикке чыга турганы белгилүү болду.

**№7-мисал:** 2022-жылдын сентябрь айында КР жарандары РФ жана Грузиянын чек арасын жүк ташуучу автотранспорт менен өтө албай турушканы тууралуу маалымат kaktus.media сайтында жарыяланган. Акыйкатчы журналисттер аркылуу

тоскоолдуктарга учураган КР жүк ташуучу жарандар менен байланышка чыгып, эки жума боюу алар акча жана жылуу буюмдарсыз чек арада турганын, ал эми РФ аймагынан өтүүдө чет элдик автотранспорт каражаттарынын кармоо себеби импорттук бажы алымдарын, салыктарды төлөө боюнча милдеттерди аткаруу камсыздыгынын жоктугу болгону аныкталган. Акыйкатчы институту КР Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын төрагасынын орун басары менен жүргүзгөн ыкчам иш-аракеттердин натыйжасында кыргыз жарандары чек арадан өткөрүлүп, ошондой эле камсыздандыруу компаниясы тарабынан алардын бардык чыгымдарынын орду толтурулду.

**Эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында жүргөн мигранттар**

Азыркы учурда КР 1000ден ашуун жараны РФ аймагында жасаган кылмыштары үчүн абакта камакта же ар кандай укук бузуулары үчүн убактылуу кармоочу жайларда кармалып турушат.

Россия менен Украинанын ортосундагы аскердик чыр-чатакты эске алганда, соттолгондордун туугандары алардын согушка жибериши мүмкүн деп коопонушат. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча чет өлкө мамлекеттеринин пенитенциардык мекемелеринде КР 1410 жараны (Россия – 1077; Казакстан – 89; Түркия – 30) жазасын өтөп жатышат.

Жалпысынан, Кыргыз Республикасынын жарандары чет мамлекеттик бийликтин түзөтүү мекемелеринде негизинен мамлекеттик чек арадан мыйзамсыз өтүү, баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү, экономикалык кылмыштар, контрабанда, киши өлтүрүү, ден соолугуна атайылап оор зыян келтирүү, тоноо, каракчылык, уурулук ж. б. үчүн жаза мөөнөтүн өтөшүүдө.

Мындан сырткары, 2022-жылы "жүк-200" маселеси боюнча Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча каза болгон 308 жарандын сөөгү Мекенибизге жеткирилген. Кээ бир учурларда, РФ мигранттар бул маселе боюнча Акыйкатчыга да кайрылышат, анда Акыйкатчынын РФ коомдук негизде жардам берип жүргөн кеңешчилер аркылуу иш жүргүзүлөт.

**Россия Федерациясындагы эмгек мигранттарынын көйгөйлөрү**

Эмгек мигранттары Акыйкатчыга РФ депортациялоонун себептерин аныктоого көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен көп кайрылышат, анткени мындай маалымат «Жеке маалыматтар жөнүндө» маалымат базасында көрсөтүлбөйт. КР Орус Федерациясындагы Элчилиги өз кезегинде РФ Чек ара кызматынан маалымат сурайт,

ал жактан жооп алуу бир нече айга созулушу мүмкүн, кээде такыр жооп болбой да калат. Ошол эле учурда, Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча, 2022-жылы Кыргызстандан майда административдик мыйзам бузган 47 миң эмгек мигранты РФ «кара тизмесинен» чыгарылган.

«Кара тизмеге» кирүүнүн негизги себептеринин бири эмгек мигранттарына ижарага берилген турак-жайлардын ээлеринин салык төлөөдөн качуу үчүн турак-жайды ижарага берүү келишимин түзүүдөн баш тартышы, же болбосо миграциялык каттоосу жокко чыгарылып, мигрант алданган учурлардан улам административдик жоопкерчиликке көп тартылышканынан.

Мындан тышкары, ЕАЭБ жарандары үчүн милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин берүү жол-жобосунда мүчө-мамлекеттердин жарандары жана үй-бүлө мүчөлөрүн социалдык камсыздандыруу (пенсиядан тышкары) бирдей шарттарда жана бирдей тартипте ишке ашырылары так жазылган. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин мигранттардын балдары кабыл алган өлкөлөрдө медициналык кызмат көрсөтүүлөрдөн ажырап келет.

**Акыйкатчы чет өлкөлөрдө жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун коргоону же бузулган укуктарын калыбына келтирүү иштерин ыкчам жана натыйжалуу алып барууда төмөнкү натыйжаларга жетишти:**

РФ Федеративдик деңгээлдеги Адам укуктары боюнча атайын өкүлү (Омбудсмен) Н. Т. Москалькова менен 2022-ж. 26-октябрында жаңы меморандумга, РФ Свердлов облусунун Адам укуктары боюнча атайын өкүлү Т. Мерзлякова, Казакстан Республикасынын Адам укуктары боюнча атайын өкүлү Э. Азимова менен кызматташуу жөнүндө меморандумдарга кол коюлду. Кабыл алынган кызматташуу меморандумдарынын алкагында төмөнкү милдеттенмелер бекитилди:

-укуктары чектелген же бузулган жарандарды биргеликте кабыл алуу;

- жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого биргеликте мониторинг жүргүзүү;

- жумушка орношуу, билим алуу, дарылануу жана башка максаттар үчүн өз өлкөсүнөн тышкары жүргөн жарандар үчүн биргелешкен маалыматтык өнөктүктөрдү өткөрүү;

- адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу жаатындагы эң кечиктирилгис милдеттерди биргелеликте талкуулоо менен чечүү.

РФ Федеративдик деңгээлдеги Адам укуктары боюнча атайын өкүлү (Омбудсмен) Н. Т. Москалькова, РФ Свердлов облусунун Адам укуктары боюнча атайын өкүлү Т.

Мерзлякова кошумча макулдашуу – КР Акыйкатчысынын РФ коомдук негизде иштешкен кеңешчилерин – РФда ыктыярчылар катары таануу менен РФ ишине көмөктөшүү.

Адам укугун коргоодо кызматташуу боюнча меморандумдар Өзбекстандын Олий Мажлисинин Адам укуктары боюнча атайын өкүлү (Омбудсмени) Феруза Эшматова, Молдованын Элдик адвокаты (Омбудсмени) Чеслав Панько менен да кабыл алынды.




Акыйкатчы 2023-жылы январь айында РФ Москва шаарынын Адам укуктары боюнча атайын өкүлү Т. Потяева менен жолугуп, КР укугу бузулган же чектелген жарандарынын арыздарын чечүүнү талкуулап, биргелешип иштөө боюнча макулдашууга жетишкен. Жакынкы мезгилде адам укугун коргоодо кызматташуу боюнча меморандумга кол коюу мерчемделген.

Мындан сырткары, Акыйкатчы 2022-ж. 9-декабрында РФ расмий каттоодон өткөн РФ кыргыздардын “Кыргыз диаспора кеңеши” уюмунун жетекчиси К. Осмонбеков менен кызматташуу меморандумуна кол коюшкан, анын алкагында РФ КР жарандарынын укугун коргоого биргелешип көмөктөшүү, Акыйкатчынын РФ өкүлдөрүн дайындоо, кыргыз жарандарына укуктук жана башка тармактарда агартуу иштерин жүргүзүү макулдашылды. Бул кызматташуунун алкагында, Акыйкатчы Москва ш. 2023-ж. 30-январында өткөн Кыргыз диаспорасынын бүткүл Россиялык форумуна катышты. РФ аймактарында иштеген кыргыз диаспораларынын жетекчилери менен 31-январда жолугушуу болуп, негизги көйгөйлөр талкууланып, жарандардан арыздар алынган.






РФ расмий иштеген дагы эки диаспора менен да кызматташууну бекитүү, РФ аймактарынан КР жарандары менен жолугушуулар, онлайн-кабыл алуулар 2023-жылга мерчемделген.




РФ Омбудсменинин чакыруусу менен Акыйкатчы 2022-ж. ноябрь айында иш сапары менен Москва ш. барган, учурдан пайдаланып Москва ш. чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу жайдын (ЦВСИГ) ишмердүүлүгү менен таанышып, ал жерде убактылуу камалган КР айым жарандары менен маектешүү өткөрүп, укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзгөн.

**Акыйкатчы бир жылдык ишинин алкагында, өз Аппаратынын ишмердүүлүгүн оптималаштыруунун жыйынтыгы менен 10 бош кызмат ордун РФ расмий өкүлчүлүк ачууга даярдады. Бош кызмат орундарына РФ жашаган КР жарандары жумушка алуу мерчемделген. Бул максатты ишке ашыруу үчүн РФ Федеративдик деңгээлдеги Адам укуктары боюнча атайын өкүлү (Омбудсмен) Н. Т. Москалькова менен алдын-ала сүйлөшүүлөрдүн негизинде, атайын макулдашууга жетишилген. Азыркы учурда, Жогорку Кеңеш КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө конституциялык мыйзамды кабыл алса, анын алкагында Акыйкатчынын башка мамлекеттерде өкүлчүлүк ачуу мүмкүнчүлүгү каралат.**

Ал эми мигранттардын негизги көйгөйлөрүнүн чечүү максатында ушул багытта сунуштамалар топтомунда келтирилди.

## 2.8. Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандардын же жарандыгы жок адамдардын укуктарынын сакталышы

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 52-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар мыйзамда же Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимде белгиленген учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктарга жана милдеттерге ээ.

"Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" Мыйзамдын 2-беренеси менен Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн чет өлкөлүк жарандардын же жарандыгы жок адамдардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы да Акыйкатчынын көзөмөлүндө болот

.

Акыйкатчынын наамына 2022-жылдын ичинде 12 чет өлкөлүк жарандан же алардын кызыкчылыгында жалпысынан 9 арыз түшкөн.

*Алардын ичинен укуктардын бузулушу боюнча:*

баш паанек укугу боюнча – 4 арыз;
документтештирүү боюнча – 3 арыз;
адилеттүү соттук кароого укугу боюнча – 1 арыз;
социалдык укуктары боюнча – 1 арыз.

*Арыз ээлеринин социалдык статусу боюнча:*

баш паанек издеген чет өлкөлүк жарандар – 7 адам;
мандаттык качкындар – 1 адам;
чет өлкөлүк пенсионер – 1 адам;
соттолуп абакта жаткан чет өлкөлүк жарандар – 2 адам;
чет өлкөлүк жаран – 1 адам.

*Арыз ээлеринин жарандыгы боюнча:*

Тажикстан Республикасы – 4 адам;
Түркия Республикасы – 2 адам;
Украина – 1 адам;
Афганистан – 1 адам;
Россия Федерациясы – 1 адам;
Казахстан Республикасы – 2 адам;
Өзбекстан Республикасы – 1 адам;

**Кейстер**:

-Тажикстан Республикасынын жарандары, этностук кыргыздар С. Т., Г. Т., 2021-жылдын апрель айында, кыргыз-тажик чек арасында болгон куралдуу кагылышуудан кийин Кыргызстанга качып келишкен. Чек арадан мыйзамсыз өткөнү үчүн соттолуп, ар бирине 220 миң сом айып пул салынган. Акыйкатчы институтунун кийлигишүүсүнүн натыйжасында, алар баш паанек издеген жарандар катары катталып, апелляция иретинде иши каралган. Соттун биринчи инстанциясынын өкүмү жокко чыгарылып, актоо өкүмү чыккан.

-Тажикстан Республикасынын жарандары, этностук кыргыздар Д. А., К. Ф. 2022-жылдын апрель айында кыргыз-тажик чек арасында куралдуу кагылышуудан кийин Кыргызстанга качып келишкен. Мыйзамсыз чек арадан өткөнү үчүн кылмыш-жаза иши козголуп, иш сотко маңызы боюнча кароо үчүн жөнөтүлгөн. Акыйкатчы институтунун кийлигишүүсүнүн натыйжасында, арыз ээлери баш паанек издеген жарандар катары катталып, кылмыш куугунтугу токтотулган.

-Россия Федерациясынын жараны Т. В. көп жыл боюу Кыргызстанда жашап жүрүп, Россия Федерациясына көчүп кеткен. Пенсияга чыгыш үчүн Кыргызстанда эмгектенгени жөнүндө документтерин ала албай жаткан. Акыйкатчы институтунун кийлигишүүсүнүн натыйжасында, керектүү документтери алып берилген.

-Өзбекстан Республикасынын жараны Р. Б. Кыргызстан аркылуу үчүнчү өлкөгө кетип бара жатканда, чек араны мыйзамсыз өткөнү үчүн кармалып, соттун өкүмү менен 6 жылга эркинен ажыратылган. Акыйкатчы институтунун кийлигишүүсүнүн натыйжасында, иши апелляциялык тартипте каралып, соттун өкүмү менен айып пул салуу жазасына өзгөртүлгөн. Арыз ээси сот залында бошотулуп, үчүнчү өлкөгө чыгып кеткен.

Казахстан Республикасынын жарандары Д. Б., А. Ж. Кыргызстанга баш паанек издеп келишкен, чек араны мыйзамсыз өткөнү үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылып, иш сотко ашкан. Акыйкатчынын кийилигишүүсүнүн натыйжасында, арыз ээлери баш паанек издеген жарандар катары катталып, кылмыш кугунтугу токтотулуп, сот залынан бошотулушкан.

**КОРУТУНДУ**

Жогоруда көрсөтүлгөн талдоого ылайык, кайрылган чет өлкөлүк жарандардын көпчүлүгү баш паанек укугун пайдалана албай, Акыйкатчы институтуна

кайрылышкан. Алардын баары өмүрүнө коркунуч келгендиктен чек араны мыйзамсыз өтүүгө аргасыз болушуп, кылмыш жоопкерчилигине тартылышкан. Кээ бирлери мыйзамдарды же качкын статусун алуунун жол-жоболорун билбесе, кээ бирлери тутумдук тоскоолдуктарга учурашкан. Тутумдук тоскоолдуктардын негизгиси – бул кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылып абакта жаткан чет өлкөлүк жарандардын баш паанек укугунун чектелиши. Абакта жаткан чет өлкөлүк жарандар жактоочусу аркылуу качкын статусун алуу үчүн өтүнүч менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бирок, өтүнүчү катталып, тиешелүү күбөлүктү бергенге чейин кылмыш-жаза иши сотко маңызы боюнча кароо үчүн жөнөтүлүп, натыйжада депортация коркунучунун алдында туруп калышат.

### 2.8.1. Кыргыз Республикасындагы “мандаттык качкындардын” укуктарынын сакталышы

Кыргыз Республикасында баш паанек маселеси Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Качкын статусу жөнүндө 1951-жылдагы Конвенция жана ага тийиштүү 1967-жылдагы Протокол, “Качкындар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана башка ченемдик актылар менен жөнгө салынат.

"Мандаттык качкындар" БУУ качкындар боюнча Жогорку Комиссарынын башкармалыгынын (КЖКБ) уставынын жоболорунун негизинде качкындар катары каралуучу адамдар. Бул аныктама 1951-жылдагы Конвенциянын жана 1967-жылдагы Протоколдун катышуучусу болгон мамлекетердин чечимине көз каранды эмес. "Мандаттык качкындар" түздөн-түз КЖКБ жардам ала алышат. Бирок, алар Конвенцияга катышкан-мамлекет тарабынан качкын катары таанылбаганынан улам, качкындарга берилген укуктардан жана жеңилдиктерден пайдалана алышпайт (конвенциялык качкындар деп аталат).

Кыргыз Республикасынын аймагында азыркы учурда жүздөн ашык “мандаттык качкындар” жашап келет, басымдуу көпчүлүгү Афганистандан келгендер. Кыргыз Республикасында ондогон жылдардан бери жашап, качкын катары мамлекет тарабынан таанылбай, документ маселеси менен кыйналып жатышат.

Акыйкатчыны Аппараты тарабынан БУУ КЖКБ компетенциясына кирген аталган жарандар жөнүндө иликтөө жүргүзүлдү. Тиешелүү анкета иштелип чыгып, алар менен жолугушуу уюштурулуп, сурамжылоо жүргүзүлдү.

Баардыгы 30 үй-бүлө, 129 адам сурамжылоого алынган, баары Афганистандан келгендер. Кыргыз Республикасында узак убакыттан бери жашашат, кээ бирлери – 13 жылдан, кээ бирлери – 31 жылдан бери.

**Социалдык абалы**

Сурамжыланган качкындардын үй-бүлөлөрүнүн курамы төмөнкүдөй: 1 адамдан турган үй-бүлөлөр – 2 үй-бүлө, 2-4 адамдан – 13 үй-бүлө, 5 адамдан жана андан көбүрөөк – 15 үй-бүлө. Кыргыз Республикасынын жарандарына үйлөнгөн 2 аралаш үй-бүлө. 16 жашка чейинки балдардын саны – 46 адам.

Алардын көпчүлүгү орто билимге ээ – 46 адам, толук эмес орто билимдүү – 39 адам, башталгыч билимдүү – 13, жогорку билимдүү – 8 адам. Дээрлик бардыгы орус же кыргыз тилин билишет – 120 адам, 9 гана адам жергиликтүү тилдерде сүйлөбөйт.

Үй-бүлө курамы, билими тууралуу маалымат:




Көпчүлүгүндө – 22 үй-бүлөдө, 1 үй-бүлө мүчөсү гана иштейт, 6 үй-бүлөдө – 2 үй-бүлө мүчөсү иштейт жана 2 үй-бүлөдө гана иштеген үй-бүлө мүчөлөрү жок. Үй-бүлөнүн орточо айлык кирешеси 28-30 миң сомду түзөт. Эмгек колдонуу чөйрөсү ар башка, бирок көпчүлүгү базарларда соода кылышат, эң кеңири тараган жумушу – чай сатуу.




Дээрлик баарында БУУнун КЖКБ тарабынан төлөнгөн камсыздандыруу полиси бар жана медициналык кызматтарды алууда эч кандай көйгөй болбойт. Сурамжылоого

катышкандардын ичинен 14 адам ден-соолугуна байланыштуу көйгөйлөргө туш болушат жана туруктуу же мезгил-мезгили менен дарылануугa муктаж.

"Мандаттуу" качкындардын балдары үчүн жалпы орто билим алууда көйгөйлөр жаралбайт, мектеп жашындагы бардык балдар мектепке барышат. Балдарды мектепке чейинки мекемелерге жайгаштырууда көйгөйлөр бар – бош орундардын жетишсиздиги. Качкындардын бир нече балдары жогорку окуу жайларда окушат.

Бир үй-бүлөдөн башкасынын баары ижарага алынган турак-жайда жашашат, орточо ижара акысы болжол менен 15-18 миң сомду түзөт. Шаардын борборуна же шаардын түштүк бөлүгүнө жакынырак жайгашууну артык көрүшөт. Алар көп көчүшпөйт, көбү бир эле турак жайда 3 жылдан ашык, ошол эле аймакта 10 жылдан ашык жашашат.

**Укуктук абалы**

Сурамжыланган бардык адамдар качкын статусун алуунун улуттук жол-жобосунан өтүшкөн жана Кыргыз Республикасынын аймагында качкын деп таануудан баш тартылган. Компетенттүү мамлекеттик органдардын баш тартуусуна карабастан, бул адамдар өз өмүрүнө жана эркиндигине коркунучтан улам Мекенине кайта алышпайт.

Алардын көпчүлүгүндө Афганистан Ислам Республикасынын жарактуу паспорттору, туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү, нике күбөлүгү бар, бир нече адам айдоочулук күбөлүгүнө ээ.

Мурда виза алган бир нече адамдан башка эч ким виза же жашап турууга уруксат алуу үчүн кайрылган эмес. Кыргыз Республикасынын аймагында узак жана үзгүлтүксүз жашаганына карабастан (10 жылдан ашык) тастыктоочу документтер жок болгондуктан, алардын бири да, кыргыз жарандыгын алуу үчүн кайрылган эмес.

Жумушка орношууга уруксат берүүчү документтердин жоктугуна жана укук коргоо органдарынын тез-тез текшерүүсүнө карабастан, ушул себептен эмгектенүүсүн токтоткон бир нече адамды кошпогондо, көпчүлүгү ишин улантууда.


Алынган жооптордон улам, аларга укуктук жана юридикалык жардамды "Адилет" Укуктук Клиникасы жана БУУ КЖКБ көрсөтөт, башка юристтер жана адвокаттар, анын ичинде мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын мүмкүндүгү жөнүндө да билишпейт.

Сурамжылангандардын ичинен 3 гана адам административдик жана 2 адам кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылганын белгилей кетүү керек.

**Жергиликтүү коомчулукка адаптациясы**

Сурамжылоого катышкандардын балдары жергиликтүү мектептерде окушат, көпчүлүгү мектепти бүтүрүшкөн, ал эми айрымдары үй-бүлөнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша жогорку окуу жайларында окушат. Дээрлик бардыгы бир же эки жергиликтүү тилде, ошондой эле өз эне тилдеринде (урду, пушту, фарси) сүйлөй алышат.

Дин жөнүндө суроолорго жооп бергендерине караганда, фундаменталдык Исламды тутунушпайт жана радикалдык көз караштардан алыс. Жергиликтүү калк менен болгон мамилелерде суралгандардын үчтөн бири гана көйгөйлөр бар экенин айтышкан. Негизги үлүш турмуш-тиричиликтик басмырлоонун жана жергиликтүү калктын сергек мамилесинин көрүнүштөрүн билдирет: "бизди пакистандыктар жана индустар менен чаташтырышат...", "жумушта түшүнбөстүктөр болуп турат...". “Мандаттык качкынадарга” карата жергиликтүү калк тарабынан агрессия же зордук-зомбулук аракеттери жөнүндө 10 жылдан ашык убакыт аралыгында бир нече адам тарабынан көрсөтүлгөн. Алардын көпчүлүгү акыркы жылдары өздөрүнө карата басмырлоону же жаман мамилени сезишпейт. Ошол эле учурда, “мандаттык качкындардын” көптөн бери жашаганы жана аздыгы өз жыйынтыктарын берүүдө, көпчүлүк кошуналар аларга көнүп калышкан.




Төрттөн биринен азыраагы мамлекеттик органдар менен болгон мамилелерде көйгөйлөр бар экенин белгилешти.

40% дан ашыгы укук коргоо органдары менен болгон көйгөйлөрдү көрсөтүштү, негизги үлүшү эмгек ишмердигин жүргүзүү учурунда укук коргоо органдары тарабынан документтерди тез-тез текшерүүгө туура келет. Алар мыйзамдарды бузуу менен иштеп жатышканын түшүнүшөт, бирок бул боюнча эч нерсе кыла алышпайт, анткени аларга канааттандырарлык жана жетиштүү социалдык жардам жок.

Көпчүлүгү Кыргыз Республикасында калууну, жарандыкка ээ болууну жана коомдун толук укуктуу мүчөсү болууну каалашат. Төрттөн бири гана мурдагыдай эле БУУ

КЖКБ үчүнчү өлкөлөргө көчүрүү программасын жандандырууга же башка жол менен үчүнчү өлкөлөргө чыгууга үмүттөнүшөт.

**Жыйынтыктар**

Жогоруда баяндалгандардан көрүнүп тургандай, бул жарандар Кыргыз Республикасы үчүн коомдук же улуттук коопсуздук үчүн эч кандай коркунуч туудурбайт жана алардын артында эч кандай укук бузуулар же кылмыштар жок.

БУУ КЖКБ аталган адамдардын көйгөйлөрүн, анын ичинде үчүнчү өлкөлөргө көчүрүүнү узак мөөнөттүү чечүүнүн бардык мүмкүн болгон варианттарын көрүшкөн.

“Мандаттык качкындардын” абалын легалдаштыруу үчүн Кыргыз Республикасына кирүү визаларынын болушу зарыл. Ал үчүн аталган жарандар Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары – мекенине же үчүнчү өлкөлөргө чыгып, Кыргыз Республикасына кирүү визасын алып кайра кирүү зарылдыгынан улам дээрлик мүмкүн эмес. Айрым жарандандардын паспорттору жараксыз жана аларды мыйзамдуу ыкма менен узартуу мүмкүнчүлүгү жок. Расмий эмес каналдар (ортомчулар) аркылуу паспортторун узартуу кооптуу экенин белгилеп кетүү керек. БУУ КЖКБ компетенциясына кирген адамдардын жөнгө салынбаган укуктук статусунун кесепети алардын укук коргоо органдарынын алдында чабалдыгы, ошондой эле татыктуу жашоону камсыз кылуу үчүн зарыл болгон өз укуктарын толук ишке ашыра албаганы болуп саналат.

**Сунуштар**

БУУнун КЖКБ компетенциясына кирген жарандардын абалын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын миграциялык мыйзамдарды, жарандык чөйрөсүндөгү мыйзамдарды изилдеп чыгып, Акыйкатчы Аппараты жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүүнүн бир нече жолдорун сунуштайт.

Натуралдаштыруу

Аталган жарандар Кыргыз Республикасынын аймагында 10 жылдан ашык убакыт бою үзгүлтүксүз жашашат, мамлекеттик же расмий тилди билишет, жашоо каражаттарынын булактарына ээ жана изилдөөдөн көрүнүп тургандай, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына сый мамиле кылып, аларды сактоого аракет кылып келишет.

Формалдуу түрдө “КР жарандыгы жөнүндө” Мыйзамдын жалпы тартипте КР жарандыгына кабыл алуу шарттары тууралуу 13-беренесинин бардык шарттары

сакталган. Кыргыз Республикасынын Президентинин 10.08.2013-жылдагы Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандыгынын маселелерин кароо тартиби жөнүндө Жобонун 2-пункту, Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу тартибин жөнгө салат, анда тапшырылуучу документтердин ичинен эң көйгөйлүү төмөнкүлөр болушу мүмкүн: жашоо каражаттарынын бар экени жөнүндө документ, туруктуу жана үзгүлтүксүз жашаганын тастыктаган документ, мамлекеттик же расмий тилди билүү деңгээлин тастыктаган документ. Бирок, мамлекеттин саясий эрки болсо жана бул документтер формалдуу түрдө көрсөтүлүп тапшырылса, бул жарандардын бардыгы Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алынышы мүмкүн.

Баш паанек берүү

Аталган жарандардын көйгөлөрүн чечүүнүн дагы бир жолу – качкын статусун берүү. Талиптердин Афганистанда бийликке келиши жана саясий кырдаалдын өзгөрүшү жаңы ачылган жагдай катары каралышы мүмкүн жана алардын качкын статусун алуу боюнча иштери кайра каралууга тийиш. Эгерде оң чечим кабыл алынып, качкын статусу берилсе, документтештирүү маселеси чечилет. Мындан тышкары, качкын статусун алгандан кийин, эгерде алар туруктуу жана үзгүлтүксүз Кыргыз Республикасынын аймагында 3 жыл жашаса, Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууга айкын мүмкүнчүлүк алышат.

## III-БӨЛҮМ. Тажикистандын 2022-жылдын сентябрындагы куралдуу агрессиясында Баткен облусунун жарандарынын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы

Тажикистандын куралдуу күчтөрү 2021-жылдын жазында Кыргызстандын аймагына басып кирип, анын жүрүшүндө 36 адам каза болгон. 190го жакын жаран жаракат алган, алардын көпчүлүк бөлүгү оор абалда болгон. Чыр-чатак чыккан аймактан 58 миңден ашуун киши эвакуацияланган.

ӨКМ маалыматы боюнча, кыргыз чек ара айылдарында 120 үй жана 84 социалдык объект, анын ичинде мектеп, ФАП, бала бакча, ИИМ имараты, төрт чек ара бекети, медборбор, стоматологиялык борбор, эки дарыкана, өрт өчүрүү бөлүмү, 27 май куюучу жай, 34 соода объекти, беш ашкана жана 3 ресторан талкаланган. Чек ара

бекеттери да жабыркаган. Көпчүлүк жабыркагандар мүлкүнөн, малынан, машинасынан ажыраган.

Ал эми 2022-жылдын сентябрындагы тажик тараптын куралдуу басып кирүүсү эң кандуу болуп, 63 адамдын өмүрүн алган жана тынч калкка каршы пландалган акция болду, натыйжада Баткен облусунун 140 миңге жакын тургуну убактылуу турак жайынан чыгып кетүүгө аргасыз болду. КР ӨКМ маалыматы боюнча Баткен облусунда 136 миң 770 жаран коопсуз аймактарга эвакуацияланган. Алардын ичинен 126 673 жаран жергиликтүү тургундардын үйлөрүнө, 4486 жаран атайын эвакуация пункттарына эвакуацияланган, 5611 жаран башка облустардагы туугандарына кеткен. Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Жекенди айыл аймагынан 5301 жаран эвакуацияланды. Кийинчерээк, октябрдын башына карата 120 миңден ашуун адам үйлөрүнө кайтып келишти. Баткен облусуна жалпысынан 1600 тонна гуманитардык жардам жеткирилген.

2022-жылдын 6-октябрына карата Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматы боюнча, куралдуу кагылышуулардын натыйжасында Комиссия 661 талкаланган үйдү аныктап, алардын 423ү калыбына келтирилбей турганын жана 238и оңдоого муктаж экенин көрсөттү. Ошондой эле 11 административдик-стратегиялык, 27 социалдык жана 197 чарбалык объект, 335 көмөкчү жай, 1 автомобиль көпүрөсү, 61 автомобиль талкаланган.

**Кагылышуулар чөлкөмүнө баруу**

**16-сентябрда** Тажикстан Республикасынын аскер кызматкерлеринин Баткен облусунун Баткен жана Лейлек райондорундагы бүткүл кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасы боюнча Кыргызстандын тынч жаткан жарандарын аткылоосуна байланыштуу Акыйкатчы телефон аркылуу байланышып, ок атуучу куралдарды, куралдуу күчтөрдү, оор аскердик техниканы колдонуунун жол берилбестигин тажик кесиптеши – Омбудсмен У. Бобозодага билдирген. Тажикстан Республикасынын аскерлерине атышууну токтотууга чакыруу өтүнүчү менен кайрылып, жарандык объекттерге кол салуудан аялдар менен балдар жабыркап, Кыргызстандын айылдарындагы жергиликүү жайкын калктын үйлөрү өрттөлүп, социалдык инфратүзүмдөр талкаланып, Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктары бузулуп жатканына өзгөчө көңүл бурган. Сүйлөшүүнүн жыйынтыгында, КР аймагын жана кыргыз жарандарын аткылоону токтотуу максатында, Акыйкатчы ок атылган аймакта эки тараптуу жолугушуу өткөрүүнү сунуштаган.

19-сентябрда Акыйкатчынын демилгеси менен Баткен облусунда жабыркаган тургундардын укуктарын калыбына келтирүүгө көмөктөшүү максатында атайын байланыш whatsapp номери киргизилген: +996555-001609

**19-сентябрдан 24-сентябрга чейин Акыйкатчынын орун басары А. Колоповдун** жетектөөсү менен Акыйкатчы Аппаратынын эркек кызматкерлеринин тобу окуя болгон жерлерде, жабыр тарткан айылдарда (Баткен ш., Ак-Сай жана Капчыгай айылдарында) болуп, алдын ала коопсуздук орнотуунун абалына мониторинг жүргүзүшүп, жабыркаган айылдарда калган эркек кишилер менен маектешүүлөрдү өткөрүшкөн.

**2022-ж. 24-сентябрынан 30-сентябрь күндөрү Акыйкатчы** менен Акыйкатчы Аппаратынын аял кызматкерлери жабыркаган Баткен ш., Миң-Булак, Көк-Таш, Үч-Коргон, Самаркандек, Паски-Арык, Орто-Сай, Миң-Өрүк, Бай-Кара-Бак, Достук, Кара-Бак, Арка, Борбордук, Максат, Интернационал, Кулунду айылдарын кыдыруу менен, аргасыз ички жер которгон аялдар, жабыркаган айылдардын жашоочулары менен жолугушуп, аладрыдн укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына, жашы жетелек балдардын жетиштүү жашоо шарттарынын түзүлүшүнө мониторинг жүргүзүшкөн.



*Ак-Сай айылындагы өрттөлгөн балдар бакчасы*


*Колдонулган ок-дарылар*







Тажикистан тараптын аскердик техникалары жана куралдуу күчтөрү Кыргызстандын аймагына 1,5-2 км аралыкка өтүп келип, үйлөрдү тоноого жана өрттөөгө, мал уурдоого мүмкүндүк алышкан. (картаны караңыз)





**Акыйкатчы институтунун Тажикистандын 2022-жылдын сентябрь айындагы куралдуу агрессиясынан Баткен облусунун жарандарынын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына мониторингинин жыйынтыктары.**


Акыйкатчы институту 2022-жылдын сентябрындагы Тажикстан Республикасынын куралдуу агрессиясы учурунда Баткен облусунун жабыркаган тургундарынын абалы боюнча мониторинг жүргүзгөн. Мониторинг жабыр тарткан айылдардын жашоочуларынын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышына, тынч жашоого кайтуу процессине, ошондой эле татыктуу жашоо шарттарын камсыз кылуу боюнча мамлекеттин милдеттенмелеринин аткарылышына баа берүү максатында жүргүзүлгөн.

1. Мониторингдин алкагында бардыгы болуп 400гө жакын адам сурамжыланган, алардын ичинен 360 анкета толук жооптор менен иликтенип, камтуу – 2118 адамды түзгөн.


***Социалдык абалы***


Сурамжыланган үй-бүлө башчыларынын ичинен басымдуу көпчүлүгү



***Жайгаштыруу шарттары***












***Эвакуация***

КР ӨКМ калкты эвакуациялоо жүргүзүлгөнү, тартылган күчтөрдүн жана каражаттардын саны, ж. б. тууралуу билдирүүлөрүнө карабастан, сурамжылоо башка натыйжаларды көрсөтүп жатат.




Респонденттердин басымдуу бөлүгү өздөрү же жергиликтүү калктын жардамы менен эвакуацияланганын айтышты – 346, бийлик тарабынан уюштурулду деп 14 гана жооп берилген.

Акыркы бир нече жылдан бери кыргыз-тажик чек арасында атышуулар уланып жатканына жана тажик аскерлеринин былтыркы кандуу кол салуусуна карабастан, буга чейин эвакуация боюнча эч кандай нускама берилбеген, окутуу жүргүзүлгөн эмес, бул суроого 345 респондент терс жооп берсе, 17 киши гана оң жооп берген.

“Эвакуация учурунда зомбулукка кабылгансызбы же жокпу?” деген суроого, "Ооба" деп 4 адам жооп берген, алардын ичинен белгисиз адамдар тарабынан – 3, үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан – 1 зомбулук иши орун алган. Зомбулуктун түрү: 1 - психологиялык басым, 3 – зыян келтирүү деп көрсөтүшкөн.

Жашаган жерине кайтарын – 283 киши билдирип, кайтпасын – 50 адам, чечим кабыла электигин – 29 сурамжыланган юилдирген.

Кайта турган шарттардын арасында басымдуу көпчүлүгү “качан коопсуз болгондо” деп – 176 адам, бир жуманын ичинде – 45 адам, бир айдын ичинде – 7, чек ара маселеси чечилгенде – 26, “билбейм” деп – 82 киши жооп берген.

2. Куралдуу агрессиянын негизги багыты Ворух анклавынын жана Самаркандек айыл өкмөтүнүн жанында жайгашкан Ак-Сай жана Капчыгай айылдары болгон. Ошол эле жабыркаган айылдардын тургундарынын айтуусу боюнча, басып кирүүгө Тажикистандын туруктуу аскерлери (чек ара аскерлери, аткычтар бөлүктөрү, беткапчан атайын күчтөр), ошондой эле жарандык кийимчен адамдар катышкан, алар кийин үйлөрдү талап-тоноо менен алектенишкен.

Ошентип, тажик тарап бир катар эл аралык конвенцияларды, эки тараптуу макулдашууларды бузуп, тынч жарандарга каршы зомбулук көрсөтүп, аларга каршы аскер күчтөрүн колдонуп, социалдык инфратүзүмгө да кол салган. Бул аракеттер согуштук кылмыштары катары квалификациялануусу тийиш.

Жабыр тарткан айылдардын калкы менен болгон жолугушуулардан, ички жер которгон адамдарды сурамжылоодон улам, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү бийлик жана күч түзүмдөрү окуянын мындай өнүгүшүнө даяр эмес экени анык болду. Ички жер которгон жарандардын жоопторуна ылайык куралдуу агрессия болгон учурда эскертүү тутуму болгон эмес же иштебей калган.

Эвакуациянын мүнөздүү элементтери болуп саналган: коопсуз жолдорду аныктоо, эвакуация жөнүндө элге жеткиликтүү түрдө жарыя кылуу, транспортту жана коштоону уюштуруу болгон эмес.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү бийлик жана күч түзүмдөрү калкка коопсуз же оптималдуу жолдор, коопсуз райондор жөнүндө маалыматты жеткире алышкан эмес, анын натыйжасында кол салууга дуушар болгон айылдардын көпчүлүк тургундары бир нече жолу эвакуациялоого аргасыз болушкан. Эвакуацияланган жарандар менен жолугушууларда алар кыргыз-тажик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо маселесин бир нече жолу көтөрүшкөн.

Өз кезегинде Акыйкатчы 2022-ж. 27-сентябрында Европа Биримдигинин Адам укуктары боюнча атайын өкүлү Имон Гилмор мырза менен телефон аркылуу сүйлөшүп, Баткен облусунун тынч элине каршы тажик аскерлеринин адамкерчиликсиз, куралдуу агрессиясын чечкиндүү айыптоо менен, Тажикистанды чек ара айылдарынын жай тургундарына каршы куралдуу жана башка чагымчыл аракеттерди токтотууга мажбурлоо чараларын көрүүсүн өтүнгөн. Тынч элге каршы жасалган бардык кылмыштар үчүн жоопкерчилик болоорун Тажикистанга билдирүү менен, бүткүл эл аралык демократиялык коомчулук үчүн артыкчылыктуу милдет болгон – адам өмүрүн, укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча бардык эл аралык укук коргоо уюмдардын ишмердүүлүгүн күчөтүүсүн суранган. Маек учурунда Акыйкатчы 2022-жылдын тогуз ай аралыгында гана Тажикистандын ар кандай куралдуу чагымчылдыктарынан улам карапайым калк үйлөрүн төртүнчү ирет таштап кетүүгө аргасыз болгонун айтып, акыркы бир жылда кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасынын ар кайсы тилкелеринде Тажикистан тарабынан 15тен ашык куралдуу чагымчыл аракеттер катталганын Евро биримдиктин атайын өкүлүнө баса белгилеген. Маектешүү учурунда Акыйкатчы 2021-жылдын 21-апрелинде Баткен облусунда Тажикистандын агрессиясынын натыйжасында 36 жайкын тургун набыт болгонун, анын ичинде 12 жаштагы кыз жана 3 жашар бала болгонун эске салды. 12 жаштагы кызды үйүнүн алдында, жаш апасы менен синдисинин көзүнчө аткылап кетишкенине көңүл бурду.




2022-ж. 9-октябрында Акыйкатчы Европа Биримдигинин Борбордук Азия боюнча атайын өкүлү Тери Хакала айым менен жолугушуп, Кыргызстандын Баткен облусунун чек арага чектеш айылдарынын тынч калкына каршы Тажикистандын аскердик катаал жана адамгерчиликсиз аракеттери тууралуу маалымат берген. Болгон окуяны үчүнчү күчтөрдүн чагымчылдыгы же белгисиз адамдардын аракеттери деп атоого болбоорун баса белгилеп, Акыйкатчы жеринен өткөргөн мониторингдин жыйынтыктарын айткан. Баткен облусунун чек арага чектеш айылдарынын жайкын тургундары тажик аскерлеринин аскердик агрессиясынын тирүү күбөсү болгонун баса белгилеген. Тажикистандын расмий адамдары тарабынан

жүргүзүлүп жаткан маалыматтык алдамчылыктарга, Кыргызстандын тынч, сабырдуу жана ынтымактуу элин дүйнөлүк коомчулуктун жана жөнөкөй тажикистандыктардын алдында беделин түшүрүү аракеттерине өзгөчө көңүл буруп, эки элдин ынтымактуу, тынч жашоосуна чагымчылдык иш аракети катары баалоого чакырган.




**Омбудсмен Атыр Абдрахматова встретилась со спецпредставителем Евросоюза по Центральной Азии Тери Хакала**

Акыйкатчы 2022-ж. 9-13 ноябрь күндөрү Баткен районунун жабыркаган айылдарынан аргасыз Баткен ш. качып келишкен айымдар менен жашы жетелек балдардын укуктарынын сакталышына байкоо жүргүзгөн. Анда жакын туугандары куралдуу агрессиядан курман болгондордун туугандары тиешелүү “кара кагаз” алуу иш-аракеттеринде мамлекеттик органдар тарабынан кайдыгерлик, бюрократиялык тоскоолдуктар болгону, Министрлер Кабинетинин аракеттерине наразычылык айткандарга ИИМ кызматкерлер кысым көрсөтүп, жоопкерчиликке тартуу жүйөлөрү менен тынч элди коркуткан учурлар белгиленген.

Тажикистандын 2022-жылдын сентябрь айындагы куралдуу агрессиясында Баткен облусунун жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына Акыйкатчы институту жүргүзгөн мониторинги боюнча даярдалган отчет менен толук https://ombudsman.kg сайтынан таанышса болот:

*Бул бөлүм боюнча Акыйкатчынын сунуштар бөлүгүндө киргизилди.*

### 3.1. Куралдуу аскердик агрессиясынын натыйжасында Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун жабыр тарткан жарандарынын укуктарынын сакталышына мониторинг

Кыргыз Республикасынын Президенти 2022-жылдын 17-сентябрында Баткен жана Ош облустарынын административдик-аймактык бирдиктерин калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө №УП 313 Жарлыгына кол койгон, ага ылайык мамлекеттик комиссия түзүлүп, келтирилген зыянды баалоо, компенсацияларды төлөө, үйлөрдү калыбына келтирүү иштери жүргүзүлгөн.

Өз кезегинде Министрлер Кабинети 2022-жылдын 19-сентябрында Президенттин 17-сентябрдагы Жарлыгын ишке ашыруу үчүн №617 буйуртмасын чыгарган.

Кыргыз Республикасынын Президенти 2022-жылдын 11-октябрында Баткен облусунун Баткен районунун айрым калктуу конуштарын калыбына келтирүү боюнча кошумча чаралар жөнүндө дагы бир Жарлыкка кол койгон. Жарлыкта эң катуу жабыркаган Капчыгай жана Достук айылдарын толук калыбына келтирүү жөнүндө конкреттүү иштер белгиленип, милдеттер коюлган.

Кыргыз Республикасы өлкөнүн бардык аймагында жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын камсыз кылуу жана колдоо, өз жарандарынын эмгегин жана ден соолугун коргоо боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган. Мында Баткен облусунун жашоочулары өз укуктарын ишке ашыруунун кыйла оор шарттарына жана аларды бузулуу тобокелдигине байланыштуу өзгөчө статуска ээ экенин белгилей кетүү керек, төмөндө Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун контекстинде адам укуктарын кепилдеген айрым ченемдик укуктук актылар келтирилген.

- "Айрым чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө" 26.07.2011-жылдагы КР Мыйзамы;
- "Кыргыз Республикасынын Чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө КР Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" 20.03.2012-жылдагы КР Өкмөтүнүн токтому;
- "Баткен облусунун статусу жөнүндө" КР Мыйзамы, 10.09.2021 ж.;
- "Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" КР Мыйзамы, 09.01.2005-ж;
- "Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө" КР Мыйзамы, 24.07.2009-ж;
- "Билим берүү жөнүндө" КР Мыйзамы, 30.04.2003-ж;
- "Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" КР Мыйзамы, 28.07.2017-ж;

**Акыйкатчы институтунун Баткен облусунда жабыр тарткан жарандардын укуктарынын сакталышына мониторинги**

Акыйкатчынын мониторинг тобу 7-11-декабрда Баткен облусунун Лейлек районунун жабыркаган Интернационал, Максат, Арка жана Достук айылдарында, 12-16-декабрда Баткен облусунун Баткен районунун жабыркаган Самаркандек, Паскы-Арык, Миң-Өрүк, Кара-Бак, Көк-Таш айылдарында болушкан.

Жергиликтүү бийлик органдары, жабыр тарткан айыл тургундары менен жолугушуулар болуп, Интернационал айылындагы базарга да барып, ишкерлер менен жолугушуулар жүргүзүлүп атайын иштелип чыккан сурамжылоо өткөрүлгөн. Жалпысынан 337 сурамжылоо өткөрүлүп, анын алкагында 1900гө жакын адамдын пикири алынган. Жооптору толук болгон жана иликтөөгө жарамдуу анкеталардын саны 317ни түзүп, төмөнкү айылдарга бөлүнөт:

| Лейлек району | | Баткен району | |
|---|---|---|---|
| Арка | 54 | Кара-Бак | 18 |
| Достук | 26 | Көк-таш | 21 |
| Интернациональное | 47 | Миң-Өрүк | 26 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Максат | 26 | Паскы-Арык | 66 |
| Кулунду | 8 | Самаркандек | 25 |
| **Жалпы саны:** | 161 | **Жалпы саны:** | 156 |

Жолугушуу учурунда тургундар Акыйкатчыга арыздар менен да кайрылышкан. Бардыгы жазуу жүзүндө 39 кайрылуу келип түшкөн, алардын – 33ү жеке, 6 – жамааттык.

Чек ара аймактарында калкты социалдык жактан камсыз кылуу

Конституцияга ылайык, мамлекет элдин бакубаттуулугу жана аны социалдык жактан коргоо боюнча кам көрөт, ошондой эле жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын колдоону, эмгекти жана саламаттыкты сактоону камсыз кылат деп белгиленген. "Кыргыз Республикасынын Чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө" 26.07.2011-жылдагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде жана "Кыргыз Республикасынын Чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө" КР Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык, Лейлек районунун Интернационал, Максат, Арка жана Достук айылдары, ошондой эле Баткен районунун Самаркандек, Паскы-Арык, Миң-Өрүк, Кара-Бак, Көк-Таш айылдарына чек ара аймактарынын статусу берилген. Мындан тышкары, "Баткен облусунун статусу жөнүндө" 2021-жылдын 10-сентябрында Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган, ал Баткен облусунун статусун аныктайт жана мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн уюштуруу жана иштөө өзгөчөлүктөрүн белгилейт.

Бул ченемдик-укуктук актылар Баткен облусунда жабыркаган жарандарга бир топ социалдык, экономикалык жаатта артыкчылыктуу багыттарда мамлекеттик ишти жүзөгө ашырууну болжолдойт.

**Акыйкатчы институту өткөргөн декабрь айындагы мониторингдин жүрүшүндө жогоруда аталган айылдардын жашоочуларын сурамжылоо, Конституцияга жана көрсөтүлгөн мыйзамдарга ылайык мамлекеттин милдеттенмелерин аткаруу боюнча мамлекеттик органдардын ишинин жетишсиздигин көрсөткөн.**

1. Жогоруда көрсөтүлгөн айылдардын жашоочуларынын жашоо сапаты КР башка аймактарына караганда бир топ төмөн. Мисалы, Лейлек районунун Интернационал, Достук жана Максат айылдарында, ошондой эле Баткен районунун Паскы-Арык, Самаркандек айылдарында жашоочулардын ичүүчү суу менен камсыз кылуу көйгөйлөрү дагы деле бар. Тургундар ичүү жана башка тиричилик муктаждыктары үчүн таза суу сатып алууга аргасыз болушат. Респонденттердин ичинен 47% ичүүчү суу менен камсыз болбогонун айтышкан. Керектүү буюмдар жетишсиз, базарлар начар иштейт, соода дээрлик жок, демек, өнүмдөр да кымбат. **"Кышка канчалык даярсыз" деген суроого – 13% гана "толугу менен даярмын", 52% – жарым-жартылай даярмын, 30%дан ашыгы даяр эмесмин деп жооп беришкен.**

2. Баткен окуясынан кийин жергиликтүү тургундардын иш менен камсыз болуу деңгээли төмөн бойдон калууда. Сурамжылоого катышкандардын болжол менен 35% туруктуу кирешеси, же эч кандай жашоо булагы жок. Бул багытта иш алып бара турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар эч нерсе кылышкан эмес. Жабыркаган жарандардын дээрлик көпчүлүгү жумушсуздарга бош орундарды издөө жана сунуштоо, кесипке окутуу жана кайра окутуу сыяктуу, активдүү жана пассивдүү иш менен камсыз кылуу саясатынын чаралары жөнүндө билишпейт, респонденттердин бир нечесине гана жеке үйлөрдү курууда (калыбына келтирүүдө) жумуш сунушташкан. Ошол эле учурда, Арка айылында мамлекеттик органдар тарабынан чакан бизнести өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүлүп, анын натыйжасында 6 жумуш оруну түзүлгөнүн белгилей кетүү керек.

3. Чек ара аймактарынан миграциянын алдын алуу иштери да начар, бул багытта кандай конкреттүү иш-чаралар жүзөгө ашырылып жатканы белгисиз бойдон калууда, бирок айкын көрүнүш жогоруда аталган мыйзамдарда көрсөтүлгөн миграция боюнча иш-чараларга түздөн-түз карама-каршы келет. Кээ бир айылдарда жашоочулардын олуттуу бөлүгү жок, алардын белгилүү бир пайызы кайра кайтып келери күмөн жаратат.

4. Социалдык колдоо жана артыкчылыктарга келсек, респонденттердин жоопторуна ылайык көрсөтүлгөн мыйзамдарга таптакыр карама-каршы көрүнүш түзүлөт. Жолугушуу өткөрүлгөн бардык айылдарда балдарга жөлөк пулду тариздөөнүн жеткиликсиздиги, мамлекеттик органдар ар кандай шылтоолор менен жөлөк пулду кыскартып же аларды толугу менен төлөөнү токтотуп койгон учурлар айтылып, курч маселелер көтөрүлгөн. Ошол эле учурда, Баткен окуясынан кийин эмгек акысынан ажыраган көптөгөн тургундар үчүн балдарга жөлөк пул алуу – үй-бүлөнүн негизги кирешелеринин бири бойдон калууда.

<u>Ишкердик</u>

Жогоруда аталган ченемдик укуктук актыларга ылайык, чек ара аймагында ишкерликти жүргүзгөн жарандарга бир топ жеңилдиктер жана шарт түзүп берүү каралган.

Бирок Баткен облусунун жабыркаган айылдарында жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча кризис чакан жана орто ишкердиктин субъекттерине катуу тийгенин көрсөтүп турат.

Баткен окуяларынан кийин чек ара соодасы төмөндөгөн. Мамлекет салык жана социалдык салымдарга жеңилдиктерди киргизип, каржы институттары 3 айга кредит төлөөнү узартканына макул болгонуна карабастан, бизнес шарттары начарлап кеткен, бул өз учурунда кредиттери убагында төлөөгө мүмкүнчүлүк бербейт. **Көптөгөн ишкерлер товарларынан, каражаттарынан ажырашкан, ал эми 3 айлык кредит төлөө жеңилдиктери өтүп кеткенинен улам, ишкерлер карыздарын жана кредиттерин жабуу үчүн өз мүлкүн сатууга же жаңы кредиттерди алууга аргасыз болууда.** Ошол эле учурда жергиликтүү ишкерлердин билдирүүлөрү боюнча банктар окуялардын кайталанышынан жана күрөөнүн бул түрүнүн нарксызданышынан коркуп, кыймылсыз мүлктү күрөө катары кабыл алууну каалашпай турганын айтышты. Жабыр тарткан жарандардын айтымында, арзан кредиттер жок, же алар мындай маалыматка ээ эмес.

Кошумчалай кетчү нерсе, компенсациялар, тагыраак айтканда, жабыр тарткан ишкерлер үчүн алардын жоктугу. Бул жагдай да бизнес шарттарын кескин начарлатып, ишкерлер үчүн тобокелдиктерди жогорулатат. Мониторингден кийин, 19.12.2022-жылы жергиликтүү ишкерлер бийлик компенсация төлөй турганын, бирок Баткен окуясы учурунда салык патенти барлар гана компенсация алуучулардын тизмесине кирерин билдиришкен.

<u>Саламаттыкты сактоо</u>

Сурамжылоого катышкан Баткен облусунун тургундарынын ичинен 30%дан ашыгы үй-бүлөсүндө медициналык тейлөөгө муктаж адамдар бар экенин көрсөтүшкөн. Мында саламаттык сактоонун жакынкы мекемелеринин жайгашкан жери жалпысынан канааттандыраарлык.

Сурамжылоого катышкандардын үчтөн экиси саламаттыкты сактоо мекемелерине жөө жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, үчтөн бир бөлүгү унаа менен 10-20 мүнөттүн ичинде жете алышат жана респонденттердин 3%дан ашыгы гана жакынкы медициналык пунктка бир сааттан ашык, унаа менен барууга аргасыз болушат. Респонденттердин көпчүлүгү медициналык кызматтын сапатына ыраазы, болжол менен 75% медициналык кызматтын сапаты “жакшы”, 15%дан бир аз ашыгы “канааттандырарлык”, 6%ы гана сапаты “канааттандырарлык эмес” деп баалашкан.

Мониторинг тобунун байкоолорунан жана тургундар менен баарлашуудан көрүнүп тургандай, айрым жерлерде медициналык жардам жетишсиз деңгээлде. Мисалы, Самаркандек айыл аймагынын Паскы-Арык айылынын тургундары менен жолугушууда айрым тургундар аларга медициналык тез жардам, өзгөчө кечинде жана түнкүсүн келбегенине, ал эми болгон фельдшердик-акушердик пункт айыл тургундарынын бардык керектөөлөрүн канааттандырбасына даттанышкан. Паскы-Арык айылынын ФАП жылытуу тутуму жок, ФАП кызматкерлери өздөрү орноткон меш гана бар, кыш мезгилинде процедуралык бөлмөдө суук болгондуктан капельница коюуга болбойт. Терезе сынган жана скотч менен жабылган. ФАП 8:30дан 16:00гө чейин гана иштейт, бул медициналык кызматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Жашоочулардын айтымында сарык оорусу менен ооруганы боюнча Паскы-Арык айылынын туругундары алдыңкы орунда турат, мунун негизги себеби ичүү үчүн пайдаланылган суунун сапаты начар.

Мындан тышкары, 2022-жылдагы жана 2021-жылдагы Баткен окуяларынан кийин көптөгөн адамдар психологиялык жардамга муктаж, айрыкча балдар, бирок жабыркаган айылдарда психологиялык жардам көрсөтүү боюнча иш-чаралар өткөрүлбөй жатканы да белгиленген.

Билим берүү

Конституцияда ар бир адам мамлекеттик билим берүү уюмдарында мектепке чейинки, негизги жалпы, орто жалпы жана башталгыч кесиптик билим алууга укуктуу экени бекемделген. "Билим берүү жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, мамлекет окуп жаткандарга окуу жайларын, жабдууларды, жатаканаларды, жөлөк пулдарды, материалдык жардамдарды, тамактанууга жана транспортто жүрүүгө жеңилдиктерди, медициналык тейлөөнү жана ден соолукту чыңдоону, окуу китептерин берүү менен окутуу үчүн шарттарды түзүүгө милдеттүү.

Жабыр тарткан айылдардын тургундарын сурамжылоодо балдардын болжол менен 12%ынын билим алууга мүмкүнчүлүгү жок экени көрүнүп турат, себеби мектеп күйүп, азыркы учурда жабык, балдар стресске кабылып, окугусу келбей жатат, кээ бирлери балдарды мектепке даярдай алышпайт, мектеп алыс жайгашкан, ошондуктан балдарды мектепке жиберүүдөн коркушат. Мектепке баргандардын ичинен ата-энелер билим берүүнүн сапатын “жакшы” деп 76%, “канааттандырарлык” – 11,5%, “начар” – 7% баалашат, калгандары жооп берүүдө кыйналышат же билишпейт.

Мониторингдик топтун байкоолорунан, мугалимдер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле тургундар менен жолугушуулардан улам, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн тестирлөөдө жогорку окуу жайларга кирүү үчүн

жетиштүү баллдарды ала албай калышынан кооптонушат. Болжол менен бир айдын ичинде жабыркаган айылдардагы мектептердин көбү иштебей калган, көптөгөн тургундар дагы эле үйлөрүнө кайтып келе элек, алардын балдары башка мектептерде окушат, бир нече мектептерде окутуу онлайн шарттамда өткөрүлөт, ошондой эле стресске кабылган балдарды тестирлөөнүн жыйынтыгына терс таасирин тийгизиши мүмкүн экендиги белгиленет.

Коопсуздук

Конституцияда Кыргыз Республикасынын чек араларынын чегиндеги аймагы бүтүн жана кол тийгис деп жарыяланып, ал эми 1, 24-беренелерде Кыргыз Республикасы өзүнүн аймагынын чегинде жана анын юрисдикциясында турган бардык адамдарга алардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылаары белгиленген.

Мониторинг көрсөткөндөй, Баткен облусунун тургундарынын көпчүлүгү өздөрүн коопсуз сезишпейт, окуялардын кайталанышынан коркушат. Тургундар менен жолугушууларда сайлуу мергенчилик куралга уруксат алуу маселеси бир нече жолу көтөрүлүп, жабыркаган айылдардын жашоочулары үчүн уруксат алуу тартибин жеңилдетүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Ошол эле учурда айылда укук коргоо органдары жетиштүүбү деген суроого 60%дан ашыгы “жетиштүү” деп, 10%ы “жетишсиз” деп, бир нече пайызы гана “айылда милиция жок” деп жооп беришкен. Чек ара кандай деңгээлде кайтарылууда деген суроого: 35% толук кайтарылууда, 34% – чек арачылар жетишсиз деп жооп беришкен. Тажикистандык кошуналар менен болгон мамилени респонденттер төмөнкүчө мүнөздөшөт (суроого бир нече жооп менен тандалып алынган): биз алар менен эч кандай мамилебиз жок – 90%, биз аларга ишенбейбиз – 22%.

"Тынчтык орнотууга ишенесизби" деген суроого көпчүлүгү күмөн санашат – 54%, ишенишпейт – 28%, ишенишет – болжол менен 18%.

Коопсуздук жана тынчтык орнотуу маселелерин чечүү үчүн сурамжыланган респонденттердин да, жолугушууларга катышкан тургундардын да дээрлик көпчүлүгү кыргыз-тажик чек ара маселени тез арада чечүү зарыл деп эсептешет.

**Акыйкатчы институтунун Баткен облусунда жабыр тарткан жарандарынын укуктарынын сакталышына жүргүзгөн мониторингинин жалпы корутундусу**

Кыргыз Республикасына карата Тажикистан Республикасынын куралдуу агрессиясынын натыйжасында, Баткен облусунун жабыр тарткан тургундарын ар тараптуу колдоонун, адам укуктарын камсыз кылууда мамлекеттик органдар тарабынан өзгөчөлөнгөн мыйзамдык механизмдерди жана аракеттердин алгоритмдерин иштеп чыгуунун зарылдыгын айрыкча белгилей кетүү керек.

Баткен облусунун жабыр тарткан айылдарынын тургундарын социалдык жактан колдоо жаатында иш жетишсиз жана жалпысынан формалдуу жүргүзүлүүдө. Ар кандай формалдуу себептерден улам балдарга жөлөк пулду кыскартуу жана токтотуу практикасы жарандарды өзгөчө тынчсыздандырат. Калкты иш менен камсыз кылуу боюнча эч кандай иш жүргүзүлбөйт, бул маселеде алар мамлекеттин колдоосун көрүшпөйт. Ишкердикти колдоо чөйрөсүндө чакан жана орто бизнести өнүктүрүүнүн айрым аракеттерине жана берилген жеңилдиктерге карабастан, жалпысынан ишкердик маанай өтө төмөн бойдон калууда.

Саламаттык сактоо тармагы аздыр-көптүр мурдагы деңгээлде калууда, жарандар Баткен окуясына чейин жана андан кийин эч кандай айырманы сезген эмес. Бирок, дээрлик бардыгы жабыр тарткан тургундарга психологиялык жардамдын жана балдарды реабилитациялоого жардамдын жетишсиздигин белгилешет.

Билим берүү тармагында жабыркаган айылдардын жашоочулары бүтүрүүчүлөрдү тестирлөөгө байланыштуу тынчсызданууусун билдиришет, ошондой эле балдардын окууга болгон кайдыгерлиги, бул башынан өткөргөн стресске жана психологиялык жабыркоолордун кесепеттерине байланыштырышат. Бул тармакта окуучу балдарга кошумча сабактарды уюштуруу менен билим деңгээлин бекитилген программаларга жеткирүү боюнча даректүү аракеттер жасалышы керек.

Коопсуздук жаатында, күч түзүмдөрүнүн жана укук коргоо органдарынын аракеттерине карабастан, тургундар өздөрүн коопсуз сезишпейт, көпчүлүгү үйлөрүнө кайтып келишкен жок, кайтып келгендердин көпчүлүгү үй-бүлөлөрүн коопсуз башка жайларга жайгаштырып келишкен.

Мындан сырткары, Акыйкатчы 15-16 декабрда Лейлек, Баткен райондорунун мамлекеттик администрациясынын демилгеси менен Бишкек шаарында аталган райондордун жетекчилери, Жогорку Кеңештин депутаттары М. Темирбаева, Ч. Ажибаев, Саламаттык сактоо министри Г. Батырова, Президентин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары М. Тулаев, коомдук уюмдардын өкүлдөрү менен биргеликте Баткен, Лейлек районунан эвакуация болуп Бишкек шаары менен Чуй облусунда убактылуу жашап жаткан тургундар менен жолугушууга катышкан. Анда элдин көйгөйлөрү угулуп, бирге иш алып баруу сүйлөшүлгөн.

Жыйынтыгында Акыйкатчы Баткен районунда туулган Бишкек ш. тургуну активист айым Г. Абдрахманованы жумушка алып, Баткен облусунда жабыркагандар менен иш алып баруунун координациялоосун тапшырган.

Чуй облусуна, Бишкек ш. аргасыз жашап турган Баткен облусунун тургундары менен ыкчам байланыш

аракети үзгүлтүксүз көрүлүүдө. Акыйкатчы өзгөчө №3 кесиптик лицейдин жатаканасында жайгашкан аялдар жана жашы жетелектер менен тыгыз байланышта болуп, документештирүү, тиешелүү социалдык кызмат алуу, балдардын билим алуусун ыңгайлаштыруу жана ар кандай жашоого муктаж суроолорун чечүү аракеттери көрүлүүдө.





Мындан сырткары, 19-декабрда Жогорку Кенештин депутаты Ш. Мажитова, “Балдардын укугун коргоочулардын лигасы” КФ жетекчиси Н. Турдубекова менен биргеликте Чүй облусуна, Бишкек ш. келип аргасыз жашап турган Баткен облусунун тургундары менен жашаган жерлери боюнча мониторинг өткөрүлүп, жашоо шарттарын жакшыртуу боюнча Президентин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен тиешелүү аракеттер көрүлгөн.



Акыйкатчы институту куралдуу аскердик агрессиясынын натыйжасында Баткен облусунда жабыр тарткан жарандарынын укуктарынын сакталышына жүргүзгөн мониторингдин жыйынтыктары менен кененирээк төмөнкү шилтемеден таанышса болот: https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=3139 .

## IV - БӨЛҮМ. Адамдын жана жарандын укуктарынын менен эркиндиктеринин бузулушунун тутумдуу себептерин жараткан мыйзамдык мүчүлүштүктөр

Акыйкатчынын өз ыйгарым укуктарынын алкагында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча жүргүзгөн ишинин, аларды коргоонун механизмдерин өркүндөтүү, ошондой эле мыйзамдык жана практикалык жаата келип

чыгуучу ченемдик укуктук маселелерди аныктоо максатында, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына талдоо жүргүзүү менен адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин талаптагыдай сакталышын камсыз кылуу багытындагы сунуштары.

### 4.1. Мыйзам долбооруна кылмыш-жаза кугунтугун жүргүзүүдө адам укуктарын сактоону камсыз кылууда, тинтүү жана алып коюу тергөө аракеттерин жүргүзүү жаатында ченем жаратуучу сунуш жөнүндө

**Тинтүү жана алып коюу тергөө аракеттерин жүргүзүү учурунда адам укуктарын сактоону камсыздоодо** Акыйкатчы - өз ыйгарым укуктарынын алкагында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча, аларды коргоонун механизмдерин өркүндөтүү, ошондой эле мыйзамдык жана практикалык жаата келип чыгуучу укук ченемдик маселелерди аныктоодо башка ыйгарым укуктуу органдарга Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Мыйзамдарына талдоо жүргүзүү менен адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталуусун камсыздоо багытындагы ишинде, КРнын КЖПКнин 212-беренесинин 7-бөлүгүндө адам укуктарын бузууга алып келүүчү кемчиликтер бар экендиги аныкталган, анткени тергөө амалдары аталган ченемге ылайык, тинтүү жана алып коюу сүрөт, видео тартып алууларды пайдалануу менен жүргүзүлөт.

Аталган ченем аны чечмелөө үчүн кыйла кеңири укуктук талааны түзөт жана аны колдонуунун таптакыр бирдей эмес жана карама-каршылыктуу практикасына системалаштыру өңүтүнө түшүп бараткандай.

Себеби, тергөө амалдарын жүргүзүдө техникалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу **фотоаппарат үзгүлтүксүз эмес**, айрым учурларду жана эпизоддук видеофиксацияны гана камсыз кыла алат, андай учурда тыюу салынган предметтерди бейкүнөө адамга алдын ала атайын таштап, анан аны алып чыгуу учурунда сүрөткө тартып далил катары пайдаланып эч бир укук ченем аркылуу кепилдиктери каралган эмес.

Ага караганда, видеокамераны колдонуу, ченемдүү, негизделген, логикалдуу болору бышык. **Мында видеожазуу бүткүл керек болсо тергөө амалдарын, издөө, далилдөө процессин, башкача айтканда эң башынан логикалык аягына чейин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүнө шарт түзүлүшү кажет.**

Белгилей кетүүчү нерсе, укуктук ченем жок, болсо дагы сакталбай, жетиштүү түрдө көзөмөлдөнбөй азыркы учурда видео жаздыруучу шаймандардын колдонуу кеңири жайылып жана жеткиликтүү болгондуктан укук коргоо органдары тарабынан

кармалган шектүүлөрдү тергөө иш аракетинде тартылып алынган ведео тасмаларды коомго жайылтуу, шектүүлөрдүн сүрөтүн чыгаруу нормалдуу практикага айланып жаткандай. Ал үчүн кылмыш жообуна тартылган кызмат адамдары боло элек.

Ушуга байланыштуу, тыюу салынган предметтерди бейкүнөө адамга таштап коюу учурларын жокко чыгаруу максатында, КРнын ЖПК 212-беренесинин 7-бөлүгүнө "**тинтүү жана алып коюу үзгүлтүксүз видео тартууну пайдалануу менен жүргүзүлөт**" деген ченем жаратып тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы абдан маанилүү.

Алсак, Бишкек ШИИББ Тергөө кызматынын башчысы К.Курманалиевдин (Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы А.Адимовдун талабына) жазуу жүзүндөгү жообу менен "Кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө илимий-техникалык каражаттарды жана ыкмаларды колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө" ИИМинин 2022-жылдын 22-апрелиндеги №320 буйругунун көчүрмөсү тинтүү жүргүзүүнүн жүрүшүндө видеофиксациялоо тартибин регламенттеген документ катары берилген. **Бирок, бул документте тинтүү жана алып коюу учурунда видеого тартуу тартиби боюнча эч кандай жол-жоболор жана эч кандай конкреттүү милдеттерди коюу талаптары каралган эмес.**

Тинтүүнү жана алып коюуну видеожазуу менен жүргүзүү деталдуу тартиби ар бир укук коргоо органдары өзүнчө бекитпей бардыгына жалпы бирдиктүү ченемдик укуктук акты менен белгилениши шарт. Анткени  КРнын ЖПК талаптары бардык укук коргоо органдарына бирдей коюлган жана алардын баарынан бирдиктүү укук колдонуу практикасын камсыз кылуу маанилүү учур.

Кылмыш куугунтуктоону жүргүзүүдө  адам укуктарын сактоону камсыздодо тинтүү жана алып коюу тергөө аракеттерин жүргүзүү учурунда Мыйзам долбооруна ченем жаратуучу жана тинтүү жана алып коюу тергөө аракеттерин жүргүзүү учурунда адам укуктарын сактоону камсыздоо тууралуу баяндаманын сунуштар бөлүгүндө бетинде келтирилди.

## 4.2. КРнын КЖК 330, 332-беренелеринде каралган кылмыштарды жасоого байланышкан жазык иштеринин жүрүшүн талдоо

Акыркы убакытта өз пикирин ачык билдирип бийликти сындаганы үчүн, журналисттерди, активисттерди, блоггерлерди жана социалдык тармактардын

колдонуучуларын КРнын КЖКнин 330-беренеси “*расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутуу*” боюнча кылмыштын белгилери менен жоопкерчиликке тартуу фактылары орун алууда. Ошондой эле, КРнын КЖК 332-беренесинин 1-бөлүмүндө каралган “экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу, ташуу же жөнөтүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо, экстремисттик уюмдардын символикасын жана атрибутикасын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармагы аркылуу пайдалануу” кылмыштын белгилери менен кылмыш жоопкерчилигине тартуу маселесинде негиздүү суроолор пайда болууда.

2022-жылдын 28-сентябрында Акыйкатчы Аппаратында эксперттик талкууларды өткөрүүнүн жүрүшүндө ИИМ өкүлүнүн маалыматына ылайык, социалдык тармактардын көпчүлүк колдонуучулары эксперттик билими жок жана кылмыштуу ниети болбогондугу менен КРнын КЖК 330-беренесинин 1-бөлүмүндө, 332-беренесинин 1-бөлүмүндө каралган кылмыштарды жасоо белгилерине туш келген адамдар менен биринчи жолу (кылмыш жоопкерчилигине тартпастан) мындай укук бузууларга мындан ары жол бербөө жөнүндө алдын алуу түшүндүрүү иштери өткөрүлүп келе жаткандыгын маалымдаган. Бирок, анын билдирүүсү боюнча ИИО башка региондук структураларында да ушундай эле түшүндүрүү иштери өткөрүлбөй жаткандыгына дагы токтолгон. Жогоруда аталган беренелер боюнча жазык жоопкерчилигине тартыла турган адам эксперттик билими жок болсо, ага берилген (жөнөтүлгөн) материал экстремисттик болуп саналабы же тигил же бул символика (атрибутика) экстремисттик уюмга киреби же жокпу билбей калышы толук түрдө мүмкүн.

Демек, КРнын КЖнин 330-беренесинин 1-бөлүмү  жана 332-беренесинин 1-бөлүмү менен кылмыш жоопкерчилигине тартуу алдында кылмыш ниети такыр болбогондорду да кылмыш жоопкерчилигине тартуу коркунучу өтө жогору болууда.

Жогоруда аталган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, Россия Федерациясынын административдик укук бузуулар жөнүндө кодексинин 20.29-беренеси, экстремисттик материалдарды массалык түрдө тараткандыгы үчүн гана административдик жоопкерчиликти карайт, ошол эле учурда Кыргызстанда материалдын бир жолку нускасын да кокустан жөнөткөндүгү, таркаткандыгы үчүн кылмыш жазаса жоопкерчилике тартууга алып келүүсү мүмкүн.

Акыйкатчы институтунун сунушу боюнча, бул мыйзамга каршы иш-аракеттерди жасоо үчүн түшүндүрүү, алдын алуу иштери болгондон кийин Бузуулар кодекси

менен жоопкерчилиги каралганда жана ушул сыяктуу мыйзамга каршы аракеттерди кайталоо учурунда гана кылмыш жоопкерчилигине тартуу тууралуу Россиянын тажрыйбасын карап чыгуу жана кабыл алуу максатка ылайыктуу болмок.

Белгилүү болгондой, КРнын ЖС Пленуму КРнын КЖнин 330, 332-беренелеринде каралган кылмыштарды жасоого байланышкан жазык иштеринин сот тажрыйбасын жалпылоо менен алектене элек, ошондуктан бул маселени кароо менен оңдоо зарыл, анткени КРнын ЖС Пленумунун түшүндүрмөлөрү укуктук жөнгө салуудагы кемчиликтерди, колдонуудагы мыйзамдардагы карама-каршылыктарды жана коллизияларды жоюуда маанилүү ролду ойнойт жана сот практикасынын биримдигин камсыз кылуунун маанилүү каражаты болуп саналат.

КРнын КЖКнин 82-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык, КРнын КЖКнин 330-беренесинин 1-бөлүмүндө, 332-беренесинин 1-бөлүмүндө каралган кылмыштын белгилери боюнча алгач жасаган адамга пробациялык көзөмөл колдонулбагандыгы да кырдаалды курчутат. Андыктан бул жагдайга көңүл буруп тийиштүү мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Ошондуктан аталган берененин санкцияларына айып түрүндөгү жазаны камтыган ченем киргизүү маанилүү. Аталган ченем боюнча Акыйкатчынын сунуштар бөлүмүндө келтирилди.

## 4.3. “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Мыйзамынын долбоору боюнча сунуштар

“Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна (мындан ары - Мыйзам долбоору) укук ченем жаратууга негизделген сунуштар.

1) Мыйзам долбоорунун 1-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Адвокаттар съездинин ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына мүчө болуу үчүн, кирүү акысын белгилөө укугу менен толуктоо сунушталган.

Бул ченем адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензия алуу үчүн квалификациялык экзаменди ийгиликтүү тапшырып, бирок керектүү каражаты жок адамдардын конституциялык укуктарын чектөө менен талапкерлердин укуктарына шек келтирет деген жүйөө менен белгилейбиз.

«Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, ЮМ Адвокатурага лицензия берүү жөнүндө он жумушчу күндүн ичинде кабарлайт. Адвокатура кабарлоону алган күндөн тартып беш жумушчу күндүн ичинде адвокаттын Адвокатурага мүчө болуп киргендиги жөнүндө ЮМ маалымдайт.

«Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 22-беренесинин 5-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, эгерде адвокат лицензия алган күндөн тартып бир айдын ичинде Адвокатуранын мүчөлүгүнө кирбеген учурда лицензиясынын колдонулушу токтотулат. Тактап айтканда, адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензия алган адам Адвокатурага милдеттүү түрдө кирбей туруп, адвокаттык иш менен алектене албайт.

Акыйкатчы институту Адвокатурага кирүү акыларын алуусун:

- адвокаттык иш менен алектенүү үчүн жасалма тоскоолдук болуп саналат жана ар бир адамдын эмгек ишмердигинин түрүн эркин тандоо укугун чектейт деп эсептейт (айрыкча жаш адистер үчүн);

- Кыргыз Республикасынын жарандарын социалдык-экономикалык абалы боюнча басмырлоого алып келет жана ар бир адамдын өзүнүн бузулган укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугун олуттуу чектейт – анткени кирүү акыларынын алынышынан улам калкка көрсөтүлүүчү адвокаттык кызматтардын наркы жогорулайт.

«Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинде, адвокаттык иш жүргүзүү укугуна талапкерлерге карата талаптардын тизмеси камтылган жана бул тизмеде кирүү акысын милдеттүү түрдө төлөө талабы камтылган эмес.

Адвокатурага кирүү адвокаттык иш менен алектенүү үчүн милдеттүү чара жана талап болгондуктан, Адвокатуранын кирүү акыларын алуу адвокаттык ишмердүүлүгүнө кирүүдө жеке адамдар үчүн чектөө болуп саналат жана каржылык мүмкүнчүлүктөрү чектелген калктын категориясы үчүн өз конституциялык укуктарын колдонууга мүмкүн болбой калат, бул өз кезегинде потенциалдуу адвокаттардын кеңири чөйрөсү үчүн эркин атаандаштык шарттарын түзүүгө тоскоолдук кылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, Конституцияда белгиленген адамдын укуктары жана эркиндиктери эч кандай чектелүүгө жатпайт.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын мүчөлүгүнө кирүү үчүн кирүү акысын белгилөө адвокаттык иш жүргүзүү укугуна экзаменди ийгиликтүү тапшырган жана адвокаттык иш менен алектенүүнү каалаган адамдардын материалдык (мүлктүк) абалынын белгилери боюнча басмырлоочу мүнөзгө ээ ченем болууда.

Бул мыйзам долбоорунун негиздеме-маалымкатында Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына мүчө болуу үчүн кирүү акыларын белгилөөнүн натыйжасында кандай максаттарга жана милдеттерге жетүү же чечүү болжолдонуп жаткандыгы жөнүндө эч кандай түшүндүрмө, негизделген жүйөлөрдүн жоктугу - бул "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 25-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузуу болуп саналат. Бул милдеттүү талаптар сөзсүз эске алынуусу керек.

Салыштыруу үчүн Казакстан Республикасында "Адвокаттык иш жана юридикалык жардам жөнүндө" Мыйзамынын 58-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Адвокатурага мүчө болуп кирүү акыларына тыюу салынгандыгын маалымдайбыз.

2) Мыйзам долбоорунун 1-беренесинин 13-пунктунда, “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамынын 21-беренесинин 4-бөлүгүнүн биринчи абзацын күчүн жоготту деп табуу сунушталууда.

Негиздеме-маалымкатта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-октябрындагы №711 токтому менен бекитилген адвокаттык иш менен алектенүү укугуна лицензия алууга талапкер адамдар үчүн квалификациялык экзамен өткөрүүнүн тартибине өзгөртүү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө билдирилет, ал квалификациялык экзаменди үч этап менен тапшырууну, ошондой эле тестирлөөдөн тышкары эссе жазуу же практикалык тапшырмаларды чечүү, маектешүү сыяктуу этаптарды киргизүү сунушталган.

Негиздеме-маалымкатта эссе жазуу же практикалык тапшырмаларды чечүү жана аңгемелешүү сыяктуу этаптарды киргизүү жөнүндө сунуш жарандардын адвокаттардын аракеттерине, анын ичинде алардын квалификациясынын жетишсиздигине байланыштуу көп даттануулары менен негизделет жана квалификациялык экзамен тапшыруунун колдонуудагы системасы тестирлөө формасында гана толук өлчөмдө эмес, адвокаттык лицензия алууга талапкер адамдын кесипкөйлүгүн аныктоого мүмкүндүк берет.

Бирок, маалымкат-негиздемеден улам, мыйзам долбоорунун авторлору тарабынан кайсы адвокаттар квалификациялуу эмес экендиги жөнүндө сапаттуу талдоо жана изилдөө жүргүзүлгөн эмес деген тыянак чыгарсак болот.

Балким, сапатсыз юридикалык кызматтарды 2018-жылдын 14-февралында Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечими чыкканга чейин квалификациялык экзамен тапшырбастан, адвокаттык лицензия алган адвокаттар көрсөтүшөт.

Бул жаңы киргизүүлөр коррупциогендик факторго ээ, анткени дилбаянды баалоо субъективдүү жүргүзүлөт, аңгемелешүүнү өткөрүүгө байланыштуу комиссиянын мүчөлөрү менен көбүрөөк байланыш түзүлөт, ошондуктан объективдүүлүктүн азайышы, конкурстун татаалдашуусу бюрократияга алып келет. Бул сунуш мамлекеттик органдардын ишинде санариптештирүүнү күчөтүү боюнча өлкөнүн жетекчилиги тарабынан билдирилген курска карама-каршы келет.

Мында ЮМ сунуш кылган мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү логикасы бири-бирине карама-каршы келет.

"Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" мыйзам долбоорунун негиздеме-маалымкатында жүйөлөрдү ишендирүү үчүн ЮМ (демилгечи катары) квалификациялык экзаменден өтүүнүн ушул сыяктуу үч этаптуу системасы жеке нотариат ишин жүргүзүү укугуна лицензия алуу үчүн белгиленгендигин билдирет.

Бирок, бүгүнкү күндө ЮМ сайтында жеке нотариустун лицензиясын алуу үчүн экзамен өткөрүү форматын кескин реформалап, экзамендик процедуралардын натыйжалуулугун жогорулатуу, автоматташтырылган компьютердик тестирлөөнүн ролун жогорулатуу жана экзамендердин жыйынтыктарына субъективдүү фактордун таасирин азайтуу үчүн конкурстук этап - **аңгемелешүү алынып салынганы маалымдалган.**

Ошол эле учурда ЮМ нотариустар үчүн квалификациялык сынак автоматташтырылган бир гана этаптан туруусуна жетишүүгө ниеттенүүдө, ал тестирлөөнү да, практикалык билимдерди текшерүүнү да камтыйт, натыйжаларды баалоо компьютердик автоматташтырылган система аркылуу аныкталат. Жакында эле, коррупциялык тобокелдиктер боюнча көптөгөн даттануулар болгондугуна байланыштуу, ЮМ чечими менен нотариалдык иш жүргүзүүгө талапкерлердин аңгемелешүүсүнүн жыйынтыгы жокко чыгарылган.

**Акыйкатчы институту мыйзам долбоорунун демилгечисинин квалификациялык экзаменге (адвокаттык лицензия алуу үчүн) талапкерди комиссия менен жеке аңгемелешүүнүн этабын киргизүү жөнүндө сунушун максатка ылайыксыз деп эсептейт жана квалификациялык сынак бир гана автоматташтырылган этаптан туруусун сунуш кылат. Ал тестирлөөнү да, практикалык билимдерди текшерүүнү да камтышы керек, жыйынтыктарга баа берүү компьютердик автоматташтырылган система (б. а. адвокаттык лицензия алуу экзаменин өткөрүүнүн форматы жеке нотариустун лицензия алуу экзаменин өткөргөндөгүдөй белгилениши керек).**

"Адвокаттардын ролу жөнүндө негизги жоболорго" ылайык (1990-жылы Нью-Йоркто БУУ кылмыштардын алдын алуу боюнча сегизинчи Конгресси тарабынан кабыл алынган), катышуучу мамлекеттер адвокаттардын тийиштүү ролун камсыз кылууга көмөктөшүүсү керек, ал улуттук мыйзамдарды иштеп чыгууда жана аны колдонууда өкмөттөр тарабынан урматталып, кепилдениши жана адвокаттар, соттор, прокурорлор, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин мүчөлөрү жана жалпы коом тарабынан эске алынышы зарылдыгы белгиленет.

"Адвокаттардын ролу жөнүндө негизги жоболордун" 16-пунктуна ылайык, өкмөттөр адвокаттарга:

а) алардын бардык кесиптик милдеттерин коркутуп-үркүтүүсүз, тоскоолдуктарсыз, тынчсызданусуз жана орунсуз кийлигишүүсүз аткаруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуусу керек.

Мамлекет адвокаттардын көз карандысыздыгын коргоо жана алардын кандай гана болбосун, анын ичинде мамлекеттик эмес субъекттер тарабынан кийлигишүүсүз же тоскоолдук жаратпастан өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашыруусун камсыз кылуу үчүн оң жана активдүү чараларды көрүшү керек. Ошол эле учурда алар адвокаттардын ролуна тиешелүү негизги принциптерди, ошондой эле адвокаттардын көз карандысыздыгына жана ишмердүүлүгүнө тиешелүү башка ченемдерди жана стандарттарды, мыйзамдарда жана практикада ишке ашыруу үчүн натыйжалуу чараларды көрүшү керек. Адвокаттарга карата зыяндуу таасирдин же ар кандай кийлигишүүнүн бардык учурлары кылдат жана көз карандысыз иликтенип, күнөөлүүлөр жоопко тартылып, жазаланышы керек.

Мамлекеттер жана адвокаттар ассоциациясы ар бир адам үчүн юридикалык коомго эч кандай басмырлоосуз кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуусу; - аялдардын жана

азчылыктардын өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн, аларга орто жана жогорку билимге туура жетүү жолу менен атайын чараларды көрүүсү керек.

**Акыйкатчы институту жогоруда аталган жаңы өзгөртүүлөр:**

**- материалдык абалынын белгилери боюнча адвокаттык иш менен алектенүүнү каалаган адамдар үчүн тоскоолдуктарды жаратат;**

**- непотизм, жердешчилик жана конкурстук тандоодо коррупциялык тобокелдиктердин пайда болушу сыяктуу терс көрүнүштөрдүн көбөйүү тобокелдигин жогорулатат;**

**- адвокаттык иш чөйрөсүндө эл аралык стандарттарга ылайык келбейт деп эсептейт.**

3) **Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясынын ишинин объективдүүлүгүн жана калыстыгын камсыз кылуу максатында анын курамына Акыйкатчынын өкүлүн киргизүүнү сунуштайбыз.**

Акыйкатчы институтуна адвокаттардын иш-аракеттерине, аракетсиздигине даттануулар көп келип түшөт, алар көпчүлүк учурда ишеним көрсөтүүчүлөрдүн укуктук билиминин төмөндүгүнөн пайдаланып, адвокаттын так жана өлчөнүүчү милдеттерин камтыбаган расмий келишимдерди түзүшөт. Көбүнчө мамлекет кепилдеген юридикалык жардам линиясы боюнча берилген адвокаттар өз милдеттерине ак ниетсиз мамиле кылып, консультацияларды үстүртөн беришип, сапатсыз укуктук жардам көрсөтүшөт, ал эми жеңилген учурда иштер сот системасынын коррупциялуулугун, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин судьялар менен расмий эмес байланыштарын негиздейт. Адвокаттардын мурда өзүнө алган милдеттенмелеринен баш тарткан учурлары, мамлекеттин атынан акысыз негизде юридикалык жардам көрсөткөн адвокаттар кардарларынан мурда сүйлөшүлбөгөн кошумча сый акыны төлөө талабын койгон учурлар дагы арбын кездешет.

**Мисалы**, 2022-жылы[61] Акыйкатчы тарабынан Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясына айрым жактоочууларга чара көрүү тууралуу көңүл буруу актысына **1 жылдан ашык убакттан бери жооп кат беришкен эмес.** Буга байланыштуу Акыйкатчы институ тарабынан эскертүү түрүндө кошумча катын жөнөтүүсүнө карабастан [62] **ушул учурга чейин жоопсуз турат.**

[61] 2022-ж. 12-апрели чыг. 198/22
[62] 2022-ж. 30-августу чыг. 12/600

Белгилей кетсек, Акыйкатчы тарабынан Этика боюнча комиссия мүчөлөрүнө чара колдонуу талабына Адвокатура жарандык коомдун институту катары мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасына кирбейт экендиги жана Адвокатуранын этика боюнча комиссиясын көрсөтүлгөн мөөнөттө каралбаган кайрылуулар үчүн жоопкерчиликке тартуу маселесин күн тартибине чыгарганда, бул жагдайлар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен прокуратура органдарынын компетенциясына киргизилген эместиги аныкталган [63]. Демек арыз ээлеринин Этика комиссиясынын мыйзамсыз иштерине чара көрүү тууралуу кайрылуулары каралууга жатпай, Адвокатуранын Этика комиссиясынын мыйзамдарды бузуусунун кесепеттери үчүн жоопкерчилик тарпай тургандыгы өкүнүчтү жана мындай көрүнүштөрдү эч качан болтурбоо керектигине маани берүүнү сунуштайбыз.

Ушуга байланыштуу Акыйкатчы институтунун парламенттик көзөмөлүн толук кандуу иш жүзүнө ашыруу үчүн, **Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясынын ишинин объективдүүлүгүн жана калыстыгын камсыз кылуу максатында, анын курамына Акыйкатчынын өкүлүн киргизүү негиздүү жана максатка ылайыктуу.** Ансыз жогорудагы белгиленгендей жарандардын кайрылууларын, Акыйкатчынын, прокурордун  көңүл буруу актыларын кароосуз, жоопсуз калтырып коюусусу менен аныкталган. Мындайга жол бербешибиз керек, ал эми тийиштүү ченем боюнча баяндаманын сунуштар бөлүгүндө келдирилди.

## 4.4. КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесинин 4-бөлүмүнө толуктоолорду киргизүү тууралуу

2021-жылдын 22–июлунда КРнын Жогорку Кеңеши КРнын Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын (мындан ары - мыйзам долбоору) үчүнчү окууда кабыл алган.

Аталган Мыйзам коомдук талкууга 2020-жылдын 22-февралында эле чыгарылган жана мыйзам долбооруна, негиздеме-маалымкатка жана жөнгө салуучу таасирди талдоого ылайык, мыйзам долбоору банк ишинин жана каржылоонун ислам

[63] Башкы прокуратуранын жооп каты

принциптерин, тактап айтканда КРнын Жарандык кодексинин $34^1$-главасына олуттуу толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү өркүндөтүүгө гана багытталган.

Бирок, мыйзам долбоорунун акыркы версиясында кандайдыр бир жол менен КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесине (заем келишими) толуктоолор киргизилген. Алар ислам банк иши жана каржылоо принциптерине эч кандай тиешеси жок. Жарандык кодексинин 724-беренесине (заем келишимине) толуктоолорду киргизүүгө карата негиздеме-маалымкатта жана жөнгө салуучу таасирди талдоодо кандайдыр бир түшүндүрмөлөр жок. Ошондой эле, бул маселе адам укуктарына тикелей тиешеси бар болгонуна жана аны чектөөгө алып келеерине карабастан коомдук талкууга коюлган эмес.

Натыйжада, КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесине (заем келишимине) толуктоолор, биздин көз карашыбызда, КРнын "Ченемдик укуктук актылар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузуу менен кабыл алынган, мында жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына тикелей тиешеси болгон ченемдик укуктук актылардын долбоорлору, ошондой эле ишкердик иш-аракетти жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлору ченем чыгаруучу органдын расмий сайтына жайгаштыруу жолу менен коомдук талкуулоого жатат.

КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесине толукталган 3,4,5,6-бөлүмдөрүнө ылайык, тишелүү лицензияся/уруксаты жок бир айдын (отуз күндүн) ичинде (КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесинин 3-бөлүмүнүн 3-абзацында көрсөтүлгөндөй) экинчи жолу заем берүү үчүн бүтүмдөрдү жасоону чектегендигине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган экономикалык эркиндикке болгон жарандардын жана уюмдардын укуктарын чектейт.

Ошентип, эгерде жеке адам/юридикалык жак заемдун өлчөмүнө жана/же заем алуучу/берүүчү адамдардын санына карабастан бир айдын (отуз күндүн) ичинде эки же андан көп жолу (тишелүү лицензияся/уруксаты жок) заем берсе анда ошол аракеттер тиешелүү жоопкерчиликке жана жазага алып келет.

Белгилей кетсек, КРнын Жарандык кодексинин 724-беренелеринин 1 жана 2-бөлүмдөрү заем чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин негиз болуучу принциптерин белгилейт/аныктайт жана "заем келишими" деген түшүнүк менен "заем келишиминин" документи катары гана эмес, укуктук мамилелери катары түшүндүрүлөт. КРнын Жарандык кодексинин 725-беренесинин 3-бөлүмүнө ылайык, заем алуучунун ага заем берүүчү белгилүү бир суммадагы акча же белгилүү сандагы буюмдарды бергендигин күбөлөндүргөн тилкаты же башка документи болгон учурда

заем келишими жазуу жүзүндө түзүлдү деп таанылат жана ЖС Пленумунун 31-майындагы 2018-жылдагы "Заем келишими боюнча талаштарды чечүүдө соттук тажрыйбанын айрым маселелери жөнүндө" токтомуна ылайык, заем келишиминин бар экендигинин тастыктаган "башка документ" катары КРнын ЖПК 80-беренесине ылайык, КРнын Жарандык кодексинин 725-статьясынын 3-бөлүмүндө көрсөтүлгөндөй, заем алуучунун акча же буюмдарды алууну тастыктаган ар кандай (актылар, келишимдер, маалымкаттар, өздүк жана иш каттар, бүтүм боюнча маалыматтарды камтыган, тактап айтканда факсимилдик, электрондук же аны далилдөөчү башка байланыш аркылуу алынган) заем келишиминин бир тарабынын чыккан жазуу түрүндө далилдер саналат. Бул "заем келишимин түзүү" жана/же "заем келишими" деп аталган аныктамаларга жарандардын арасында көп учурда кезиккен карызга берүү жөнүндө өз колу менен жазылган кадимки күбөлөндүргөн тил кат да кирет экенин түшүнүү керек.

КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесинин толукталган пункттары ишкердик субъекттерине гана эмес, заем бере алган кадимки жарандар үчүн да терс кесепеттерди жаратышы мүмкүн, анткени алар көп жылдык тажрыйбанын негизинде жана/же билбестиктен өзүнүн тааныштарына/досторуна/туугандарына заем келишими же тил кат менен бир ай ичинде эки же андан көп жолу карызга акча каражат бериши мүмкүн, ошол эле маалда кимге, бир адамга же бир нече адамга берилеби заемдын суммасы маанилүү эмес. Заем келишимдерин түзүүдө жана/же акча каражаттарын өткөрүп берүүдө (анын ичинде тил кат боюнча) жарандардын жана уюмдардын заемдорун көзөмөлдөө/контролдоо логикасы түшүнүктүү, эгерде карыздык милдеттенмелер кредиттик мүнөздө болсо, башкача айтканда карыздын негизги суммасына карата пайыздарды эсептөө менен коштолгондо. Бирок, эгерде адам жардам катары бир эле учурда бир нече муктаж болгондорго карыздын негизги суммасына эч кандай кошумча пайыздык карыз кошпой эле берүүгө ниеттенсе (б.а. мындан эч кандай пайда албаса), анда эмне үчүн аны түйшүккө салып тиешелүү лицензиялык/уруксат берүүчү документтерди алдын ала алуу боюнча милдеттендириш керек деген негиздүү суроого жооп жок. Анткени анда, карыз чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жарандар жана уюмдар (финансы-кредиттик мекемелерден тышкары) КРнын КЖКнин 218-беренеси (мыйзамсыз ишкердик же банктык иш) кылмыш жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн же Укук бузуулар жөнүндө Кодекстин 299-беренеси (лицензиясы (күбөлүгү) жок банк операцияларын жүзөгө ашыруу) боюнча жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн.

Мындай жагдайда ак ниетсиз карыз алгандар өз укугун кыянаттык менен пайдаланууга мүмкүнчүлүгү пайда болот, анткени мында алар өздөрүнүн карыз берүүчүлөрүнө карата укук коргоо органдарына кайрыла алышат же карыз берүүчүлөрдүн зарыл лицензия алынбагандыгына байланыштуу эки тараптын ортосундагы бүтүмдөрдү жараксыз деп табуу жөнүндө доо арыздары менен сот органдарына кайрыла алышат (КРнын Жарандык кодексинин 186-беренеси).

КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесиндеги (заем келишиминин) кошумча пункттары кылдат талдоосуз, коомдук талкуусуз жана ченем жаратуучу мыйзамдарын бузуу менен кабыл алынгандыктан, азыркы учурда кылмыштуулуктун/жоруктардын табигый эмес статистикасынын көбөйүшүнө алып келүүгө коркунучун жаратууда, бул дагы ак ниетсиз адамдар тарабынан мындай иштерди чечүүдө коррупциянын деңгээлин жогорулатуу үчүн кошумча негиз болуп калат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Акыйкатчы Аппараты тарабынан ЮМ КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесинин 4-бөлүмүнө төмөнкү редакциядагы төртүнчү абзац менен толуктоо жөнүндө тиешелүү мыйзам долбоорун иштеп чыгып КРнын Министрлер Кабинети тарабынан КРнын Жогорку Кеңешине демилгелөө жөнүндө сунуш келтирген:

*"- эгерде заем келишими боюнча заем берүүчү заем алуучудан заемдун негизги суммасына эч кандай пайыздарды же башка кошумча төлөмдөрдү алууга укугу жок болсо;"*.

Андан соң, 2022-ж. 09.06. чыг .04-2/6028 саны менен катталган катына, ЮМ келип түшкөн жообуна ылайык, аталган Министрлик КРнын Жарандык кодексине жогорудагы өзгөртүүлөрдү киргизүү туралуу Акыйкатчынын сунушунун концепциясын колдоого алына тургандыгы маалымдалган. Бирок заемго тиешелүү маселелер КРнын Экономика жана коммерция министрлигине, Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматына, Финансы министрлигине, Улуттук банктын компетенциясына караштуу болгондуктан көрсөтүлгөн мамлекеттик органдарга кайрылуу сунушталган.

Жогорудагылардын негизинде, мыйзам чыгаруу демилге укугуна ээ болгон субъекттерге КРнын Жарандык кодексинин 724-беренесинин 4-бөлүмүнө жогоруда көрсөтүлгөн сунушту камтыган тиешелүү мыйзам долбоорун иштеп чыгып жана аны КРнын Жогорку Кеңешине киргизилгени сунушталат.

## 4.5. Баатыр энелердин жөлөкпулдары боюнча тиешелүү Мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинде Кыргыз Республикасы социалдык мамлекет деп айтылганына карабастан, калктын айрым категориядагы жарандары мамлекет тарабынан социалдык жактан толук кандуу колдоо таппай келет. Мисалга алсак, Кыргызстанда пенсия курагына жашы жете элек, бирок «Баатыр эне» орденин алган энелерге мамлекет тарабынан жөлөкпул каралган эмес.

Анткени, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» мыйзамынын 13-беренесинин 1-бөлүгүнүн «з» бөлүкчөсүнө ылайык, «Баатыр эне» ордени менен сыйланган энелерге эсептик көрсөткүчтүн 1000 пайызы өлчөмүндө кошумча төлөм жаш курагы боюнча 55 жаш курагына жеткен баатыр-энелерге гана берилет. Ошондой эле, «Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпул пенсиялык камсыз кылууга укугу болбогондо эмгекке жөндөмсүз 55 жашка чыккан баатыр энелерге дайындалат. Тагыраак айтканда, аталган мыйзамда орто жаш куракта «Баатыр эне» орденин алган энелерге (55 жашка чыга элек баатыр-энелерге) мамлекет тарабынан жөлөкпул каралган эмес.

Мыйзамда мындай талаптардын коюлушу коомдо социалдык адилетсиздикти пайда кылып, көп баланы өстүрүп-чоңойткон орто жаш курагындагы энелердин нааразычылыктарын жаратууда. Анткени, 7 баланы төрөп, чоңойтуп түйшүк тартып, «Баатыр эне» орденин алган орто жаш курагындагы энелер, бирдей эмес коюлган талаптардын негизинде мамлекет тарабынан колдоо таппай келет.

Алар болсо андай колдоого муктаж, анткени 55 жаш курагына жетелек баатыр энелер көп жашы жетелек балдарды багуу бул эбегейсиз моралдык-психологиялык жүк гана эмес, аябай чоң каржылык чыгымды талап кылат. Мындай маселеде мамлекет тарабынан жок дегенде жарым-жартылай чыгымдарды жабышканга көмөк көрсөтүү адилеттүүлүк принциптерине ылайык келмек деп эсептейбиз.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин

1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана

өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат, эч ким жынысы, расасы, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан

дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Аппаратына 55 жаш курагына жете элек, бирок 7 баланы төрөп «Баатыр эне» орденин алган жаш энелер кайрылгандыктан, бул маселеге Акыйкатчы институту тарабынан көңүл бурулуп, аларга мамлекет тарабынан тиешелүү жөлөкпул каралышы менен, Кыргызстандагы көп балалуу үй-бүлөлөргө социалдык жактан колдоо көрсөтүү жана орто жана жаш курактагы баатыр энерлердин жөлөкпулга болгон укугунун сакталышы үчүн мыйзамдагы мүчүлүштүктөрдү жөнгө салуу зарылдыгын белгилейбиз.

Жогорулардын негизинде "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (2017-жылдын 28-июлу № 163) төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүүсүн сунуштайбыз:

1) 4-беренесинин 4-пунктунда баатыр - энелер – "55 жаш" деген сөз “жашына карабастан” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) 5-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган баатыр - энелер "55 жаш үчүн" деген сөздөр “жашына карабастан" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунда көрсөтүлгөн “55
жашка чыкканы боюнча” деген сөздөр алынып салынсын;

4) 10-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "баатыр энелерге, эгерде жөлөкпул үчүн кайрылуу жана бардык зарыл документтерди тапшыруу "баатыр эне" наамын алган күндөн тартып 6 айдан кечиктирбестен берилсе, көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин жөлөкпул үчүн кайрылуу жасалган айдын кийинки айынын биринчи күнүнөн тартып - өмүр бою.";

5) 14-беренесинин 4-бөлүгүндө баатыр эне –“55 жашка чыккандыгы боюнча” деген сөздөр “жашына карабастан” деген сөздөр менен алмаштырылсын.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 9-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык "Баатыр эне" ордени менен сыйлоодо ата мекенди жана анын мамлекеттик кызыкчылыктарын коргоодо, адам өмүрүн сактап калуу, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу боюнча жарандык парзын аткарууда курман болгондор же дайынсыз жоголгон балдар эске алынат. Мындайда көптөгөн башка себептерден улам каза болгон бойго жеткен балдар эске алынбайт.

Иштин бул абалы катуу оорудан, кырсыктан, апааттан, оор жаракат алуудан бойго жеткенден кийин каза болгон балдардын энелеринин нааразычылыгын жаратат.

Анткени, эч ким эрезеге жеткенден кийин катуу оорунун, кырсыктын, апааттын, оор жаракат алуунун натыйжасында мезгилсиз өтүп кетүүдөн камсыздандырылган эмес. Көбүнчө ошондой учурларда, энелер бойго жеткен балдарынын өлүмүнө күнөөлүү болушу мүмкүн эмес.

Демек, мындай учурларда ата-энелердин эч кимиси (жарым-жартылай болсо да) өз бойго жеткен балдарынын өлүмү үчүн күнөөлүү же кандайдыр бир моралдык жактан жооптуу болушу мүмкүн эмес, бирок, тилекке каршы, бул жагдайларды жогоруда аталган мыйзам эске албайт. Ошону менен бирге, Конституцияда да, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын башка тиешелүү ченемдеринде да ата – энелердин өз балдарынын алдындагы милдеттери жана жоопкерчиликтери алардын жашы жеткендиги менен чектелгени бекеринен эмес.

Ошентип, Мыйзамдын жогоруда айтылган ченеми социалдык-багыттуу жана адилеттүү коомду куруу максатын көздөгөн мамлекеттин мыйзам системасын курулууга тийиш болгон бардык жарандарга карата мамиленин объективдүүлүгүнүн жана бир түрдүүлүгүнүн принциптерине толук өлчөмдө ылайык келбегендигине кабар берет.

Жогоруда аталган жагдайларды эске алуу менен "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө" Мыйзамдын 9-беренесинин 3-бөлүгүн төмөнкүдөй мазмундагы 3-пункт менен толуктоону сунуштайбыз:

"3) оорунун, кырсыктын, апааттын, травма алуунун кесепетинен жашы жеткен куракта каза болгондор.”.

Жогоруда аталган мыйзамга көрсөтүлгөн толуктоону киргизүү менен эненин анын эмгегин баалап, мамлекет тарабынан колдоо болот деп эсептейбиз. Тийишүү ченем жаратуучу баяндаманын сунуштар бөлүгүндө бетинде  келтирилди.

## 4.6. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына Акыйкатчынын өзгөчө сунушу

2021-жылы Конституциялык реформалардын жыйынтыгы менен, Коомдук талкууга чыгарылган жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын расмий сайтында жарыяланган "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоору менен таанышкандан кийин Акыйкатчы төмөнкү сунуштарын киргизген.

Жогоруда аталган Мыйзамдын 20-беренесинде ушул конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 1 - бөлүгүнүн 2,3,5,6-пункттарында көрсөтүлгөн субъекттерге (башкача айтканда, президентке, КРнын ЖК, КРнын МК, КРнын ЖС) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерин чечмелөө жөнүндө кайрылуу укугун кароо сунуш кылынган, алар Конституциялык сотко сунуш түрүндө кайрылууларды беришет. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 109-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерининсакталышына парламенттик контролду Акыйкатчысы жүзөгө ашырат Бул конституциялык ченемден көрүнүп тургандай, Акыйкатчысы өлкөнүн аймагында адамдын конституциялык укуктарын коргоого ыйгарым укуктуу улуттук башкы мамлекеттик орган болуп саналат.

Өз кезегинде Кыргыз Республикасынын Конституциясында адам укуктарына алты бөлүмдөн турган бүтүндөй бөлүм (№2) арналган. Ушуга байланыштуу, адам укуктарын коргоо боюнча укук колдонуу практикасын ишке ашыруунун жүрүшүндө Акыйкатчысында Кыргы Республикасынын Конституциясынын ченемдерин чечмелөөнү талап кылган маселелер келип чыгышы мүмкүн экендигине жол беребиз. Муну менен катар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын адам укуктары менен байланышкан ченемдери чечмелениши үчүн, Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 3, 5, 6-пункттарында көрсөтүлгөн башка мамлекеттик органдардын дарегине кайрылууга жана алардан Конституциянын ченемдерин чечмелөө жөнүндө тиешелүү сунуштаманы КРнын Конституциялык сотуна киргизүүнү өтүнүүгө аргасыз болот.

Буга байланыштуу, башка мамлекеттик органдарга кошумча кайрылууларга убакытты жана күч-аракетти ашыкча коротууну болтурбоо жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерин колдонууда пайда болгон талаш маселелерди тез арада жоюу, ошондой эле үзгүлтүксүз ишмердикти камсыз кылуу максатында, Акыйкатчынын кызмат ордун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө баяндалган ченемдерди чечмелөө үчүн КРнын Конституциялык сотуна кайрылууга укуктуу субъекттердин катарына киргизүүнү 2021-жылы жылдык баяндамада дагы сунушталган, бирок иш жүзүнө аша элек.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине “Кыргыз Республикасынын

Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесиндеги текст “6” цифрасынан кийин “, 9” цифрасы менен толукталсын жана андан ары текст боюнча.

**Бирок Акыйкатчы киргизген жогорудагы сунуштар эске алынбай калган.**

**Ал эми 2022-ж. Акыйкатчынын баяндамасына кайра кошумчаланды.**

Учурда жогорудагы укук ченемдик сунуштар актуалдуу болуп жаткандыктан, 2022-жылдын жылдык баяндамасында кошумча сунушталууда, анткени бул маселеге учурда актуалдуулугун жоготкон жок жана Акыйкатчыга Конституцияынын адам укугу жаатына байланышкан беренелердин ченемдерин чечмелөө тууралуу Конституциялык сотко кайрылуу укугу киргизилсе 100 миңдеген адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга өбөлгө түзүлөт жана башаламан чечмөлөө практикасын жөнгө салмак. Андыктан бул өзгөчө ченем жаратуучу сунушту Президент, Жогорку Кеңештин депуттары колдоп берет деген ишенич чоң.

## 4.7. Абакта кармалып жаткан соттолгондордун ырайым кылуу жана жазаны жеңилдетүү жөнүндө өтүнүчү менен кайрылууга болгон конституциялык укуктарынын чектелиши

Акыйкатчынын адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо алкагында ишмердүүлүгүнүн алып барууда абакта кармалып жаткан соттолгондордун ырайым кылуу жана жазаны жеңилдетүү жөнүндө өтүнүчү менен Президентке кайрылууга болгон конституциялык укуктарын чектөө жөнүндө укуктарынын сакталышына парламенттик контроль жүргүзүүдө төмөнкүлөр аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы №335 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп табуу жөнүндө” токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Байкоо комиссиялары жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” 1995-жылдын 6-ноябрындагы № 466-токтому жараксыз деп табылып, 8 айдан ашык убакыттан бери Президенттин наамына арыз менен кайрылган соттолгондордун жогоруда айтылган өтүнүчтөрүн кароо боюнча Кыргыз Республикасынын Байкоочу комиссиялардын иши токтотулуп калган. «Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесине ылайык, бул

түзүлгөн байкоочу комиссиялар ырайым кылуу өтүнүчтөрдү алдын ала кароо жол-жобосунун алкагында өлкө боюнча тиешелүү райондорунда жергиликтүү мамлекеттик администрация органдары тарабынан түзүлүп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ырайым кылуу жана жазаны жеңилдетүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылган соттолгон адамга карата өз позицияларын билдиришкен. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы № 335-токтомунун кабыл алынышынын натыйжасында, азыркы учурда абакта кармалган бардык соттолгондор (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 58-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган) Кыргыз Республикасынын Президентине ырайым кылуу жана жазаны жеңилдетүү жөнүндө өтүнүчү менен кайрылууга болгон конституциялык укуктарынан негизсиз чектелишкен.

Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет катары жана адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча эл аралык келишимдердин катышуучусу болгон үчүн мындай жагдайлар таптакыр жол берилбеши керек. Анткени, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана алар ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык. Алар абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон деп таанылат. Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин мааниси менен мазмунун аныктайт. Белгилей кетчү нерсе, айрым соттолгондор (ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрү) Президентке ырайым кылуу жана жазаны жеңилдетүү өтүнүчү менен кайрылуу жөнүндө өздөрүнүн конституциялык укуктарын ишке ашырууга өзгөчө муктажтыгын унутпашыбыз керек.

Мисалы, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2022-жылдын 19-декабрындагы өкүмү менен К. О. Н. соттолгон жана ага катуу режимдеги түзөтүү абагында жазасын өтөө менен 3 (үч) жыл 9 (тогуз) айга эркинен ажыратуу түрүндө жаза дайындалган. Учурда К. О. Н. жубайы менен бирге 7 жашы жете элек баласы бар, ошондой эле ал (2021-жылы каза болгон) эжесинин 3 баласынын камкорчусу, ошондой эле анын багуусунда пенсия албаган, жардамга жана камкордукка муктаж болгон кары оорулуу эне жана жаңы төрөлгөн баланы багып жаткан иштебеген аялы бар, тактап айтканда К. О. Н. жалгыз багуучу болуп саналат.

Жогорудагы көп балалуу үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү 2023-жылдын апрель айынын ортосуна чейин убактылуу жашап турган турак жайды бошотушу керек экени жана бүт үй-бүлөнүн мүчөлөрү түз маанисинде көчөдө калышы толук ыктымал экени түзүлгөн кырдаалды ого бетер курчутууда. Буга байланыштуу баяндамада сунуштар бөлүгүндө.

## V - БӨЛҮМ. Адам укуктарын бузган мамлекеттик жана муниципалдык органдар

### 5.1.1. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин карама-каршы иш аракеттери

Акыйкатчыга кайрылган жарандар сот бийлик бутагына өзгөчө ишенбөөчүлүгүн көрсөтүү менен, судьялардын адилеттигине, калыстыгана ынанбаган соң, жарандар Акыйкатчынын өкүлүн сотко жөнөтүү өтүнүчтөрү менен кайрылууга аргасыз. Акыйкатчынын өкүлдөрү катышкан сот отурумдар боюнча соттук практиканын талдоосу сот адилеттүүлүгүн жүргүзүүдөгү олуттуу кемчилектер жөнүндө тыянак чыгарууга негиз берет.

Ал эми сот отурумдарындагы Акыйкатчынын өкүлдөрү судьялар тарабынан аныкталган мыйзам бузуулардын жыйынтыгын Акыйкатчы өзүнүн чара көрүү актысын Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин жана анын курамындагы Тартип комиссиясынын кароосуна сунуштайт. Бирок, алардын иштеринде дагы кемчиликтер байкалууда, бул бир жагынан ишти талаптагыдай аткарбаганы болсо, экинчи жагынан ушул чөйрөдөгү укуктук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдаодагы акыркы жылдардагы туура эмес айрым өзгөртүүлөрдүн кесепетинен келип чыгууда.

**№1-мисал:** КР Акыйкатчысы тарабынан Бишкек ш. Свердлов райондук сотунун судьясы А. К. Кадыркуловага карата КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 19-мартындагы № 22-р чечиминин талаптарын аткарбаганы жана КЖК 441-беренесинин 5-бөлүгүнүн талаптарын бузганы боюнча Судьялар кеңешинин тартип комиссиясына[64] тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө

[64] 2022-жылдын 06-июлунда чыг. №Т-410 (4) саны

сунуштама киргизилген. Көрсөтүлгөн сунуштамага 3 айдан кийин[65] Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын төрагасы Б. Ж. Акматов судья А. К. Кадыркулованын тартип бузуу жоруктарын жасаганынын далилдерин келтирилбегенин шылтоолоп маани-маңызы боюнча кароосуз кайтарган.

**Акыйкатчы институту Судьялар кеңешинин дарегине экинчи ирет кайталап сунуштама жөнөткөндө, "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" КР конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 1, 2-пункттарында каралган тартиптик жоруктун курамы бар экенин тастыктап, бирок ал тартиптик жоруктун эскирүү мөөнөтү (бир жыл) өтүп кеткенине байланыштуу судья А. К. Кадыркулова тартиптик чара колдонуудан бошотулган.**

Ошентип, КР Судьялар Кеңеши жана анын курамындагы Тартип комиссиясынын аракеттериндеги карама-каршы аракеттерден улам судья А. К. Кадыркулованын тартиптик жоопкерчиликтен кутулуусуна жол берилген.

КР Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын жана КР Судьялар кеңешинин мүчөлөрү өздөрү судья катары кесиптештерине карата түшкөн даттанууларды карайт. Бул жагдайда судьялардын бири-бирине кесиптештик тилектештик мамиледе болуп, кандайдыр бир формалдуу себептерден улам тартиптик жоопкерчиликтен кутулуу үчүн ар кандай айла-амалдарды атайылап колдонушкандай пикир калтырат.

**№2-мисал:** Жаран С. М. арызы боюнча белгиленген ачык сот жыйналышы башталганында, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө Жогорку соттун судьялары А. Д. Мухамеджанов менен Н. К. Эшалиев сот отурумуна катышкандардын бардыгынан жана Акыйкатчынын өкүлү Л. Матвеевадан уюлдук телефондорун өчүрүүнү талап кылган. Л. Матвеева КР Акыйкатчысынын өкүлү экенин жана уюлдук аппарат аркылуу үн жазгычка аудио жазуу жүргүзүп жатканын судьяларга маалымдаган. Иш боюнча төрагалык кылуучу телефонду өчүрүүдөн баш тартуусун «сот отурумунда тартипти бузуу» катары эсептеп, ЖПК ылайык, соттордун уруксаты менен гана отурумга аудио жазуу жүргүзүлө турганын билдиришкен, Акыйкатчынын өкүлү Л. Матвееванын ЖПК боюнча ачык отурумдун купуялуулугу негизсиз болгондуктан **үн жазгычта жазуу жүргүзүү үчүн соттун уруксаты талап кылынбайт** [66] деген каршы пикирине, судьялар ага сот залынан чыгаруу боюнча сот приставтарына буйрук

[65] 2022-ж. 21-сентябрь чыг. № Д-686/22-саны

[66] КР Жарандык процесстик кодексинин 13-беренесинде, ишке катышуучу жактар же соттун ачык жыйналышына катышып жаткан кайдай болбосун кызыкдар жак соттук териштирүүнүн жүрүшүн жазуу жүзүндө же аудио жазуу каражаттарынын жардамы менен жаздырууга укуктуу экени көрсөтүлгөн.

беребиз, жекече аныктама чыгарабыз деп ачык кысым көрсөтүп коркутуп, Л. Матвееваны тартип бузууга жүйөсүз айыпташкан [67].

Акыйкатчынын өкүлүнүн ЖПК 13-беренесинин ченемине ылайык, ачык соттун отурумуна кызыкдар болуп катышуусу кесиптик максаты ишке ашыруучу жактардын процессуалдык укуктарынын сакталышын камтыйт. Ошондуктан, жогору жатка көрсөтүлгөн Жогорку соттун судьялары А. Д. Мухамеджановдун менен Н. К. Эшалиевдин аракеттери ЖПК 13-беренесинин талаптарын бузуу болуп саналат.

Тартип комиссиясы тийиштүү түрдө иштин жагдайларын ар тараптуу, объективдүү жана толук изилдөө менен, кызматтык териштирүү жүргүзүүнүн ордуна, судьялардын тартиптик **жоруктун** далилдери көз көрүнөө болуп турганына карабастан, жалган дооматтарды шылтоолоп Акыйкатчынын сунуштамасын кароосуз кайтарылган.

Жогорку соттун судьялары А. Д. Мухамеджанов менен Н.К. Эшалиевнын көрсөтүлгөн ЖРК 13-беренесинин талаптарын одоно бузганы ачык айкын, анык жана талашсыздыгына карабастан, Судьялар кеңеши эч кандай чара көрбөй, тескерисинче алардын жасаган аракеттерин мыйзамдуу деп тапканы наарazычылык жаратат жана бул жагдайда судьялар бири-бирине кесиптештик тилектештик мамиледе болуп болочокто кандайдыр бир формалдуу себептерден улам тартиптик жоопкерчиликтен кутулуу үчүн ар кандай айла-амалдар менен кесиптештеринин мындай адам укугунун бузуу учурларынын таралышына алып келет.

Судьялардын одоно тартип бузуу жоруктарын жасаганы ачык-айкын, анык жана талашсыз болгонуна карабастан, КР Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясы жана КР Судьялар кеңешинин тарабынан эч кандай чара көрүлбөй, тескерисинче алардын жасаган аракеттерин мыйзамдуу деп тапканы же жогоруда (биринчи мисалда) көрсөтүлгөндөй, башка кандайдыр бир формалдуу себептерден улам судьяларды тартиптик жоопкерчиликтен кутулуу үчүн ар кандай айла-амалдары колдонгону элдин наарazычылыгын жаратканына байланыштуу КР Конституциясына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизип, мурункудай эле Судьялар кеңешине караштуу ***Тартип комиссиясынын курамынын ар бир үчтөн бир бөлүгүн тиешелүүлүгүнө жараша Президент, Жогорку Кеңеш жана Судьялар кеңеши түзүүсүн сунуштайбыз.***

**№3 мисал:** Акыйкатчы тарабынан 2021-жылдын 28-июнунда Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын дарегине Бишкек ш. сотунун судьялары Т. Н. Аккозуевди

[67] "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" Мыйзамдын 8-беренесинин 11-пунктуна ылайык, Акыйкатчы бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарына катышууга укуктуу.

З.Алгожоевди, Н. К. Чериковду тартиптик жорук жасаганы үчүн тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча сунуштама киргизилген.

Бирок, Акыйкатчынын бул кайрылуусу Судьялар кеңешинде катталгандан кийин 1 жыл 3 айдан ашык убакыт өткөн соң гана Судьялар кеңеши тарабынан 2022-жылдын 30-сентябрында Бишкек ш. сотунун судьяларынын аракеттеринде тартиптик жоруктун жасалганы тастыкталганына карабастан, анын бир жылдык э**скирүү мөөнөтүн өтүп кеткенине байланыштуу** тартиптик жаза чараларын колдонуудан бошотушкан.

Практикада кеңири орун ала баштаган мындай жагдайлардын бир себеби 2021-жылдын ноябрынан тартып күчүнө кирген "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КР Мыйзамынын 28-беренесинде каралган судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү тартиптик жорук жасалган күндөн тартып үч эсеге (3 жылдан 1 жылга чейин) кыскаруусу болуп саналат.

Белгилей кетсек, 2021-жылы "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзам кабыл алынганга чейин ошол мыйзамдын долбооруна даярдалган негиздеме-маалымкатында тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү эмне үчүн үч эсе кыскарылып жатканы туралуу (бул маселе юридикалык маанилүү өзгөрүү болуп эсептелгенине карабастан) эч кандай жүйөөлү себептер менен негизделген эмес, бул жагдай "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" КР Мыйзамынын 25-беренесинин талаптарын одоно бузуу болуп саналат.

"Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КР Мыйзамынын долбоору Жогорку соту тарабынан иштелип чыккан жана демилгеленген, аны менен **судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү үч эсе кыскарылышын** сунуштаганына карата, судьялар өздөрү өзүн тартиптик жоопкерчиликтен кутулуунун бир жолу катары айласын тапканы боюнча пикир жаратат.

"Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КР Мыйзамынын 28-беренесине ылайык, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча кайрылууну Судьялар кеңешинин карoo мөөнөтү 6 айга чейин созулушу мүмкүн, ошол себептен **жаран Акыйкатчыга, Башкы прокуратурага же башка тиешелүү органдарга кайрылганга чейин, алар Судьялар кеңеши менен бир нече жолу формалдуу кат алышуу менен алектенгиче судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу мөөнөтү өтүп кетүүдө.**

Белгилей кетсек, Россия Федерациясынын («Россия Федерациясындагы судьялардын статусу жөнүндө» Россия Федерациясынын Мыйзамынын 12.1-беренесинин 6-бөлүгү)

жана Казакстан Республикасынын («Казакстан Республикасынын сот системасы жана судьяларынын статусу жөнүндө» Казакстан Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 42-беренесинин 1-бөлүгү) мыйзамдарына ылайык, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү да тартиптик жорук жасалган күндөн тартып **эки жылды түзөт.**

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, учурдагы мыйзамда судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтүн үч эсеге кыскаруусу, өтө кыска экенин белгилейбиз.

Ушуга байланыштуу судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтүн тартиптик жорук жасалган күндөн тартып эки жылга чейин көбөйтүү жолу менен, “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 28-беренесине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайбыз.

### 5.1.2. Акыйкатчынын 2022-жылдагы көңүл буруу актылары

"Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 14-пунктуна жана 8-2-беренесине ылайык, Акыйкатчы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузган учурлар аныкталганда, тиешелүү органдарга чара көрүү үчүн аларга көңүл буруу актыларын жөнөтүүгө укуктуу.

Акыйкатчы тарабынан 2022-жылы мамлекеттик бийлик органдарына укук бузууларды жоюу зарылчылыгы же адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндигинин бузулушу боюнча кызмат адамдарын жоопко тартуу тууралуу жалпысынан **46** (100%) көңүл буруу актысы даярдалып жөнөтүлгөн, алардын ичинде:

**Аткаруу бийлигине – 11 (24%):**

- ИИМ – 1 (жарым-жартылай чечилген);
- ИИМ шаардык, облустук, райондук башкармалыктар жана бөлүмдөрүнө – 4 (3 учурда оң чечилген, 1 терс);
- ЖАК – 1 (оң чечилген);
- ССМ – 1 (терс жооп берилген);
- БИМ караштуу органдарга – 3 (бардыгы оң чечилген);
- “Манас” эл аралык аэропорту" ачык акционердик коомунун “Ош” эл аралык аэропортуна – 1 (терс жооп берилген).

**Сот бийлигине – 14 (30%):**

- ➢ Райондук сотко – 1 (терс жооп берилген);
- ➢ Судьялар кеңешине – 2 (терс жооп берилген);
- ➢ Судьялар кеңешинин Тартип комиссияга – 5 (терс жооп берилген);
- ➢ ЖС караштуу сот департаментине – 6 (4 учурда оң чечилип, 2 терс).

**Прокуратура органдарына – 11 (24%):**

- ➢ Башкы прокуратурага – 4 (терс жооп берилген);
- ➢ Шаардык, облустук жана райондук прокуратураларга – 7 (4 акт боюнча оң чечилип, 3 терс).

**ЖӨБО – 9 (20%):**

- ➢ Өкүлчүктүү органдарга – 1 (терс чечилген);
- ➢ Аткаруу органдарына – 8 (4 акт боюнча оң чечилип, 4 акт боюнча жооп күтүлүүдө).

**Адвокатуранын Этика боюнча комиссиясына – 1 (2%)** (жооп күтүлүүдө).

Акыйкатчынын көңүл буруу актысынын жалпы санынын жарымына жакыны боюнча оң чечим чыгарылган жана алардагы камтылган талаптар канааттандырылды (бузулган укуктар калыбына келтирилди же жооптуу адамдар жоопкерчиликке тартылышты).

**Жыйынтыкта 46 (100 %) көңүл буруу актысынан:**

- ➔ 19 Акт – оң чечилген (41%);
- ➔ 21 Акт – терс чечилген (46%);
- ➔ 1 Акт – жарым-жартылай чечилген (2%);
- ➔ 5 Акт боюнча жооп күтүлүүдө (11%).

Көңүл буруу актысы ар түрдүү укук мамилелерине тийиштүү болгон.

• Райондук билим берүү бөлүмдөрүндөгү кызмат адамдары тарабынан кетирилген бузуулар;

• Акыйкатчынын ишине суралган маалыматты берүүдөн баш тартуу жолу аркылуу тоскоолдук кылуу;

• Мамлекеттик органдардагы жана ЖӨБО эмгек укуктарынын бузулушу;

• Камактагы адамдарга карата укук бузуулар;

• Административ имараттарда санитардык-гигиеналык жана башка ченемдерди бузуу, анын ичинде, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жактардын кызыкчылыктарын жана укуктарын эске алуу.

Акыйкатчынын көңүл буруу актыларын кароо мөөнөтүн создуктуруу боюнча 2022-жылдын аралыгында Акыйкатчы Судьялар кеңешине же Кеңештин алдындагы Тартип комиссиясына сотторго карата тартиптик өндүрүштүк ишин козгоо боюнча бир канча жолу сунуштама жиберген. Ал эми Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын кызматкерлеринин маалыматына караганда, жиберилгенине жарым жылдан ашык убакыт өтсө да, алардын айрымдары каралбаган бойдон турат. Акыйкатчынын айрым сунуштары белгиленген органдарга 2022-жылдын март айында жиберилген, анткен менен бул сунуштардын каралышынын жыйынтык жооптору 2022-жыл өтсө дагы белгисиз бойдон калууда.

Ушундай эле көйгөй Акыйткатчынын 2016-2017-жылдарга карата Жылдык баяндамасында дагы чагылдырылганын белгилеп кетүү зарыл, анда Судьялар кеңешинин дарегине калыбына келтирүүчү сунуштар камтылган тийиштүү сунуштамалар берилген. Азыр дагы ал сунуштар маанилүү бойдон калууда, алар мындан ары Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын көңүлүнө алынышы керек.

**№1-мисал:** Акыйкатчынын дарегине Чүй облусунун Аламүдүн районунун Васильевка айылынын тургуну Ш. А. Аламүдүн райондук сотунда айыпталуучу М.Ш. иши боюнча, 2022-жылдын 28-сентябрь күнү саат 09:00дө судья Эрлан Оморалиевич Суеркулов төрагалык кылган соттук отурумга мониторинг жүргүзүү тууралуу арыз менен кайрылган.

Аталган арыз Акыйкатчынын Чүй облусу боюнча өкүлчүлүгү тарабынан каралып, аталган отурумга өкүлчүлүктүн кызматкери тарабынан байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгында ЖПК төмөнкү беренелери боюнча процессуалдык мыйзам бузуулар аныкталган.

ЖПК 312-бер. 1-п., 2-п. ылайык:

1. соттук отурум дайындалган убакта башталбастан, 37 мүнөт кечиктирилип башталган;

2. соттук отурумдун башталышында төрагалык кылуучу судья соттук отурумду ачпастан жана кайсы иш териштирүүгө жатарын жарыялабастан соттук териштирүүнү баштаган;

3. төрагалык кылуучу аудио жана (же) видео жазма каражаттары соттук отурумда сот тарабынан пайдаланып жатканы тууралуу жарыялаган эмес.

Аталган соттук отурумда ЖПК 313-бер. 1-п. ылайык, соттук отурумдун катчысы тарабынан соттук отурумга катышуучу адамдардын келгени жөнүндө баяндалбаган жана келбегендердин себептери билдирген эмес. Ошондой эле, сот отурумунун башталышында төрагалык кылуучу судья тарабынан тараптардын сотко өтүнүчү бары же жогу суралбаган. Ошондой эле отурумда төрагалык кылуучу судья Э. О. Суеркулов тарабынан отурумда тартип бузган процесстин катышуучуларына карата ЖПК 307-беренесинин негизинде таасир кылуу чаралары колдонулбаган.

Акыйкатчынын Чүй облусу боюнча өкүлчүлүгүнүн адиси тарабынан көрсөтүлгөн процессуалдык ченемдердин бузулушунан улам отурумда төрагалык кылуучу судья Э. О. Суеркуловго карата тиешелүү акт түзүлүп, көрсөтүлгөн мыйзам бузууларга жол берген кызмат адамдарына жана кызматкерлерге тартиптик өндүрүш ишин козгоо, тиешелүү чараларды көрүү тууралуу Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын төрагасы Б. Д. Акматовго Акыйкатчынын көңүл буруу актысы киргизилген [68].

**Аталган көңул буруу актысына Б. Д. Акматовдон беш айдан кийин гана расмий жооп келген[69]. Тартип комиссиясынын жообунда судьянын тартип бузуу жасаган жоругу аныкталбастан, көңүл буруу актысы маанызы боюнча кароосуз калтырылганы маалымдалган.**

Бул көрүнүш Акыйкатчынын көңүл буруу актыларында аныкталган судьянын жоруктары үчүн Тартип комиссиясынын мүчөлөрү атайлап кайрылууларды маңызы боюнча негизсиз кароосуз калтырып, беш ай убакыт өткөндөн кийин жооп беришинин жыйынтыктары соттор тарабынан мыйзам сакталбаганын көрсөтөт. Анын себептеринин бири бул Тартип комиссиясына эч бир мамлекеттик орган, же көзөмөлдөөчү прокурор мыйзам бузууларды аныктап турса да эч чара көрө алдаганында, анткени комиссия мамлекеттик же ЖӨБО кирбейт.

Ошондуктан Тартип комиссиясынын кызматтык ишин аныктаган ченемдик укуктук актыларга анын мүчөлөрүнүн жеке жоопкерчиликтерин милдеттүү түрдө киргизүү учурдун талабы болуп турат.

[68] 2022-жылдын 10-октябрында чыгыш №517/22

[69] Судьялар Кеңешинин тартип комиссиясынын Төрагасы Б.Дж. Акматовдун Д-226/23 14.03.2023-ж. жооп каты


## VI-БӨЛҮМ. Акыйкатчы институтунун 2022-жылдагы иштери
## 6.1. Акыйкатчынын атына 2022-жылы келип түшкөн кайрылуулар

Акыйкатчынын атына жарандардан 2022-жылы жазуу жүзүндө 3690 арыз, анын ичинен 2090у (56,6%) Борбордук аппаратка, калганы аймактык өкүлчүлүктөргө келип арыз түшкөн. Көрсөтүлгөн жылы жеке кайрылган жарандардын саны **8273** адамды түзгөн. Белгилей кетүүчү жагдай, жарандардын телефондон оозеки кайрылуулары боюнча берилген кеп-кеңештер эсепке алынуусун каттоо, сапатына баа берүү тутуму азыркы учурда иштелип чыгууда.


Акыйкатчынын борбордук кеңсесине жана регионалдык өкүлчүлүктөргө **4583** кайрылгандарга оозеки кеп-кеңештер берилген. Ал эми **1130** киши Акыйкатчынын жеке кабыл алуусунда болгон. Акыйкатчынын орун басарынын жеке кабыл алуусунда 531 жаран болгон.

| **Акыйкатчыга мамлекеттик жана расмий тилдерде келип түшкөн кайрылуулардын пайыздык өлчөмү төмөнкүдөй** | |
|---|---|
| 59.2%ы мамлекеттик тилде | 40, 8 % ы расмий тилде |

*1-диаграмма. Акыйкатчынын атына келип түшкөн кайрылуулардын 2018-2022-жылдардагы кыймылы*




*2-диаграмма. Акыйкатчы Аппаратына 2018-2022-жылдары берилген оозеки кайрылуулардын кыймылы*




Акыйкатчыга кайрылуулар ар түрдүү жолдор менен келип түшөт:

- ❖ электрондук почта;
- ❖ факсимилдик байланыш;

- ❖ Акыйкатчы институтунда 2022-ж. сентябрь айындагы Баткен облусуна куралдуу агрессиядан кийин ачылган whatsapp +996555-001-609 байланыш номуру;
- ❖ Акыйкатчыга жеке whatsapp же социалдык тармактар аркылуу.

Кайрылуулардын басымдуу бөлүгү демейки почта аркылуу же жеке өздөрү Акыйкатчынын борбордук кеңсесине жана аймактык өкүлчүлүктөргө алып келишет.

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылы арыздардын **76.6%ы** жарандардын жеке өздөрү тарабынан берилсе, **18.2%ы –** почта аркылуу, **2,3 %** – ватсапп байланыш аркылуу, **1.9%ы** электрондук почта аркылуу**, 0.6%ы –** факсималдык байланыш, **1,1%ы–** Акыйкатчынын аймактардагы кыдыруу учурунда алынган.

Арыздар кайсы аймактардан келип түшкөнү тууралуу маалымат

Көпчүлүк даттануулар Кыргызстандын аймагында – 99.8%ы, чет мамлекеттерде жүргөн кыргыз жарандарынан – 0.2 %ы келип түшкөн, эң көбү:

- ➢ Бишкек шаарынан – 1 280 (34.7%);
- ➢ Чүй облсунунан –730 (19.8%);
- ➢ Ош облусунан – 491 (13, 3%);
- ➢ Ысык-Көл облусунан – 400 (10, 8 %);
- ➢ Жалал-Абад облусунан – 232 (6, 3 %).

Акыйкатчынын Борбордук Аппаратына жана аймактык өкүлчүлүктөрүнө өлкөнүн жарандарынан келип түшкөн арыздардын салыштырмалуу талдаауусу 1-таблицага ылайык.

*1-таблица*

| к/н | Кайрылуу кайдан келип түшкөн | 2022-жылы келип түшкөн бардык кайрылуулар | Пайызды к көрсөткү чү | Кайрылуу келип түшкөн | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Борбордук Аппаратка | Аймактык өкүлчүлүкк ө |
| 1. | Бишкек ш. | 1280 | 34,7 % | 1280 | - |
| 2. | Чүй обл. | 730 | 19,8% | 238 | 410 |
| 3. | Ысык-Көл обл. | 400 | 10,8% | 150 | 195 |
| 4. | Ош обл. | 491 | 13,3% | 170 | 256 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5. | Баткен обл. | 248 | 6,7 % | 72 | 132 |
| 6. | Жалал-Абад обл. | 232 | 6,3 % | 71 | 120 |
| 7. | Нарын обл. | 148 | 4,0 % | 32 | 93 |
| 8. | Талас обл. | 102 | 2,8 % | 24 | 69 |
| 9. | Абактагылардан | 42 | 1,1% | 42 | - |
| 10. | КМШ, алыскы чет өлкөлөрдөн | 9 | 0,2% | 9 | - |
| 11. | Дареги көрсөтүлбөгөн | 8 | 0,2% | 8 | - |
| | **Баары** | **3690** | **100%** | **2096** (56,8%) | **1594** (43,2%) |

Келип түшкөн кайрылуулардын мазмунун талдоого алганда, доомattардын негизги адам укуктарынын бузуу же чектөө учурлары өткөн жалдардан дээрлик өзгөрүлбөгөнү байкалат. Акыйкатчыга жарандардын 2022-ж. келип түшкөн арыз, кайрылуулардын темасы 2-таблицада көрсөтүлдү.

*2-таблица*

| № к/н | КР Акыйкатчысына 2022-ж. келип түшкөн кайрылууларда көтөрүлгөн маселелер | 2022-ж. кайрылгандардын саны | % м-н |
|---|---|---|---|
| 1 | Акыйкатчынын өкүлүн сот отурумдарына катышуусу тууралуу өтүнүчтөр | 1311 | 35,5 % |
| 2 | Милиция кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 314 | 8,5 % |
| 3 | Турак-жай, жер тилкелери боюнча кайрылуулар | 180 | 4,9 % |
| 4 | Прокуратура кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) | 109 | 2,9 % |

| № к/н | **КР Акыйкатчысына 2022-ж. келип түшкөн кайрылууларда көтөрүлгөн маселелер** | **2022-ж. кайрылгандардын саны** | **% м-н** |
|---|---|---|---|
| | байланыштуу даттануулар | | |
| 5 | Сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 109 | 2,9 % |
| 6 | Социалдык камсыз кылуу маселелери | 84 | 2.3 % |
| 7 | Балдардын укуктарын бузуулары боюнча даттануулар | 82 | 2,2 % |
| 8 | Паспорт жана башка маалымдамаларды берүүгө байланыштуу маселелер | 75 | 2,0 % |
| 9 | Жарандардын эмгек укуктарынын бузуулар боюнча кайрылуулар | 70 | 1,9% |
| 10 | Сот чечимдерине нааразычылык билдиилрген кайрылуулар | 69 | 1,9 % |
| 11 | Обл/рай/шаар администрацияларынын ЖӨББ кызмат адамдарынын аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 59 | 1,6 % |
| 12 | Саламаттык сактоо уюмдарынын иш-билгилигине байланыштуу маселелер | 55 | 1,5 % |
| 13 | Сот органдарынын иш-билгилигине байланыштуу маселелер | 55 | 1,5 % |
| 14 | УКМК иш-билгилигине байланыштуу маселелер | 54 | 1,5 % |
| 15 | Чет өлкөлөрдөгү укук бузууу фактылары боюнча арыздар | 45 | 1,2 % |
| 16 | Билим берүү маселелери | 44 | 1,2 % |
| 17 | ЖАК иш-билгилигине байланыштуу маселелер | 43 | 1,2 % |
| 18 | Сот чечимдеринин аткарылбай жатканы тууралуу даттануулар | 41 | 1,1% |
| 19 | Прокуратура органдарынын иш-билгилигине байланыштуу | 40 | 1,1 % |

| № к/н | **КР Акыйкатчысына 2022-ж. келип түшкөн кайрылууларда көтөрүлгөн маселелер** | **2022-ж. кайрылгандардын саны** | **% м-н** |
|---|---|---|---|
| | маселелер | | |
| 20 | Юридикалык жардам (кеңеш) көрсөтүү боюнча өтүнүчтөр | 39 | 1,1 % |
| 21 | Президенттин Администрациясы, Жогорку Кенештин иштерине тиешелүү маселелер | 28 | 0,8 % |
| 22 | Үй-бүлөлүк зомбулуктар жаатындагы арыздануулар | 27 | 0,7 % |
| 23 | Дин маселелери | 25 | 0,7 % |
| 24 | Кыйноолор боюнча түшкөн арыздар | 22 | 0,6 % |
| 25 | УКМК кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 22 | 0,6 % |
| 26 | ИИМ ИИО иш-билгилигине байланыштуу маселелер | 20 | 0,5 % |
| 27 | ЖАК кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар | 19 | 0,5 % |
| 28 | Экстрадициялоо маселелери | 18 | 0,5 % |
| 29 | Үй-тиричилик көйгөйлөрү | 17 | 0,5 % |
| 30 | Мунапыс берүү маселелери | 14 | % |
| 31 | Кызмат адамы тарабынан кызмат абалынан кыянат пайдалануу тууралуу даттануулар | 11 | 0,3 % |
| 32 | Адвокаттар жана нотариустардын үстүнөн даттануулар | 11 | 0,3 % |
| 33 | Алимент төлөмдөрү маселелери | 7 | 0,2 % |
| 34 | ССМ тармагынын кызматкерлеринин үстүнөн даттануулар | 6 | 0,2 % |

| № к/н | **КР Акыйкатчысына 2022-ж. келип түшкөн кайрылууларда көтөрүлгөн маселелер** | **2022-ж. кайрылгандардын саны** | **% м-н** |
|---|---|---|---|
| 35 | Керектөөчүлөрдүн укугунун бузулушу боюнча даттануулар | 6 | 0,2 % |
| 36 | Аялдардын укуктары боюнча маселелер | 5 | 0,1 % |
| 37 | Шайлоолор жана БШК иштери боюнча маселелер | 1 | 0,02 % |
| 38 | Башкалар | 553 | 14,9 % |
| | **Баары** | **3 690** | **100** % |

"Башкалар" категориясына: жарандар мурда өз алдынча кайрылып, бирок жооп ала албаган ар кыл бийлик органдарына, уюмдарга жана мекемелерге суроо-талап жиберүү өтүнүчтөрү болгон; жарандык (үй-бүлөдөгү, коңшулар арасындагы) араздашууларга байланыштуу ченемдик укуктук актыларды берүү тууралуу кайрылуулар кирди.

**Бардык келип түшкөн кайрылуулар, анда көтөрүлгөн маселелер Акыйкатчы Аппараты тарабынан "КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө", "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" КР Мыйзамдарынын талаптарына ылайык каралуусуна аракет кылынат, бирок кээ бир учурларда кароо мөөнөттөрү же маңызынан каралбаган учурлар бар. Мындай учурларда Акыйкатчы тарабынан тиешелүү тартипке чакыруу чаралары көрүлүп, арыздарда көтөрүлгөн маселелер аягына чейин толук чечилмейинче, аларды көзөмөлдөн алуу боюнча тажрыйбаны токтотуу боюнча талаптар коюлган[70].**

Ал эми жооптордун көпчүлүгү аргасыз орто аралык мүнөздө болгон, себеби арызmunуучунун маселесин чечүүгө Акыйкатчыга мамлекеттик органдар жана

[70] Башкы прокуратуранын 2022-ж. сентябрь айында жүргүзгөн текшерүүсүнүн жыйынтыктары менен берилген 2022-ж. 19-октябрындагы тактамасы.

жергиликтүү башкаруу органдары менен байланышуу менен терең иликтөөнү талап кылат.

Таблицада көрсөтүлгөндөй, Акыйкатчынын иш-билгилигине түздөн-түз тиешеси жок бир катар арыз-даттануулар келип түшкөн. Мындай арыздардын катышы **13,6 %** түздү. Адатта, бул маселелер Президенттин, Жогорку Кеңештин ишине байланыштуу, же сот органдарынын, ИИМ менен прокуратуранын ж. б. иш-билгилигине тиешелүү болуп чыгат. Бирок ошого карабастан, бардык кайрылуулар каралып, жарандарга тишелүү аракеттерди көрүү тууралуу кеп-кеңештер берилген. Айрым учурларда, өзгөчө аз камсыз болгон жана социалдык жактан аярлуу жарандарга түздөн-түз практикалык жардамдар берилген.

Акыйкатчынын иштери адамдын жана жарандын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин калыбына келтирүү көйгөйү, жарандын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушу “жаран – аткаруу бийлигинин” өз ара мамилесинен келип чыкканын чагылдырат.

Мамлекеттик органдарынын түрү боюнча даттануулардын катышы төмөнкүдөй:

- ❖ **23,4%** – сот жана укук коргоо органдарынын үстүнөн даттануулар.
- ❖ **2,3% –** социалдык жактан камсыз кылуу органдарынын үстүнөн даттануулар.
- ❖ **1,7%** – саламаттык сактоо мекемелеринин үстүнөн даттануулар.
- ❖ **1,6%** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үстүнөн даттануулар.
- ❖ **1,2%** – билим берүү жана илим мекемелеринин үстүнөн даттануулар.

Кээ бир жарандар тарабынан жарандык укук мамилелери боюнча айрым юридикалык жана жеке тараптарга, ар кыл уюмдарга карата даттануулар да келип түшкөн.

Акыйкатчы институтуна келип түшкөн арыз-даттануулардын талдоосу көрсөткөндөй, алардын басымдуу көпчүлүгү мурдагыдай эле укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана сот бийлигинин өкүлдөрүнүн аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу. Маселен, 2022-жылы келип түшкөн **3 690** арыздын **863ү (23,4%)** күч түзүмдөрүнүн жана сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) байланыштуу даттануулар болгон.

Арыздарда көтөрүлгөн маселелерди чечүү үчүн, 2022-жылы ар түрдүү уюмдарга жана мекемелерге **8 000**ден ашуун каттар, анын ичинде изилденип жаткан кайрылуулар боюнча – **3107 кат**, арыз ээлерине – **3746** кат жолдонгон.

Жарандардын каралып жаткан кайрылуулары боюнча көбүрөөк суроо-талап прокуратура органдарына, Судьялар кеңешине, ЖС жана жергиликтүү сотторго, ИИМ

жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө, ЖӨБО, ССМ жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө, Билим берүү жана илим министрлигине жана анын үзүмдүк бөлүмдөрүнө, ЖАК, ТИМ жиберилген.

Кайрылуулардын кароонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, арызданууучунун суроо-талап өтүнүчү **35,5%**га канааттандырылган (сот отурумуна мониторинг жүргүзүү), ал эми арыз ээлеринин пайдасына чечилген маселелердин саны **7,6%ды** түзгөн, **56,9%** түшүндүрмөлөр берилген: аларга арызда каралган тигил же бул маселени чечүү үчүн кайсы органдарга кайрылуу керектиги маалымдалган. Арызданууучунун өтүнүчү менен Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери жерине чыгуу менен **1019** кайрылуу каралган, бул жарандардын арыздарынын жалпы санынын **27,6%ын** түзөт.


2022-жылы келип түшкөн жазуу жүзүндөгү арыздардын аткарылышы тууралуу маалымат 3-таблицада көрсөтүлгөн.

**3-таблица**

| **к/н** | **Аталышы** | **2022-жылы жазуу жүзүндо келип түшкөн арыздардын бардыгы** | **2022-ж 31-декабрына карата аткарылды жана көзөмөлдөн алынды** | **% өлчөм менен** | **Арыздануучулардын пайдасына чечилди** | **Аткарылган кайрылуулар % менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.** | **Борбордук аппарат** | **2096** | **1993** | **90,0 %** | **90** | **4,5 %** |
| **Аймактык өкүлчүлүктөр** | | | | | | |
| 1. | Баткен | 176 | 170 | 96,6 | 14 | 8,2 |
| 2. | Ысык-Көл | 250 | 247 | 98,8 | 31 | 12,6 |
| 3. | Жалал-Абад | 161 | 158 | 98,1 | 38 | 24,1 |
| 4. | Нарын | 116 | 111 | 95,7 | 42 | 37,8 |
| 5. | Ош | 321 | 304 | 94,7 | 29 | 9,5 |
| 6. | Талас | 78 | 72 | 92,3 | 23 | 31,9 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Чүй | 492 | 410 | 83,3 | 12 | 2,9 |
| | **Аймактар боюнча** | **1594** | **1472** | | **189** | **12,8** |
| | **Баары:** | **3690** | **3465** | **93,9 %** | **279** | **8,1 %** |

Акыйкатчы Аппаратынын бөлүмдөрүндө жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө 2022-жылдын 31-декабрына карата **225** жазуу жүзүндөгү кайрылуу каралып (Акыйкатчы Аппаратынын Борбордук Аппаратында – **103**, анын аймактык өкүлчүлүктөрүндө – **122**), аткарылышы 2023-ж. өттү. Булар жалпысынан алганда 2022-жылдын акыркы күндөрүндө келип түшкөн арыздар.




Акыйкатчынын борбордук кеңсесиндеги коомдук кабылдамасына 2022-жылдын ичинде **2 396** адам кайрылган, бардык учурларда жарандарга керектүү түшүндүрмөлөр, укуктук кеп-кеңештер берилип, тиешелүү учурларда арыздар алынган.

Адамдарды жеке кабыл алууда укуктук мамиленин дайындуу абалы, түрү жана мүнөзү аныкталып, укуктун бузулуу деңгээли такталып, Акыйкатчынын жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү чаралары аныкталган. Коомдук кабылдаманын ишинде каралган көптөгөн маселелерди республиканын башка мамлекеттик органдарынын жооптуу кызмат адамдарына телефон чалуу менен, жетишээрлик деңгээлде тез чечүүгө да мүмкүн болгон.

**Белгилей кетүүчү нерсе, Акыйкатчы 2022-жылы жарандарды жеке кабыл алууга өзгөчө көңүл бурган. Жеке кабыл алуулар ар жума сайын Акыйкатчынын борбордук кеңсесинде, ошондой эле өлкө аймактарын жана жабык мекемелерин кыдыруу убагында жүргүзгөн.**

Акыйкатчы 2022-жылы **1056** жаранды кабыл алган, ал эми Акыйкатчынын орун басары А. Колопов **531** жаранды кабыл алган. Жеке кабыл алууга келген жарадандардын 90%ы кызыктырган суроолору боюнча дароо жооп алышканы бул иш-аракеттердин натыйжалуулугунун негзги көрсөткүчү болуп саналат. Мисалы, жаран Тихонова Акыйкатчынын жеке кабыл алуусунда болгондон кийин,

ыраазычылык пикирин КР ЖК Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитетине жөнөткөн. Бул факты аталган Комитеттин катынан улам маалым болгон.


Жалпысынан, арыздардын статистикасы Акыйкатчы Институнун зарылдыгын, жарандар анын жардамы аркылуу бузулган укуктарын калыбына келтирүү же квалификациялуу консультация алууга ишенимин жана үмүтүн күбөлөндүрөт.

Онлайн-кабыл алуу

Акыйкатчы институтунун ишин жеткиликтүү кылуу менен элдин укугун коргоо аракеттерин ыңгайлаштыруу максатында, Акыйкатчы аймактардагы жарандардын, өзгөчө аярлуу топтордун ичинен жарандарды онлайн-кабыл алуу ыкмасын киргизген. Себеби, көп учурларда социалдык аярлуу топтор, алыскы аймактарда жашаган жарандар укугун коргоодо борборго чейин келгенге мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Бишкекке келгенге чейин элибиз убакыттан уттуруп, укугун коргоо мөөнөттөрүн өткөрүп жиберип, наразычылык күчөгөнүн билебиз, о. э. интернет байланышы калкыбыздын басымдуу бөлүгүнө жеткиликтүүлүгүн эске алуу менен, элди онлайн-кабыл алууну киргизүү, адам укуктарынын ишке ашырылышына бардык чөйрөдө ыңгайлуу, жеткиликтүү болууга шарт түзөт. КР Президенти С.Жапаров мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлердин эл менен түздөн-түз иштөөнүн заманбап мүмкүнчүлүктөрүн колдонушун камсыз кылууну талап кылууда.

Акыйкатчы Инститиуту тарабынан онлайн-форматта кабыл алуу тиешелүү аймактагы жергиликтүү кеңештердин аял депуттары жана социалдык тармактар аркылуу жарыя таркатуу менен уюштурулган. Жарандарды онлайн-кабыл алуу мамлекеттик органдардын иштеринде биринчи жолу колдонууга киргизилди.

Акыйкатчы 2022-жылдын 29-апрелинде Чүй облусунун жарандарын онлайн-кабыл алууну өткөргөн. Онлайн-кабыл алууда 29 жаран Чүй облусунун Токмок, Кара-Балта, Кемин, Шопоков шаарларынан, Н. Крупская атындагы айылдан катышкан, о. э. Аламүдүн районунун “Панарома” конушунун 40тай тургуну жеринде чогулушуп бирдиктүү онлайн-сүйлөшүү өткөрүлгөн.






Акыйкатчы 2022-жылдын 27-майында Жалал-Абад облусунун тургундарын онлайн-кабыл алынган. Онлайн-конференцияга жалпысынан 43 жаран катышкан. Анын ичинен:

Ала-Бука районунан – 13 жаран,

Аксы районунан – 4 жаран,

Сузак районунан – 12 жаран,

Базар-Коргон районунан – 8 жаран,

Ноокен районунан – 6 жаран,

Баткен районунун Сүлүктү шаарынан – 4 жаран катышып, көйгөйлөрүн айтышкан.

Алардын маани-маңызы төмөнкүдөй:

КР жарандыгын алуу боюнча – 8;

Балдарына туулгандыгы тууралуу күбөлүк алуу боюнча – 7;

Алимент өндүрүү боюнча – 1;

Жолөк пул алуу боюнча – 6;

Турак-жай маселеси боюнча – 2;

Жер маселеси боюнча – 7;

КТБ (ЦОН) кызматкерлеринин жумушу боюнча – 3;

Дин маселелери боюнча – 1;

ИИБ кызматкерлеринин үстүнөн наразычылык – 1;

Медициналык жардам алуу боюнча – 1;

Айылдын жеңилдиктер үчүн статус алуусу боюнча – 2;

Турак-жай кооперативине алдангандардын көйгөйү боюнча – 1;

Билим берүү министрлигине кайрылуу – 1.

Көрсөтүлгөн кайрылууларга ыкчам юридикалык жардамдар көрсөтүлүү менен жооптор берилип, айрым кайрылуулар боюнча арыздар өндүрүшкө алынган.




Жарандардын кайрылуулары негизинен төмөнкү маселелер боюнча болгон:

- жер-укуктук талаштар; тастыктоочу документтери жок, бирок анда 15 жылдан ашык жашаган адамдардын турак-жайга менчик укугу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү тарабынан мыйзам бузуулар;


- «Үй-бүлөгө көмөк» социалдык жөлөк пулдарын ала албагандык;
- Россия Федерациясында иштеп жүргөн жарандардан алимент алуунун тартиби;
- социалдык турак-жай алуу тартиби;
- мектеп окуучуларынын коомдук транспортто жеңилдетилген шартта жүрүүсү;

- туруктуу каттоодо жоктугунан мектепке жана бала бакчага кезекке онлайн-катталуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

Кошумчалай кетсек:

- арыз ээлеринин бири 1-топтогу майып,ден бой өзгөчөлүгүнө жана үй-бүлөлүк шартына байланыштуу пенсияны банк бөлүмдөрүнөн жана банкоматтардан төлөм картасы аркылуу ала албай жатканын билдирген.

- Аламүдүн районунун “Панорама” конушунун тургундары жалпы чогулуш кылып, 40ка жакын адам бирдиктүү онлайн-байланышка чыгып, бул коңуштун жерлеринин мыйзамдаштыруу процессинин ачык-айкындуулугун, чыныгы тургундарга жерлердин мыйзамдаштырууну Акыйкатчынын көзөмөлгө алуусун талап кылышкан.




**Жеринен жарандарды кабыл алуу**

Акыйкатчы апрель айында Чүй облусунун Токмок ш. жанында жайгашкан «ОС Строитель» дачасына барып, жергиликтүү тургундар менен жолугушуу өткөргөн. «ОС Строитель» дача кайсы бир административдик бирдикке тиешелүү болбогонуна байланыштуу жергиликтүү тургундар документтештирүү, социалдык кызматтарга, билим алууга, шайлоо ж. б. укуктарын ишке ашыра албай жатканын билдиришкен.

Акыйкатчы институтунун териштирүүсү башталган соң, жергиликтүү бийлик жана жооптуу мамлекеттик органдар өз ишин жигердүү жүргүзө баштаган.




Акыйкатчы 2022-жылдын 26-июлунда тийиштүү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жетекчилеринин катышуусунда, Бишкек ш. четиндеги Ак-Жар жаңы конушунун айрым тургундары менен жеринен барып жолугушкан. Ак-Жар жаңы коңушунун тургундары жер тилкелерине Кызыл китеп ала элек 2000ден ашык түтүн жашаганы белгилүү. Андыктан, социалдык көйгөйлөрдү өз алдынча чечип туруу максатында “Адилет” коому түзүлүп, 15 жылдан бери иштеп келген. Бул коомго тургундардын айрымдары наараазы. Жолугушуунун жыйынтыгы менен жооптуу мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жетекчилери жергиликтүү элдин көйгөйүн чечүү милдеттенмелерин алган.




Акыйкатчы 2022-ж. 19-23-май күндөрү жергиликтүү бийлик органдарынын катышуусунда, Ош облусунун тургундарын Ош, Кара-Суу, Ноокат шаарларында жеке кабыл алуусун өткөргөн. Жыйынтыгында Акыйкатчы институтунун өндүрүшүнө 100гө жакын арыз алган. Андан сырткары, жеринен кайрылгандардын жөлөк пул, жашы жетелек балдардын билим алуусу жана башка маселелери чечилген. Бул сапарда ИИБ нөөмөттүк бөлүктөрүндө, Ош шаарындагы №25 тергөө абагында, о. э. социалдык мекемелеринде адам укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүлгөн.





## 6.2. Акыйкатчы Аппаратынын алдындагы “115 – ыкчам байланыш” кызматына 2022-жыл ичиндеги кайрылуулар

Акыйкатчынын алдындагы “115 – ыкчам байланыш” кызматы аркылуу өзүнүн укуктары жана эркиндиктери бузулган деп эсептеген ар бир адам, ыкчам тартипте, кыскача пайдалуу маалыматты ала алышат.

Укуктарды коргоо жана калыбына келтирүү жолдору жөнүндө маселелердин бардык өңүттөрү боюнча күн сайын жүргүзүлүүчү “115 – ыкчам байланыш” телефону боюнча консультация жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Дайыма иштөөчү “115 – ыкчам байланыш” кызматы – бул адам укуктарын жана эркиндиктерин мамлекеттик коргоонун кепилдигинин, жарандарга аларды кызыктырган маселелер боюнча сапаттуу жана өз убагында маалымат берүүнүн, консультациялардын, сунуштамалардын жана түшүндүрмөлөрдүн бир түрү. Тынымсыз байланыш телефондору боюнча туруктуу шарттамда эң актуалдуу жана укуктук агартуу боюнча консультация берилет.

“115 – ыкчам байланыш” телефонуна 2022-жылдын 31-декабрга карата **7741** чалуулар келип түшкөн, алардын ичинен үн почтасы – **1401** (ишеним телефонуна жаңылыш жана кыска чалуулар келип түшүшү мүмкүн).

Белгилей кетсек, үстүбүздөгү жылы кайрылуулардын саны мурдагыдай эле ыкчам байланыш телефону жогорку талапка ээ экенин көрсөтүп турат.

**«115 – ыкчам байланыш» телефонуна чалуулардын темалары жөнүндө маалымат**

| к/н | Маселенин мүнөзү | саны |
|---|---|---|
| 1 | Насыя, ипотека, алдамчылык, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары саякаттоо, жарандар менен болгон талаш-тартыштар жана чыр-чатактар ж. б. Маселеледи чечүүгө байланышкан жарандык-укуктук мамилелер боюнча кеп-кеңештер жана сунуштамалар | **460** |
| 2 | Үй-бүлө укугу (алимент, ажырашуу, камкорчулук, асырап алуу ж.б.), аялдардын жана балдардын укуктарынын сакталышы | **354** |
| 3 | Жер, мүлк маселелери жана ага байланышту талаш-тартыштар | **225** |
| 4 | Мыйзамда аскердик кызмат каралган укук коргоо органдарынын, укук коргоо органдардын аракеттерине/аракетсиздигине даттануулар | **189** |
| 5 | Граждандардын социалдык камсыз кылуу жаатындагы укуктарын (пенсиялар, жөөк пул, эмгек акы, компенсациялар, жөлөк пулдарды) сактоо жана коргоо жөнүндө | **182** |
| 6 | Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук, үй-бүлө мүчөлөрүн кордоо жана чыр-чатактар. | **177** |
| 7 | Эмгек укуктарын коргоо жана эмгек мыйзамдарын бузуу (эмгек талаштары), анын ичинде, ишке орноштуруу жана балдарды мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине жайгаштыруу укуктарын коргоо жөнүндө | **156** |
| 8 | Жарандардын нотариалдык аракеттерге кайрылуусу, мурастоо укугуна кирүү | **134** |
| 9 | Саламаттык сактоо жана билим берүү кызматкерлеринин аракеттерине/аракетсиздигине даттануулар (анын ичинде коррупциялык фактылар) | **117** |

| | | |
|---|---|---|
| 10 | Адвокаттардын соттук териштирүүлөргө катышуусуна байланыштуу даттануулар | **107** |
| 11 | Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, сот органдарынын (анын ичинде коррупциялык фактылардын) жана башка органдардын аракеттерине/аракетсиздигине даттануулар | **104** |
| 12 | Паспортторду, күбөлүктөрдү жана башка тиешелүү документтерди берүү, жол-жоболоштуруу боюнча маселелер | **76** |
| 13 | Аймактар боюнча Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлчүлүктөрүнө кайрылуу маселелери | **61** |
| 14 | Соттун адилетсиз чечимдерине даттануулар | **43** |
| 15 | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлүнүн сотко катышуусу | **29** |
| 16 | Калкты каттоо жана жарандык алуу үчүн, жарандык абалдын актылары каттоо боюнча | **23** |
| 17 | Жабык мекемелердеги адамдардын укуктарынын бузулушу (орой мамилеси), анын ичинде медициналык жардамдын жетишсиздиги (жоктугу) жөнүндө | **16** |
| 17 | Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү жарандарынын (мигранттарынын) жана Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк жарандардын укуктарын коргоо жөнүндө | **11** |
| **Баары** | | **2427** |

2022-жылы кайрылуулардын негизги бөлүгүн жарандык-укуктук мамилелер чөйрөсүндө жогорку көрсөткүчкө ээ, алардын арасынан көбүнчө жарандардын өздүгүн күбөлөндүргөн документтерди, мурастарды, мүлктөрдү алууга, жер участогун жол-жоболоштурууга жана алууга тиешелүү маселелерге байланыштуу.

Ошондой эле кайрылуулардын олуттуу саны турак-жай мыйзамдарын жана турак-жай объекттеринин көтөрүлгөн негизги темалар – кызмат адамдарынын аракетсиздиги болуп калууда.

Балдарга жөлөк пул, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөк пул алуу жана жол-жоболоштуруу боюнча кайрылуулардын саны өткөн жылдарга салыштырмалуу азайган жок. Бул көп учурда аталган чөйрөдө жарандардын мыйзамдарды билбегени (укуктук сабаттуулуктун жоктугу) жана иш-билгиликтүү органдар тарабынан документтердин тизмеси жөнүндө жетишсиз маалымдалганына байланыштуу. Жарандар жөлөк пулдарды (жеңилдиктерди) жол-жоболоштурууда белгилүү бир кыйынчылыктарга туш болушат, жөлөк пул кайда жол-жоболштурулушу тийиш экенин, кайда кайрылуу керектигин, кандай зарыл документтер талап кылынарын билишпейт. Жарандар адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө маалыматка гана ээ болбостон, укуктарды бузуу жагдайларын болтурбай, өз укуктары үчүн күрөшө алышпайт. Мындай кырдаалда ыкчам байланыштын адистери социалдык чөйрөдөгү мыйзамдардын ченемдерин гана түшүндүрбөстөн, жөлөк пулдарды (социалдык төлөмдөрдү) өз убагында төлөбөгөнүнүн себептерин да тактоого туура келет.

Жарандардын ыкчам байланышка кайрылууларынын талдоосу көрсөткөндөй, кызмат ададарынын жана органдардын аракеттерине же аракетсиздигине даттануу мүмкүнчүлүгү болгонуна карабастан, көпчүлүк учурда жарандар укуктук билимсиздиктен улам, өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын өз алдынча коргой алышпайт. Ушул себептен, “115– шыр байланыш” кызматынын кызматкерлери учурдагы Кылмыш-жаза жана Жазык-процесстик мыйзамдары боюнча кеңири түшүндүрмөлөрдү беришет. Албетте, колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин бузуу жөнүндө жүйөлөрдү камтыган ар бир даттануу өз ырастоосун таба бербейт. Мындай даттануулар болгон учурда, адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушунун алдын алуу максатында түшүндүрмөлөр жана сунуштамалар берилет.

Сот адилеттигине жетүү укугун коргоо маселелери жана сот органдарынын жана алардын кызматкерлердин ишине даттануулар да “115 – шыр байланыш” кызматына көп келип түшкөн кайрылуулардын бири.

**№ 1 – тиркеме.**

Акыйкатчы Аппаратынын 2022-жылы бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы тууралуу отчету

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин
2018-жылдын 25-декабрындагы N 137 буйругуна тиркеме

Форма 2. Бюджеттик каражаттардын чыгаша сметасынын аткарылышы боюнча отчет

Мекеме: 4402011101000268 Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты

Отчеттук мөөнөт: 16.02.2023
Отчетный период: 01.01.2022 31.12.2022 жылдык
Өлчөө бирдиги: сом
Ведомстволук классификация: '21110'
Функционалдык классификация: 70337

| Көрсөткүчтөр | Беренелерди н жана элементтерди | Жылдык смета боюнча бекитилгени | Жылдык смета боюнча такталганы | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|
| **Чыгымдар** | | **0** | **0** | **0** | **0** |
| Айлык акы | 2111 | 44574400 | 50978900 | 45 845 387 | 45 832 380 |
| Негизги айлык | 21111100 | 0 | 0 | 17 008 848 | 17 001 354 |
| Кошумча төлөөлөр (надбавки) | 21111200 | 0 | 0 | 10 386 423 | 10 383 081 |
| Кошумча төлөмдөр жана компенсациялар | 21111300 | 0 | 0 | 18 450 116 | 18 447 945 |
| Социалдык муктаждыктар үчүн мүчөлүк акылар жана | 2121 | 7119700 | 7734800 | 6 400 858 | 6 400 857 |
| Пенсиялык фондго, милдеттүү медициналык камсыздоо фондуна, эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо боюнча камсыздоо мүчөлүк акылары | 21211100 | 0 | 0 | 6 400 858 | 6 400 857 |
| Иш сапарларга чыгымдар | 2211 | 1078000 | 1078000 | 293 385 | 284 727 |
| Транспорттук чыгымдар | 22111100 | 0 | 0 | 75 655 | 85 559 |
| Мейманкана чыгымдары | 22111200 | 0 | 0 | 52 900 | 42 800 |
| Суткалык чыгымдар | 22111300 | 0 | 0 | 147 100 | 138 638 |
| Суткалык чыгымдар | 22112100 | 0 | 0 | 17 730 | 17 730 |
| Транпорттук чыгымдар | 2212 | 1200000 | 1200000 | 1 022 059 | 1 179 563 |
| Уюлдук байланыш жана факсимилдик байланыш | 22122100 | 0 | 0 | 383 222 | 353 928 |
| Уюлдук байланыш кызматы | 22122200 | 0 | 0 | 13 672 | 13 283 |
| Почта байланышынын кызматтары | 22122400 | 0 | 0 | 361 033 | 572 380 |
| Байланыш башка кызматтары | 22122900 | 0 | 0 | 264 133 | 239 972 |
| Транспорттук кызматтар | 2214 | 1134600 | 1118800 | 721 869 | 861 058 |
| Бензиль дизель жана башка майлар (запастар) | 22141100 | 0 | 0 | 664 494 | 775 483 |
| Запастык бөлүктөрдү сатып алуу | 22141200 | 0 | 0 | 19 125 | 43 325 |
| Транспорттук каражаттарды тейлөө (кызматтар) | 22141300 | 0 | 0 | 38 250 | 42 250 |
| Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу | 2215 | 995700 | 995700 | 537 799 | 520 786 |
| Маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү кызматтар | 22151400 | 0 | 0 | 21 991 | 17 257 |
| Имараттарды жана жайларды күтүү үчүн санитардык кызматтарды сатып алуу | 22152100 | 0 | 0 | 37 039 | 31 890 |
| Мамлекеттик кызматчыларды окутууга сарптоо | 22153100 | 0 | 0 | 8 000 | 8 000 |
| Бланктарды, медалдарды, төш белгилерди даярдоо | 22154200 | 0 | 0 | 270 000 | 321 000 |
| Маалыматтык-коммуникациялык көрсөтүү үчүн төлөө | 22154300 | 0 | 0 | 76 500 | 27 690 |
| Башка кызматтарга төлөө менен байланышкан башка чыгымдар (запастар) | 22154900 | 0 | 0 | 124 269 | 114 949 |
| Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоолор үчүн чыгымдар (кызматтар) | 2221 | 1881900 | 572100 | 0 | 785 718 |
| Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоолор үчүн | 22211100 | | | | 785 718 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуулар (запастар) | 2222 | 487900 | 487900 | 320 091 | 252 337 |
| Жабдууларды жана материалдарды сатып алуулар | 22221100 | 0 | 0 | 94 875 | 0 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана | 22221200 | 0 | 0 | 225 216 | 252 337 |
| Коммуналдык кызматтар | 2231 | 766400 | 766400 | 603 617 | 622 050 |
| Суу үчүн төлөө | 22311100 | 0 | 0 | 19 693 | 13 443 |
| Электр энергиясына төлөм | 22311200 | 0 | 0 | 194 410 | 186 947 |
| Жылуулук энергиясына төлөм | 22311300 | 0 | 0 | 389 514 | 421 660 |
| Эл аралык уюмдарга мүчөлүк акылар | 2621 | 181000 | 181000 | 0 | 0 |
| Калкка социалдык көмөк көрсөтүү боюнча жөлөк пулдар | 2721 | 0 | 0 | 0 | 7 284 |
| Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пулдар | 27212200 | 0 | 0 | 0 | 7 284 |
| **Учурдагы чыгымдардын жыйынтыгы** | | **59419600** | **65113600** | **55 745 064** | **56 739 476** |
| | | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Активдер жана милденттемелер боюнча** | | **0** | **0** | **0** | **0** |
| машиналар жана жабдуулар | 3112 | 727000 | 727000 | 518 550 | 0 |
| **Сатып алуу** | **3112** | **0** | **0** | **558 550** | **0** |
| **Сатуу** | **3112** | **0** | **0** | **40 000** | **0** |
| Авто унааларды сатып алуу | 31121110 | 0 | 0 | 40 000 | 0 |
| Компьютердик жабдууларды сатып алуу | 31123230 | 0 | 0 | 232 650 | 0 |
| Башка эмеректерди жана жабдууларды сатып алуу | 31123290 | 0 | 0 | 325 900 | 0 |
| **Финансылык эмес активдердин бардыгы** | | **727000** | **727000** | **518 550** | **0** |
| **Сатып алуу** | | **0** | **0** | **558 550** | **0** |
| **сатуу** | | **0** | **0** | **40 000** | **0** |
| | | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Бардык чыгымдар** | | **60146600** | **65840600** | **56 263 614** | **56 739 476** |

Жетекчи:

Башкы эсепчи:

**№ 2 - тиркеме. 2022-жылы Акыйкатчынын КР Жогорку Кеңешинин токтому менен кабыл алынган сунуштары менен эсептешпеген, адам укуктары менен эркиндиктерин бузган мамлекеттик органдар, мекемелер, уюмдар жана алардын кызмат адамдарынын тизмеси**

| к/н | Мамлекеттик органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адамдын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | Акыйкатчысынын ишмердигинин жыйынтыгы менен сунуштамалары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Аксы райондук билим берүү бөлүмү | Эмилбек уулу Талантбек | Аксы райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы | Аксы районундагы №45 А.Бегимкулов атындагы Жетиген мектебинде мугалимдер арасындагы карама каршылыктарды билип туруп, өз учурунда тиешелүү жыйынтыктуу чара көрбөгөн | Аксы РМАнын 09.02.2022-жылдагы №37-б сандуу буйругу менен “Эскертүү” тартиптик чарасы берилген. |
| 2 | Аксы райондук мамлекеттик администрациясы | Н.Дыйканбаева | Аксы райондук мамлекеттик администрациясынын сектор башчысы | Жарандардын арыз, даттанууларын кароого кайдыгерлик менен мамиле кылып, З.Мырзамамытованын арызын кароодо “КРнын Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” мыйзамынын талаптарын так аткарууну камсыз кылбаган. | Аксы РМАнын 25.01.2022-жылдагы №11-б сандуу буйругу менен “Эскертүү” тартиптик чарасы берилген. |
| 3 | Аксы райондук мамлекеттик администрациясы | Д.Абдылдаева | Аксы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары | Жарандардын арыз, даттанууларын кароого кайдыгерлик менен мамиле кылып, З.Мырзамамытованын арызын кароодо “КРнын Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” мыйзамынын талаптарын так аткарууну камсыз кылбаган. | КРнын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 28.01.2022-жылдагы №7-к сандуу тартиптик чара көрүү жөнүндө буйругунун негизинде «Эскертүү» тартиптик чарасы берилген. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | | У.Таалаев | Жалал-Абад ШИИБдин тергөө кызматынын тергөөчүсү, милициянын ага лейтенанты | КРнын КЖПКнин талаптарына ылайык толук, ар тараптан, объективдүү тергөө жүргүзбөгөн жана өзүнүн ыйгарым укуктарын толук колдонбогон. | ОИИБ тарабынан 10.01.2022-ж «Сөгүш» тартиптик жазасы берилген. |
| **5** | Ала-Бука райондук САКБ | А.Абдыраимов | Ала-Бука райондук САКБ-нун сот аткаруучусу | "КРнын Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" мыйзамынын 8-ст. 2-п. жана "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-ст. 6-8п.п. талаптары бузулган. | КРнын Жогорку сотуна караштуу сот департаментинин Жалал-Абад областтык башкармалыгы тарабынан 08.12.2022-жылдагы №457 сандуу буйрук менен «Сөгүш» тартиптик жазасы берилген. |
| 6 | Аксы РИИБ | Б.Жанболотов | Аксы РИИБнүн тергөөчүсү | Айыл башчы А.Алиев муниципалдык кызматкердин кызматтык милдетин бузуп жаткандыгы көрсөтүлгөн. | Аксы РИИБдө ЖУИ катталган. |
| **7** | Жалал-Абад областтык соту | М.Курманалиев | Жалал-Абад облустук сотунун ага консультантты | Акыйкатчы институтунун ишмердүүлүгүнө тосколдук жаратуу. | Жалал-Абад областтык сотунун жалпы чогулушунда талкууланып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. |
| **4** | Жалал-Абад ШИИБ | У.Таалаев | Жалал-Абад ШИИБдин тергөө кызматынын тергөөчүсү, милициянын ага лейтенанты | КРнын КЖПКнин талаптарына ылайык толук, ар тараптан, объективдүү тергөө жүргүзбөгөн жана өзүнүн ыйгарым укуктарын толук колдонбогон.. | ОИИБ тарабынан 10.01.2022-ж «Сөгүш» тартиптик жазасы берилген.. |
| **5** | Ала-Бука райондук САКБ | А.Абдыраимов | Ала-Бука райондук САКБ-нун сот аткаруучусу | "КРнын Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" мыйзамынын 8-ст. 2-п. жана "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-ст. 6-8п.п. талаптары бузулган. | КРнын Жогорку сотуна караштуу сот департаментинин Жалал-Абад областтык башкармалыгы тарабынан 08.12.2022-жылдагы №457 сандуу буйрук менен «Сөгүш» тартиптик жазасы берилген. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **6** | Аксы РИИБ | Б.Жанболотов | Аксы РИИБнүн тергөөчүсү | Айыл башчы А.Алиев муниципалдык кызматкердин кызматтык милдетин бузуп жаткандыгы көрсөтүлгөн. | Аксы РИИБдө ЖУИ катталган. |
| **7** | Жалал-Абад областтык соту | М.Курманалиев | Жалал-Абад облустук сотунун ага консультантты | Акыйкатчы институтунун ишмердүүлүгүнө тосколдук жаратуу. | Жалал-Абад областтык сотунун жалпы чогулушунда талкууланып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. |
| **8** | Нарын райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу Кара-Чий айылындагы М.Иманалиев орто мектеби | Байсалова Айзада | М. Иманалиев орто мектебинин директору | Нарын областынын Кара-Чий айылындагы М.Иманалиев орто мектебинин жетекчилери 11-классынын окуучуларын, тактап айтканда окуучулар Солтонкул кызы Бегимай жана Ыдырысова Гүлжамалды адепсиз, кемсинтүү жана мазактоочу сөздөрү менен алардын укуктарына жана эркиндиктерине доо келтиришкен. | Нарын областтык усулдук борборуна сунуш жиберилип, анда компетенттүү кызмарлерден турган атайын комиссия түзүлүп, жеринде териштирүү жүргүзүү сунушталган. Жыйынтыгында, М. Иманалиев атындагы орто мектебинин директору А.Байсаловага КР Эмгек кодексинин 146-беренесинин 2-бөлүмчөсүнө ылайык, окуу-тарбия ишинде келтирилген кемчиликтери белгиленип «сөгүш» тартиптик жазасы берилди. Ал эми, мектептин уюштуруучусу К. Исмаилованын кызмат абалын чечүү жагы мектеп директоруна тапшырылды. |
| **9** | Ат-Башы райондук билим берүү бөлүмү | Осмонов Эмил | Ат-Башы райондук Билим берүү бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу | Мониторинг учурунда Ат-Башы районунун Ат-Башы айылындагы К.Мамбеталиев атындагы орто мектебинде сыртында жайгашкан окуучулар пайдалануучу даараткანага кирген учурда ал даараткананын балдар даарат ушатуучу көзөнөгү (очкосу ) абдан чоң экендиги, башталгыч класстардын окуучулары кышкысын тайгаланып, айтылган көзөнөктөр аркылуу астына түшүп кетүү коркунучу бар экени аныкталган. | К. Мамбеталиев атындагы орто мектебинин сыртында жайгашкан окуучулар пайдалануучу даараткანада азыркы убакта ремонт иштери жүргүзүлүүдө. 2022-2023 жаңы окуу жылына кемчиликтерди жоюу менен жана окуучулардын коопсуздугун сактоо менен биргеликте кайра пайдаланууга бирилет. Азыр мектептин сыртындагы даараткана ремонтко жабылгандыктан, ушул окуу жылынын аягына чейин мектептин ичиндеги дааратканалар окуучулар үчүн пайдаланууда. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **10** | Баткен райондук суу чарба башкармалыгы | Эмгек укуктары бузулган | Баткен райондук суу чарба башкармалыгынын жетекчиси Эрматов Султанбек Дуйшеевич | Эмгекке болгон укуктары бузулган. | Баткен облусунун прокуратура тарабынан Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин 115 жана 175-бер. талаптары бузулганы аныкталган. Баткен райондук суу чарба башкармалыгынын наамына ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетуу жөнүндө сунуш келтирилген. |
| **11** | ЖАК №31 | ЖАКтын №31 мекемесинин алдындагы ДТМнин начальниги | Начальник | «Диалайф» медициналык борборуна гемодиализ алууга кечиктирилип баргандыгы боюнча | Башсысына тартиптик жаза колдонулган. |
| **12** | Аламүдүн райондук соту | Суеркулов Э.О. | Аламүдүн райондук сотунун судьясы | Аламүдүн райондук сотунун судьясы | Соттук отурум 37 мүнөт кечиктерип башталды, соттук отурумдун башталышында төрагалык кылуучу судья соттук отурумду ачпастан жана кайсы иш боюнча териштирүүгө жатарын жарыялабастан соттук териштирүүнү баштады, төрагалык кылуучу аудио жана (же) видео жазма каражаттары соттук отурумда сот тарабынан пайдаланып жаткандыгы тууралуу жарыялаган жок. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **13** | Чүй облусунун ИИББ | Чүй облусунун ИИББ | 1.Чүй облусунун ИИББнын башчысынын орун басарларына, 2.КРнын ИИМнин басма сөз кызматынын башчысына | Эркиндик, намыс жана кадыр-барк укугу | 1.сөгүш 2. эскертүү |
| **14** | Чүй облусунун архитектура-курулуштук контролдоо боюнча башкармалыгы | Э.Суеркулов | Башкармалыгынын башчысы | Адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушун четтетүү жана адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндектерин бузушкан | ченемдик укуктук актынын талаптарынын бузулушун четтетүү жөнүндө талап келтирилди. |
| **15** | Аламудун ИИБ | К. Керимова | тергөөчү | Сотко чейинки териштирүүнү объективдүү жүргүзүү болгон жок | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2022-жылдын 26-февралындагы No 19 буйругу менен ээлеген кызматынан бошотулган. |
| **16** | КРнын Жактоочу | Раимбердиева А. Н. Токтакунов Т.Ж. | жактоочу | Расмий милдеттерин толугу менен аткарбагандыгы үчүн | Кароодо |
| **17** | Кара-Кулжа райондук ИИБ | Эркинбай кызы Бурулай | Кара-Кулжа райондук ИИБнун тергөө кызматынын тергөөчүсү | Арыз ээси А.Ташматова “Мени 2022-жылдын 14-март айында Кара-Кулжа райондук ИИБнун ТКнын тергөөчүсү Эркинбай кызы Бурулай атуу кызматкер чакырып сенин үстүнөн иш козголгон деп түшүндүрбөй коркуткан деп кайрылган | Окуя боюнча 25.04.2022-ж. № 39-384 чыгыш менен Ош областык Ички иштер башкармалыгы на сунуштама жөнөтүлгөн. 30.04.22-ж. №Т-9 чыгыш менен Ош областык ИИБнын алынган жоопто Кара-Кулжа РИИБнун тергөөчүсү Эркинбай кызы Бурулайды РИИБдин Этика боюнча комиссиясында кароо үчүн Кара-Кулжа РИИге жөнөтүлгөн |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **18** | “Ош-Эл аралык Аэропортунун чегара кызматы | Ш.Зулпукаров | Ош аэропортундагы Чек ара КППсынын командиринин орун басары | М.Эркинова Ош-Аэропортунун территориясында 26.07.2022-ж. бери өздүгүн тастыктоочу документтери жок болгондугуна байаныштуу кармалып тургандыгы аныкталды. | Ош аэропортундагы Чекара КППсынын командиринин орун басары майор Ш.Зупукаров 5(беш) айдан бери М.Эркинова кармалып турган жайга кирип, анын 5 ай ичинде кандай шартта кармалып, жашап жаткандыгын текшерүүгө киргизуудөн мыйзам талаптарын билбегендиктен баш тарткан. Топтолгон материадар аймактуулугу боюнча Ж-Абад өкулчүлүгүнө жөнөтүлгөн |
| **19** | Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин Талас облусунун башкармалыгы | Сейиткулов Нооруз Нурланович | Талас райондук САКБнын сот аткаруучусу | Талас райондук САКБнын сот аткаруучусу Н.Н. Сейиткуловдун өндүрүшүндө аткарууда болгон Талас районунун Кара-Дөбө айылы Сатымкулов көчөсүндөгү №25 үй Мырзалиев Дайырбек Байгазиевичке таандык жер тилкесиндеги узундугу 25 метр, туурасы 4 метр болгон чарбалык курулуштары,Ташматов Улан Темирбековичке тиешелуу №26 үйүнө караштуу жер тилкесине кирип курулган бөлүгү,күн батыш жагынан 1.80 метр, ал эми күн чыгыш тарабынан 0,90 метр чарбалык курулуштардын бөлүгүн бузуу жөнүндө ачылган № 1-1190/21 сандуу аткаруу өндүрүшү аткарылбагандыгы боюнча | 2022-жылы 17-марта Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин Талас облусунун башкармалыгынын башчысынын у.м.а.С. Алымкуловго № 25-03/141 сандуу суроо талап жөнөтүлгөн Башкармалыктын башчысынын у.м.а. С. Алымкулов тарабынан 2022-жылы 28-февралда “№11 сандуу буйругунун негизинде кызматтык иликтөө комиссиясы түзүлгөн. Кызматтык иликтөөнүн негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин Талас облусунун башкармалыгынын башчысынын 2022-жыл 14-мартындагы № 16 сандуу буйругунун негизинде Талас райондук САКБнын сот аткаруучусу Н.Н. Сейиткуловго тартиптик жаза “Эскертүү” берилген. |
| **20** | Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот | Байжигитов Нурдин Жаныбекович | Талас шаардык САКБнын сот аткаруучусу | Талас шаардык САКБмүнүн сот аткаруучусу Н.Байжигитов тарабынан Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Мыйзамынын 96-беренесинин 6-бөлүмүнүн | Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин Талас облусунун башкармалыгынын башчысынын 2022-жылдын 9-июндагы №46 сандуу буйругунун негизинде Талас |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | департаментинин Талас облусунун башкармалыгы | | | талаптарына ылайык, аткаруу барагынын аткарылышы боюнча иш чараларды тийиштүү денгээлде жүргүзбөгөндүктөн анын тартиптик жоопкерчилигин кароо үчүн Сот департаментинин Талас облусунун башкармалыгынын башчысына сунуш жөнөтүлгөн | шаардык САКБнүн сот аткаруучусу Н.Байжигитовго карата тартиптик жаза түрүндөгү “Эскертүү” жарыяланып, ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндөжана аткаруу өндүрүшү тууралуу” мыйзамынын талаптарына ылайык иш алып баруусу милдеттендирилген. |
| **21** | Талас областтык ички иштер башкармалыгы | Мураталиев У.И. Джусупов С.О., Кудайбердыев А.А. | КРнын ИИМдин ЖКККББнын Талас ОИИБы боюнча ЖКККБнун ЖККж УКТнүн укук инспектору милициянын капитаны Мураталиев У.И. КР ИИМдин ЖКККББнын Бакай- Ата РИИБу боюнча ЖКККБнүн улук инспектору милициянын укук лейтенанты Джусупов С.О., КР ИИМдин ЖКККББнын Талас ШИИБү боюнча ЖККБнүн кенже инспектору милициянын прапорщиги Кудайбердыев А.А | Талас ОИИБнын ЖКККБнынкызматкерлери У.Мураталиев, А.Кудайбердиев жана С.О. Джусупов Н. Элисбекованын турак жайына кирип, анын оор абалда жатканын көргөнү далилденбегендиктен, алардын кыймыл аракетинде кылмыштын курамы байкалбагандыктан КР укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө” Мыйзамына жана КРнын Укук коргоо органдарынын тартиптик Уставына” ылайык чара көрүү көрсөтүлгөн. | 2022-жылдын 21-февралындагы №36-11/1355 сандуу кызматтык иликтоонун корутундусу, КР ИИМдин ЖКККББнын 2022-жыл 3-мартындагы №149 жана 5-апрелиндеги №268 буйруктары менен менен “жогорулатылган” кужурмөн даярдык баскычында кызмат өтөө, кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда кызматты өз алдынча таштап кетишкендиктери. А. Жуматаевдин үйүнө барган учурда анын жубайы менен урушканын билип турушуп,өздөрүнүн кызматтык милдеттерине кош көңүл мамиле жасагандары үчүн КРнын ИИМдин ЖКККББнын Талас ОИИБы боюнча ЖКККБнун ЖККж УКТнүн укук инспектору милициянын капитаны Мураталиев У.И., , КР ИИМдин ЖКККББнын Бакай- Ата РИИБу боюнча ЖКККБнүн улук инспектору милициянын укук лейтенанты Джусупов С.О., КР ИИМдин ЖКККББнын Талас ШИИБү боюнча ЖККБнүн кенже инспектору милициянын прапорщиги Кудайбердыев А.А. ар бирине “Сөгүш” тартиптик жазасы жарыяланган. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **22** | Москва районунун РИИБ | А.Мыктыбеков | Тергөөчү | Баланын укугу | Чүй ОИИББнын 2022-жылдын 22-майындагы № 29 сандуу буйругу менен А.Мамытбеков Москва РИИБнин ТКнын тергөөчүсү тарабынан КР КЖКПнын 154-б. 1-б,2-п. жазуу жүзүндө түзүлгөн жарандык-укуктук бүтүмдөрдү аткарбай жана кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес, жана ал тууралу тергөөгө чейинки текшерүү иштери жүргүзүлбөгөнү, кылмыш ишин козгоодон баш тартылат деген талаптарына таянып кылмыш ишин козгоодон баш тартылган үчүн кызматынан бошотулган. |
| **23** | Ала-Бука районунун РИИБ | Батыров М. Калдаров Н. Орозбаев Э. Калматов Э. | Ала-Бука РИИБнун начальнигинин орун басары, кылмыш-иликтөө бөлүмүнүн кызматкери, участкалык кызматкерлери | Баланын укугу | Кылмыш дүкөндүн видео байкоосуна түшкөндүгүнө байланыштуу, видео жазма милиция кызматкерлер тарабынан алынган, бирок видео интернет булактарына тарап кеткен, аталган факт боюнча КР ИИМдин Ички иликтөө кызматы тарабынан Ала-Бука РИИБдин кызматкерлерине карата кызматтык иликтөө жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен тартиптик жаза берилди. Жалал-Абад ОИИБнын 2022-жылдын 22-июль номер 422-буйругунун негизинде, Ала-Бука РИИБнын начальнигинин орун басары жана Батыров М., Калдаров Н. – “Эскертүү”, Орозбаев Э.- “Сөгүш”, Калматов Э- “Катуу сөгүш” тартиптик жазасын алышкан. |
| **24** | Аламүдүн райондук ИИБ | Абдымомунов М | Аламүдүн райондук ИИБ нүн начальнигинин орун басары | Кол алдындагыларга ведомстволук көзөмөлдүн жоктугу үчүн | КР ИИМ не дицсиплинардык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама киргизилген. 17.06.2022 №13/378 “Эскертүү” алды. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **25** | Аламүдүн райондук ИИБ | Жаназаков К. | Аламүдүн райондук ИИБ тергөөчүсү | Жаран Р.Аджеровго карата кыйноолорду колдонуу | КР ИИМ не дицсиплинардык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама киргизилген (17.06.22 (№13/378) “Кызматтын толук эмес шайкештиги” алды. |
| **26** | Аламүдүн райондук ИИБ | Курманбаев У. | Аламүдүн райондук ИИБ нүн начальнигинин орун басары | Тийиштүү көзөмөлдүн жоктугу | Тартиптик жаза колдонулган эмес. |
| **27** | КР Юстиция Министрлиги не караштуу ЖАКнын №31 мекемеси | Андашов А. М. | Режим жана көзөмөл боюнча жетекчинин орун басары | Өз убагында медициналык тез жардам көрсөтүлбөгөн | Жазык аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө боюнча прокурорунун атына №31 мекемесинин медициналык кызматкерлеринин иш-аракеттерин текшерип, укуктук баа берүү өтүнүчү менен кайрылуу жолдонгон.Жыйынтыгында “Эскертүү” берилген. |
| **28** | КР Юстиция Министрлиги не караштуу ЖАКнын №31 мекемеси | Бектенов Э. Т | Мекеме жетекчисинин милдеттендирилген жардамчысы | Өз убагында медициналык тез жардам көрсөтүлбөгөн | Жазык аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө боюнча прокурорунун атына №31 мекемесинин медициналык кызматкерлеринин иш-аракеттерин текшерип, укуктук баа берүү өтүнүчү менен кайрылуу жолдонгон.Жыйынтыгында “Сөгүш” берилген |
| **29** | КР Юстиция Министрлиги не караштуу ЖАКнын №31 мекемеси | Бексултанова Н.А. | Дарылоо-профилактикалык иштер боюнча начальнигинин орун басары | Өз убагында медициналык тез жардам көрсөтүлбөгөн | Жазык аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө боюнча прокурорунун атына №31 мекемесинин медициналык кызматкерлеринин иш-аракеттерин текшерип, укуктук баа берүү өтүнүчү менен кайрылуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жолдонгон.Жыйынтыгында “Эскертүү” берилген. |
| **30** | КР Юстиция Министрлиги не караштуу ЖАКнын №31 мекемеси | Байсынова Н. Б. | Фтизиатр дарыгери | Өз убагында медициналык тез жардам көрсөтүлбөгөн | Жазык аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө боюнча прокурорунун атына №31 мекемесинин медициналык кызматкерлеринин иш-аракеттерин текшерип, укуктук баа берүү өтүнүчү менен кайрылуу жолдонгон.Жыйынтыгында “Эскертүү” берилген. |
| **31** | Орок айыл өкмөтү | Аманов А. | Адис | Мыйзамда белгиленген мөөнөттө кайрылууну кароого жана мамлекеттик органдан жооп алууга | “Эскертүү” жарыяланган Сокулук районунун прокуратурасынын жообу 6060-22 22.08.22-ж |
| **32** | Орок айылдык жергиликтүү кеңеши | Бекболотов У. | Жергиликтүү Кеңештин төрагасы | Мыйзамда белгиленген мөөнөттө кайрылууну кароого жана мамлекеттик органдан жооп алууга Арыз ээсинин кайрылуусуна көңүл бурбоо, жооп бербей коюу | КР Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 435-бер. каралган мыйзам бузуу боюнча иш козголгон. Сокулук районунун прокуратурасынын жообу 6060-22 22.08.22-ж |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **33** | Ак-Чий айыл өкмөтү | Чиркеев Б. Жымыев А. | Айыл аймагынын башчысы | Жер тилкесине ээ болуу укугу | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Нарын облусу боюнча өкүлчүлүгүнүн, Ак-Талаа районунун прокуратурасынын, Ак-Талаа районунун айыл өкмөтүнүн кийлигишүүсүнөн кийин, арыз ээсине тиешелүү жер тилкеси кайтарылып берилип, жер тилкесине жеке менчик укугу тууралуу күбөлүк берилген. |
| **34** | Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту | Абыкеев Т.К. | Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун төрагасы, судья | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 2-бөлүкчөсү:<br>Кыргыз Республикасында баланын эң маанилүү кызыкчылыктарын колдоо жана камсыз кылуу принциби колдону.<br>Баланын эң мыкты таламдарын камсыз кылуу максатында баланын укуктарынын жана таламдарынын биринчи кезектүүлүгүн таануу;<br><br>-Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө мыйзамдын 8-беренесинин 11-бөлүкчөсүндөгү Омбудсмендин (Акыйкатчынын) төмөндөгү укугун чектеген: бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарына, анын ичинде соттук териштирүү кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот отурумдарына адамдар макул болгон шартта катышууга | КР Акыйкатчы Аппаратынын кызматкери тарабынан жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгы боюнча<br><br>08.07.2022-ж. акты түзүлгөн (сот отурумуна киргизбөө боюнча).<br><br>18.08.2022-ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы З.К. Базарбековго кат жиберилген.<br><br>19.08.2022-ж. Кыргыз Республикасынын башкы прокурору К.Т. Зулушевге кат жиберилген (02.09.2022-ж. жообу терс маанисде).<br><br>19.08.2022-ж. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясына Т.К. Абыкеевдин иш аракети боюнча Көңүл буруу актысы калтирилген.<br>25.11.2022-ж. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 12-мүчөсүнүн колдору коюлган чечими менен Омбудсмендин (Акыйкатчынын) Көңүл буруу актысы канааттандыруусуз калтырылган. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **35** | Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту | Эшалиев А. | Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы | -Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 2-бөлүкчөсү:<br>Кыргыз Республикасында баланын эң маанилүү кызыкчылыктарын колдоо жана камсыз кылуу принциби колдону.<br>Баланын эң мыкты таламдарын камсыз кылуу максатында баланын укуктарынын жана таламдарынын биринчи кезектүүлүгүн таануу;<br><br>-Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө мыйзамдын 8-беренесинин 11-бөлүкчөсүндөгү Омбудсмендин (Акыйкатчынын) төмөндөгү укугун чектеген: бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарына, анын ичинде соттук териштирүү кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот отурумдарына адамдар макул болгон шартта катышууга | КР Акыйкатчы Аппаратынын кызматкери тарабынан жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгы боюнча 08.07.2022-ж. акты түзүлгөн (сот отурумуна киргизбөө боюнча).<br>19.08.2022-ж. Кыргыз Республикасынын башкы прокурору К.Т. Зулушевге кат жиберилген (02.09.2022-ж. жообу терс мааниде).<br><br>19.08.2022-ж. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясына А.Эшалиевдин иш аракети боюнча Көңүл буруу актысы калтирилген.<br><br>25.11.2022-ж. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 12-мүчөсүнүн колдору коюлган чечими менен Омбудсмендин (Акыйкатчынын) Көңүл буруу актысы. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **36** | Баткен облусунун Баткен райондук соту | Шатманов Д.Ж. | Баткенен облусунун Баткен райондук сотунун төрагасы, судья | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 109-беренеси:<br>-Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзүшүнө.<br>- Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин Соттук териштирүүнүн айкындыгы 13-беренесинин 1-бөлүкчөсү:<br>Ишти териштирүү бардык соттордо ачык боло тургандыгы.<br>-Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө мыйзамдын 8-беренесинин 11-бөлүкчөсүндөгү Омбудсмендин Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө мыйзамдын төмөндөгү укугун чектеген: бардык инстанциялардагы соттук отурумдарына, анын ичинде соттук териштирүү кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот заседаниелерине адамдар макул болгон шартта катышууга; | 28.08.2022-ж. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясына Д.Шатмановдун иш аракети боюнча Көңүл буруу актысы калтирилген.<br>25.11.2022-ж. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 14 мүчөлүгүнүн чечими менен Омбудсмендин (Акыйкатчынын) Көңүл буруу актысы канааттандыруусуз калтырылган. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **37** | Кыргыз Республикасынын Жогорку соту | Мухамеджанов А.Д. Эшалиев Н.К. | КР Жогорку соттун судьялары | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 109-беренеси:<br>-Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзүшүнө.<br>- Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин Соттук териштирүүнүн айкындыгы 13-беренесинин 2-бөлүкчөсүндө:<br>Ишке катышуучу жактар же соттун ачык жыйналышына катышып жаткан кайсы болбосун кызыкдар жак соттук териштирүүнүн жүрүшүн жазуу жүзүндө же аудио жазуу каражаттарынын жардамы менен жаздырууга укуктуу экендиги көрсөтүлгөн.<br>-Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө мыйзамдын 8-беренесинин 11-бөлүкчөсүндөгү Омбудсмендин Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө мыйзамдын төмөндөгү укугун чектеген: бардык инстанциялардагы соттук отурумдарына**,** анын ичинде соттук териштирүү кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот заседаниелерине адамдар макул болгон шартта катышууга;<br>Мындан тышкары, судьялар Акыйкатчынын өкүлүнө карата жеке аныктама чыгарабыз деп басым көрсөтүшкөн, Л. Матвееваны тартипти буздуң деп жүйөсүз айыпташкан. | Кыргыз Республикасынын Соттор кеңешинин Тартип комиссиясына судьялар А.Д. Мухамеджанов менен Н.К. Эшалиевди тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча Акыйкатчынын сунуштамасы киргизилген.<br>25.02.2023-ж. №Д-172/23 Соттор кеңешинин Тартип комиссиясынын жооп каты менен судьялар А.Д. Мухамеджанов менен Н.К. Эшалиевди тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча Акыйкатчынын сунуштамасы кароосуз кайтарылган.<br>Жооп каттын негизги жүйөсү болуп аудио жазуу каражаттарынын жардамы менен жаздырууга мыйзамда көрсөтүлгөн укук бурмаланып, жаздырууга Акыйкатчынын өкүлү соттордон уруксаат алуусу зарылдыгы белгиленген. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **38** | Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту | А.К. Кадыркуловага | Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 19-мартындагы № 22-р чечиминин талаптарын аткарбагандыгы жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 441-беренесинин 5-бөлүгүнүн талаптарын бузгандыгы боюнча. | Тартип комиссиясынын төрагасы Б.Ж.Акматов КРнын Акыйкатчынын сунушун судья Кадыркулованын А.К. тартип бузуу жоруктарын жасаганынын далилдерин келтирилбегендигин шылтоолоп маңызы боюнча кароосуз кайтарган.<br>Судьялар кеңеши тарабынан чечим чыгарылып, анын сыпаттама-жүйөлөмө бөлүгүндө, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы Кадыркулова А.К. "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" КРнын конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 1, 2-пункттарында каралган тартиптик жоруктун курамы бар экендигин тастыктап, бирок ал тартиптик жоруктун эскирүү мөөнөтү (бир жыл) өтүп кеткендигине байланыштуу судья А.К. Кадыркуловага тартиптик чара колдонуудан бошотулган.<br>Биринчи ирет КРнын Акыйкатчысы кайрылганда (эскирүү мөөнөтү өтө электе) далилдердин баары көрсөтүлгөнүнө карабастан аларды көрсөткөн эмес деп туура эмес белгилеп, экинчи ирет бир жылдык эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендигинин шылтоосу менен судья А.К. Кадыркулова тартиптик жоопкерчиликтен бошотулган. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **39** | КРнын Судьялар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү | К.Джунушпаев Р.Каримова Б.Акматов М.Касымалиев Б.Абдуллаев Н.Алимкулов К.Жоомарптов К.Токтосун уулу А.Асаналиава А.Султаналиева А.Эркебаев | КРнын Судьялар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү. | 2021-жылдын 28-июнунда КРнын Акыйкатчысы тарабынан КРнын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын дарегине Бишкек шаардык сотунун судьяларын Аккозуевди Т.Н., Алгожоевди З.Б., Чериковду Н.К. тартиптик жорук жасагандыгы үчүн тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча кайрылган. Бирок, КР Акыйкатчынын бул кайрылуусу Судьялар кеңешине келип катталгандан кийин 1 жыл 3 айдан ашык убакыт өткөндөн кийин гана КРнын Судьялар кеңеши тарабынан 2022-жылдын 30-сентябрында тиешелүү чечим чыккан. Ал чечимге ылайык жогоруда айтылган Бишкек шаардык сотунун судьяларынын аракеттеринде тартиптик жоруктун жасалганы тастыкталганына карабастан ал жасалган жоруктун бир жылдык эскирүү мөөнөтүн өтүп кеткендигине байланыштуу тартиптик жаза чараларын колдонуудан бошотушкан. | КР Акыйкатчынын бул кайрылуусу Судьялар кеңешине келип катталгандан кийин 1 жыл 3 айдан ашык убакыт өткөндөн кийин гана КРнын Судьялар кеңеши тарабынан 2022-жылдын 30-сентябрында тиешелүү чечим чыккан. |
| **40** | Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнын ТК | К. Абыкешов Н. Абдысадыков | тергөөчү | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24 беренеси: Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат. | КРнын АкыйкатчыАппаратынын кызматкери тарабынан жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгы боюнча Бишкек шаарынын Свердлов райондук прокуратурасы аталган кызмат адамдарына аларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө 01.10.2022 жылы Бишкек шаарынын ИИББна сунуш киргизди |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **41** | “Ынтымак” олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектеби | И.Л. Сторчевая А.В. Мякшева | улук машыктыруучу окутуучу | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27 беренеси:<br>1.Ар бир бала анын дене-боюнун, акыл-эсинин, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу.<br>2.Кыргыз Республикасында баланын эң маанилүү кызыкчылыктарын колдоо жана камсыз кылуу принциби колдонулат. | “Ынтымак” олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинин 01.09.2022-жылы №71-ОК буйругу менен кызматынан бошотулушкан. |
| **42** | Республикалык психикалык саламаттык борбору | Э.Б. Алашева<br><br>Е.В. Куракина<br><br>С.У. Тагаева<br><br>М.Е. Катулевская<br><br>Г. Алыбаева<br>Б. Казакбаева | №8 бөлүм башчысы улук медайым<br><br>буфетчи<br><br>дарылоочу дарыгер<br><br>сменалык медайым | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 43 беренеси:<br>1. Ар бир адам ден соолугун коргоого жана медициналык камсыздандырууга укуктуу. | Сөгүш тартиптик жаза жарыяланган<br><br>Эскертүү тартиптик жаза жарыяланган |

**№3-тиркеме.** 2022-жылдын 31-декабрына карата Акыйкатчынын наамына келип түшкөн жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү цифралык отчёт

2022-жылдын 31-декабрына карата Акыйкатчынын наамына келип түшкөн жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү цифралык отчёт

| **Өкүлчүлүктөрдүн аталыштары** | **Жыл башынан түшкөн арыздардын саны** | | | | | **Аткарылган** | | **Аткарууда** | | **сурамкат жөнөтүлгөн** | **сурамкатка алынган жооптор** | **Көңүл буруу актысы** | **Арыздарды жерине чыгып кароо** | **Сотко катышуу** | **Арыз ээлерине жооп берилди** | **Оозеки түшүндүрмөлөр** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Жалпы** | **Анын ичинде:** | | | | | | | | | | | | | | |
| | | **аялдардан** | **пенсионерлерден** | **жамааттык** | **сотко катышуу** | **көзөмөлдөн алынды** | **арыз ээсинин пайдасына** | **жалпы** | **аткаруу мөөнөтторү өткөн** | | | | | | | |
| **Жалпы Борбордук аппарат боюнча** | 2096 | 1089 | 372 | 112 | 657 | 1993 | 90 | 103 | - | 1907 | 902 | 19 | 565 | 494 | 2040 | 2396 |
| Баткен областы | 176 | 101 | 10 | 1 | 29 | 170 | 14 | 6 | - | 230 | 626 | 3 | 26 | 29 | 321 | 100 |
| Жалал-абад областы | 161 | 69 | 19 | 3 | 75 | 158 | 38 | 3 | - | 144 | 132 | 7 | 25 | 75 | 144 | 245 |
| Иссык-Көл областы | 250 | 144 | 55 | 10 | 113 | 247 | 31 | 3 | - | 137 | 135 | - | 130 | 108 | 247 | 306 |
| Ош областы | 321 | 164 | 80 | 12 | 94 | 304 | 29 | 17 | - | 218 | 175 | 7 | 153 | 155 | 304 | 824 |
| Нарын областы | 116 | 69 | 22 | 4 | 38 | 111 | 42 | 5 | - | 113 | 104 | 2 | 100 | 77 | 108 | 198 |
| Талас областы | 78 | 57 | 14 | 3 | 23 | 72 | 23 | 6 | - | 90 | 83 | 2 | 14 | 50 | 81 | 149 |
| Чуй областы | 492 | 294 | 124 | 18 | 282 | 410 | 12 | 82 | - | 268 | 255 | 9 | 6 | 236 | 501 | 365 |
| **Бардык аймактар боюнча** | 1594 | 898 | 324 | 51 | 654 | 1472 | 189 | 122 | - | 1200 | 1510 | 30 | 454 | 730 | 1706 | 2187 |
| **Кат жүзүндө кайрылуулардын жалпы көрсөткүчү** | **3690** | **1987** | **696** | **163** | **1311** | **3465** | **279** | **225** | **-** | **3107** | **2412** | **49** | **1019** | **1224** | **3746** | **4583** |
| **оозеки консультация алгандар** | **4563** | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Кайрылган атуулдардын жалпы саны** | **8273** | | | | | | | | | | | | | | | |

| **КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ** | |
|---|---|
| **КР** | **Кыргыз Республикасы** |
| **АБЖК** | **Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча конвенция** |
| **Акыйкатчы** | **Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени)** |
| **БА** | **Борбордук Аппарат** |
| **БИМ** | **Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги** |
| **БП** | **Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы** |
| **БУК** | **Балдар укуктары боюнча комитет** |
| **БУУ** | **Бириккен улуттар уюму** |
| **БШК** | **Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы** |
| **ДИМК** | **Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы** |
| **ДМЧА** | **Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар** |
| **ЖАК** | **Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жаза-аткаруу кызматы** |
| **ЖК** | **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши** |
| **ЖМК** | **Жалпыга маалымдоо каражаттары** |

| | |
|---|---|
| **Жогорку Кеңеш** | **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши** |
| **ЖӨБ** | **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу** |
| **ЖС** | **Кыргыз Республикасынын Жогорку соту** |
| **ИИБ** | **Ички иштер бөлүмү** |
| **ИИМ** | **Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги** |
| **ИИО** | **Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги** |
| **КАУБ** | **Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча улуттук борбору** |
| **КЖК** | **Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси** |
| **КЖПК** | **Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессуалдык кодекси** |
| **КТБ** | **Калкты тейлөө борбору** |
| **ММСЖСМ** | **Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги** |
| **ӨКМ** | **Өзгөчө кырдаалдар министри** |
| **Президент** | **Кыргыз Республикасынын Президенти** |
| **РФ** | **Россия Федерациясы** |

| | |
|---|---|
| **ССМ** | **Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги** |
| **ТИЗО** | **Тергөө изолятору** |
| **ТИМ** | **Тышкы иштер министрлиги** |
| **УБК** | **Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси** |
| **УКЖ** | **Убактылуу кармоо жайы** |
| **УКМК** | **Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик** |
| **УМС** | **Универсалдуу мезгилдүү сереп** |
| **ЧУА** | **Ченемдик укуктук акт** |
| **ЭСКММ** | **Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги** |
| **ЭСКММ** | **Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги** |
| **ЭЭУ** | **Эл аралык эмгек уюмунун Конвенциясы** |
| **ЮМ** | **Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги** |